Кубан Мамбетов

# ЫСЫК-КӨЛДҮН ДААНЫШМАН АКЕЛЕРИ

84Ки7-5.
М-22.

Кубан МАМБЕТОВ

# ЫСЫК-КӨЛДҮН ДААНЫШМАН АКЕЛЕРИ



г.з.
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271365
с

Каракол шаары, 2013-жыл

УДК 821.51
ББК 84. Ки 7-4
М 22

Мамбетов К.
М 22 Ысык-Көлдүн даанышман Акелери:
(Тарыхый даректүү басылма).-Каракол:
2013.-228 бет.
ISBN 978-9967-454-21-7

Автордун бул китеби анын узак жылдык чыгармачылык изденүүсүнүн үзүрү. Мында XVIII-XX-кылымдарда акылмандык таасирлери менен жашап өтүшкөн Ысык-Көлдүн Кыдыр жылоологон Акелери тууралуу көркөм баян берилген.

Бул китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналып, айрыкча келечек ээлери болгон жаштардын адеп-ахлагын, руханий көрөңгөсүн, коомго болгон көз караштарын калыптандырып, Акелердин урунттуу, даанышман акыл көрөңгөлөрүнө сугарат.

М 4702300100-13
*ISBN* 978-9967-454-21-7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© МАМБЕТОВ К., 2013
© «Карга Аке» басма үйү, 2013

ИСУР

Институт
Стратегии
Устойчивого
Развития

**Ысык-Көлдүн Акелерине арналган бул чыгарма Туруктуу Өнүктүрүү Стратегиясы Институтунун каржылоосу жана Кристенсенс фондусунун колдоосу аркалуу чыгарылды.**

# АКЕЛЕРДЕН АЛГЫ СӨЗ

Дегинкиси, кыргыз кыйырына аттары аттын кашкасындай таанылып келген тарыхый инсандардын ичинен көптөгөн олуя-заабалар, хандар-манаптар, бийлер-байлар, мырзалар-баатырлар, ак таңдай акындар менен манасчылар, комузчулар менен дастанчылар, санжыра-санатчылар, көзү ачык сынчылар менен даанышмандар, саяпкерлер менен мүнүшкөрлөр, журт башчылары менен акылмандар, чечендер менен Акелердин көл жергесинен суурулуп чыкканына, көбүнүн аттары алтын тамгалар менен жазылып, кылымдардан кылымдарга чейин унутулбай, ысымдары улам жаңы баскычтарга көтөрүлүп аталып, дарамет күчтөрү, дүйнөнү таанып-билүү артыкчылыктары, тубаса өзгөчөлүктөрү, деги эле эли-журтуна сиңирген жупуну эмгектери уламыш-дастандарда, жөө жомоктор менен санжыра-санаттарда, такыр болбогондо эл оозунда айтылып келатканына сыймыктансак да болот. Алар тар жол тайгак кечүүдөкү журт башына түшкөн оор учурларда эли-жерине эгедер, таалайына тагдырлаш, журтунун ысыгына күйүп, суугуна тоңушуп, бир ууч калкы үчүн алдыдагы аштарына дагы кайыл болушуп, баштарын канжыгага байлашып, калайык-калкынын ынтымак-ырашкерчилигин, биримдик-тынчтыгын сакташып, көпчүлүктүн жашоо-турмуштарына туура багыт беришип, эли-журту үчүн бул кечүүдө көпүрө, өр таяган жолдорундагы дайраларга өткөөл кечмелик болуп келишкен. Алардын ичинен көл элинен ар мезгилдерде ортон колдой болуп суурулуп чыгышкан Арык мырза, Мырзакул мырза, Асан мырза, Кара мырза, Токоч мырза өңдүү мырзалар сыяктуу эле Акелердин турмуштан алышкан орундары дагы өтө бийик, ыйык, мартабалуу болгон десек болот. «Аке» деген ыйык наам көл аймагында табигатынан жөнөкөй, өзгөчө жаралган бирин-экин гана адамдарга берилген, ыйгарылган. Өзгөчө касиеттери, кара кылды как жарган калыстыгы, бирөөнүн оокатына көз артпаган момундугу, эли-журтуна бөтөнчө сиңирген эмгектери эске алынып, бир айыл журт, бир уруу-урук эмес, ал бүтүндөй көл аймагынын калайык калкы тарабынан жылуу кабылданып, бул «тирлик дөөлөт» (социалдык капитал) алгач татыктуу эки инсанга - Мойут Аке менен Сарт Акеге ыйгарылган. «Аке» наамын сунуш кылган Тилекмат элчи өз кезе-

гинде бул ыйык наам менен бирге айрым бир талапчендерди (критерийлерди) дагы келтирген. Мисалы, Акелик наам адамдардын бийлигине жана байлыгына, мансап-даражасына байланыштуу болбой, даанышмандык идара (азыркыча институт) катары кабыл алынышын сунуштаган.

Демек, "Аке» наамы идара катары таанылганга чейин дагы көл жергесинде жөнөкөй «аке», же «мырза» деген аталыштар аталып эле келген. Кийин гана ал ар тараптуу өркүндөтүүгө алынган. Ошентип, «Акелер» темасы төгүн жерден келип чыккан эмес. Ал ырааттуу өнүгүүнүн жемиши болуп, анын тамыры тарыхый узак өнүгүштө жана элдик дүйнө таанымында бар. Негизинен Ысык-Көлдү жердеген «Бугу» уруусунда өрөөндүн ар кандай урууларынын даанышмандары байырлашып, алар мезгил талабына ылайык өсүш алып турган. Мисалы, дөөлөс Сарт Акенин, калмак Карач Акенин, саяк Садыр Акенин жана ата-теги түштүк урууларынан келген Тилекмат Акенин жаралып, пайда болуулары сыяктуу көрүнүштөр.

Мына ушул күнгө чейин жазылбаган мыйзам катары кабыл алынып жүргөн «Аке» чечими кагаз бетине түшүрүлбөй, аңыз жана жөө-жомок, уламыш-дастан катары гана такталып, элдин эсинде түбөлүккө сакталып, күнү бүгүнкүгө чейин эстен чыгарылбай, арадан бир нече кылым, ондогон жыл мезгил өткөнүнө карабастан унутулбай айтылып келүүдө. Акелер даанышмандыктын, акылмандыктын, көсөмдүктүн, көрөгөчтүктүн, билермандыктын кепили болушуп, карапайым калк менен бай-манаптардын, бий-акимдердин, хан-падышалардын ортосуна ыйык көпүрө катары кыргыз элинин, анын ичинде Бугу элинин ынтымагын, бейпилдигин көздөшүп, тышкаркы элдер, коңшу-колоңдор менен дагы кадимкидей тыкыс алака түзүп келишкен.

«Аке» деген ыйык кайрылуу Түштүктө, Таласта улуу адамдарга кайрылуу, ал эми Түндүктө болсо кайнагаларына келиндеринин кайрылуусу, ызааты катары эсептелип келе жатат. Ал касиеттүү наам болсо «Акелердин мекени» болгон Ысык-Көлдө бир башка маанини алып, кылым карытып, күнү бүгүнкүгө чейин эл оозунан түшпөй, айтылып, эскерилип келүүдө. (Бирок, кай бир санжыра булактарында «Аке» деген ат 19-20-кылымдарда дагы кеңири эскерилгени айтылат. Мисалы, Асан Кайгы аке, Санчы-Сынчы аке, бул адамдардын жердеген жери, чыккан эли эч кимге

белгисиз, Мойут аке, Калыгул аке (кадимки Калыгул олуя), Садыр аке, Салмаке Найман акелер. Астын сызган К.М.).

Ошентип, «Аке» деген ыйык наам мындан кийинчерээк да жаңы баскычка көтөрүлүп, аны 1840-жылы ала жазда Жыргаландын боюнда болуп өткөн Бугу элинин чоң жыйынында кадимки эле Тилекмат элчи тарабынан көпчүлүктүн сынына коюлуп, Мойут абасы менен Сарт абасын калайык калк эп көрсө «Аке» деп атай жүрүшөөрүн өтүнүп кайрылгандыгын айттык. Бул эки ыйык адам ансыз дагы буга чейин бир боордошторунун арзууларына ээ болушуп, сый-урматка бөлөнүп келатышканын көрүп, билип турушкан калың кара эл туруучубу? Дароо эле чуру-чууга түшүшүп, ал сунушту кош колдоп кетишет. Ошол учурда Мойут Аке токсон жашка чыгып, ал эми Сарт Аке болсо алтымыш жаштарга таяп калган учурлары экен.

Дегинкиси, Ысык-Көлдө ар мезгилдерде жашап өтүшкөн, аякбашы он чакты “Акелер” туурасында ар түрдүүчө пикирлер айтылып келе жатат. Ал эми атам Жамангулдун (Карасакалсанжырачынын) санжыра айтымында көлдүк «Беш акенин», же Акелердин эң сакалдуусу Алдаяр Мойут Акенин, Дөөлөс Сарт Акенин, калмак Карач Акенин, саяк Садыр Акенин, Арык Кыдыр Акенин ысымдары гана айтылуучу. Ал эми акыркы санжырачылар Акелердин катарына кошуп жүрүшкөн Карга Аке менен Тилекмат Акени эмнегедир Акелердин катарына кошуучу эмес. Аны атам:

- Ала кушту атынан чакырыш керек. Карга бий өмүрүнүн акырына чейин бий болгон адам. Бекеринен Карганы замандаштары «түшпөс бий» деп аташкан эмес. Себеби ал жүз ашык жыл жашап, эли-журтуна атан төөнүн жүгүнөн кем эмес эмгек, өлбөсөчпөс өрнөк калтырган адам. «Аке» деген наамга караганда аны калыс баалап, «бий» эле деп атоо чындыкка жакыныраак болуп, ага бийик даража алып келмек. Ал эми Тилекмат элчи болсо кашкайган калыстыгы, ченде жок чечендиги менен кыргыз-казакка, кытай-калмакка таанылып, бекеринен «Кара жаак элчи», «Кара жой чечен», “Кара чокмор” атыккан эмес. Балким анын «элчи» деген эле бийик наамы эли-журтуна сиңирген эмгегине жараша «Аке», же «Мырза» деген наамдардан алда канча жогору, алда канча ыйык жана бийик тураар? Баатырды баатыр, эрди эр, даанышманды даанышман, олуяны олуя, заабаны зааба деп эле атоо

орундуу болуп жүрбөсүн? - деп калаар эле.

Айтса-айтпаса төгүнбү, «Убагында айтылбаган сөздүн атасы өлөт» деп акылмандар бекеринен айтышпаган чыгаар? Чыны менен эле биз эмне үчүн өз оюбузду кимдир бирөөгө таңуулап, ата-тегибизди аласалдырып, Апенди кызын мактагандай, таарга куур каптагандай кылып макташыбыз керек? Алардын турмуштан алган бекем орундары эле тарых барактарында, санжыра-санаттарда ар бирин эч кайталангыс инсан кылып көрсөтүп отурбайбы. Орун алмаштыруудан сумма өзгөрбөгөн сыяктуу эле биз орун которуштуруудан башка бир жыйынтык чыгара алабызбы? Менимче жок. Кайра келип эле көпчүлүктүн бүйүрүн кызытып, кызыл чеке болгонго чейин талашып-тартышууга жем таштап, эл арасындагы ынтымак-ырашкерчиликти ыдыратууга, араздашууга, урушуп-чабышууга, тай талашууга чейин алып келип олтурабыз. Ошондон улам тигил, же бул уруунун мыкчыгерлеринин кайсыл бир урууну кемсинтүүсү, өз ата-тегин көтөрө чаап мактануусу, кимдир-бирөөнү төгүн жерден кордоосу айтылып эле келе жатпайбы. «Атың чыкпаса жер өрттө» болуп, куру намыска алдырган айрым бир атуулдарыбыздын чектен чыгып кеткен мындай жорук-жосундарын көрүп, билбей жүрөбүзбү? Мен бул жерден «айрым бирлерибиздин» деп салыштырмалуу түрдө гана айтып жатамын. Себеби дегенде азыркы арабыздакы «айрым бирлерибиз» санжыра-санат, тарых-тагдыр талашмак, чечмек турсун ата-тегинин келип чыгуусу, жада калса өзүнүн жети атасы тууралуу дагы так маалыматты билишпейт. Аны айтып, үйрөтүп коюдан эмнегедир ким-кимибиз тарткынчыктап, такалып, ичи тарланып-кызганып келаткан өңдүүбүз. Демек, талашып-тартышуу бешиктен бели чыга элек өспүрүм балдар, жаштар арасында эмес, акыл калчаган, эң болбоду дегенде саамай чачын ак аралап, майда тишин тишеген, кашкайган чындыкты аласалдырып-куласалдырган «кадырман» эле адамдар тарабынан жүзөгө ашырылып, алардын ким-кимиси куюлуштуруп айткан сөзүнө, аралай чапкан айдыңына, алаканын кызыткан аздыр-көптүр акча-тыйынына, атак-даңкы менен барасмандаган мансабына, бийлик-байлыгына таянышып, олтуруп-турган жерлеринде апкөй тилге салышып, көпчүлүктүн кулагын жапырышып, аны уккан-туйгандар бир беткей жыйынтыкты ошолордун бодо сөздөрү боюнча гана чыгарып келе жатышкандай. Ошондой болсо дагы мен аймагыбызда канча-

лык деңгээлде арбын «Акелердин» саны чыгышса, ошончолук деңгээлде даанышмандарыбыздын, олуяларыбыздын, көрөгөч-көсөмдөрүбүздүн, кеменгер аалымдарыбыздын, эл жакшыларынын арбын болоорун көз алдыма алып келээр элем. Демек, кийинки эле кездерден тартып Акелердин катарына кошулуп келаткан Карга Аке менен, Тилекмат Акенин "Акелердин" ыйык катарынан биротоло орун алып калышын калайык калың калкыбыздын каалоосу, бир беткей чыгарган чечими катары тутунууга болот. Арадан бир жарым кылым өтүп Карга Акени, бир кылым өтүп Тилекмат Акени элибиздин калың кара катмарынын каалоосу менен «Аке» деген атка ыйгарып калышы дагы бекеринен болбосо керек. Мында бул эки касиеттүү инсандын укум-тукумдарынын дагы алардын Аке макамын алышына кошкон салымдары ат көтөргүс болгондугун баса белгилөө керек. Эмнеси болсо дагы бул чечимди ич тарлык, көралбастык катары баалоого болбойт дегим келет.

А балким жакынкы эле келечекте өлкө боюнча атайын мажилис (конференция сыяктуу) чакырылып, өзүнчө талапчендерди (критерийлерди) иштеп чыгуу кажеттир? Анткени бул аракеттер акыркы жылдары эл арасында кеңири айтыла калып жүргөн «дежур чалдар» деген тайкы түшүнүктүн, көз караштын тамырын кыркууга көмөктөшөт жана жалпы элдик Курултайды чакырууга омоктуу негиздердин бири болот деп ойлойм. Эгерде бул демилге ишке ашпаса, коомчулуктун жана кызыкдар тараптардын илимий-дагдылык мажилисин өткөрүп, бул маселеде жалпы кыргыздык биримдикти ылайыктоо жана атайын талапченди иштеп чыгуу керек болоор? Кыскасы, бул көрүнүштү негиздештирүү (лигитимдештирү) келечектин иши сыяктанат. Буга коомчулуктун дагы сыңар карабасы шарт. Мисалы, Ташкул Керексизовду «Акелердин» катарынан көрүүнү каалоочулар чындыгында эле бар. Анан эмне үчүн бул наамды атайын мажилисте карап, көтөрүп чыгууга болбойт? Эгерде ал адамдын өлкө өнүгүүсү үчүн зарылдыгы чоң боло турган болсо, анда анын сиңирген эмгектерине жараша «Аке» наамын ыйгарууга эмне үчүн болбосун? А балким коомчулуктун кылчактоосунда Керексизов мырзанын өлкөнүн курулуш иштерине кошкон салымынан башка биз билип-билбеген оң-тескери жагдайлары бар чыгаар?

Дагы бир кайыптар илиминдеги жагдайларга менден башка

дагы көптөгөн жазмакерлер кайрылып келишүүдө. Бул спиритисттик көз караштарга, илимдеги ачылыштарга «өлүк жандар» менен сүйлөшүү сыяктуу) басым жасоо жаңычылдыкка даңгыр жол ачып келаткандыгынын бир белгисидир?

Ал эми Акелердин көл аймагынан гана чыгышына бүтүндөй Ысык-Көлдүн уруу-уруктарынын, элинин өзгөчө кызыгуу менен кабылдоосу Акелер идарасынын өсүп-өнүгүүсүнө, жаңы баскычка көтөрүлүшүнө чакырык таштап койгонбу деген да ойго жетеленесиң. Ал эле эмес бул аныктама Акелер феноменинин жаралышындагы негизги факторлордун бири катары туюлат.

Коомдук-саясый тутумда (системде), түзүлүштө (стройдо) саясий жетекчинин (лидердин) суурулуп чыгуусу дагы табыйгый көрүнүштөрдүн бири болоору айкын иш. Мисалы, көл кылаасы Акелер заманында орус падышачылыгы, казак, кытай-калмак, Кокон хандыгынын такай көз артуусунда болгон. Ошол кезекте Бугу элин Боромбай манап бийлеп турганда Акелер анын колуна кол, бутуна бут болуп акыл калчап беришсе, Боромбайдын бийлигин улантуучулар ал өлгөндөн соң Акелер менен эсептешмек гана турсун, алардын сары изине чейин чөп салып турушкан. Бирок, ошого карабастан аймактагы саясий кырдаал менен «коомдук-саясий» жетекчи Боромбай манаптын ошол учурдагы акылмандыгы жана караламан журттун колдоосу Акелердин «пайда болуусундагы» негизги сырлардан болуп калгандыгын эч бир адам тана албайт болушу керек.

Ошентип, Акелер феномени төгүн жерден келип чыккан эмес дедик. Акелер жеке эле даанышмандыктын, көрөгөчтүктүн, акылмандыктын алып жүрүүчүлөрү эмес, ошол кезектеги караңгы, сабатсыз, көчмөн элдин кулк-мүнөзүн, кыял-чабытын, турмушка болгон көз караштарын айттырбай сезген, ал аркалуу байларды берешендикке, бийлерди акыйкаттуулукка, аксакалдарды көсөмдүккө, ал эми карапайым калкты болсо ынтымак-ырашкерчиликке чакырып туруулары менен өзгөчөлөнүшкөн. Алардын улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй, акылдууга айлакерлик, ал эми акмакка даанышмандык менен мамиле кылуулары бүтүндөй эл массасынын сүйүп, ардактоосуна жол чаап койгондой. Мына ушул тунгуюктагы элдин өзүндө дагы ошол кездерде даанышмандыкты талап кылган бир катар себептери, козуткулары дагы коштолуп жүргөн. Эл башка чаап башкаруудан

караманча тажап бүткөн. Кансыктаткан талап-тоноочулуктан жүрөктөрүнүн үштөрү алынган. Аларга ачык айтылган акылман Акелердин даанышман сөздөрү, айлакерлиги, акыл көрөңгөлөрү гана керек болуп турган. Караңгыдан көз, капилеттен сөз тапкан бул улуу инсандардын - Акелердин аларга болгон жообу да дал ушул жөнөкөйлүктөрү, тил таба билүүчүлүк сапаттары, акылмандыкка ширелген айла-амалдары, акыл көрөңгөлөрү болучу. Аны менен Акелер өз элинин алга умтулуусун, демденүүсүн, аракеттенүүсүн гана ойготуп турушкан.

Дагы бир белгилей кете турган нерсе Акелердин салттуу көчү ырааттуу түрдө улана тургандыгын жогоруда белгиледик. Эгерде 1926-жылы Акелердин эң кичүүсү делген Кыдыр Аке акыркы жайына берилип, андан бери Акелердин сандык өсүшү тык токтоп, арадан бир кылымдан ашуун убакыт өтүп, Карга Аке менен Тилекмат Акенинн аттары Акелердин катарына кошулуп келатса, мындан үч жыл мурда Ысык-Көл районунун эли Ташкул Керексизовду Акелердин катарына кошуу демилгесин көтөрүп чыгышты. Айтса, айтпаса төгүнбү, бул баа анын эли-журтуна сиңирген узак жылдык кайратман эмгегине жараша берилгендей сыяктанды. Башкасын айтпаганда дагы анын кыргыз элинин рух-дөөлөтүн байытуу үчүн өздүк каражатына курган Чолпон-Атадагы "Рух Ордо", анын көчүн уланткан Кажы-Сайдагы "Аалам Ордо" жана Бишкектеги коомдук ишмер Турусбек Мамашев каржылык кылган жана Ташкул Керексизов өзүнүн долбоору боюнча баштап, баардык ишти башынан аягына чейин көзөмөлдөп, жетектеп, бүтүрүп берген "Айкөл Ордонун" курулуштары көргөндүн көз жоосун алып турат. Ошондон улам анын рух-дөөлөтүбүздү байыткан зор эмгеги Акелердин ыйык катарынан орун ээлеп калуусуна жол чаап жаткандыр?

# КАРГА АКЕ
## (1718–1828)



**Жаш сурасаң - Карга Акеге бар.**
***(Эл макалынан)***

Ошондой болсо дагы «Акелер» жөнүндөгү баянымды Карга Акенин, же эл ичинде «түшпөс бий» катары кеңири таанылып келаткан Карга бийдин батасы менен баштоону эп көрүп олтурамын. Себеби дегенде ал адам бул жашоодо жүз он жыл жашап, жашка, башка, бийликке, байлыкка, дөөлөткө, мансапка карк тойгон, артында уламалуу кеби-сөзү, өрнөктүү өмүрү, көөнөрбөс акыл-насааты, бир чоң улуу журт бала-чакасы калган касиеттүү адам болуптур. Анын өз элине мурас катары калтырып кеткен төмөндөгү батасы дагы акылга зирек, даанышман адамдын жосуну катары бааланып келет. Анда ал:

...Жоо каптаса жоюлар,
Жоо да бир күн союлар.
...Өрт каптаса өчүрөөр,
Өлүм каптаса өчүгөөр.
... Жонгорлуу жоодон сактасын,

Жоболоңдуу доодон сактасын.
...Жогуң бар болсун,
Жолуң жар болсун.
...Тууганга туура бол,
Тутугуна буура бол.
...Тазалыкты суудан ал,
Ынтымакты туудан ал.
Кайратты элден ал,
Калбаатты жерден ал.
... Кайраты кеткен кайыгаар,
Карттанган жарат айыгаар.
...Жардынын байы бол,
Жакырдын жайы бол.
Жесирге каралаш бол,
Жетимге санаалаш бол.
Адамдын арасында бол,
Алданын санаасында бол.
...Ай кетилет, жетим жетилет.
Арсыз арганды кетирет.
Арамза алсызга секирет,
Айдатма жер куйга жекирет.
Оомийин, Аллоохy акбар!
...Караңгы түнүң ай болсун,
Калкым күтүрөп, бай болсун.
Жаздыгың жайнап баш болсун,
Казаның кайнап, аш толсун.
Тукумуңдан тукумуң кем болбосун,
Бирине бири жем болбосун.
Арка-жөлөк болушсун,
Аралаш кыштоо конушсун.
Ынтымагы желимдей болсун,
Ызааты келиндей болсун.
Байдын колу чачык болсун,
Баатырдын жолу ачык болсун.
Уулуң уламалуу сөз билги болсун,
Келиниң кенемтелүү иш билги болсун.
Колуңда кармаган кушуң болсун,
Башында кетпеген кутуң болсун.

Телегейиң тегиз болсун,
Уулуң үйлөнүп эгиз болсун.
Жайлооң көк-жашыл тегиз болсун,
Жай-кышы малың семиз болсун.
Жолдо жооң болбосун,
Башыңда дооң болбосун.
Уулуң угумдуу болсун,
Айтканы жугумдуу болсун.
...Түндүгүң түшпөй, калыс бол,
Калабадан алыс бол.
...Кереген бек болсун,
Кебиң эп болсун.
...Уулга угут берсин,
Келинге уят берсин.
...Баркы баалуу баш берсин,
Бак-дөөлөттүү жаш берсин.
...Ирегең майлуу болсун,
Ишиң жайлуу болсун.
...Өлүп көбөйгөн мал берсин,
Ооруп айыккан жаш берсин.
...Малыңа мал кошулсун,
Алыңа ал кошулсун.
Жаныңа жан кошулсун.
Жан-жакаңа жакшы тилектүү отурсун.
Тузуңду ак санаган татсын,
Тең караган пейлинен тапсын.
Түндүгүңдөн түтүнүң буласын,
Тукум бүткөнүңдү тукумуң уласын.
Кызың аялзатынан арлуу болсун,
Кыйышпаган, акылдуу жарлуу болсун.
Баага батырбаган жандуу болсун,
Барган жеринде аябагандай барктуу болсун.
Акыл көрөңгөлүү даңктуу болсун,
Абысын бүткөнгө нарктуу болсун.
Аялзатынан салттуу болсун.
Берекелүү ашы болсун,
Бергенге тете кашы болсун.
Төрөтүн Жаратканым төп берсин,

Төлүн ыраа көрүп, көп берсин.
Алганынын кашында болсун,
Балдарынын башында болсун.
Тең арып, тең карысын,
Кудайым эш болуп, Кыдыр даарысын.
Оомийин, аллоху акбар.
...Кудай бергиси келсе балаасы бар,
Жапкысы келсе жалаасы бар.
...Жоо күсөсөң жонгорго чабаарсың,
Баш күсөсөң Манжылыга бараарсың,
Мал күсөсөң Чолпон-Атага бараарсың.
...Менден эмес кудайдан,
Оолак кылсын убайдан.
...Кудайым узак жаш берсин,
Башыңа кошуп баш берсин,
Узун өмүр жаш берсин.
Ууртуңдан куюлган аш берсин.
Оомийин, аллоху-акбар!
...Дарт каарын тарткан дарыя болот,
Ооруп айыккан олуя болот.
Жакшы жүрүп, жашы жеткен карыя болот.
Жан жыргатаар кебиң болсо жарыя болот.
...Сапаты жок, саны барды чал дейт,
Абышканы катардагы бар дейт.
Туягы барды мал дейт,
Көпкөнүн көк санаа дейт,
Сыйлуусун аксакал дейт,
Кадырманын карыя дейт,
Акыл күткөнүн олуя дейт.
Акылы молун дарыя дейт.
...Эш чыгаары эне болот,
Эбин тапкан жанаша конот.
Көч жакшысы улоо болот.
Кыз жакшысы кыроо болот.
Уул жакшысы урмат болот,
Сыр жакшысы курдаш болот.
Айласыз катын мундаш болот.
Алдам бербесе туубас болот.

...Алганы жакшы болсо дагы,
Алдына ойногон баласы болбосо,
Айласыздан куу баш болот.
...Кудайым элимди курутпасын,
Алды Бугума берээрин унутпасын.
Оомийин, аллоху акбар!- деген экен.

Карга Аке чындыгында эле Бугу элинин Желдең уруусунан чыккан касиеттүү инсан. Ал 1718-жылы ушул эле Даркан өрөөнүндө жарык дүйнөгө келип, болжол менен жалган жашоодо жүз он жыл жашап, бул жашоо менен касиеттүү карылыкка жетип, кастар-сыйы менен түбөлүктүү кош-бош айтышыптыр. Аны ага-туугандары, калайык калың журту, бул эле Желдең уруусунун атуу-баштуулары, улуу-кичүүсү «Башка да, жашка да, ашка да, даңкка да, баркка да карк болгон улуу адам» катары баалап келишет. Айтса-айтпаса төгүнбү? Анын түпкү теги кадимки эле Мырзакул мырзанын тун уулу-Алсейитттин үчүнчү, калмак аялы Чэжимжандан төрөлгөн жалгыз Туумакашка деген баласынын небереси-Желдең дегендин чөбүрөсү болуп эсептелет. Же болбосо Мырзакулдан Алсейит, Алсейиттен Туумакашка, Туумакашкадан Каракозу, Каракозудан Желдең, Желдеңден Түлөкө, Түлөкөдөн Мендегул, Мендегулдан болсо кадимки Карга Аке таралат.

Деги эле Карга Акени «Акелердин» катарына кошуу жөнүндөгү талаш-тартыштар качан, кайсыл убакта башталып калды? Аны калайык калың калк буга чейин бий катары эле баалашучу эмес беле? деген кабыргасынан коюлган суроолордун туулушу да мүмкүн. Ал талаш-тартыштар 1996-жылы Карга атага арналып, анын жайы турган жерге Желдең уруусунун жалпы урпактары жаңы күмбөз орнотушуп, ага куран түшүргөн күндөн башталып калды сыяктанды. Ал кезде мен Кыргыз Телерадио Компаниясынын Ысык-Көл областы боюнча өз кабарчысы болуп иштөөчү элем. Туш-туштан талаш-тартыштар жаңырып, ал талаш-тартыштар кадимки эле кезектеги кампанияга айланып, эми ал талкуу областтык, ал эле эмес республикалык деңгээлге чейин көтөрүлүп чыгып кетти. Окурмандар арасынан Карга бийдин «Акелигин» туура көргөн, туура көрбөгөн ар түрдүү жаштагы, ар түркүн көз караштагы адамдарыбыз дагы чыгышты. Ар ким өз оюн ортого салышып, аны областтык, республикалык коомдук-саясий гезит беттерине, радиотелеге берип жатышты. Өз кезегин-

де мен дагы Ысык-Көл областтык гезитинин бетине өз үнүмдү коштум. Бирок, анда мен Карга Акени «Бий» катары эле баалоо орундуу болоор деген оюмду жашырган эмесмин. Себеби дегенде андан туура 6 жыл мурда, же тактап айтканда 1990-жылы октябрь айында Жети-Өгүз районунун Шалба (анда Тилекмат айылы болуп атала элек болучу) айылында санжырачылардын республикалык биринчи слёту өтүп жатканда бейиши болгур санжыра иликтөөчү, Жети-Өгүз районунун Оргочор айылындагы «Кален Жетимишбаев» атындагы тарыхый-этнографиялык музейинин директору Кален Жетимишбаев ата менен бирге жүрүп, эфирге кенен-чонон материалдарды даярдап, анан калса өз үн жазгыч аппаратыма республиканын чар тарабынан келишкен санжырачылардын бир даарынын үндөрүн да түшүрүп алган элем. Ошондо бир жумалык санжырачылардын кыл чайнашкан кыйын таймашында эмнегедир Карга Аке жөнүндө көп деле маалымат, же санжыра-санат укпаптырмын. А балким бул саамалыкка катышкан жүз элүүдөй адамды мен чындыгында эле кыдырып, үлгүрүп жаза албай калган чыгаармын? Эмнеси болсо дагы Карга Аке жөнүндөгү ар тараптуу, талаш-тартыштуу макалалар 1996-жылы чыккан Желдең уруусунун урпактары; профессор Үсөнбек Асаналиевдин «Карга Аке» деген чакан чыгармасынан, илим изилдөөчү Кашымбек Асанбековдун «Карга Аке» аттуу илимий макаласынан кийин кеңири иликтөөгө алынып кетти сыяктанды. Ага удаа эле, же 2003-жылдан 2007-жылга чейин гезит беттерине жарыяланган иликтеп-изденүүчүлөрдүн илимий-популярдуу эмгектеринин туундусу дагы Карга Акени «Аке» катары толук деңгээлде атоого негиз бар экендигин тастыктап жиберишти. Болбосо, ар жылдары областтык, республикалык басылмаларда окурмандарга арналган көптөгөн кайрылуулар, сунуш-пикирлер деле жарыяланып келди. Мисалы, 2003-жылдын сентябрында «Карга Акелердин катарына кошулабы?» деген ат менен президенттик «Биримдик кербенинин» мүчөлөрүнүн кайрылуусу ошол кездеги Ысык-Көлдүн губернатору Эмилбек Анапияевге, 2003-жылдын 14-октябрында «Карга бий Акелердин катарына кошулабы? деген макала «Ысык-Көл кабарлары» гезитине жарыяланып, калайык калк арасында кеңири талкууга алынып калды. Бирок, көпчүлүк акыл калчаган калайык улуу-кичүү Карга Акеге «Аке» катары баа берүүгө каршылык деле кыла коюшкан жок.

Ошентип, Карга Аке, «конуш алсам малга жай, дан айдасам жанга жай. Тоо-токоюу отунга, өзөнү толуп сууга бай жер тура» деп келип, Даркан аймагына, мындагы кеңирсиген кең даркан талаага сугу артылып, конуш ээлеп, биротоло олтурукташып калат. Анан калса ушул эле Даркан аймагы ошол кездеги «Жибек Жолундагы» мааниси өтө зор, «Тогуз жолдун тоомунда» турган өзгөчө жер окшобойбу.

Карга Акенин калыптанган көз карашы, каадалуу-кастарлуу кеби-сөзү, кашкайган калыстыкты байырлаган бий кызматы, алысты көрө билген олуя-заабалык касиети, эзели кайтпаган ак батасы анын аброюн болуп көрбөгөндөй деңгээлге чейин көтөрмөлөп, ал тарапка агылып, акыл-айла, аштык, бала-бото сурап кайрылгандар дагы аз болбоптур. Карга ата ошол устара мизиндеги кыйын кезеңде жашап, өз тирликтерин баштарынан кечирген калайык калың бугу журтунун айныксыз биримдигин орнотууну, айрыкча жонгорлуу жоодон сактанууну кан какшап айтып, бирдик орногон жерде тирдик бар, ынтымак көкөлөтөт, чыр-чатак көмөлөтөт. Ырыс алды ынтымак, ынтымагың жок болсо алдыңдан таяр ыйык бак. Ынтымак болсо үйүңдө, ырыскы толот күнүгө. Ынтымактан айрылдың-ырысыңдан кайрылдың. Биримдиги жок эл тозот, биримдиги күчтүү эл озот. Ийгилик башы ынтымак, ынтымак болсо күн чубак. Душманга өздөй караба, түшөөрсүң бир күн санаага. Душманың кылдай болсо тоодой көр, ийнедей болсо төөдөй көр. Душманга кекти кетиргенче, денеден башты кетир. Жоо жакаласа, бөрү этектейт. Жоолашкан эки элди бириктирүү үчүн кайраттуу кол керек, акыр түбү акылы мол жан керек деп келип, ошол кезде өзүнүн көз кыры түшүп, көңүлү менен сыйлап жүргөн Боромбай бийге күндөрдүн бир күнүндө акыл калчап:

- Оо Боромбай султаным. Бийликтин күчү биримдик. Биримдиги жок болуп, Бугу эли алды алдынан бүлүндүк. Жолубузга сакчы бол, журтубузга башчы бол. Манас атаңдын осуятын тутунуп, кулаалы таптап куш кылгын, курама таптап журт кылгын. Ар уруу элди курап ал, адилет карап сурап ал. Көп элди көп экен деп көкөлөтпө, көп элге аз элиңди чөгөлөтпө. Бирин ашынта мактап, экинчисин басынта кактаба. Узун карап, тең сана. Убайга салбай кең кара. Айтканың жерде калбасын, канатың карып тал-



ИССЫК-... ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА №271365

басын. Жүрөгүң кабында, акылың табында болсун. Сени түндүк тутуп, жалпы Бугу эли сага кырк уук колдооч-буттаач болуп берели. Ойлонбой ишиң баштаба, баштаган ишиң таштаба. Акыл сокур адамга көз, өлөсөлүү жанга сөз, дудукка тил болот. Айласыз акимдин айланасында акмактар көп болот, айлалуу акимдин айланасында акылдуулар топтолот. Акылдуунун акылы жугат, акылсыздын кесири жугат деген. Акылдан жакын дос барбы, ачуудан жаман кас барбы? Таман жериң каска кетпесин, талаа-түзүңө көз арткан жетпесин. Акылдуу башчы жоктон бар кылат, акылсыз башчы барды жарга урат. Амалдуу какырдан чөп чыгарат, жалгыздан көп чыгарат. Кемтигиңди биле жүр, керейбей кепти иле жүр. Кан жаңылса кадыры кетет, калк кыйналса сабыры кетет. Казака канатташ-табакташ, оруска ооматташ-сабакташ бол. Касыңа жан тартсаң, башыңа кан тартат. Айткан акылым сага алды ашыкча болбос. Анын үстүнө өзүң деле акыл-эстүү, экинин бири болгон абройлуу жансың. Жашың аз-көп эмес, кыркка чамалап калды. Жети өлчөп, бир кесе бил. Күлгөндүн баары дос эмес, күйгүзө айткан кас эмес. Калк айтса, эзели калп айтпас. Ак бол, так бол. Ар балээден сак бол. Ал эми мына бул алкынган ак боз атымды ак дилден алдыңа тартып, кылым карыта жашаган ак батамды аянбай берип жатамын. Анымды жүрөгүң менен ак ниетиңден кабыл алып кой балам,-дептир Карга Аке алаканын кенен жайып, батасын берип жатып

Деги эле Карга Акенин берген батасы кайт болгон жан эмес экен. Өз көңүлүнөн чыккан жакшынакай батасын бергенде ал алаканын тетирисинен жайып, анан барып гана бата тарткан адаты болуптур. Жалдуу Каабанын бир келини, ушул эле Желдең уруусунун алмончоктой кызы Карга Акенин астына келип, ага ыйбаалуу саламын берип, узак жылдардан бери баркыраган бала үнүн уга албай келатканын уялыңкы айтып, атасынын ак батасын сурап келгенин башбактатып калат. Ал адатынча алаканын тетирисинен каратып, деги эле көпкө чейин кобуранып, Алла-Талаадан ушул кызына ак дилинен бала-бото сурап турганын айтып, береги келинге өз батасын берет. Кашында олтурган бул келин ага тескери алакан жайылганынан улам буркурап ыйлап жиберет. Анан ага

кошумчалап:

- Атаке, мен Сиздин алдыңызга ак батаңызды, анан калса бала-бото сурап келбедим беле? Анан эмне үчүн алаканыңызды тескерисинен жайып бата тарттыңыз?-десе:

- Ап балам ай-йе. Бекер күйүкпөдүңбү. Болбоду эми, болбоду. Ызаң жедеп ичиңе түшүп кетпедиби. Эми бара бер балам. Мен эч нерсе кыла албаймын. Мындан артык батамды дагы бере алмак эмесмин,-деп аны акырын узатып койгон экен.

Карга Акенин калыстыгы жөнүндө дагы аңыз кептер арбын. Күндөрдүн биринде Карга бийдикине Белек уруусунун бийи Бирназар бий конокко келип, улам бир кептин куржунунун оозу кенен сөгүлүп олтуруп, күн кечтеп кеткенинен улам ал Карга бийдикине түнөп калат. Бир оокумда ал Карга бийден жигиттерине табыштап, аттардын ээр токумдарын алдыртып, отко койдуртуп коюсун өтүнөт. Сөзгө алаксыган Карга бий аны көп деле этибар албай, бирок Бирназар бийди «Карганын айылында ууру-бөрү жок» экендигине ишендирип, кеч болсо дагы балдарын чакырып, аттарды отко коюп коюсун тапшырыктайт. Бирок, таң азандан турушса, Бирназар бийдин алкынган «Ак боз жоргосу» ордунда жок болуп чыгат. Айласы кетип, уятына чыдабаган Карга ата айылындагы шектүү делген бала-чаканын бир даарын өзүнүн кашына алдыртып келип, алды менен аларга чоо-жайды түшүндүрүп:

- Эгерде араңарда ушул турган аңдан аттай албаганың болсо арам өлсүн. Ак болсоңор аттап өтүп кетээрсиңер,-дейт. Бий айтып-дей элегинде эле топ балдардын баарысы бул аңдан эч кыйынчылыксыз аттап өтүшүп, арасында бийдин өзүнүн бир баласы аңдын экинчи кырына барып бир тийип, кайра аңга кулап түшүп, ордунда эле жан берген экен. Ошондо Карга бий:

- Менин мындай балам жок деп эсептеп койгула. Кары кайтса кадыр, жаш кайтса жабыр деген. Бирок, канчалык кабыргам кайышып турса дагы калыстык деген нерсе мени сөөмөйү менен көзгө сайгылап турбайбы. Мындан ары анын атын оозануучу болбогула. Каранын иши ар качандан бир качан кара болот. Ал кудайдан өз жазасын алды. Жар көчүрүп, иттин өлүгүндөй кылып көөмп

салгыла. Анын түбөлүктүү жайы дал ушундай жар, жаткан жери өзү каалаганындай тар болсун. Жаманга кейиш болбойт, жаннатта бейиш болбойт. Буга аздектеп топурак салыш дагы арам иштин белгиси,-деп айтып, Бирназар бийди жанына алып, уулунун али муздай элек денесин айланып өтүп, артына бир кылчайбай, басып кеткен экен. Ошондо Карга бийдин ашкере калыстыгына баа берген Бирназар бий түндөсү соорусу казанпактай болуп, узунтуурасы келишкен, бери болгондо эки эли казы чыгуучу «ак бозун» уурдап, союп алган бийдин баласынын арбагына Карга Акеден өзгөчөлөнүп кечирим берип, ага акыреттен ыйман тилеп, ал эми жоргосунун кунун экинчи ирет доолабаска өзүнүн убадасын берип кайтыптыр. Чын-чынына келгенде Карга бийдин он бир эркеги болгону айтылат. Бирок, арам ишке барган бул баласын ал балдарынын катарынан биротоло сызып салып, өмүрү өткүчөктү анын атын таптакыр оозанбай, эли-журтуна дагы экинчи ирет анын атын атабоосун өтүнүптүр.

Карга Акенин калыстыкты туу тутканын башкалардан эмес, алды менен өз бир туугандарына жасаган мамилесинен улам да байкоого болот. Атасы өлүп, кара ашын берген соң Мендегул аксакалдын артында калган малы-мүлкүнө көз артышкан Карга бийдин бир туугандары аларын тең бөлүшүп алууну сунуштап калышат. Бирок, ага Карга бий караманча каршы чыгат. Мал-жанга бала чагынан малсаак өскөн агасы Байкиши ээлик кылып, ал эми Карга бий болсо эл аралап, үйлөнө элек эки бир тууганы түтүн булаткан соң гана энчини теңдеп бөлүп алууну сунуш этет. Ал айткандай эле Сүйөр менен Ногой үйлөнүп-жайланган соң ата малы теңдеп бөлүнүп, бир жатынды берте тебишкен бир туугандардын ичтерин ирия сөздөр аралабай калат. Карга Аке бассатурса калыстыгынан жазбай:

- Балдарыма Алла-таалам ырыскы берсе тең берсин. Бербесе бардыгына бирдей кем берсин. Кудайым тең тууганга тебелетпесин, текебер арттырып жемелетпесин. Теңирин таанып баган «темене акыл» тууганыңа чөгөлөтпөсүн. Алды тең тууганың теңириңе карабайт. Барын көрө албайт да, жогун асырай албайт. Ошондуктан туугандан сууган жаман болот. Жат жарасы айыгат, ал эми тууган жарасы эзели айыкпайт. Мүмкүн болушунча тууганга күнкор, ары түрткүнчүк, бери түрткүнчүк болбоого аракет кылып, тууган дын көңүлүн калтырбай жүрүүң шарт. «Түбү бирге

түтүшпөйт» деген дагы жакшынакай накыл сөз бар. Бири бирине түтүшпөгөн туугандар дагы арабызда аз эмес. Жаман тууганыңды жерип, бирөөнүн жакшы тууганын бооруңа тарта албайсың. Сындашкан тууганда сырдашкан тууган озот. Бирок, айрым бир учурларда ынтымакты кураштырган дагы, сулаттырган дагы аялдар болушат. Силер аны биле жүргөнүңөр ылаазым,-деп эл арасында эле мына минтип айтылып жүргөн бир уламышка бир туугандарынын көңүлүн буруп калыптыр:

- Ушул эле Желдеңде аттарын атагым келбеген бир уядан тараган үч бир тууган өтө ынтымактуу ымалада жашап келишиптир. Алар ар күнү май көл, сүт көл болушуп, таңкы чайдан жатаар тамакка чейин бирге ичишип, алыс-жакынга чейин чогуу-чаран барышып, конок тоссо бирге тосушуп, айтор, бири-бирин өзгөчө кадырлап, сыйлап турушкан болушат. Үчөөнүн тең аялдары жөндүү чыгышып, күйөөлөрүнүн тилдеринен чыгышпайт. Бирок, алар бул үч бир туугандын ким аркалуу мындай чырмалышкан ынтымакка эгедер болуп келатышканын сынап көргүлөрү келип калышат. Алды менен сөздү ортончу абысыны баштап, ал күйөөлөрүнүн бир туугандыкка бекем, бекем эместигин оңой эле текшерип коюга болоорун айтат. Анын акылы менен бир туугандардын ортончусуна кой сойдуртушуп, конок камы көрүлүп калат. Белгиленген күнү эгил-жагыл сый көрсөтүлүп, эт желип бүтүп калган ченде анын аялы союлган койдун эки арткы шыйрагын кайнагасынын баласына, ал эми эки астынкы шыйрагын болсо кайнисинин баласына ороп бере салат. Туурадан эле улуу абысыны чыга калып, «эмне үчүн астынкы эки шыйракты кайнимдин баласына бересиң? Эч болбоду дегенде кайнагаңдын баласын сыйлабасаң дагы анын атасынын улуулугун сыйлап койбойсуңбу ай келин» деп абысынына тийишине кетет. Чын эле кайниси менен кайнагасынын балдарынын колдорунда улуу абысыны айтмакчы, ортончу бир тууганынын аялы сынамыкка тараткан койдун астынкы, арткы шыйрактары турган болот. «Чын айтасың ардагым» деп олуна кетет бир туугандардын улуусу. Анда кичүү бир тууганы дагы тим отурбай, «иниси алдыга озсо жаман кеп болот бекен? Жеңемдин дагы мен жөнүндө жылуу пикири бардыр» деп кошумчалап калат. Ошентип, жылуу ичилген чай тамак бир заматта муздак аяктап, үч бир тууган коштошуп-этишпей эле туш-тушка суук-селки тарап кетишет. Арадан ай,

апта өтөт. Бир туугандардын дагы эле баш тоголотуучу түрлөрү билинбейт. Абысындар кайра чогулушуп, «ысык бир туугандарды» кайра элдештирип коюуну максаттап калышат. Малды кичүү бир тууганыныкына сойдуртушуп, тестиер балдарын чаптыртып, ага-инилерди ынтымак чайга чакыртып калышат. Кечигип келишкени аз келгенсип, алардын бири аса, бири баса карашып, ооз учтарынан гана учурашышып, бир далайга чейин эч кимисинен тыңдуурак сөз чыкпай турат. Абысындардын улуусу дагы талкан сугунуп алгансып үн-сөз катпайт. Ошондо кичүү бир тууганынын аялы өзү эле сөз баштап, аралары ачылып бараткан бир туугандарга «ынтымакты түзүү аялдарга гана тиешелүү болоорун» ишендирген болот. Бир туугандардын ар кимиси бул сөздү ар башкача талдоого алышып, кызыл чеке болуп барышып, тээ бир топто барып араң токтошот. Анда ортончу абысын өзү ойлоп тапкан айла-амалынын жандырмагын айтып, бул сынды ал үчөө атайын эле ойлоп табышканын, тек гана бир туугандардын ынтымагы канчалык деңгээлде бекем экендигин билгиси келгендиктерин ачыктап коёт. Эрдин кесе тиштешкен бир туугандар ошондон улам аялдарынын акылдарына аргасыз көнүшүп, калган өмүрлөрүн чырмалышкан ынтымакта, абийир-ар менен жашап өтүшүптүр.

Эл ичинде Карга Акенин кара кылды как жаргандай калыс, жылаңач төөнү такымга чапкандай таамай сүйлөгөн макал-ылакап сөздөрү, куюлуштуруп айткан ырлары, бийлик-мансабына карабаган даанышмандык акыл көрөңгөсү дагы да бир канча кылымдарды карытаары эп. Анын канаттуу сөздөрүнүн ичинен:

- Кудайымдын бергени угулбайт, жалгаганы туюлбайт. Эр менен эрдин эрегишинин айласын тапса болот. Кудайым алды эл менен элдин эрегишинен сактасын. Эрдин эрегиши мал менен бүтөт, ал эми элдин эрегиши кан менен бүтөт. Ошондуктан элдин эрегишине жеткирбөө зарыл. Ылайым эки элди эриктирбеген, бир элди бириктирбеген касаптардан элимди оолак кылсын. Ынтымак ырыстын иши, ал эми ырк кеткен уруштун иши деп айтканы бар.

Карга Аке көбүнесе жайкысын Каркыра өңүтүн жайлайт. Анан калса кыргыз эли казактар менен кою короолош, башы жаздыкташ болуп, баштарынан ынтымактуу жашоо кечиришип, ырк келишпеген айрым бир учурларда Карга Акенин калыстык сөзүн угушуп, тиешелүү чечимге келип турушуптур. Ошондой

күндөрдүн биринде араздашкан эки казак Карга Акеге арачыга келип калышат. Карга Аке калыстык кылып, бирин бири өлтүрүүгө чейин барышкан бул эки бир тууганды элдештирип, биринен экинчисине арбын мал өндүрүп берип, эки тарапка бөлүп жиберет. Ошентсе дагы арбынырак малы чыгып кеткен казактын сараңбайы Карга Акеге ичи чыкпай:

- Карганы калыс, калыс деп коюшат. Казактын каргасы бок чокуйт. Кыргыздын каргасы бий болот экен. Тойдум байдын кызына,-деп этек-жеңин кагынып ордунан тура жөнөйт. Ошондо Карга Аке:

- Ооба казакбайым. Бок чокубаганда тиги бир тууганың экөөңөр атаңардын башына мында келдиңерби? Алды менен оозуңарды жакшылап аарчып, андан соң баскан богуңарды кылдаттап тазалап алып келбейсиңерби. Болбосо. кең Каркыранын көкмайсаң, көз жоосун алган кооз килемин айланганы булгап жүрөсүңөрбү?–деп артынан сүйлөнүп калат. Аргасыз кепке сынган казактын дөөгүрсүгөн бул жигити кайра кирип, Карга Акенин алдынан өтүп:

- Кечирип коюңуз Карга Аке. Айткан оозумдун айыбын тартайын. Айып менде, адилдик сиз тарапта болду. Оозумдан чыгып кеткен калпыс сөзүм үчүн астыңызга бир кулундуу бээ, дагы бир сыйыр жетелеп келип тартайын,-деп казак жигити бура сүйлөгөн сөзүн бурчатпай моюнуна алыптыр.

Карга Аке жигит курагын көптүн шарданы менен Түштүк тарапта өткөрүп калат. Ошондо бир капсалаңдан улам каза болгон байдын жалгыз баласына өкүрүп түшсө, анын жаш алган аялы минтип кошок кошуп жатат дейт.

- Ыңаа, Алдымдан өттү кыл аркан,
Аргам жок ага муң артам.
Алымдан тайып кайран жан,
Айласыз сыздайт кыр аркам.
Белиме кайыш салышкан,
Бек тарткан сайын карышкан.
Береги үчтө баламды.

Кыйбадым өлүп калыштан,-деп бир топко чейин тунжурап, үн чыгарбай солуктап ыйлап калат. Баланын кара ашы берилип, үчүлүк-жетилиги өткөн соң бир чети куран окуп келейин, экинчи

чети тиги бечара келиндин чоо-жайын билейин деп Карга Аке ал үйгө кайра бир ирет барып түшүп калат. Барса келиндин кайынэнеси анын бетин тилдирип, алдына аркан салдырып, белине шириден боочу байлатып коюптур. Ошондо бул келинге боору ачыган Карга Аке баласы өлгөн бай менен кемпирине кайрылып:

- Башы аман, боору эсен жан болбойт. Кудай кылса кубаарыбыздын акысы барбы? Кудайым артын берсин деген. Артын бергени ушул, жалгыз балаңыздардын артында алмончоктой болгон эркек уулу калыптыр. Ошого каниет кылыңыздар. Балага эне, дайрага кеме керек. Келиниңиздердин кейишке түшкөнү уулуңардын бейишке түшкөнүн туюндурбайт. Андан көрөкчө анын жонундагы кыл арканын чечип салып, астына калыңдап жер көрпө төшөтүп, белиндеги ширисин кестирип, анын ордуна ак жоолук байлатып койгула. Ошондо гана уулуңардын арбагы ыраазы болбойбу десе, байдын байбичеси туурадан кергиштеп:

- Жалгыз балам өлгөндө өлбөгөн, бул канчык эми өлүп кетмек беле? Эри өлгөн катын бетин тытат. Азаны аркан менен тартат. Ый-муңду шири менен артат. Эзелтеден элибизден калган жосун ушундай. Эмине, алмончоктой баламдан бул катындын эмнеси артык болуп кетиптир? Кыйын кыйын десе, кыя жолдон кечмелик издейсиң. Эткен кыйын аркалык экенсиң уулуң өлүп калса эмине жосун кылат элең сен?-деп Карга Акеге тиги байбиче тикеме-тике кылапат сөздөрүн тийгизип калат. Кептин чоо-жайын айттырбай түшүнгөн бай кемпирин жеме-жукага алып, анын туура эмес жасаган жорук-жосунун дароо эле жолго салып кетиптир.

Карга Акенин уулу Адыл күздөөдөн түшүп, атасына малбаштан чыгым болбогонун сүйүнчүлөп калат. Ага атасынын ичи чыкпай:

- Ап балам ай-йе. Мал-башыңдын чыгымсыз болгону жакшы дечи. Бирок, «казаның тердебегени» жаман кеп болгон турбайбы,- деп коёт. Ага удаа эле дагы бир уулу Жаныбек сырттан артынып-тартынып келип калат. Анын чоо-жайын сураса, ал кышы-жайы союп жеген малдын терилери экендигин айтат. Ошондо Карга Аке жайланып, малдын чыныгы ээси эми табылганына сүйүнүп, көңүлүн чындап тынчытыптыр. Көрсө мал баккан адамдын оозу

майланбаса, анын пикири боюнча көңүлү жайланбайт турбайбы.

Карга Акенин бул жашоодо 110 жыл жашап көзү өткөнү белгилүү. Бирок, анын турмушунда дейбизби, же кыргыз элине мүнөздүү кошок айтуу тарыхында дейбизби, айтор, анын небереси-Кожотай кызы Арыукенин чоң атасы өлөөр алдындагы, анын көзүнүн тирүүсүндөгү кошкон кошогу негизги орунда тургандыгы белгилүү.

Ошентип, Карга Акени кыркаар тарткан кары-жаш, тууган-уругу, анан калса аны менен амандашып калууга, бир чети кош-тошууга келишкен меймандары толук курчап алышып, Карга атанын ар бир кынаптап, каада-кастары менен айтылган сөздөрүн кунт коюп угуп олтурушту. Ал эле эмес анын кыбыр эткен, жаңсап өткөн кандайдыр бир кыймыл-аракеттерине, доошторуна чейин сaресеп салышып, мүмкүн болушунча түшүнүп, аларын дароо эле чечмелеп, жаттап калууга чейин далалат жасап жатышты. Белги берилип, Карга Акенин:

- Кана эмесе балдарым. Кыркаар тартып өкүрүп көргүлөчү. Кулагымдын кычуусу канып, көзүмдүн тирүүсүндө өз кулагым менен угуп, ыраазы болуп калайын. Болбосо, көзүң үлп этип кетип, көргө бутуң салаңдаганында эч нерсе угуп, туйбай калат эмессиңби,-дегенинде бала-чакасы, тууган уругу, келген меймандар, куда-сөөктөрү кошулуп, анын көзүнүн тирүүсүндөгү сөзүн кайт кыла алышпай ызы-чууга түшүп, жаалап өкүрүп калышат. Мындагылардын өкүрүгү тээ бир кыйлада барып токтолуп, эң акыркыларынын ичинде токсон жашка таяган уулу Жаныбек гана өкүрүп турду. Боз балдар болсо чыбык аттарын минишип, небак оюн салып кетишкен. Кай бирлери мал-жанга каралашып жүрүшөт. Жаныбектин бир аз гана сээлдегени болбосо анын деле токтой турган түрү билинбейт. Кемпир-келеч, келин-кесек, кыз-кыркындарынын созолонткон кошоктору дагы түгөнүп, боз үй ичинде бир кыйлага жымжырттык өкүм сүрө түшкөн. Аңгыча топтон жарылып чыгып, сетирейген эле жашы он эки, он үчтөргө чамалаган бир секелек кыз каргылданган үнүн жасап:

- Уруксат этсеңиздер анда кошокту мен кошоюн. Мага Аллаталаамдын амири, Карга атамдын көз карашы менен берген буй-

ругу мына ушинтип кошок кошуума түрткү берип жатат. Эгерде анымды айдарын тиге айтып-дебей кала турган болсом, анда Жаратканым колу-бутумду тушамыштап, тилимди түбөлүктүү байлап, өмүрүм өткөнчөктү «бечара» кейпинде калып калаарым айкын. Андан көрөкчө мени токтотпой, жаш экен дебей, анан калса ким-киминң ар тараптан сүзө качырып жолтоо болбой, кунт коюп, кулак салып угуп отурсаңыздар,-деп ал өз кошогун кудум алтымыш кар баскан, саамайын ак аралаган салабаттуу апалардай болуп, буттарын жүүртө басып, этек-жеңин кымырынып-кымтынып, оңдонуп олтуруп, туш тарабын кылдат каранып, өз кошогун кыраттап, анан барып чыйылдаган үнү менен мына минтип баштап жибериптир:

Ыңаа, Калайык калкым бекем тут,
Кошокту уксаң менден ук.
Көчкөндө төөнү айдап ук,
Конгондо бээни байлап ук.
...Ыңаа, Апталап эмес катыгүн,
Ай бою жатып, жаттап ук.
Калайык калың тең тууган,
Байралып мында тактап ук. ..
...Ыңаа, Атакем жайын айтайын,
Ар жаның аны сактап ук.
Аз гана жашка келгенде,
Арышын чындап кергенде,
Ай аалам кезген кудайым,
Атама бакыт бергенде,
Айттырбай-дебей жараткан,
Атамды берген Желдеңге.
...Ыңаа, Бел болуп бечел элдерге,
Бек карап кутман жерлерге.
Бек, бийин жакын жолотпой,
Бербеди жерин тендерге.
...Ыңаа, Калкына калыс кеп айтты,
Калтырбай бирин төп айтты.
Каадалуу сөздөн көп айтты,
Кашыктап туруп бек айтты.
...Ыңаа, Кылымды артка таштады,
Калмактан элин сактады.

Карайлап турган бугунун,
Карыштап санын тактады.
...Ыңаа, Эл ичин бөлбөй экиге,
Эрлерди бөлбөй жетиге.
Эп менен журтун башкарды,
Эзелки Даркан секиде.
...Ыңаа, Кылжырдан бери тараган,
Орозбакты атаны,
Ой калчап эли караган.
Орундуу нечен сөз айтып,
Ooматтуу туулуп Мырзакул,
Анын Алсейит көчүн жамаган.
...Ыңаа, Туума деп уулун атады,
Туш келсе адам качабы?
Туурунда кеткен чекилик,
Тул дебейм Чээжим апаны.
...Ыңаа, Жалгыздык жанга батканда,
Жалооруп көзүн сатканда.
Жан кейип Бугу энебиз,
Жакшы ой, бата тарткан да.
...Ыңаа, Никесин кыйып акырын,
Нес кылып алыс, жакынын.
Негедир бугу энебиз,
Намыстан алды катыгын.
...Ыңаа, Алсейит ага үйлөндү,
Ай-чолпон кызга күймөлдү.
Арадан өтүп ай-апта,
Апкелди бала күмөндүү.
...Ыңаа, Жалгыз жан болуп чоңойду,
Жар кылса кудай оңойбу?
Жамбаштап жатып алган жок.
Жат айтты, сөздү, «оройду».
...Ыңаа, Бапага көзүн кадады,
Бар байлык өлчөп санады.
Баары бир чукак башка эмес,
Балдары анын тарады.
...Ыңаа, Маңдайда басым кашкасы,
Маш болуп тоосу, аскасы.

Маалында көрсө үч эркек,
Маӊ болду тууган, башкасы.
...Ыӊаа, Ак, Кара, Боз деп балдарын,
(Аккозу, Каракозу, Бозкозу дегени **К.М.**)
Атайлап атап калганын.
Арада элдер көп айтты,
Атасын түпкү Карганын.
...Ыӊаа, Каракозу атадан,
Качанай деген ападан.
Кылымды бузган буй чыкты,
Капырай алыс, жакадан.
...Ыӊаа, Желдеӊ деп уулун атады,
Жүдөмүш «мышты» такады.
Жүргөнү, турган тыӊ чыккан,
Базарчы айтам атаны.
...Ыӊаа, Желдеӊдин кебин көп айтам,
Жел жеткис жөнүн төп айтам.
Желкеден басып душманды,
Жемире баскан деп айтам.
...Ыӊаа, Каракозу атамын,
Кайтарып берген намысын.
Каадалуу өмүр кечирип,
Кат-каттап санап арышын.
...Ыӊаа, Түлөке келди Желдеӊден,
Түгөлдөп Кудай бергенден.
Түбүндө дээри бар беле.
Түз эле озду элдерден.
...Ыӊаа, Мендегул анын баласы,
Мен айтам жок деп чаласы.
Мээрман адам болгон дейт.
Мелт-калттап турган сабаасы.
...Ыӊаа, Эт-ашка толуп чарасы,
Эгинге толуп салаасы.
Эл-журтта аты калыптыр,
Экинин бири карачы.
...Ыӊаа, Салт-санаа жөнүн көп айтып,
Саламын элге төп айтып,
Сексенден жашы өткөндө,

Сырт ашып элим көчкөндө.
Сапарга узак аттанды,
Санаасыз жайдан төр айтып.
...Ыңаа, Беш бала көргөн атабыз,
Безенсек чыкпас качабыз.
Бертинтпей багып өтүптүр,
Бөк, алчи конуп сакабыз.
...Ыңаа, Энекем сууга барганда,
Ээси экен жылаан жалганда.
Эш тартып жолдо жатыптыр,
Ээн жер тарып арманда.
...Ыңаа, Жоолугун чечип акырын,
Жонго урбай чочуп, асылын.
Жолуна төшөп коюптур,
Жалга деп кудай «бакырын».
...Ыңаа, Боюнда анын бар экен,
Басканы жөндүү, шар экен.
Бат эле келсе артына,
Байралбай таштап бедерин,
Байкатпай сойлоп ак жылаан,
Билбептир анда кетерин.
...Ыңаа, Бедерин алып жылаандын,
Белгилүү көпкө кыраандын.
Белегин турду берүүгө,
Бегинин билип сурагын.
...Ыңаа, Жакшыга жоруп бедерди,
Жабыккан бил деп кедерди.
Жан-жолдош кылып түмөнгө,
Жараткан билди берерди.
...Ыңаа, Сан күндөр келген убай жеп.
«Сатыштын ордун басты» деп,
Санаага баткан Мендегул,
Салт экен койду Карга деп.
...Ыңаа, Артында калды Каргасы,
Атанын атын кармачу.
Айттырбай билип чоо-жайын,
Ар ишке дилин арначу.
...Ыңаа, Карга деп атын коюптур,

Карадан бешти союптур,
Каада күтүп эл-журту,
Картага чындап тоюптур.
...Ыңаа, Каадалап атын жоруптур,
Каран күн атам ооруптур.
Кылымдап өмүр сүрсүн деп,
Карганын жашын тооруптур.
...Ыңаа, Кайтарып жылаан тураарын,
Көп айтаар Желдең тууганым.
Коргонду жандап түбөлүк,
Кылымга мында тынганын.
...Ыңаа, Карга атам чыгып акылман,
Каймагын калпып акылдан.
Каадалуу өмүр өтөдү,
Кат алып бата жакырдан.
...Ыңаа, Кайтпады айткан батасы,
Кашкайды чыкпай катасы.
Карга атам болду түбөлүк,
Каадалуу сөздүн атасы.
...Ыңаа, Карганча тону тозбоду,
Кан, беги андан озбоду.
Калыстап айтып акылын,
Кылымдын кебин козгоду.
...Ыңаа, Оруска тууган болом деп,
Ооматтуу кебин баштады.
Ойт берген кыял күтпөстөн,
Ой түбүн айтып таштады.
...Ыңаа, Калмакка жемек бербеди,
Кадырлуу жашоо дегдеди.
Катыра берип сазайын,
Калайык калың эл деди.
...Ыңаа, Дүйнөгө түркүк ким болгон?
Дөмпөйүп тураар ак коргон.
Далайлар турат артында,
Даанасы чыкпас түз жолдон.
...Ыңаа, Балдарың калды артында.
Бап калды кебиң калкында.
Байралып жашап бир кылым,

Баш бербей калдың салкынга.
… Ыңаа, Чогулттуң көптү кашыңа,
Чоо-жайың айт деп башыңа.
Чолуган мында көп болду,
Чын жерин айтсам жашыба.
… Ыңаа, Өлүмгө тике карадың,
Өз-жатка ишке жарадың.
Өлөсөлүү сөз айтпай,
Өлөң кеп мыктап кададың.
… Ыңаа, Улууга урмат деп айттың,
Уулуңду мында муңайттың.
Уурданып сөздү тыңшаган,
Уяттуу жанга кылайттың.
… Ыңаа, Кызыңды алып кашыңа,
Кымбаттуум дедиң жашыба.
Кадырым билип кошок кош,
Катыгүн кара ашыма.
… Ыңаа, Байбичең алып кашыңа,
Баалуу сөз айттың, ташыба.
Баа-баркың менен өмүр сүр,
Байыңдын чыгып жашына.
… Ыңаа, Келинди алып кашыңа,
Кейишке салдың ашыга.
Кездешсек тааный албайм деп,
Керемет тиги «ашууда».
… Ыңаа, Баланды алып кашыңа,
Бал сөзүң айттың шашыла,
«Баркымды билээр жан болсоң,
Бакылдап өкүр ашыра».
… Ыңаа, Кемпирлер кошок кошо албай,
Кең дүйнө жайын созо албай.
Кейишке салды келиниң,
Кемшейип байкуш от албай.
… Ыңаа, Талыбай айтып өтөөрмүн,
Талпындым жүгүң көтөрдүм.
Таалайга жазып койгонбу,
Тал-талдап кошуп көшөрдүм.
… Ыңаа, Кара кылды как жарган,

Калыстап, бычып сөз салган.
Каймана жандан болбодуң,
Каймагын калпып оо жалган.
… Ыңаа, Байлыкка басым кылбадың,
Бакырдын сөзүн бурбадың.
Бий кезде айтпай чекилик,
Букара кебин тыңдадың.
… Ыңаа, Калкыңа көрдүң камылга,
Көп жылдар жүрүп жанында,
Көөнөргүс нечен сөз калаар,
Көксөгөн жашы-карыда.
… Ыңаа, Абийир-ар күтүп жашыңан,
Ар нерсе өтүп башыңан.
Адашпай келдиң бул күнгө,
Атакем толкуп ташыган.
… Ыңаа, Макалдап айтып сөздөрүң,
Макоонун ачтың көздөрүн.
Мүнүшкөр сымал талпынтып,
Мыскылдап чоочун, өз жөнүн.
… Ыңаа, Эрегиштен эр өлөт,
Эрегишкен кан өлөт.
Эр менен элди кайраган,
Эртеңки күнү жан өлөт.
… Ыңаа, Казагың коргон болбосо.
Кашыңа жакын конбосо.
Кыргызың арка болбосо,
Кырылаар согуш кордосо.
… Ыңаа, Аз элдин шору болбойбу,
Ачыгын айтсам колдойбу.
Азынап душман туш-туштан,
Ар жерден колун созбойбу.
… Ыңаа, Тең тууган дебей кем тууган,
Телмире карап кек кууган.
Темирдей бекем болбосоң,
Тебелейт дедиң «көк кууган».
… Ыңаа, Эринди сойсо элиң бар,
Бегиңди чапса жериң бар.
Карайлап басып калбастан,

Касаба болуп кегинди ал.
...Ыңаа, Жалгыз жан акыр жарыбас,
Жабагы баксаң карыбас.
Жаз менен эгин экпеген,
Жыл бою калаар карыны ач.
... Ыңаа, Өзүм билем дегендин,
Өзөккө өртү түшпөйбү,
Өз-жатынан, жакындан.
Өкүртө душман күтпөйбү.
... Ыңаа, Жалгыз дарак тоодо жок,
Жалгыз баатыр жоого жок.
Жаныңда курбуң болбосо,
Жазылбайт чиркин көңүл шок.
... Ыңаа, Араздашкан чабылат,
Антташкан бакка кабылат.
Айың күтпөс тууганга,
Ар күнкү сыйы табылат.
... Ыңаа, Жамандык жанга батканда,
Жакшылык кыйгап качканда.
Жакандан алса тууганың,
Жай болоор күткөн аскаң да.
... Ыңаа, Туура бийде тууган жок,
Тууганду бийде ыйман жок.
Туйгундан бийик учсаң да,
Туу болбойт аның дүйнө бок.
...Ыңаа, Жер кадырын эр билет,
Жел жүрсө тууган, эл билет.
Желпинип калган жигитти,
Жетесиз калган тең билет.
... Ыңаа, Калк кадырын кан билет,
Кашкайган чындык таң сүрөт.
Кабанаак жанга кабылсаң,
Карайлатып түштө үрөт.
... Ыңаа, Калкың жакшы болбосо,
Канкордун жолун тозбосо.
Кансыратып чаппайбы,
Калкыңды чилдей чачпайбы.
... Ыңаа, Дөөлөтүңө ишенбе,

Дөө дагы түшөт кишенге.
Дөөгүрсүгөн көр жаман,
Кашык суу бербейт ичээрге.
… Ыңаа, Өз тууганын кор көргөн,
Ашуу таппай белде өлөт.
Өз жакынын кем көргөн,
Кечүү таппай сууда өлөт.
… Ыңаа, Карга атам өлсө коюлаар,
Каркыттап малы союлаар.
Каргаша башка күн түшсө,
Казанак көзү оюлаар.
Кадырын билсе эл-журту,
Кураны жылдап созулаар.
… Ыңаа, Мал ышкырса жут болоор,
Мал семирсе кут болоор.
Мал-жайын мыкты билгенге,
Маалы менен куш коноор.
… Ыңаа, Эл чырагы энедир,
Ээн баш сөзү жемедир.
Эс-акыл тапкан балага.
Энеси чөкпөс кемедир.
… Ыңаа, Уулуң болсо урматтыр,
Кыз жакшысы кымбаттыр.
Кыраңга чыккан кызыл гүл,
Кымбаттуу жарга сыңдаттыр.
… Ыңаа, Сый жакшысы курдаштыр,
Сыйрышкан акыл курбаптыр.
Сай-өзөн сууга толбосо,
Саргарып токой кургаптыр.
… Ыңаа, Айласы кеткен муңдаштыр,
Аргасыз кебиң тыңдаптыр.
Айта албай чолуп, ар нерсе,
Арбаса өлүм ыйлаптыр.
… Ыңаа, Керегеңи бек кылган,
Кепке келсе тең тууган.
Керейип башын чулгуса,
Кечмелик таппас кең суудан.
...Ыңаа, Тууганыңа туура бол,

Тутугуңа буура бол.
Туу тутуп өмүр өткүчө,
Тууганга созгун куттуу кол.
...Ыңаа, Кайратты алгын элиңден,
Кут конгон кутман жериңден.
Келбетти алгын элиңден,
Кең санап күткөн эриңден.
...Ыңаа, Тазалыкты суудан ал,
Тамашаны туудан ал.
Таң менен туруп эртелеп,
Табышмак жашоо курап ал.
...Ыңаа, Журт баккан бийде тууган көп,
Жутунган салат ичке өрт.
Жугумдуу, чыгаан адамдан,
Жууса да кетпейт кымбат көрк.
...Ыңаа, Жоо каптаса жоюлаар,
Жоо дагы бир күн союлаар.
Жоболоң ишке барбаган,
Жол ачса кудай тоюнаар.
...Ыңаа, Өрт каптаса өчүлөөр,
Өлүм чыкса өчүгөөр.
Өнөрлүү чыкса алганың,
Өр тартып көңүл калганың.
...Ыңаа, Кайраты кеткен кайыгаар,
Карт бүтсө жараң айыгаар.
Кар көрсөң алган аялын,
Караңгы түндө кайыгаар.
...Ыңаа, Жонгорлуу жоодон сактасын,
Жоболоң доодон сактасын,
Жол салбай кутман элиме,
Жолунан арсым аттасын.
...Ыңаа, Кандын пейли бузулса,
Калкына бүлүк түшүрөт.
Карайлатып четинен,
Калдайган малын бүтүрөт.
...Ыңаа, Жардынын жаккан байы бол,
Жалтанбай чапкан даңгыр жол.
Жакшы болуш аста-аста,

Жаман болуш бир паста.
… Ыңаа, Булбулдун жайы бак болот,
Бурадар күтсө бак конот.
Бал таты деген адамга,
Бак эмес, кайра муз тоңот.
… Ыңаа, Коргондуу жердин ору бар,
Кандын кандан зору бар.
Экинин бири болбосоң,
Элиңдин кеткис шору ал.
Коргондуу жердин ору бар,
Колду иштетсе чору бар.
Койкоюп өтөм дегендин,
Кокуй-алат, шору бар.
… Ыңаа, Жер кадырын казгандар,
Эл кадырын азгандар.
Жол катуусун баскандар,
Жылкы сырын баккандар.
Эзели билбейт андайды,
Эмгектен безип качкандар.
… Ыңаа, Туякка болот жол тирек,
Канатка бүтөт жел тирек.
Карага болсо мал тирек,
Каныңа болот эл тирек.
… Ыңаа, Эл көрсөң көзүң ачылат,
Эл безген адам чачылат.
Эп көрбөй жаман-жакшыны,
Эрегиш артып кашынат.
… Ыңаа, Жалгызды элдер тул дешет,
Жаманды кокуй кул дешет.
Жараткан ага эш болбой,
Жай-кышы келет «тил безеп».
… Ыңаа, Сараңга болсоң бересе,
Санааңа салат келеке.
Сагызган болуп ар күнү,
Самсаалап чыгат терекке.
… Ыңаа, Бөдөнөнү кыргыйга,
Жем жараткан дүнүйө.
Эки эгиз болсо бирөөсүн,

Кем жараткан дүнүйө.
… Ыңаа, Булакты бурсаң көл болот,
Бурадар жыйсаң эл болот.
Бууданды баксаң алкынтып,
Булбулга атың тең болот.
… Ыңаа, Булбулдун мукам үнү бар,
Бууранын таза жүнү бар.
Боломун деген баланын,
Боз туйгун кезде сүрү бар.
… Ыңаа, Боло турган баланды,
Базарга салба, таланды.
Болбой турган баланды,
Баштантып койгун казанды.
… Ыңаа, Өскөн өрөөн ичинде,
Өрнөктүү кемпир, чалы бар.
Өскөн төөнүн ичинде,
Өксүткүс  инек, нары бар.
… Ыңаа, Аттууга тайлуу жетем дейт,
Тайлуудан төөлү өтөм дейт.
Көп жашаган адамдан,
Көптү көргөн көсөм дейт.
… Ыңаа, Жаманга айткан кайран сөз,
Жамалбай калат болуп бөз.
Жакшыга айткан акыл сөз,
Жылдызсыз түндө болот көз.
… Ыңаа, Жакшы киши ак сүйлөйт,
Чечен адам так сүйлөйт.
Сөз тамырын кынаптап,
Сылык жана нак сүйлөйт.
… Ыңаа, Балалуу өрдөк талпынса,
Балапаны чуу болот.
Баласыз өрдөк талпынса,
Жез канаты куу болот.
… Ыңаа, Калп адамды иритет.
Кайгы жанды чиритет.
Чындыкты бетке кармасаң,
Чымындай жаның жибитет.
...Ыңаа, Оозу бекем сандыкты,

Тиш ачпаса тил ачат.
Түпөйүл тарткан сырыңды,
Түшүнгөн сулуу кыз ачат.
...Ыңаа, Көп ичинде сүйлөгөн,
Көсөмдүктүн белгиси.
Көпкө сөзү жуурулса,
Чечендиктин белгиси.
...Ыңаа, Акылсыз алты кызыңдан,
Азамат жалгыз бала артык.
Арамза туулган уулуңдан,
Ачыгын айткан кул артык.
...Ыңаа, Кымыздуу үйдө аякчы,
Кыздуу үйдө кыякчы.
Кызыгы ошол эмеспи,
Каадалуу баксаң туякты.
...Ыңаа, Кеп жакшысы кулакта,
Кыз жакшысы ынакта.
Кергиштеген ит кыял,
Кешиги кеткен чунакта.
...Ыңаа, Алганың жакшы болбосо,
Аркырап беттен албайбы,
Аштан-тойдон калтырып,
Айгайды күндө салбайбы.
Ат качаган болгон соң,
Алкынтып багып не пайда?
Аялың жөнсүз чыкса эгер,
Алпештеп алчу жөн кайда?
...Ыңаа, Атасы өлгөн баланы,
Жарты жетим дебейби,
Атасы тирүү баланы,
Арсыз жетим дебейби.
Энеси өлгөн баланы,
Толук жетим дебейби.
Энеси калса кашында,
Эрке жетим дебейби.
...Ыңаа, Тамчы тамса сел болбойт,
Таан куш учса куу болбойт,
Этегиң кессең жең болбойт,

Эзелки душман эл болбойт.
...Ыӊаа, Кыздан жаман адам жок,
Өзгө эрибей жатка эрийт,
Туздан жаман нерсе жок,
Майга эрибей сууга эрийт.
Келиндин жаман чыкканы,
Кереги тийбес ташка теӊ.
Уулуӊдун жөнсүз чыкканы,
Апийим ичкен сартка теӊ.
...Ыӊаа, Алкынтып күлүк мингенге,
Азамат тутуп мас болбо.
Алтын жака кийгенде,
Алтымыш ашып жаш болбо.
...Ыӊаа, Чалкыган ырыс баш бакса,
Бактылуу жандай ташыба.
Башыӊдан дөөлөт, бак качса,
Балбактап ыйлап жашыба.
Жамандык баштан өтпөсө,
Жакшынын сырын билбейсиӊ,
Жамандыкка жакшылык,
Жар экенин билгейсиӊ.
...Ыӊаа, Жаманга берсеӊ кызыӊды,
Жабыгып, башы көө болот.
Жаманды дөөлөт чырмаса,
Жарым жолдо дөө болот.
...Ыӊаа, Жакшылардын үлгүсү,
Жанып турган шам чырак,
Чечендер айтчу сөздөрүн,
Чегээсиз таттуу бал кылат.
...Ыӊаа, Бастырганды билбеген,
Жолду бузат деп айттыӊ.
Башкарганды билбеген.
Элди бузат деп айттыӊ.
...Ыӊаа, Канды кудай ураарда,
Калайык менен кабышат,
Эрди кудай ураарда,
Эл-журту менен чабышат.
...Ыӊаа, Атты мээнет чырмаарда,

Аягы талып басынат.
Төөнү мээнет чырмаарда,
Котур болуп кашынат.
Байды мээнет чырмаарда,
Чыгданга барып жашынат.
Байкуш болуп ар жерде,
Алаксытат, ашыгат.
...Ыңаа, Жылың өтсө жай өтсүн,
Жаның өтсө бай өтсүн.
Жакшы атың калып артыңа,
Жаннатка жаның шай өтсүн.
...Ыңаа, Калыстыгы жок бийдин.
Калкына тийбейт кереги.
Кансыратып өз элин,
Кыркып турат желени.
...Ыңаа, Ынтымак оңдуу болбосо,
Ырыскы жөндүү болобу?
Ыркырашкан тууганга,
Ырыскы алды конобу?
...Ыңаа, Калмагың кара көпөлөк,
Каптаса чаңды көтөрөт.
Камчысын үйрүп ар күнү,
Кансытып келет көкөлөп.
...Ыңаа, Кылычы анын кайрылбай,
Калк ичи көлдөн айрылбай.
Каркыттап сактап алгыла,
Калмакка жерим жай кылбай.
...Ыңаа, Келинди, кызды кор кылбай,
Кең дүйнө тарып, шор кылбай.
Кең карап сактап алгыла,
Кедейдин колун чор кылбай.
...Ыңаа, Ынтымак элге түнөйбү,
Ынтымак көргөн жүдөйбү?
Ындынын суутуп каапырдын,
Ый-муңга түшпөй күрөйлү.
...Ыңаа, Өмүрдүн болуп тамчысы,
Өрөөндүн болуп камчысы.
Өзүмчүл болбой, көп болсун,

Өткүрдүн жоодон алчусу.
...Ыңаа, Өлбөстү кудай жасабайт,
Өлгөн жан кайтып жашабайт,
Өлөң айтсаң кур бекер,
Өз-жаттар эртең такалайт.
...Ыңаа, Сынбасты уста жасабайт,
Сындырсаң элиң жакалайт.
Сынаган жанды өз журту,
Сыноодо атын атабайт.
...Ыңаа, Ынтымак качса элимен,
Ырыскы качат жеримен.
Ый менен шорго малынат,
Ыйманды чындап жериген.
...Ыңаа, Ырыскы берсең тең бергин,
Бербесең анда кем бергин.
Ыр менен өтсүн тирүүлүк,
Ырыстуу элге дем бергин.
...Ыңаа, Өзгө-жатка алынуу,
Өрнөктүүнүн белгиси.
Өңгөчтү керип кайгыруу,
Өлүмдүн болот энчиси.
Өрүштө акыл кошкондун.
Өтө көп болот берчүсү,
Өмүр өтүп, өр тартса,
Өкүнтпөй алат келчүсү.
...Ыңаа, Чыккан күн минтип батабы,
Чыкчудай жаның жатабы.
Чыркырап ыйлап турабыз,
Чын көрүп Карга атамы.
...Ыңаа, Акка моюн сунулуп,
Арбакка өңүң кубулуп,
Алдырып ийбе катыгүн,
Атаке көзүң жумулуп.
...Ыңаа, Кошогум эми бүтөмүн,
Коңшумдан кезек күтөмүн,
Коргошун сымал эриткен,
Аллага гана түтөмүн.
...Ыңаа, Коштошкум келбей турабы,

Кош десем, жаның чыгабы?
Колуңдан кармап ыр кошкон,
Кожотай уулдун чунагы,- деп Арууке кыз эки жагын каранса, олтурган эл жапырт жапырылып, ар кай жерден эле мурундарын шор тарткан аялдар менен балдар болбосо, дээрлик көпчүлүк улуу-кичүү эл Карга Акенин өмүр таржымалын, бүтүндөй жашап өткөн доорун, байлык-мансабын, бийлик-мурасын, эл арасына чакырык таштаган ынтымак-ырашкерчилигин, ак эмгекке болгон алтындай чакырыгын, макал-ылакабын, душман колуна артында калган урпактарынын жасоочу акааратын, кыз-кыркыны, келин-кесегинин, бала-чакасынын ынтымагын чыпчыргасын калтырбай кошуп айткан Аруукенин армандуу кошогун дым чыгарбай угушуп, Карга ата болсо ичинен 13 жашар небересине он кайрып батасын айтып, кармаган колунан колун чыгарбай, «Кудайым ылайым жаман көздөн, кызымды жат сөздөн оолак кыла көр, келген-кеткендин бармактай болгон чүрпөмө кеби-сөзү тийип калбагай эле» дегенсип кобуранып олтурду. Анан калса Карга Аке ушул 110 жашка чыкканы келин-кесегинин үңүлүп жүзүн көрбөгөн адам болуптур. Көрсө бала-бакырасын, байбиче-келиндерин, ага-туугандарын жапырт кашына алдырганы дагы ошондон улам тура.

- Ыракмат Аруукем. Мени сен бир эмес, үч ирет тирилтип койбодуңбу. Сага бүткүл өмүр жашымды бердим. Бак карап, Кыдыр даарысын. Эч нерседен кем болбогунуң. Өмүрүң дайрадай узун, багың Ала-Тоодой бийик болсун. Ал эми менин силерди кашыма чогултуп олтурганымдын өзгөчө бир сыры бар. Өмүрү келин-кесегиме жүз багып караган жан эмесмин. Баарысы чогуу олтуруп, колумдан акыркы жолу бирге даам сызышсын гана дегеним. Акырет күнүм буюруп кала турган болсо, тиги дүйнөдөн алдыма жүгүнүп келген келиндеримди тааныбай калып уят болбоюн. Анан калса аркы дүйнө тооруп, жедеп кары-жашым келип, Кудайымдын берген жашына, астымдан аябаган ашына, он бала берген башына ыраазы болуп көлкүлдөп, эрип турган убагым. Мына бул кашымдагы бала-чакамдан сырткары небере-чөбөрөлөрүм эле жүздөн ашыптыр. Кудайымдын ушунусуна дагы шүгүрчүлүк кыламын,-деп эки жагын каранса, өзүнө эле таяп келаткан, кары-жашы келип, сакал-муруту жайылып, токсонду таяган уулу Жаныбек кемшеңдеп, дагы эле сакалы ылдый жашын

чууртуп ыйлап жатыптыр.

- Кейибе балам, эл көргөн күндү сен дагы бирге көрөөрсүң. Анан калса быйыл кар калың, эмнегедир эрте түшө турган сыяктанып калды. Күн алыс эле күндүн көзү көрүнбөй боройлоп, суугуна тартуучудай өндөнөт. Күнүндүн тейи минтип жатса, атамдын сөөгүн кантип жерге жашырамын деп коркуп жатканыңды алдын ала сезип отурамын. Табигаттын жазмышынан эч ким качып кутулган эмес. Карганын сөөгүн карга сайып койсоң эле кутулбайсыңбы балам. Ала жазда болсо алпарып өз жайыма жашырып коёрсуң,-дептир Карга Аке таптакыр эле мүңкүрөп жашып алган Жаныбек уулуна өзү кайра көңүл айтып. Ырасында эле Карга Аке айтмакчы, кышкы кар үй бою болуп калың жаап, ал эле эмес көз алдыдагы карыш жер көрүнбөй, Карга Акенин көзү өткөндө өзү айтмакчы, анын сөөгүн карга көмүшүп, улам суу чачып олтурушуп тоңдуруп, жедеп кашкайган көк кашка муз болуп калган сөөктү ала жазда барып эригенде гана алпарышып, өз жайына коюшуптур.

Акыркы аманаты катары Карга Аке чын сапарына аттанаар күндөрүнүн биринде Жаныбекке кайрылып, анын сыртка колтуктап алып чыгуусун өтүнүп калат. Дөбөчөгө калыңдап салынган көлдөлөндүн үстүнө жай алып олтурган Карга Аке эмнегедир телмирип, көлдү карап эч үндөбөстөн көпкө чейин карап олтура берет. Аны сампарлап жаап келаткан кардуу бороондон улам үшүп калабы деп кабатырланган уулу Жаныбекке Карга Аке өзү кайрылып:

- Балам жаным жай алып калбадыбы. Биртике болсо дагы мында олтуруп, көлүм менен кош-бош айтышып алайын дедим эле. Анан калса жарыктык Ысык-Көлүм кимге гана сырдаш, ким менен гана курдаш, ким менен гана муңдаш болбоду? Ким гана ага камчысын үйүрүп, табигат берген кереметине суктанып, ар кандай айла-амалдарды ойлонуп, аны тартып алуунун аракетин жасабады? Калыс сөзүмдү кыскартып, касиеттүү Ысык-Көлүм Бугу бурадарларына гана түбөлүктүү буюрсун дегим бар. Алды калмактардын камчысы кайрылбасын. Ага-тууган, эли-журтум Ысык-Көлүнөн айрылбасын,-деп эки алаканын кере кулач кылып кенендеп жайып, бирок кыска бата тартып, андан соң гана боз үйгө жөлөп-таяп алып барып коюсун Жаныбек баласынан өтүнүптүр.

Карга Аке акыркы сапарга узаар алдында төшөк тайып, апталап жатып калган экен. Бирок, ушул жалган дүйнөдө жүз он жыл жашаганына карабастан, кеби-сөзүнөн, акыл-насаатынан жазбай, алжууга жемек бербей, кара кылды как жарган калыстыгынан тайыбай бала-чакасына, бир туугандарына керез-муразын аянбай айтып, эртели-кечки келген-кеткендин эрмеги болуп туруптур. Карга Акенин мындай төшөк тайып, жумалап жатып калганын уккан Сарт Аке менен Тилекмат элчи дагы тезинен жолго чыгышып, жаңыдан боройлоп жаап, аттын омуроосунан ашып калган карды аттарынын өткүрлүгүнө салып жиретип отуруп келишип, учурашып кетүүгө араң үлгүрүп калышкан экен. Колго суу келип, меймандардын алдына тартылган күзгү сүр эт желип бүткөн соң гана Карга Аке каадалуу сөзүн баштап, алаканын кенен жайып:

- Ээ бир боорлорум! Силерди суу атасы Сулайман, Аалам атасы Көкө-Теңир, тоо атасы Дабан, мал атасы Кайберен пирим колдосун. Элиңерди бүлүк салган өрттөн, бүлгүн салган көчтөн; айкырып тийген жоодон, аласалуу доодон; агыны катуу суудан кудайым оолак кылсын. Кандын касабасынан, көр азабы менен жол азабынан алыс кылсын. Эл-журтуңарга айтканыңар эм, зоболоңор кан-бектер менен тең болсун. Жайытыңар жайлуу, өрдөшүңөр малдуу, бала-чакаңар жандуу болсун. Дасторконуңардан аш, кампаңардан дан кетпесин. Карыганда мен окшош дөөлөттүү, балдарыңар сөөлөттүү, келиндериңер келбеттүү, жигиттериңер албеттүү болсун. Ылайым эли-журтуңарда тынчтык өкүм сүрүп, түндүгүңөрдөн түтүнүңөр булап, очогуңарда отуңар ойноп, казаныңарда ашыңар кайнап турсун,-деп батасын берип, алар узап кеткенге чейин колдорун алсыз булгалап, калып калыптыр.

Арууке кызды болсо айтылуу Тилекмат Аке ат арытып, бел карытпай эле, Карга Акенин ашы-жыты сый-урмат менен өткөрүлгөн соң, аны кудалап койгон Алсейиттин Токтобийке аялынан туулган Ардамдан таралган дагы бир небересине кадыр-көңүлүн салып олтуруп, андан «талак акысын» жандырып, анын Карга Акенин уулу Кожотайга артып-тартып келген «боорлордун» малы-пулун кайтарып берип, кызды калың-каадасы менен «жыгач түшүрүп барып», уландарынын бири-Байтайлакка алып берген экен. Андан Токой, Алтымышбай, Жетимишбай деген балдары төрөлүшкөн. Дал ошол, өз билими, дүйнө таанымы, илимий бийик көз карашы менен дүйнөнү дүң кылган академик Асылбек Алтымышбаев, кыргыз кыйырына аттын кашкасындай таанымал санжырачы Кален Жетимишбаевдер ошол Арууке апанын бала-чакалары болуп эсептелишет. Кийинчерээк, карып-арып эле калган чагында Аруукке ападан коңшу-

колондору, бала-бакырасы, деги эле өткөн-кеткендер жогорудагы анын тарыхта калган «Аруукенин кошогу» тууралуу окуясын туш тарабынан чыгышып, өзүнөн сурап калышса Арууке апа:

- Мен өз өмүрүмдө мындан башка деле кошок айтып көргөн жан эмесмин. Бар болгону атама арнап эки күнгө созулган ушул гана кошогумду кошкомун. Мага тек гана ошондо Алла-таалам үстүртөдөн буйрук берип, «муну айтасың, тигини айтасың» деп оозума биринин артынан экинчисин куюлуштуруп салып берип турду. Кудай акы андан башка эч нерсесин билбей калыпмын. Бирок, уламалуу улуу сөздөн ушул курагыма чейин куру жалак калган жокмун,-деген экен жарыктык киши токсон жашка келип калган курагында.



**Карга Акенин Жети-Өгүз районундагы Даркан айылындагы күмбөзү (1996-жыл).**

# АЛДАЯР МОЙУТ АКЕ
## (1745–1843–ж.ж.)



**Бата сурасаң - Мойут Акеге бар.**
***(Элдик макалдан)***

Өшентип, «Акелердин» көчүн ырааттуу улаган дагы бир инсаныбыз Алдаяр уулу Мойут Аке болгон деп жүрөбүз. Ал Алсейиттин уулу Жамангулдан тараган Белектин Алдаяр деген уулунун кенже баласы. Такталган маалыматтарга караганда Мойут аке 1745-жылы Түптүн Орто-Өрүктү аймагында жарык дүйнөгө келип, Ысык-Көлдүн күңгөйүндө көп арасында көртирлигин баштан кечирип өткөн экен. Айрым бир санжыра булактарында аны кыскартып Мойт Аке дешет. Бирок, тарыхта анын асандагы аты такталып, ал Мойут Аке деп эле аталып келатат. Өзүнүн керээзи канагаттандырылып, анын сөөгү токсон ашкан курагында көл өрөөнүндөгү ыйык жайлардын бири аталган «Манжылы ата» мазарына коюлат. Анын 250 жылдык маарекеси 1997-жылы өзүнүн урпактары тарабынан Түп районунун Орто-Өрүктү айылында өткөрүлдү. Негизи ал көпчүлүк өмүрүн сөөгү коюлган Манжылы-Ата мазарынын айланасында, Тоң жергесинде

кышкысын, ал эми жайкысын болсо Каркыра жайлоосунда өткөрүп келген. Ошондуктан, өткен-кеткен, улуу-кичүү жеке эле анын сөөгү коюлган Манжылы-Атадагы бул ыйык жайга тооп кылып сыйынышпастан, айрыкча алыс-жакындан ат арытып келишип, Мойут Акенин кабырына куран окушуп, «баш сурап», «бала сурап», «бата сурап» кетип жүрүшкөнүн көп эле көрүп жүрөбүз. Кыргыз санжырасында айтылган учкул сөздөргө караганда «Ыйык бата, же баш сурасаң Мойут Акеге», «Акыл сурасаң Садыр Акеге», «Айла-амал, асыл сөз сурасаң Сарт Акеге бар». «Элчиликтин күңгөй-тескейин билгиң келсе Тилекмат Акеге бар», «Калыстыкка кабылгың келсе Карач Акеге бар» деген насаат сөздөр бекеринен келип чыкпагандай.

Деген менен «Аке» деген ыйык наам бул улуу адамдарга жашкарысына карап берилбеген сыяктанат. Ал белгилүү бир инсандын адамдык бийик сапатына, алган аброюна карата ыйгарылган ардактуу, урмат-сыйлуу, калк кадырлаган наам экен. Мойут Аке өтө акылман, даанышман, саяпкер, мүнүшкөр, алдыда боло турган окуяны алдын ала, ай-апта мурун айткан, ал эле эмес анын алдын алып, эскертүүгө чейин барган көрөгөч инсан болуптур. Анын артына калтырган мурастуу, өтө бай акыл көрөңгөсү, орошон ой толгоолору, орундуу осуяттары күнү бүгүн дагы биз үчүн көөнөрбөс мурас, акыл казынабыз болуп келатат. Мойут Акени өзүнүн замандаштары, кийинки эле урпактары анын ашкере «батакөй» адам болгондугун жакшы билишет. Анын берген ар бир батасы жазем кетпей, анысы ай-жыл тегеренбей төп келип, Мойут Акенин алдынан бөөдөсүнөн кыя өтүүчүлөр болушпаптыр. Ал эле эмес, көз кыйырын агытып, жаман карап койгон кишиси дагы оңой менен «мал болуучу эмес» дешет. Демек, табигатынан ыйык, көрөгөч, көсөм, даанышман бул адамды адамдык гана бийик касиеттер эмес, Кыдыр жылоологон сезимталдык, сергектик, чанда бир адамга мүнөздүү ыйык сапаттардын бирге коштоп жүргөнүн айтсак аша чапкандык болбойт.

- Малга барсаң эрте бар, караңгы кирсе көз жетпейт, чырчатактын алдын ал, ырбап кетсе сөз жетпейт,-деп айтып, бул кыска жана нуска эки сап макалы менен караламан элди бөөдө алааматтардан, кыргындан, көрө албастык менен ууру-төгүндөн оолактатып, түбөлүктүү накыл кеп катары эскертип өткөн тура. Анын алдыны көрө билген касиеттеринин бири катары айтылуу

Токой уулу Абайдылда карыянын келини, сарыбагыш Атаке бийдин кызы, Эшкожонун аялы Айжандын баатыр Балбай курсактагы кезинде эле өңдөн кетип, томолонуп-жумаланып, ооруксунуп, бирде акылына келсе, бирде акылына келбей будоолонуп жатканын карап туруп:

- Келин оорубай-этпей эле турат. Алдын алып, жаман жорону баштап жибербегиле. Ал бар болгону жолборстун жүрөгүнө гана талгак болуп калыптыр. Жолборс атып, келиндин талгагын жандырып койгула. Буюрса андан эли-журтунун камын кастарлап көргөн эр жүрөк, жолборс мүнөз, кабылган душманын кансырата чапкан, эли-журтун ач-жылаңач калтырбай баккан баатыр бала төрөлөт экен,-деп алдын ала эле айтып коюптур. Ал эле эмес Мойут Акенин Солтонкулу байдын жана Сабатар уруусунун мыкты чыкма уулдарынын бири Атакандын өнөкөт ооруларын күн мурун айтып, дартына дабаа болгондугун аңыздагандар арабызда арбын кездешет.

Мойут Акенин келечекти алдын-ала айткан сынчылыгы эле эмес, чоң саяпкерлиги жана мүнүшкөрлүгү ага кезегинде чоң атак-даңк алып келген экен. Эрезе жетип, бүркүт, ителги таптап, куш сала баштаган кезинде айтылуу Ат-Башынын «Ак-Зоосунан» нечен азап менен бүркүттүн уясынан анын балапанын алып, мүнөздөп таптоого ала баштайт. Бирок, канча аракет кылса дагы бул уядан алынган бала бүркүт ага узак мезгил бою баш бербей коёт. Айласы кетип, амалы түгөнгөндөн улам алыс-жакындагы мүнүшкөрлөргө барып көрөт. Бирок, алар бул бүркүттүн баралына келгенде кыйын кыраан болоорун айтышып, эмнегедир бала бүркүттүн ушул кезге чейин баш бербей жатканын эч кимиси аңдап билбей коюшат. Ошондо кадимки Тилекмат элчинин атасы Жылкыайдар аксакал жан жолдошу Мойут Акеге келип, кеңири кеңеш куруп:

- Бир билсе береги «чымчыгыңдын» сырын Сарбагыштардан чыккан айтылуу мүнүшкөр Жумаш деген карыя билет. Болбосо «мунуңа» куру-бекер деле убара болбогонуң эп,-деп анын намысына акырын тийип өтөт. Жылкыайдардын «Чымчыгыңа» деген сөзүнө бир чети Мойут Аке теригип, бир чети «Дос күйгүзүп айтат, тууган сүйгүзүп айтат» болуп, анын кошкон жупуну акылына ынап, бүркүтүн колуна кондуруп, Жылкыайдарды жанына алып, ал экөө ак таң менен Чүй бооруна жол салып калышат. Орто жер-

де бир өргүшүп, эртеси Кичи-Кеминге кеч курун жете келишсе, мындагы Жумаш аттуу карыя мүнүшкөрдүн эки көзү тең көрбөй, эшик-сыртка неберелеринин жетеги менен кирип-чыгып калыптыр. Ал алды менен келген меймандардын чоо-жайын уккан соң, бүркүттү колуна алып жаш балача олтургузуп, анын жашын, өзгөчөлүгүн баса белгилеп, башы бир аз кичине, сырткы түгү тармалдашкан, өзү шаңдуу-шайдоот, канат-куйругу узун, комдолуу төөдөй каардуу, бир эсе билек булчуңдары кабылуу өтө балбан, эки ийининде темене канат белгиси бар айтылуу кыраан экендигин гана айтып, сылап-сыйпалаганы менен тыңдуурак деле эч нерсе айта албай коёт.

- Көзүң көрбөгөндөн кийин көргө бутуң малынганың, көөнө сөзгө чалынганың, мен мындан башка эч нерсе айта албайт экемин. Бирок, ат чаптыртып, кызым Суусарды алдыртайын. Эркек балдарым бул кызымдан кийин удаа-удаа келишип, аларымдын бешиктен белдери чыга элегинде эле кызымды өз өнөрүмө үйрөтүп, көзүн ачып койгонум бар. Бир айтса бүркүтүңөрдүн бар болгон дартын, сырын, чалымын ошол кызым айтат. Мен билгенден куш баласына кыргыз кыйырынан таамай баа берип, сынга алгандардын ичинен Сизге Мойут Аке жана кызым Суусарга теңдеш эч ким деле чыга элек,-деп неберелеринин бирин ат чаптыртып, кызына жиберттиртип калат. Аңгыча Жумаштын байбичеси конок камылгасын көрүп, дагы бир небересине кара күрпөң козудан бирди алдыртып, байы менен конокторуна бата кылдыртып, келген меймандарды өзүнчө бир өргөөгө бөлүп, чай-пайын берип жайгаштырып коёт. Алардын үстүнө эмнегедир табында болбогондуктан улам бул кечте Жумаш карыя кире албайт. Бир чай кайнатым убакыттан кийин коноктор олтурган боз үйгө качырып кирип келүүчүдөй болгон каардуу ат дүбүртү менен бир атчан киши жандай чаап келип, ооздук тартып, боз үй айланып оюн куруп жатышкан эле боз балдардан меймандардын кайсыл өргөөгө жайгашканын сурап калат. Боз үй сыртынан чыккан шыңгыр шайдоот үндөн улам Мойут Аке менен Жылкыайдар аксакал Жумаштын кызы Суусардын эми чындап эшик алдына кирип келгендигин айттырбай сезишет. Суусар бул учурда атасынан аша түшкөн мүнүшкөр чыгып, өзүнүн жаштыгына карабай сынчылыгы менен бүтүндөй кыргыз кыйырына алынып калган кезеги экен. Анын айтканы айткандай, дегени дегендей келип, ага

бүркүт, куштарын сындатканы, кемчиликтерин билишкени, аларын оңдоткону келгендердин аяктары үзүлбөй, бой жеткен кыздын илебине дан бышпай, жигит аттуунун көз кырынан кетпей турган учуру болот. Ал атынан түшүп, боз үй босогосун аттап, алдын ала айттырбай келген меймандарга ийилип саламын айтып, агынан жарылып, мурда-кийин көрүшүп, билишип жүрүшкөн тааныштардай эле жылуу учурашып, кол алышып ал-жай сурашып калат. Бир чыныдан чай ичишип, кымыздан таткан соң мүнүшкөрлүк оору менен ылаңдап калган Мойут Акеден кыз бүркүтүн ичкериге алып кирүүсүн өтүнөт. Суусар бүркүттү кудум эркек баладай колуна эптүү алып кондуруп, канатын күүлөндүрүп, томогосун чечип, кайдадыр бөжүп, качып бараткан олжосуна агытуучудай кылып талпынтып барып, бүркүттүн боолугун аста тартып коёт. Мойут Акенин бүркүтү дагы аны кудум өз ээсин угуп жаткансып мулуңдап, канаттарын таранып, эки жагын каранып жайма-жай олтуруп калат. Ошондо Суусар бул бүркүттүн балапан кезинен Ала-Мышыктын бийик зоокасындагы уядан темене канат болгон кезинде алынганын, ээсинин сары курсун кылып, колго көтөрүп, талбай машыктырып жүргөнүн, аны азыраак үндөп, көбүрөөк чыргалап учуруп, ат үстүнөн дагы чырга менен жем жедирип, учушун түздөп, ач өзөк кылбай багуу керектигин, болбосо ал бүркүт оңой-олтоң менен тапка келбесин, бирок ага анын чындап жардам бере ала тургандыгын аларга ачык айтып, бир эсе көңүлдөрүн тынчтандырып, ал эле эмес бул бүркүттүн бүгүн-эртең эле ченде жок кыраан бүркүт болоорунан дагы кабар айтып коёт. Суусар алдына алынып келинген бүркүттү кылдаттап көрүп, өзүнүн сынынан аярлап өткөрүп бүткөн соң Жылкыайдарды обочороок жерге чакырып алып:

- Ат арытып, жол карытып, алыстан келдиңиздер. Сиздердин мында келээриңиздерди мен эки-үч ай мурда түшүмдө көргөнмүн. Эми кыскартып айтканда тиги жолдошуңуз мага чын көңүлүн төшөп, ак нике кыйдыртып, бүгүн түндө түз пейили менен менин коюнума түнөп кетсин. Ага «белиндеги белегинди» бул кыздан кызганбай-этпей эле таштап кеткин деңиз. Мен али эрге тие элек, этегимди эркек аттууга ачтыра элек тестиер эле кызмын. Ошондуктан атамдай болгон улгайган адам менен никесиз осол ишке барышым мен үчүн бери эле болгондо түркөйлүк, акылы кемдик иш катары туюлаар. Бирок, антпеске менин чама-

чаркым эки эмес. Бул кишиден мага Кудай-таалам ак никеси менен алмончоктой, кезегинде кыргыз кыйырына экинин бири катары таанылуучу перзент буюруп олтурат. Мындан ары бул киши эле эмес, мага андан башка дагы эркек аттуунун бир дагы биринен нике түшпөйт. Жаратканымдын бир өзүмө ыроологон энчиси, буйругу мына ушундай болду. Мен эми ошол көз жара элек перзентим менен өмүр бою сыймыктанып, ал төрөлгөндөн кийин дагы кепке-сөзгө сынбай-этпей жашап өтүүчү жан болушум керек. Даанышманым ошол перзентимди мага ыраа, ылайык көрсүн, аны ал кишиге дааналап айтып барыңыз. Ал эми бүркүттүн сынын, табын кудай ала койсун. Таң эртең менен кадимки кыраан бүркүттү колуңарга алып, жолуңарга түшөсүңөр,-деп кыз Жылкыайдарды телмире карайт. Жылкыайдар эмне кылаар-коёрун билбей, күтүүсүз сөздү Мойут Акеге айтып, ой бөлүшөйүн десе, ал Жылкыайдар менен Суусар айтуучу сөздү күн мурунтадан эле билип, анысын сапка тизмектеп айтып, кудум олжосун аңдыган кыраан барчындай болуп, өз ордунда элирип, баштан аяк жобурай баштайт. Жылкыайдар ошондо Мойут Акенин алысты көрө билген, Суусар кыздын илгери үмүтүн алдын-ала сезген көзү ачыктыгына дагы бир ирет суктана карап таң берип, убакыт өткөрбөй-этпей туруп Жумаш карыянын уруксатын алып, айылдык молдого чаптыртып, өзү күйөө жолдош милдетин аткарып, арзышкан эки жарга бирдей ак нике кыйдыртып, андан соң жер төшөгүн сүйрөп, санжыра айтышамын деп Жумаш аксакалдын жанына басып барып, аны кеп-сөзгө алаксытымыш болуп, карыянын жанында таңды-таң атырып, санжыра-санат айтышып, түнөп калган экен. Мына ошол Жумаш мүнүшкөрдүн жанына кечээ кеч менен Жылкыайдардын чыга берээр алдында Мойут Аке шашыпушуп мына буларды айтып калат.

- Эми Жылкыайдарым мынча болбосо болот эле. Бул чар тарабы чалкыган, кереметтүү олоң чач кыз мени тек кетире койбосуна көзүм жетип турат. Анан калса кайда калбаган бир тамчы кан эле? Карасаң оңбогурумдун белимдеги бир дүрмөт белегимди алдын-ала көрүп, көкүрөктөгү көйгөйүмдү ай-апта мурун сезип, көөдөнүмдөгү төрт арманымды алдыртадан туюп, аларды алаканга салгандай окуп отурганын. Мейли, жаштыктын кереметине дагы бир ирет кайрылып, анан калса от менен жалын болуп калкылдап балкып, алмадай болуп бышып жетилген береги үлбүрчөк

кыздын демин бир ирет суутуп, каалаганын каш кайтарбай аткарып кетейин. Кудайым эш болуп, өмүр тозбосо эртең эле Чүй боорунда калган, аты дабан жаруучу дагы бир тукумум жөнүндө Кудайым эш көрсө эртели-кеч угуп-көрүп, күбө болуп дагы калгың бардыр. Биз экөөбүздүн ортобуздан жаралган перзентибиз болсо кыргыз кыйырын багынткан, аттуу-баштуу бала болуп жараларынан күмөн санаба,-деген экен жарыктык киши али кошула элек, ай чырайлуу Суусар кыздын боюна боло турган баласын сыртынан бычып. Эртеси үрүл-үрүл менен Суусар сулуу толук бышырылган кара күрпөңдүн түндө желген жарым этинен калганын эки мейманынын алдына чыпчыргасын коротпой тартып, кымыздын гүлүнөн кылдат сапырып куюп, жаркылдап-жайнап, апаппакай тамагын бүлкүлдөтүп, жылаажындай назик үнү менен меймандарына кайрылып, мына буларды айтып калыптыр:

- Береги тапка келбеген ээн баш бүркүтүңөрдү чырганы бир тартыш менен эле таң куланөөк сала электе табына келтирип койдум. Анан калса Мойут Аке өтө көп эмгектенипсиз. Өзү деле табына келип калган экен жаныбарым. Бирок, аз-маз чалпоосу гана калыптыр. Эми андан канча издесеңер дагы айып таба албайсыңар. Аныңардан кабылганын чабылгандай алган кыраан бүркүт чыгат. Бирок, бул бүркүт Мойут Аке экөөбүздүн аралыгыбызды гана жакындаткан, Жаратканым мага атайылап жиберген бир эле шылтоо, элчи болду. Жолуңар шыдыр, жолдошуңар кыдыр болсун. Силердин ак батаңарды терең кабылдап, аманатыңарды бөйрөгүмдүн астына бекем катып алдым. Буюрса аттанып, жолуңарды карыта берсеңер болот,-деп кыз аларга да өз батасын арнап тартып, узатмакчы болуп калат. Жөн турбаган Жылкыайдар аксакал узаар алдында Суусар кыздан Мойут Акенин белине байлана келген жалгыз дүрмөтүн кантип билип койгонун, анан калса жаштыгына карабай Суусарды жеңе тутуп, уялбай-этпей эле кыздын көңүлүнүн кантип кыйла жашыраак өзүнө эмес, Мойут Акеге түшүп калганын билгиси келип, ага суроо салып калат. Анда Суусар кыз Жылкыайдардан биртике көзүн ала качкан болуп, бирок Мойут Акеге астыртадан ыраазычылыгын билгизе жылмая карап, жамажайы бир башкача жайылып, билинээр-билинбес уялыңкы тартып, Жылкыайдар аксакалды окчундатып бөлүп алып, мына минтип жооп берген экен:

- Олда айланайын Жылкыайдар абам ай-йе. Анын эмнесин

сурай турган жөнүңүз бар эле? Бул нерсе алды менен Мойут абам экөөбүздү кызыктыруучу эле иш эмес беле. Мейли эми, жооп бербей коюп, шагыңызды сындырып койбоюн. Мунун өтө деле жашыруун сыры жок болучу. Бар болгону Мойут абамды жүрөгүмдөн ай-аптадан бери түнөк тапкан кусалыгым кашыма алып келип, туурума тупа-тууралап кондуруп берди. Бул Алданын намыры. Ал эми бүркүт болсо биз экөөбүз үчүн Кудайым жиберген бир эле көпүрө, элчи болду. Анысын Мойут Акем деле тапка салып калыптыр. Иши кылып, эки-үч ай мурда көргөн түшүмдүн бүгүн түндө туш келип, силер менен насип кайып, абам экөөбүзгө болсо нике кайып буюруп, бетме-бет кездешип отурганыма Кудай-таалама чексиз ыраазымын. Силерди Бугу Энемдин керемети колдоп, Чүй бооруна жол салганыңарга миң-мертебе кулдук кыламын,-деп кашка тишин кашкайтып, алар менен кош-бош айтышаар алдында алдын ала даярдалган бөрү ичиктерин меймандарынын экөөсүнө бирдей жабып, кудум эр жигиттей болуп атына секирип минип, алар менен орто жолго чейин бирге келип, кудай кошкон кубанычы менен картаюга баш берсе дагы ичтейинде куулук-шумдуктары жок Мойут Аке жана Жылкыайдар «кайниси» менен кош-бош айтышып, көзүн жашылдантып калып калган экен. Ошол Мойут Акенин Суусар кыз сындан өткөрүп, табына келтирип берген бүркүтү ай-апта айланбай эле кыраан бүркүт чыгып, кыргыз кыйырына «Төө комдот» деген ат менен кеңири белгилүү болуп, Мойут Акенин аброюн болуп көрбөгөндөй бийик деңгээлге чейин көтөрүп койгон дешет. «Төө комдот» эл арасындагы айттырбай келген ачкачылык учурунда азуусу бийик аска-зоолордон кийик алып, аларды жергиликтүү эл төөгө ком жасап, жүктөп келишип, Мойут Аке кийик эттерин эл-журтуна таркатып берип жүрүп, эли-жерин чоң жут коштогон катуу кырсыктан аман-эсен алып калыптыр. Ал эми Мойут Аке болсо өзү карып-арып, төшөк таянып калган кезинде «Төө комдотун» өрөзгөлөп, жылкынын ич эти менен каркыттап бактыртып, ала жазда түлөп калган учурунда бет алды эле учурттуртуп жибериптир. Кийин Мойут Аке токсон жаш ашып дүйнө салганында ал бүркүтү жаныбар болсо дагы Мойут Акенин сөөгү коюлган «Манжылы-Ата» мазарына чейин бир нече ирет учуп келип, ал эле эмес ошол өрөөндө балапандарын үйрөтүп жүргөнүн жергиликтүү эл дапдаана көрүшүп, анын жан

кейитээрликтей болуп, Мойут Акеге аза күткөнсүп, мүрзөсүн айлана шаңшып учуп жүргөнүн жаземдебей таанышкан экен.

Ал эми Мойут Аке менен Суусардын аруу тилегинен, ашыктык отунан жаралган перзентин Суусар сулуу жыл айланбай төрөп, атын аруу тилек артып, Мойут Аке айтып кеткендей Алдаяр коюп, ал бала кезеги келгенде эли-журтун билген мыкчегер жигиттердин бири болуп чыга келиптир. Эл оозунда Мойут Акенин уулу Алдаярга, Чүйдө калган көпчүлүк эл билип-билбеген, үлбүрчөктөй болгон жаш жары Суусарга бир нече ирет жол салып келип, аруу тилек менен жарык дүйнөгө келген уулун алдына алып олтуруп, анын жанында жумалап жатып, Мойут Аке ак никелүү жарынан төрөлгөн баласын бооруна бекемдеп кысып, ата мээримин төгүп, моокумун кандыра жыттап кетип жүргөнүн айткандар дагы бар. Суусар кыз болсо өзү айткандай өмүрүнүн акырына чейин өз башын башка адамга байлабай, бир сыр, бир нике менен бар таалимин, акыл-насаатын жалгыз уулу Алдаярга арнап өтүптүр.

Сарыбагыш Ниязбек токсондун кырына чыгып барып дүйнө салып, аны сегиз өрөөндү мекендеген сегиз тыңчыкма уулдары колдоп, кара ашын катырта беришип, эми жыл айланбай өтүүчү жылдыгында Көкөтөйдүн ашынан кем эмес аш өткөрүү демилгесин көтөрүп чыгышат. Аны атпай сарыбагыш журту колдоп чыгышып, келерки ушул маалда атасынын ашы өтөөрүн, бир кылымды артына калтырган каадалуу карыянын ашында алтымыш эмес, жүз жылкы чабылып, биринчи байгеге тогуз кыз баштаган тогуз жүз күлүк, токсон төө, токсон инек, тогуз жүз кой-эчки бериле тургандыгын акындарга жар чакыртып айттыртышат. Ал эле эмес ашка эмитеден кызыккан тараптар күлүктөрүн таптай берүүлөрүн алдыртадан калайык калың калкка кулактандырып да коюшат. Ошондой эле Ниязбектин ашында мурда-кийин коюлуп келаткан беш байге эмес, дагы эки байгелүү орун кошулуп, байге алуучулардын саны жетиге жетээрин да жарыялашат. Убакыт учкул куш белем, айтор, бир жыл зымырык куштай тез эле артта калып, аш өтүүчү мезгил дагы кирип келет. Ашка кыргыз кыйырынан аттуу-баштуу делген кырк уруусунун өкүлдөрү толук чакыртылып, аламанга кошулуучу аргымактарын, соорусунан суу төгүлбөс жорголорун, бүркүт-куштарын, ит-тайгандарын, ошону менен бирге эле ар бир уруунун чоюн билек балбандарын, жаа

атуучу көзгө атаар мергендерин, мүнүшкөрлөрүнүн жоон тобун кошо ала келишет. Аш ээлери "Арпа-Тектирден" төмөн карай "Чаар-Таштын" тай чабым түзүнө жумурткадай болгон жүз боз үйдү шар аккан суу бойлото тиктиртишип, анын ар бирин жанда-та дагы жүз боз үйдү тамак-аш даярдоого даярдатып коюшат. Көлдүн көкүрөгүнөн тарта ашка чакырылган меймандарды баш-тап Мойут Аке, Шапак баатыр, Жылкыайдар аксакал, Сарт Аке, Жаныбек сынчы сыяктуу жоон топ коноктор келип түшүп калы-шат. Бугулардын бул тобун Ниязбектин иниси Куттуксейиттин тогуз канаттуу ак боз үйүнө түшүрүшүп, аларга өзгөчөлөнгөн мейман сыйын көрсөтүшөт. Тээ түндүн бир оокумуна чейин то-бурчакка келиштире ышталган көөкөрдөгү бал кымыздан улам сапыртылып куюлуп, коноктордун оозу эт-аштан, дүр-дүйүм та-мактан бошобойт. Ал ансайын алардын ар биринен салттуу кеп-тер, сан-санжыргалар чубалып олтуруп, меймандар тээ таң куланөөк салаарга аз калганда гана көздөрүн биртике ымдап алы-шат. Эртеси ашка чабылуучу күлүктөрдүн так эсеби алынып, Бу-гудан келген үч күлүк аламанга бирдей кошулуп калат. Алар ме-нен тектешүүчү Жумгалдык Качыке баатырдын «Марал торусу», Медет датканын «Буурул аргымагы», Ниязбектин өзүнүн «Кулан чаар аргымагы», Солто Канайдын «Элик баш чабдары», Кожояр-дык саяк Табылдынын «Тору кашкасы», казак Шооруук баатыр-дын «Жел аягы» баш байгени талашуучудай көрүнүп калат. Алар-ды Мойут Аке менен Жаныбек сынчы дагы бир ирет имерилип карашып, бирок Шапактын «Топчу башы» менен Мойут Акенин эки «Керкашкасына» теңдеш күлүктөр бул топто жок экенин көрүшүп, күлүктөр чубатуудан өткөрүлө баштаганда Мойут Аке Шапак баатырды ортоңку тозмого чейин узатып барып, ошондон баштап кайра тарткан жолдо өз атын сүрөөндөп келүүсүн буюрат. Ансыз дагы оюнда ушундай максат бугуп жаткан Шапак баа-тыр Мойут Акенин айткандарын эки кылбай, Жаратканга миң мертебе ирет жалынып, «Бугу энелеп!» катма-кат куранын окуп, чубатылган күлүктөрдү мерчемдүү жерге чейин жандап барат. Акыркы чекке күлүктөр түш оой жетишип, аламанга белги бери-лип, аттар коё берилгенден кийин күлүктөр ортоңку тозмого бир эт бышым убакыттан кийин элдир-селдир келе баштащат. Алдын-да моюнун маралдыкындай суйсалтып Качыке баатырдын «Марал торусу», Ниязбектин айтылуу «Кулан чаары» ооз бербей,

биринен экинчиси калгысы келбей, ооздуктарын кемире чайнашып, бирине экинчиси куйрук улаш эле келатышкан болушат. Эң артта бугулардын үч күлүгү ооздуктарын качырата чайнашып, омуроолорун ээн-эркин кере алышпай, күрпөң чуркаш менен кетип баратканын көргөн Шапак баатыр орто тозмодон бул аргымактарды жандай чаап, бугу чабандестерин күлүктөрдүн ооздуктарын бир аз бошотуп коюларын буюра сүйлөп, аларын бир топко чейин сүрөмөлөп, минген атынын болгон жүрүшү менен жандай чаап барган болот. Ошондо жарыктык аргымактардын дене бойлору бир башкача жазылып, жаанын жебесиндей болуп октолушуп, арыштарын кере карыш ташташып, алдыга суурулуп чыккан аргымактардын улам бирин жандап, жемишкедей терип өтүшүп, алдыңкы «Марал тору» менен «Кулан чаарды» бучкактап калышыптыр. Кызып калган Качыке баатырдын «Марал торусу» менен Шапактын «Топчу башы» эми Ниязбектин «Чаар аргымагынан» жандап өтүшүп, биринен экинчиси озуп, марага уламдан улам жакындап келатышкан болушат. Шапак баатыр «Топчу башына» жетип-жетпей чабандесине:

- Айдат эле айдат! Айланайын Бугу энем эле, бугу энем! Арбагыңдан кагылайын Алсейит атам!-деп ураан таштап, бир чети көл-шал түшүп барбалаңдап ыйлап дагы алыптыр. Эми "Көк-Ойдун" ойдуңундагы мараны биринчи болуп Шапактын «Топчу башы», ага удаалаш экинчи орунду Ниязбектин «Кулан чаары», үчүнчү орунду казак Шооруктун «Жел аяк боз күлүгү», төртүнчү, бешинчи орунду Мойут Акенин эки «Керкашкасы», алтынчы орунду Качыке баатырдын «Марал торусу» жана акыркы жетинчи байгени Канайдын «Элик баш чабдары» алышып, биринчи жети орунга келген ар бир күлүктүн ээлеген ордуларына жараша байгелери бөлүштүрүлүп берилет. Ошондо биринчи байгени жеңип алып жатып, Шапак баатыр муун-жүүнү бошоп барбалаңдап, Мойут Акеге жандай бастырып келип минтип айтып турат дейт:

- Айланайын абаке, байгемдин башы Сиздики болсун. Бул эң алды менен Сиздин көз акыңыз, Сиздин мага кошкон акылнасаатыңыз, мага берген саяпкерлик жөндөмүңүз. Анан калса баш байгени мага алып берген Сиздин билгичтик табыңыз. Сизге мен миң мертебе ыраазычылыгымды айтамын. «Топчу баштын» баш байгесин өзүңүз көздөңүз,-деп анын касиетине жалынып-жалбарып коё берет. Сыр алдырбаган, бирок Шапак баатырга

ичинен ыраазы болуп турган Мойут Аке ага кылчайып, мына минтип айтып турат дейт:

- Баатырдын ала көөдөн болоорун баштатан эле жакшы билүүчү элем. Бирок, анын балбалактаган жашык болоорун ушул күнгө чейин билбепмин Шапак иним. Жана «Топчу башты» сүрөй бергениңде көзүңдөн мончок-мончок жашың көнөктөп атып, көкүрөгүң бошоп, үнүңдүн болушунча ач айкырык салып, айкырып-кыйкырып, бирок сүрөөнгө алууга толук шааң жетпей, үнүң каргылданып барып араң токтолдуң. Азыр деле жылуу сөз айтсам көзүңдөн жашың тып-тып кулачудай, көл дайра болуп агуучудай. Айтчы Шапак иним, көзүңө коюу чаңда баратканыңда эмине көрүндү деги?

- Байкаган экенсиз ээ жарыктык Мойут абакем. Касиетиңизге дагы бир ирет тан бердим. Бул сырымды жан адамга чыгарбайын деп чечтим эле. Алды айттырта турган болдуңуз. Бир убакта «Кулан чаар» менен Качыкенин «Марал торусу» алдыга суурулуп чыгышты. Көзүң жаманчылыкты көрбөсүн, көзүмдөн көнөк-көнөк жаш кетти. Карасам «Топчу баштын» сол жагында ак боз ат минген Жаркын энем, оң жагында аттап-буттап сүрөөнгө алып, жөө жүрүш салып бараткан Мүйүздүү Энем бара жатышыптыр. Экөө биригип, алеки саатта эле «Топчу башты» жетекке, сүрөөнгө алышып, марага чай кайнатым убакыт алдыга сүрөп чыгып келишпедиби. Анан мен жашыбаганда ким жашымак эле Мойут аба?-деп Шапак баатыр көзүнүн айланасына чогула калган буурчак жашын аста сүртүнүп:

- Бул анан сүйүнүчтүн эле жашы эмеспи Мойут Аке,- деп карт-карт күлүп алган экен. Мойут Аке дагы анын сөзүн коштоп:

- Мен көргөндү сен дагы көргөн турбайсыңбы айланайын Шапагым. Эки энеңдин арбагында колдоп кеткенин көрүп олтуруп, сен эле эмес бери жактан мен дагы жашыдым. Дегинкиси, ишиң оңдой берди болду баатырым. Кудай-арбак колдойт деген ушул. Үйгө барганыңда бир ак боз бээ чалып, энелериңе атап куран түшүртүп койгунуң,-деп атын моюнга чаап, Шапактын жанына көпкө турбай, бет алдыны көздөй бастырып кетиптир. Көрсө баатырдын көз жашын андан ары бөлөк-бөтөн адамга көрсөткүсү, дайындагысы, билдиргиси келген эмес тура жарыктык киши.

Ошентип, тогуз кыз баштаган биринчи байге Шапак баатырга ыйгарылып калат. Айтылган убада боюнча тогуз кыздын ичинен

тандаганыңызды алыңыз,-деп Шапак баатыр Мойут Акени топко чакырып келип, анын берээр белгисин күтүп, көзүнүн агы менен тең айланып туруп калат. Чыны менен эле бул тогуз кыздын алтоосу ай десе ай, күн десе күндөй болгон чырайы арткан сулуу кыздар болушат. Мойут Аке эмнегедир ошол ай чырайлуу алты кыздын бирин дагы тандабай, тиги өңдөрү серт үч кыздын ичинен Жерике деген жүдөңкү эле бир кызды тандап калат. Убагында эч нерсе айтпаганы менен жолду катар келатып, Шапак баатыр Мойут Акеге өз таарынычын артып, мына минтип кайрылат:

- Жарыктык Мойут абам ай-йе. Алдыңызда ай десе ай, күн десе күн сыяктуу, ай чырайлуу, олоң чачтуу, аппак жүздүү, алкымынан ай, көкүрөгүнөн күн көрүнгөн сулуу кыздардан бирди тандабай, өңү-түсү серт эле бир кызды тандаганыңызга түшүнбөй калдым да?- десе:

- Олда каралдым ай-йе. Баатырдын алы-күчү мол болгону менен көкүрөгү ала көөдөк, көздөрү сокур болот деп кайра бир ирет айтсам таарынасың. Аял дегенди сен айткандай өңүнө карап эмес, өзөгүнө карап туруп тандап алуу керек. Бул бечарам маган үч удаа эркек бала төрөп берет. Улуусу эли-жерин коргогон баатыр чыгат. Ортончусу акылга дыйкан, илим-билимдүү, кеменгер адам болот. Ал эми кенжеси болсо кара кылды как жарган калыс, элдик уулдардын бири болуп төрөлөт,- дептир Мойут Аке али төрөлө элек үч баласын сындан өткөрүп. Айткандай эле Жерике энебиз удаа-удаа үч эркек бала төрөп, Мойут Аке алдын-ала айткандай андан жаамы Бугу элинин багына жаралган баатыр, ойчул, калыс үч баласын белекке берген турбайбы.

Көрсө ушул эле Мойут Акенин саяпкерлигин, мүнүшкөрлүгүн алдын ала билип, айрым бир мезгилдерде күлүк-жорголорун сынata калып жүргөн Шапак баатыр Ниязбектин жылдык насилине жакындатып, же Ниязбектин ашына туура кырк күн калганында Мойут Акеге «Топчу башы» менен «Тору аргымагын» сындатканы алып келген тура. Мойут Аке эки күлүктү бирдей көрүп, электен өткөрүп олтуруп, алардын эч биринен айып таппайт. Бирок, «Тору аргымагын» эмнегедир топко салбай эле коюусун, ал алыска чуркай ала турган күлүк эместигин, бир чыкса таптоосу келишсе, анын «Топчу башы» байгеге биринчи болуп чыгып келээри туурасында күн мурунтадан эле айтып коюптур. Анын жечү жем-чөбүнө, аларын бере турган маалына, ар күнү бастыра турган

жерине, ала турган терине чейин кылдаттап айтат. Ага кошумчалап, ар ирет бул күлүктүн терин алган соң агын сууну жээктетип бастырып, улам-улам эс алдырып, иңирде барып суутка коюп, түнкү отко коёр алдында шар аккан сууну кечирип барып сугаруусу керек экендигин, андан күлүктүн дене бою чыйралып, булчуң эттери чыңала түшөөрүн, ошондон соң гана берген тоютуна мейиз кошулган күрүчтөн бир кочуш кошуп берип туруусун тапшырыктайт. Шапак баатыр кырк күн бою күн тынымын, түн уйкусун бөлүп, ар күнү эки гана сааттан тук этип, болбосо күлүгүнүн жанынан жарым карыш чыкпай калат. Мойут Аке болсо ар эки күндө бир келип, «Топчу баштын» ал абалын билип кетип турат. Ал эми Мойут Акенин өзүнүн он асыйдагы «Керкашкасын» Абайдылда карыя, ал эми он бир асыйдагы экинчи «Керкашкасын» Мойут Аке өзү таптап, бул аламан байгеде Бугунун топко кошулган үч күлүгү бирдей байгелүү орундарга жетишкен экен.

Күндөрдүн бир күнүндө Боромбай манап жылкы таптоонун чыныгы сырын сурап, кайрылып калат. Анда Мойут Аке:

- Эң ириде күлүк, же жорго таптаган саяпкер өзүнүн ак малы менен санаалаш, муңдаш, сырдаш, пикирлеш болуусу кажет. Саяпкер күлүк, жоргосунун тапка келген, келбегенин гана билбестен, анын тилин дагы билүүсү шарт. Эгерде саяпкер өз малынын кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун, күч-кубатын, жей турган тамагын алдын ала сезе билбесе, андан эч натыйжа чыкпайт. Аны чыгаан саяпкерлер «жылкынын кыйт этме кыялы» деп коюшат. Айрыкча марага тапталып жаткан малдын көңүлүн калтырбоо керек. Жылкы баласы мындайда өз ээсин укпай, анын эрки менен макул болбой дагы коёт. Күрпөң жүрүш менен гана чуркап, күч-кубаты мол болуп турса дагы ар жарышта алдыга чыгып келбейт. «Басынган күлүк байге албайт» деген сөз ошондон улам калган. «Кырчаңгы минген кыр ашпайт». «Саяпкерине жараша күлүгү, тарбиясына жараша жүрүмү», «Тулпар баксаң табын тап, шумкар тапсаң бабын тап» деген илгерки карыялар. Анан калса жылкы баласы өтө акылдуу, асыл, сезимтал келип, кыялы жаш баланын кыялындай болуп, табы келген сайын өзгөрүлүп турат. Эски карыяларыбыздын адамдарга карата «Жылкы мүнөз» деп баа бериши дагы ошондон улам келип чыкса керек. Табына келип, шагы сынбаган күлүк адетте ээсинин ишеничин эч качан кайт кылбайт. Бар

күчүн, болгон дараметин аянбай жүгүрүп берет. Жылкынын күлүк, жорго чыгуусу анын жаңы туулган мезгилинен, ата-энесинин тегинин келип чыгуусунан эле белгилүү болуп калат. Күлүк жылкыдан күлүк кулун, жоргодон болсо жорго туулат. «Айгырды аладан салсаң, атты аладан минесиң, айгырды куладан салсаң атты куладан минесиң» деген. Аны тапка салуу, көздүн карегиндей кылып аяр мамиле жасоо гана жакшы тыянагын берет. Болбосо кандай гана таза кандуу жылкы болбосун андан тыңчыкма күлүк, дабан жарган жорго чыкпайт. Алары көптүн эле бири болуп калат. «Ат тапталбай, бапталбайт». «Жаман атты жакшы бакса тулпар болот, жаман кушту жакшы бакса шумкар болот». «Ат жакшысы аны таптаган атчыдан, ал эми кой жакшысы аны асыраган койчудан». «Марага ашыккан күлүк келбейт, машыккан күлүк келет»,- деген экен акылман карыябыз.

Кезегинде Мойут Аке менен санаалаш, сапарлаш, пикирлеш, табакташ, жашынан айырмасы болсо дагы жандары жолдош, сырдаш-курдаш болгон замандаш иниси Сарт Аке:

- Бул киши өтө калыс, бийик даражалуу, сында жок даңазалуу, айтып түгөткүс нускалуу, ашкере батакөй, оозго сала бергендей чыгаан сынчы, астыны алдын ала көрө билген көрөгөч-көсөм, ченде жок саяпкер жана ааламда чанда бир кездешүүчү мүнүшкөр адам,-деп так-кесе сыпаттаган экен. Анын көрөгөчтүгүнүн мына бул бир белгисин арзуу менен күнү бүгүн да кыргыз-казак эли оздон түшүрүшпөй айтып келе жатышат.

Казактардын Шубар деген байы Челек боюнда чоң той өткөрүп, ат чабыш уюштуруп калды дейт. Ага Мойут Аке өзүнүн «Керкашка» аргымагын, Сарт Аке «Чоң торусун», казак байы Шоорук дагы өзүнүн «Керкашка» күлүгүн топко кошуп калыптыр. Ат чабышка коюлган алтымыш ат алтымыш чакырым алыстыктан коё берилип, эт бышым убакыттан соң марага жакындаган аттардын ичинен Мойут Аке капысынан эле казактардын «Керкашкасын» сүрөөнгө алып калат. Муну көрүп турган калың кара эл жакшылары, ал эле эмес карапайым калайык калк, айрыкча казак боордоштор Мойут Акени «Жарыктык киши десе, акылынан айнып бараткан го сыягы?» деген бааларын беришип, колдорун шилтешкен экен. Ал эле эмес:

- Өз малын сүрөбөй, казактардын атын сүрөйбү мына бул чал. Деги ал акыл-эсиндеби?-дешип ага аң-таң калышат. Көрсө

күлүктөрдү чубатууга алып бараткенда эле Мойут Аке өзүнүн тай кезинде уурдатып жиберген аргымак тукумундагы асыл малын таанып, ага ак батасын берип коюптур. Ошентип, сапка кошулган алтымыш күлүктүн алтоо куйрук улаш келишип, казактардын «Керкашкасы» биринчи, Мойут Акенин «Керкашкасы» экинчи, ал эми Сарт Акенин «Чоң торусу» үчүнчү орунга жетишип, калган орундардагы эки күлүк тең казактарга тиешелүү болуп чыгат.

- Бул асыл мал меники,-деп чыгат туурадан Мойут Аке аттар марага келгенде, казактын «Керкашкасын» аста суулуктан алып. Ошондуктан баш байгени береги Шоорук байга эмес, мына мага гана берүүгө тийишсиңер бурадарларым!

- Эй көзүңдү чоңураак ачсаң боло кыргыз чалы. Сенин күлүгүң биринчи эмес, марага экинчи болуп келбедиби,-деп калышат сөз төркүнүн түшүнбөгөн казак боордоштор туш-туштан жаалашып.

- Экөө тең менин күлүктөрүм. Бири экинчисинен бир жашка эле кичүү. Болбосо экөө тең бир айгыр менен бир бээнин кулундары. Ишенбесеңер сокур калыска баргыла,-деп ал көжөлүп болбой коёт. Чыр улана турган болгондо мындагылар калыс адам катары казактардан кадыр-барктуу деп эсептелген Найман деген алтымыш ашык жашап калган карыясын алдыртышат. Ал келээри менен эле чырдын минтип ырбап бара жатканын көрүп:

- Баш байге маселеси буюрса эртең эртең менен чечилет. Азырынча жаамы кыргыз-казак коноктору жана саяпкерлери Шубар байдыкына барып беймарал конок болгула,-деп чогулгандарды токтоосуз таркатып жиберет. Эртеси Найман калыс таң атаары менен байдын эки короосундакы кой-козуларды тең экиге бөлдүртүп, өз-өзүнчө ат чабылган жерден өтө деле алыс эмес жердеги эки коого айдаттырып чыгартат. Күн шашке болуп, эл тегиз чогулуп калган кезде Найман калыс тестиер эле балдарды атка мингизип жиберип, төштө жайылып жүргөн койлордун ичинен эч кимге көрсөтпөй үч соолук койду өңөрүп келүүлөрүн буюрат. Жан-жакаларына казактар менен кыргыздардын ичинен бир нече кудайы калыс эле адамдарды алат да, ич ара бир пикирге келишкен соң, Найман карыя Мойут Акеге казактардын мына бул сынагын таап берүүсүн айтып калат:

- Көгөөндө турган үч койду кылдат карап алыңыз,-дейт Найман калыс. –Эгерде тээ тоо таманындагы жайыкта жайылып

жүргөн эки башка короодон алардын козуларын жаземдебей таап, таанып, мында алдыртып келсеңиз баш байге менен «Керкашка» айныксыз сиздики болот. Кайып-каскагынан эле жаңылыштык кетирип, козулардын бирөөсүн таппай калсаңыз анда байге Шорук байдыкы болот,-дейт карыя. Таң азандан казганактап, калыс сөз күтүп турган улуу-кичүү  Найман аксакалдын бул калыстык сөзүн эки дешпей, коюлган шартка түп көтөрүлө макулдуктарын берип калышат. Мойут Аке болсо казак балдары алдына тарткан бир мингичке аттанып, жанына үч өспүрүм баланы аттары менен кошо алдыртып, аларды эки башка короодогу кой четине өзү менен бирге барып келүүлөрүн суранат. Үч атчан бала таң-тамаша кылууга Мойут Акени жандай бастырышып, кой жайылган колотко бирге бастырып кетишет. Мойут Аке жайылып жүргөн мындагы эки короо койлорду аста аралап, аларын үркүтүп албайын деп аяр бастырып келип, тиги үч баланын экөөнө бир короодон эки капкак куйруктуу бири күрөң, бири кара тармал козуларды өңөртүп, экинчи кой короону аралап, бирок үчүнчү жигитти артка куру кол кайтарат. Көгөөндөгү койдун экөөнө эки козуну салдыртып, үчүнчү койдун козусу мындан туура бир жума мурда эле союлуп кеткендигин, убагында саалып турбаган ала бөйрөк куйруктуу койдун эмчеги ооруп калганын, аны эмдеп коюу керектигин айтып, Мойут Аке тигилерден калыс жооп күтүп туруп калат. Талашка түшүрүп, калыстарды куру бекеринен кашына чогултуп алган Шоорук бай эми өзү турган ордунда эле туйлап, тегеренип калат. Аны көрүп, аң-таң калган кыргыздар менен казактар жоопту бул сапар Мойут Акеден эмес, тиги Шооруктун дал өзүнөн күтүнүшүп, тунжурап туруп калышат.

- Жеңилип калдым айланайын эл-журт. Кечирип коюңуздар мени. «Керкашканы» көзүм түшүп тай кезинде эле Каркырага кош короо болуп жайлап турганымда дал ушул карыядан уурдаттырып алганым чын болучу. Ушуну менен бул күлүгүм тогуз аламанда биринчи болуп чыгып келип олтурат. Тим эле жылкынын сырттаны болуп чыкты. Эми айыбыңыздарды өзүңүздөр бычсаңыздар дагы менин эч каршылыгым жок. Абийирим айрандай төгүлө электе курумду моюнума алып алдыңыздарга түшүп, Мойут Акенин сураганын бөлүп берип тим калайын,-деп өзүнүн уурулугун моюнуна алып, бирде Мойут Акеге, бирде калайык калк менен мында турушкан калыстарга жалооруй карайт. Эл ичи

бир далайга чейин олку-солку болуп күү-шаа түшүп, дүргүп барып оңолот. Сынга уулуккан казактын көпкөн жигиттери Шоорук байга кол тийгизип, керип кете жаздап, араң токтолушат.

- Бааңызды эми өзүңүз эле бычыңыз. Шоорук бай өз уурулугун өзү моюнуна алып жатпайбы. Анан калса мал тааный билген табышмактуу өнөрүңүздүн өзү эле бир байгенин кунуна татыктуу болуп турат,-дешип кечээтеден бери ага бөөдөсүнөн арткан күнөөлөрүн өз моюндарына илгиртпей алышып, мында турган улуу-кичүү эл Найман карыядан мурун эле бир башкача толкуп-ташышып, бир ооздон Мойут Акенин өзүн жаалап жиберишет.

- Шоорук байдын уурдаган эмгеги бар эмеспи калайык калың журтум. Анын үстүнө ушул он жыл ичинде «Керкашкамды» үлпүлдөтүп, чаң жугузбай жакшынакай асыраптыр. Мага бар болгону «Керкашканын» башын берсин. Ал эми кечээ аламандан утуп алган байгени чыпчыргасын коротпой эле өзү алып калса дагы мен ыраазымын,-дейт Мойут Аке Шоорукка айкөлдүк кылып. Анда тегеректеп, казганактап тургандар коючубу, бул ууру байды эки эселентип доого жыгышып, эзелтеден койлору коро-олош, баштары жаздыкташ келатышкан эки элдин ортосуна жараңка уруп, бир тууган кыргыз элине казактарды бөөдөсүнөн жаманатты кылгандыгы үчүн кудайы калыстар менен бирге Мойут Акеге уурдалган “Керкашканы”, ага кошуп баш байгени жана экинчи орундун байгесин толугу менен, жана да жүз баш жылкыны ууру Шоорук байдан кошо жыгып беришет. Мойут Аке бул малды чогуу айдап кетүү бери эле болгондо чекилик болоорун алдын ала сезип, анын үстүнө “Күлүктөрүмдүн шагын сындырбайын” деген таризде мал баккан жылкычылардын онунун ар бирине ондон жылкы, мал баккан койчулардын ар бирине элүүдөн кой, Найманга калыстык кылгандыгы үчүн үч жүз жылкы бөлүп берип, бул ирет казак-кыргыздар ортосунда ашкере жоомарттык кылыптыр. Эл-журтка тараткандан калган күтүрөгөн калың кара малды астыга салып айдап келе жатышып, жолду катар Сарт Аке дагы анын мындай көзү ачыктыгына жогору баасын берип, андан кой-козуларды кантип таанып, билгендигин сурап калат.

- Анын эч кандай деле жашыруун сыры жок Сартбайым. Бар болгону кандай гана мал болбосун анын энесине окшоштук өзгөчө бир жагы болот. Аны андаган адам баласына дал ошону гана айырмалап билүү жетишет. Анын үстүнө кош короодогу

койлорду эки-үч кайрып караганымда козулардын энелерин жок-топ маарап жатышканын угуп калдым. Буга кудайым дагы өзү ылаажы болуп берди окшойт,-дептир ал.

Дагы бир жайда Мойут Аке баштаган жыйырма-отуздай киши алыскы жайлоолордун бириндеги дөбөчөдө кымыз ичишип, багылаң козудан баштап, кысыр эмди тайга чейин сойдуртушуп жеп, аңгеме-дүкөн курушуп, салттуу кептерден салышып, өткөн-кеткендерден кеп өзөгүн чубап олтурушат дейт. Ошондо мында отургандарды канжыгалап келип, бир бүркүт алардын үстүнөн “шуу” этип учуп өтүп кетет. Ошондо Мойут Аке кобуранып:

- Бул бүркүт мында дагы бир ирет кайрылат. Ошондо көптөп туруп, айгайды салып кыйкырып жибергилечи,-деп калат. Карап тургандар Мойут Акенин бул айткандарын түшүнө албай туруп калышат. Бирок, ал айткандай эле эмелеки аларды жандап учуп өткөн бүркүт адашкан шумкар сыяктанып, шукшурулган тейден мында олтурган элди беттеп келе жатканында отурган эл болгон-каткан үндөрү менен ызы-чуу түшүрүп, ач айкырык салып калы-шат. Алиги бүркүт олтурган элден анчейин деле алыс эмес жерге кайкып учуп барып, «талп” этип кулап түшөт. Аны Мойут Аке жанында олтурган эле бир жигитке ат чаптыртып:

- Бүркүттү барып аярлап кармап, алдыма алып келгиниң,–деп буюруп калат. Ал жигит жете барып, өң-алаттан кетип апкаары-ган бул бүркүттү алып келсе, анын муун-жүүнү таптакыр эле бо-шоп, бир башкача акактап, алдан-күчтөн кетип калтаарып, көзүнөн мончок-мончок жаш кетип, бечара куштун кейпин кийип турган болот. Аны береги жигит кастарлап Мойут Акенин алдына көтөрүп келсе, ал кылдаттап карап туруп:

- Коё берип жибергиниң баччагарды. Өз оокатын өзү кылып, арс чычкандарын алып, күнүн кечирип өтсүн,-деп коёт Мойут Аке. Олтурган эл анын бул табышмактуу кылыгына ого бетер аң-таң калышып, Мойут Акенин көзү ачыктыгынын сырын, бүркүттүн ызы-чуу түшкөн кыйкырыктан улам “талп” этип жерге кулап түшүп калышын ой-боюна коюшпай сурамжылап калышат. Анда ал өз оюнун минтип ордунан чыкканына маашырланып:

- Мунун энеси кадимки эле бүркүт экен. Бирок атасы кудай аткан жанагы «шашкалак сары» турбайбы,-деп элди дагы бир ирет таң калтырып, тарс жыгылтып коюптур. Жан-жакаларындагыларга ошол эле жерден бүркүт таптоонун купуя сырларын, анын күнгөй-тескейин сапка минтип тизмектеп:

- Бүркүт салсаң Алтайдын кызыл түлкүсүн алаарсың. Карчыга салсаң кастары жок куш-коёнду гана алдыртып калжайып басып калаарсың. Анан жазга таяп калганда жүрбөй калган атыңдын териси этине жабышып калган башын мүлжүүрсүң, деген ата-бабаларыбыз. Анынсыңарындай бүркүт баласы чын куран айында гана кошулушат. Ал бечара көп деле жумуртка туубайт. Алды бир, аркасы эки гана балапан чыгарат. Кулжа айында жумурткасын чегип, жай чилдесинде гана учура баштайт. Тамак-ашты болсо атасы таап келип эне бүркүткө берет. Ал оозуна шилекейлеп туруп балапанына берет. Жаңыдан канат күүлөгөн балапанды эне бүркүт менен ата бүркүт дароо эле алыс учурушпайт. Балапандарынын канаттары карыгып калат. Качан гана алардын канаттары бирололо катып, каруу-күчкө толо баштаганында аларын алыска коштоп учушат. Бала бүркүткө жем таап жегенди ата-энеси үйрөтөт. Бүркүттүн уядан алынган балапаны көбүрөөк шаңшыйт. Ал эми "кол бооруга" түшкөнү дудук чалыш болот. Тубаса шумкар дал ошол уядан алынган балапан бүркүттөн чыгат. Анан калса анын таптоосунан жазем кетирбеш керек. Айрым бирлерин ачыктырып койсо, ал ээсине кол салгандан дагы кайра тартпайт. Дегинкиси, бүркүт баласын тез эле арыктатып, кайра семиртип алууга болот. Эттендиргиси келсе бүркүт баласына жылкынын жаңыдан союлган этинен берип, мүнөздөп багуу керек. Ал эми арыктаткысы келсе, этти жууп, даамын кетирип берсе болот. Муну мүнүшкөрлөр "ак жем" деп коюшат. Бүркүттү түлөткүңөр келсе аны арыктатып багып, кайра семирткенде барып түлөй баштайт. Бүркүт баш аягы он, он беш күндүн ичинде эле табына келет. Сырттан бүркүттөрдүн канаты саргыч келип, жүнү уюлгуп, тегеренип өсөт. Буттары ич жагына иймейип, көздөрү агыш тартып, канаттарынын мүрөөсү калың тартып турат. Балтыры болсо өтө жоон келип, анысына тутам жетпей калат. Бутунун жана тумшугунун өңү көк-мөк болуп, көздөрү бир аз чүңкүрөйө баштайт. Бүркүттүн алы-күчү дал ошол балтырынын жоон-ичкелигине байланыштуу болот. Карышкыр, илбирс, кийик алган бүркүттөр дал ошолор. Анан калса бүркүт баласы адам өмүрүнө тете жашты жашап коёт. Мен уккандан кырк жаштан ашыгыраак жашаган бүркүттөр болгон. Анын катарына Бапа насилинен чыккан Садык баатырдын "алп кара кушун" кошуп келишет. Чөлдөн алынган бүркүттөрдүн балапандарынан дагы кезеги келгенде "кыраандар" чыгат. Кушту, чүйлүнү, ителгини деле ушул сыяктуу таптаса бо-

лот. Кээде аларга кой этин берсе деле ашыктык кылбайт. Жемин муздак берсе куштар ооруп калышы мүмкүн. Куштун алгыры өтө сындуу келип, мүрөөсү калың жүндүү болуп, кең көкүрөк келет. Алар көбүнесе кекилик-чил, каз-өрдөк, кыргоол-коён алышат. Бүркүт баласындай эле шумкарлар дагы бийик тоолуу аскаларда жумурткалашат. Алардын ургаачысын "куш", ал эми эркегин болсо "чүйлү" деп аташат. Уяга кармаганга караганда кушту тордо кармаган пайдалуу болот. Эгерде ким-кимиңер бүркүт, же кушту таптоону өнөкөт өнөр кылгыңар келсе, анда аларды таптоонун мындан дагы арбын, купуя сырларын айтып берээрмин,-деген экен жарыктык Мойут Аке.

Мойут Аке дагы бир жолу Текестен бери түшүп келатып, Каркыранын белиндеги өткүндөн далдааланып, убактылуу карагайчерге калкаланып, жигиттери менен бирге күндүн ачылып кетишин күтүп олтуруп калышат. Аңгыча болбой асманды караса, бир топ эле бийиктикте бир бүркүт шукшурулуп учуп, кайдадыр бир алыс жакка канат сабап бараткан болот. Ал жанындакыларга угузаар-угузмаксан:

- Ээ шумкарым, бараткан экенсиң ээ сабалап,-деп коёт. Анысын чогуу келаткан жигиттеринин бирөөнүн кулагы чалып:

- Каякка баратыптыр жараткан Мойут Аке бул бүркүтүңүз?-деп чычкалактап жиберет.

- Каякка бармак эле. Бул учушу менен түз эле Жуукунун «Узун-Кырына» чейин жете барып конот. Бирок, мунун колунан көп деле нерсе келбейт. Ал жерге барганда бул бечара бүркүт «кол бооруга» түшөт,-деп кошумчалап калат. «Кол боорусу» көрсө бүркүткө жайган торго түшөт дегени турбайбы. Жанжакадагылары Мойут Акенин анысына дагы абдан таң калып калышат. Бирок, эртели-кеч ары-бери өткөндө барып, эл-журттан сурап, тактап коюну чечишет. Ошондой болсо дагы Мойут Аке менен бирге бараткан Боромбайдын баласы Өмүрзак купшулуңдап:

- Кудай кааласа бул бүркүттү колума алып, Мойут Акеге чейин барып, нечен курдай сынатаармын,-деп калат. Мойт Акени тегеректегендер Мойут Акеден дагы Өмүрзактын капысынан айткан бул сөзүнө аң-таң болушат. Чынында эле кийин угушса жанагы Каркыранын туу белинен учуп өткөн бул бүркүт Жуукунун «Узун-Кырына» жете конуп, Сарууну кыштаган Өмүрзактын бир туугандарынын «кол боорусуна» түшүп, аны мүнүшкөрлүк менен

алектенип жүрүшкөн жаш жигиттер кармап алышкан экен.

- Улуу-кичүүгө көрсөтүп көрдүк Мойут Аке. Муну алар «Кара боргу эле бүркүт экен» деп айтышты. Айтса-айтпаса төгүнбү? Сизге сынатып, алдыңыздан өтүп коёлу дедик,-деп калышат аны кармаган боз баш балдар. Алар алып келишкен бул бүркүттү көрүп, айныксыз тааныган Мойут Аке камаарабай:

- Ээ балдарым, муну мен бая күнү эле Каркыранын кайкысынан учуп өтүп баратканында көргөнмүн. Мунуңар «жору куйрук жоон бок, таскарадан жалгашкан, тарпты көрсө кармашкан» эле неме чыгат. Карагылачы, жүрөгү тайкы, төшү кууш, ийри кара бака баш болуп турганын. Ээсине эле түркүн-түстүү мүшкүл тартуулаганы болбосо, мунуңар эч нерсеге жарабайт. Арс чычкандан башканы ала албайт. Куру-бекер убара-чаркөөлөнбөй, андан көрө эрте-жарыкта коё берип жибергиле,-дейт бул «кыраанга» өтө деле ичи чыкпаганын билдирип.

- Эткен олуя неме элең,-дешет да, бүркүттү кармаган жаш балдар үч жыл катары менен аны тапка салышып, бирок ага Мойут Аке айткандай эле эч нерсе алдырта албай коюшат. Ал эле эмес анысын күндөрдүн биринде ач өзөк кылып коюп, ээсине кол салып, анын ээсинин денесине матырылган кош тырмагын бүркүттү мууздап жиберип, арандан зорго чыгарышкан экен. Аны бүркүт ээлерине чейин нечен курдай бастырып барып, ал тургай колуна кондуруп көрүп, бирок бул бүркүттүн ал-жайын Өмүрзак Мойут Акеден тактап, экинчи ирет сурабай коёт. Анан калса Өмүрзак бир кезекте оозунан чыгып кеткен желин кайра алып, илгери-кийин бул бүркүт жөнүндө сөз багып-каксам Мойут Аке уятымды чыгарып койбогой эле,-деп алды-артын качырат.

Ошол эле Өмүрзак Саруунун өрдөшүндөгү атасынын конушунда олтурса, коңшу жигиттеринин дагы бирөөсү ага ителги кармап келип калат. Анысы дагы бир өзгөчө үрпөңдөп, кишини жанына жолотпой чакчарылганынан улам, «Чыкса дал ушундан бирденке чыгат» деген ой менен жигитти өзү менен кошо алып, ителгини Мойут Акеге апкелишет. Мойут Аке аны жактырбай:

- Бул ителгиңерден дагы эч нерсе чыкпайт,-дейт ачуусу келип.
- Мунуңарды кыргыз мүнүшкөрлөрү «Бир салаар ителги» дешет. Бирден ашыкчага анын дарамет-күчү жетпейт. Убара болбой, муну да учуруп жибергениңер оң.

Чыны менен эле Мойут Аке айткандай бул ителги «бир салаар» ителги эле болуп калган экен. Көрсө аны ээси кеч күздөгү

өткүн өткүчө колуна кондуруп, наркы-терки бастырып, бир нече ирет агытып көргөнү менен ал эч нерсе ала албай коюптур. Бирок, мынча асылып калгандан кийин ээси ыргылжың болуп:

- Мойут Аке бул ителгинин негизги сырын жашырып койду. Эмнеси болсо дагы аңын алдынан дагы бир ирет өтүп көрөйүн,- деп Мойут Акеге кайтоолдоп кайрылып калыптыр.

- Ап балам, болбостур эми. Биртике тапка салып көрөйүн. Алды менен сенин шагың сынбасын,-деп бир аз күн таптоого алып, анан аны үй ичинен, андан соң сырттан үндөтүп көрөт. Ителги дагы эле албайт. Арадан өткүн өтүп, дагы бир жыл артта калат. Ээси дагы эле көжөлүп таптоосун уланта берет.

- Эми алаар чагың ушул го? Кыргыек болбодуңбу?-деп ал ителгисин сыртка алып чыгып кондурат. Кайра болбой үй ичине караңгылатып киргизет. Аңгыча жолдошторунан бирөө андан:

- Каркыра менен каздардын үнүн угуп жатасыңбы? Кушуңду коё берсең кантет эми?- деп калат.

- Чын эле. Болду-болбоду алса эми алып калаар?–деп үй ээси үйдүн босогосун түрүп, түндүгүн сыйырып, үндөп туруп ителгисинин боосун чечип жиберет. Бир канча жымжырттыктан кийин баягы ителги кыркаар тартып учкан каркыра-каздарды жакындатып, уюлгутуп имерип келип, үйдү туштап туш келди эле бытыратып тепкилеп кирет. Бирок, бул бечара капысынан бир бутун тайытып алып, анысы кабылдап олтуруп экинчи ирет ууга жарабай калган экен. Көрсө бул кушту Мойт Акенин «бир салаар» дегени анын алабармандыгынан улам тез эле мерт болуп калат деп алдын ала айткан сыны турбайбы.

Дагы бир ирет ошол эле Мойут Акенин бир чети айылдашы, бир чети мүнүшкөрлүк менен тажанбай алектенип, бирок ийгиликке жетише албай, убара-чаркөөлөнүп келаткан инилеринин бири Усупбай деген жигит «шумкар алдым» деп Мойут Акеге сүйүнчүлөп келип калат. Ырасында эле Мойут Аке ителгини колуна алса, бул кара бүлөө ителгинин жон жүнү кара көк келип, боор жүнү бозомтук, кара чаар тартып, куйрук жүнү суйдаң, буту-колу олбурлуу сыяктанып көрүнөт. Бар белгилерине караганда ал алгыр куш сыяктанат. Аны улам-улам талпынтып, кайра артка тартып алып, эки-үч ирет учуруп жиберүүчүдөй болуп комдонуп барып токтойт. Бирок, мүнүшкөр инисине башын чайкап:

- Мунуң өтө каардуу, эч нерседен кайра тартпаган, айрыкча карга баласын, бөдөнө менен чилди, түлкү менен коёнду кан какшата тепкен алгыр чыкмак. Бирок, колуңа кондурганыңдан кийин

мышыктын эки тырмагы мунуңдун жон этине катуу матырылып, алгырлыгын кайт кылып, жүрөгүн өлтүрүп койгон турбайбы. Ошондон улам бул кара бүлөөңдүн жүрөгү биротоло муздап калыптыр. Болбостур, мунуң ачуусу келсе аянбай барып, бүркүттү дагы дабдырата тепмек. Азыр анық тилекке каршы эч нерсе ала албайт. Чыныгы мүнүшкөр болгуң келсе «табылгаларыңды» итмышыктан алысыраак карма. Акылыма көнсөң муну бөөдө жүдөтпөй коё берип эле жибергениң жөн. Өмүр тозбосо эчен бир кыраанга кез келээрсиң,-деп акыл-насаатын айтып, бул инисинин ителгисин кайтып учуртуп жибериптир. Анысы Мойут Аке айткандай айылдан өтө алыстап учуп кетпей, боз чымчык, таранчы, кара кучкач тээп жеп, күнүн кечирип өткөн экен.

Күндөрдүн биринде Чоң Карач түш көрөт, түшүндө жаман иш көрөт. Бүбү-бакшы, айыл аксакалдарынан алдыртып, бирок түшүн жорутууга доотукпай, аларга бирди-жарым мал-кечектен берип, түш жоруучуларга лам деп сөз айтпай, тескери карап жатып алыптыр. Анын көзүнө өлүмдөн башка эч нерсе көрүнбөй, түшүндө түнү менен аңкир-маңкирлерди көрүп чыгып, эми түн уйкусу таптакыр качып, таңды таң аткычакты жин ургансып жөөлүп чыгуучу болот. Көпчүлүк эл анын түшүнүн дайын-отун билбесе дагы, Чоң Карачтын мындай чочулоодо, сабыркоодо, тынчсызданууда жүргөнүн көрүшүп, ага «көк торпок сойдуртуп, кескилетип ыргытып койсоңчу» деп кеңеш берип калышат. Анда да Чоң Карач көжөлүп болбой коёт. Ал эле эмес акыл калчагандарга чогулган чоочун-чолпу элдин, ич арадагы тууган-туушкандарынын көзүнчө кылапат сөздөр менен акаарат келтирип:

- Жанымды жайына койгула. Аны бир алып калса силердин көк торпогуңар эмес, акылман Мойут Акем алып калышы мүмкүн. Мен андан көрөкчө Мойут Акенин алдынан бир ирет өтүп көрөйүн. Болбосо түшүмдүн тушма-туш келүүчү мезгилине өтө деле узак убакыт калган жок,-деп таң куланөөк сала үйүнөн шашыла аттанып чыгып кетет. Атынын өкүмдүгүнө салып, бөрү желиш менен Мойут Аке олтурган Каркыранын кайкысындагы кенен жайлоого чыгып келсе, ал сырттагы эле бир жыгач дөңгөчкө көчүк басып, үзөңгү-чуулук жасалгалап олтурган болот. Саламдашып, келген чоо-жайын, көргөн түшүн айтып, эми Тогузбайдын Чоң Карачы акыркы өкүмүн угуп жаткансып, Мойут Акенин алдында кош көзүн алайтып, үн-сөзсүз туруп берет.

- Олда балам ай-йе,-деп балдарын жүгүртүп, кара аякка суу алдыртып, ичинен бирденкелерди кобуранып-жобуранып дем салып, сууну Чоң Карачтын башынан ылдый тегеретип ыргытып, балдарын кайра жүгүртүп бир эчки алдыртып, (Мойут Аке өзү жаратылышында эчкини жакшы көрүп, сыйлап баккан киши болгон экен. Астын сызган К.М.) өпкөсүн сууруп алып, Чоң Карачка кагып жиберди дейт. Эми ал ачыктан-ачык эле алакан жайып, үнүн бек-бектеп, дааналап чыгарып:

- Оо айланайын жараткан Алда-Талаам! Мойутту жарык дүйнөгө чындап жараткан болсоң, ушул жаман балама узун өмүр сексен беш жашты ыроолой көр,-деп чөк түшүп, кудайдан алданемелерди күбүрөнүп суранып, анан барып Чоң Карачты:

- Эми алды-артынды карабай жолуңа түшкүнүң. Жолду катар эч кимге токтоп, учурашып, ал жай сурашуучу болбогунуң. Үйүңө жетээриң менен төшөктү калыңдатып салдыртып, бекем чүмкөнүп эртең күн шашкеге чейин турбай жатып алгының. Үйгө кирээриңде энеңе бир аяк кара сууну башыңдан тегереттиртип жибергенди унутпагын,-дейт да, Чоң Карачты атына колтуктан алып өзү аткарып жиберет. Айткандай эле арадан туура кырк беш жыл өткөндөн кийин ушул эле Чоң Карач туура сексен беш жашка караган курагында төшөк тартып, катуу ооруга чалдыгып жатып калат. Адамдын апсиси ар ирет көбүрөөк жашты күсөйт эмеспи. Анынсыңарындай Чоң Карач дагы көзү жумулуп кетээр алдында эли-журтун кашына алдыртып, минтип турат дейт:

- Убакты-саатым түгөнүп, бул жарык дүйнө менен кош-бош айтышуучу мезгилим жакындап калды сыяктанат. Эми бере турган белегиңер болсо көзүмдүн тирүүсүндө берип, карызыңар болсо уялбай-этпей эле сурап алып калгыла,-деп таман чыкма бир жылкысын сойдуртуп, алдына түгөлү менен ага-тууганын, кайынжуртун, бала бакырасын чогултуп, аларды союлган жылкысынын кыйын чыкма казы-картасына карк тойгузуп, келген жактарына узатып жиберет. Ошондо дагы алдан кетип, тили булдуруктап, сүйлөөгө дарманы келип-келбей баратканында:

- Олда жарыктык Мойут Акем ай-йе, менден дагы беш-алты жашыңызды аяган экенсиз ээ?-деп көзү аңтарылып, жашап өткөн сексен беш жашына дагы алымсынбай, ачыктан ачык эле арман кылып, анан барып бир оокумда көзү коюланып, үзүлүп кетиптир.

Мойут Акеге күндөрдүн биринде ат жетелетип, чапан-чопкутун, таттуу-тартмагын арттыртып, кадимки Зарыпбек султан баш багып калыптыр. Ал убакта Зарыпбек султандыкка

жаңыдан көтөрүлүп, илебине дан бышпай, кудай теңирин тааныгысы келбей, төрт тарабы төп болуп чатырап, алдынан кыя өткөндү кырчасын ургандай жапырып, келгели келип турган чагы экен. Айтса-айтпаса төгүнбү. Бийлик дегениң өзү колдун кири эмеспи. Ошентсе дагы Мойут Акенин алдынан өтүп, батасын алып коёюн. Ашык дөөлөт баш жармак беле,-деп ал Мойут Акеге кайрылып, бата сурап, таттуу-татмагын, таман чыкма бир бээсин жетелей келип, Мойут Акенин үйүнө түшүп калыптыр. Анын келген чоо-жайын көз карашынан эле окуп койгон Мойут Аке ал эч нерсе сурай элегинде эле:

- Зарыпбегим, келгелиң келип турган чагың экен. Болгунуң, толгунуң. Толсоң чайпалба, чайпалсаң төгүлбө. Жоголгонуң табылсын, ооруганың айыксын. Кыдыралей салам өзү колдосун. Башында бол айлыңдын. Кашында бол кайныңдын. Балам ак бол, анан так бол. Ар балээден сак бол. Тууганга туу бол, душманга уу бол. Атанын тагын күткүн, жаман-жакшыга илгиртпей түткүн. Учугуң үзүлбөсүн, жакаң сүзүлбөсүн. Балам барга түркүк бол, жокко сүйкөнгөнгө арка-бел бол. Жакырга дем бол, жардыга бел бол. Ооруга эм, улутунуп-умсунганга чалкыган көл, чатыраган төр бол,-деп алаканын кенен жайып бата тартса, илебине дан бышпай, кудай теңирин тааныбай турган Зарыпбек өзүнөн өзү эле тетириленип, коштошуп-этпей атына минип опурулуп:

Оо сенин берген батаңа тойдум,-деп Мойут Акеге угуза эле айтып, алган батасына ичи чыкпай бет алды бастырып кете берет. Бирок, Мойут Акенин берген батасына таарынып калган султан эмнеси болсо дагы Сарт Акеге дагы барып бул батанын жандырмагын тактап коюну чечет. Арадан бир күн өткөрбөй туруп эле Сарт Акеге келип, анын алдына арызга туруп калат. Адатынча Сарт Аке желбегей жамынып, өзү олтурган өрдөштүн кайкысынан ар жак, бер жакка көз чаптырып, келген-кеткендин эсебин алгансып, жайдары багып, карап олтурган экен. Келип саламдашып түшүп, Зарыпбек султан Мойут Акенин өзүнө берген батасын кайталап айтып, ал эле эмес анын берген батасынын суу кечпестигине, Сарт Акенин эмнеси болсо дагы бул батанын жандырмагын айтып берүүсүнө көңүлүн бурат. Зарыпбектин Мойут Аке берген батасы кайталанып бүтөөрү менен эле Сарт Аке алданемеден чочулагансып, жан-жакасын каранып минтип калат:

- Каап, батаны бекер чанып, таарынтып койгон турбайсыңбы. Эми сага экинчи ирет Мойут Акенин батасы түшпөйт. Мен Мой-

ут Акенин батасынын айтканы айткандай, дегени дегендей төп келип жүргөнүнө көп ирет күбө болгонмун. Абыдан жакшы бата берген экен. Болбостур, болбостур. Эми сенин төрт тарабың кыбыла болсун. Алды толбойсуң. Толсоң чалкыбайсың. Издегениң табылбайт. Тууганга туу, душманга уу, чаалыкканга суу боло албай калган турбайсыңбы,-деп турган ордунда тегеренип-тегеренип кетиптир. Айткандай эле Зарыпбек султан Боромбайдан кийинки султандыкты төп аткара албай, "кара жемсөө, канкор" атыгып, тез эле ээлеген кызматынан шыпырылып, өзү Кытайга көчө кача кирип, узак жылдар бою өз элинен өзү окчундап, эли-жерине болгон сагынычы артып, өз убагында кабылдай албай калган батасын өмүр бою кудайдан кайра-кайра суранып, бирок аны кайтара албай өткөн экен.

Дегинкиси, Мойут Акенин берген батасы эзели кайт болбоптур. Алыбайдын уулу Солтонкулудан кийин анын иниси Жаныбекке дагы Мойут Аке ак батасын арнап берип:

- Жоголгон малың табылсын. Кудайым сага жалынсын,-деп кыска эле батасын тартып, ал эле эмес жаштайынан шыйкырлуу, зирек өскөн бул балага өз үйүрүнөн бир тай алдыртып келип:

- Сен бул тайды башыңа кандай гана каран түн түшпөсүн союп жебегиниң. Алпештеп, асырсе алчактатып бак. Баралына келгенде аның кыргыз-казакты багындырган ченде жок күлүк болуп чыгат. Жакшылап карап, жаныңа эш кылып жүр,-деп узатып жиберет. Ал айткандай эле бул тай баралына келгенде дабан жарган чоң күлүк болуп чыгат. Бирок, аны таламандын тал түшүндө эле уурдатып жиберип, Жаныбек жер сыйпалап олтуруп калат. Оюна ар нерсе, бир нерселер келе калып, ал түз эле Мойут Акенин күздөөсүнө чейин келип түшөт. Кабатыр, өңү суз тартып, салам айтканы болбосо, үн-сөзсүз эле ойлуу кирип келген Жаныбекке Мойут Аке каш серпип:

- Жок жоготкон сыяктанасың балам. Өңүң эмнегедир кер сары тартып, ойлуусуң. Деги "Керкашкаң" жоголгон жокпу?-деп калат. Мойут Акенин мындай көз караштан эле анын ичтейиндеги сырын окуп койгон кыраакылыгына тан берген Жаныбек:

- Жарыктык киши десе. Аны менден мурун сизге ким жеткизди?-деп жиберет. Анда мыйыгынан жылмайган Мойут Аке:

Аны сенден башка мага ким айтмак эле? Мага сенин көз карашың эле айтып жатпайбы. Кабатыр болбогунуң. Мен сага ак батамды бергенимде "жоголгон малың табылсын"деп айтканым

эсиңде чыгаар. Аның жоголбойт-этпейт,-деп коёт. Айткандай эле казактардын кайсыл бир тоюндагы ат чабышка барып калышса, Керкашка күлүк "буурул кашка" күлүк болуп өзгөрүлүп, башка аттар менен аламанга бирге кошулуп калыптыр. Көрсө, аны уурдап алган казак жигити суу майды кенен-чонон кайнатып алып, анысын аттын үстүнө улам жаба чачып олтуруп, аттын ысык майга күйүп калган жерлери ак буурул тартып калган тура. Жаныбек ошол күлүк атын алда-жалда менен топко салып, казактардын нечен алекеттен өткөргөн сынынан өтүп жатып, араңдан-зорго артка алган экен. Кийинчерээк ошол эле Жаныбек айрыкча жылкы баласын кудум түшүндө көргөн сымал так сындаган, Мойут Акеден аша түшкөн саяпкер-сынчы болуп чыга келиптир.

Мойут Акенин көрөгөч, көсөм, сынчы, саяпкер, мүнүшкөр, анан калса араб жана кытай тилин эркин сүйлөй билген адам болгондугун токсон ашык жашка барып кайтыш болгонунда, байбичелеринин бири минтип кошокко салып кошуптур:

Байым арабка чейин каттаган,
Байым арабтын тилин жаттаган.
Байым кытайга чейин каттаган,
Байым кытайдын тилин жаттаган.
Байым бүркүт, куш салып мактаган,
Байым күлүктү кармап даңктаган.
Байым жоргону багып таптаган,
Байым жат элге көзүн сатпаган.
Байым көзү ачык өттү дүйнөдөн,
Байым ар сөзүн кынап, саптаган.
Байым элиңе сиңген эмгегиң,
Байым аңыздап айтаар канча адам.
Байым көл бугуң турат кайгырып,
Байым айрылып тирөөч, аскадан.
Байым көз жашым турат куюлуп,
Байым акыры барам аркаңан,-деп Мойут Акенин болгон-каткан өнөрүн кошокко салып даңазалап, анын кара ашына келген улуу-кичүүнүн муун-жүүнүн бошотуптур.




***Мойут Акенин Ысык-Көл районундагы Орто-Өрүктү айылындагы эстелиги. (1997-жыл).***

# ДӨӨЛӨС САРТ АКЕ
## (1780–1869–ж.ж.)



**Акыл сурасаң Сарт Акеге бар.**
***(Эл макалынан)***

Доскулу уулу Сарт Аке Мойут Акеден жарык дүйнөгө туура отуз беш жыл кеч келиптир. Ал азыркы Нарындын аймагындагы «Теке-Секирик» деген жерде төрөлүп, өмүрүнүн акырына чейин көл өрөөнүндө жашап, бирок өзүнүн керээзи боюнча кайтып көчүп барып, сөөгү өзү туулуп-өскөн аймагы – Нарын тарапка коюлуптур. Ал эс тарткан мезгилинен баштап эле Боромбай манапка кеңешчи, Тилекмат элчиге устат, ал эми жаамы бугу элинин улуу-кичүүсүнүн сый-урматка арзыган акыл көрөңгөсү болгон экен. Анын акылысыз көл өрөөнүндө той-тамаша, жыйынжолугушуу, аш-үлпөттөр өтпөй, кеңеш-кепке алды менен Сарт Акеге чаап турушуптур. Көл боорундагы уйдун бөйрөгүндөй болгон кыргыз, уйгур, өзбек, орус, дунган, калмак жана башка ар кыл улут-урууларынан турган элин ынтымак-ырашкерчиликке, өз ара карым-катнашка чакырып, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, тынчтыкта жана бейпил жашоого, талыбаган эмгекке ча-

кырык таштап, жеке эле Кокон хандыгы, солто, сарбагыш төбөлдөрү эмес, казактар, кытайлар, орустар менен да кеңири ымалалашууга чейин элин үгүттөп туруптур. Ал үнүн өтө бийик чыгарбаган, жазыксыздан ар адамдын шагын сындырбаган, сыйурматты туу туткан чечен, кара сөзгө чебер, бирок сүйлөөр сөзүн «жети өлчөп, бир кескен», бет алышып баарлашкан адамды бал сөзүнө карк кылып рух-дөөлөтүн байыткан, оозунан балы тамган, көтөрүмдүүлүк менен токтоолукту пир туткан, бей-бечараларга койнун кенен ачкан, жамандык менен жакшылыкты алдын ала сезе билген, элден озунуп кеп баштабаган, уютулган эле алтындай болгон акылман адам болуптур. Кай бир кездерде нускалуу кебисөзүн, акыл-насаатын, таң-тамашасын, тамсил-табышмактарын, уламыш-дастандарын угууга ат арытып, жол карытып, алыс-жакындан келишкен сөз-кеп баккан, кепти асырап, күтүп-тута билген кары-жаштар түндүн тээ бир оокумуна чейин жанынан узай алышпай айланчыкташып, коштошуп кетүүгө диттери бара алышпай, дагы башкасын, андан дагы мурчтуу-чыктуусун угууга умтулуп турушкан болушат. Эртеси эле кайра башынан нарк-насилдүү сөз байлыктарынын көзү ачыла элек кендери казылып, куржундун оозу сөгүлгөн сайын улам жагымдуу сөз түрмөктөрү чубалып олтуруп, ал таң супа салганга чейин эч кимдин токтотуусуна кабылбай ар ирет уланып туруучу экен.

Акыл ээси болгон Сарт Аке түштүк урууларынан жер которуп келген байыркы Дөөлөс уругунун Толумандан тараган тукумуна кирет. Азыр «Кызыл уулдан» тараган ичкилик кыргыздардан Же-ти-Өгүз жергесинде «Беш айыл дөөлөс уругу бар» деген кептин так аныктамасы бар. Чындыгында эле Дөөлөс уруусу мындагы Жалгыз-Өрүк, Чоң-Кызыл-Суу, Аң-Өстөн, Ак-Дөбө, Боз-Бешик айылдарында жашап, күнү бүгүн да өз тирликтерин эл катарында кечирип келишүүдө. Эл оозундагы санжыралардын бирине кайрылсак, анда Толумандын кенже уулу Чулум күлүк ат, жорго тап-тап, ар мелдештерде байгелүү орундарды камсыз кылып келген жигит болот. Күндөрдүн биринде анын энчисине Анжиянда өткөн бир белдүү эле байдын тоюнда уюштурулган чоң ат чабышына катышуу укугу тийип калат. Ат чабышка Кокон хандыгынын дагы бир атту-баштуу акими өзүнүн күлүгүн коёт. Ат чабышка катышкандардын жоон тобунун купулуна ушул эки күлүк гана толот. Айткандай эле марага катышкан сан күлүктүн ичинен бул

эки күлүк куйрук улаш марага келишет. Бирок, тойго катышкандардын көпчүлүгү өзбек улутунун өкүлдөрү болгондуктан улам, болбой эле баш байгени өзбек акимине ыйгарып коюшат. Ич күптүүсү ичинде калган Чулум кандай болгон күндө дагы андан өч алууга белсенип калат. Ары ойлонуп, бери ойлонсо ага акимдин күлүгүн ала качуудан башка арга калбайт. Ага ай-апта аңдуу салып олтуруп, оңтоюн таап, күлүктү алганы келсе, жумалап кайтарууда турушкан акимдин жигиттери уктап калышкан болот. «Кудай мындай бербеспи» деген ой менен күзөттөгү жигиттердин улам бирин жай кылып олтуруп, эми күлүккө келсе, аны ээси бекем өрөөлөп, кишендеп коюптур. Күлүктү алып кете албасына жедеп көзү жеткен Чулумда күлүктү өлтүрүп кетүүдөн башка чара калбайт. Ал күлүктү жеринде мууздап туруп, окуя болгон жерден тезинен изин жашырып, атасы Толуманга келип, болгонкаткан окуяны төкпөй-чачпай айтып берет. Чоң чырдын башталаарынан күмөн санабай калган Толуман баласын сыртка качыруудан башка арга жок экендигин көз алдына алып келет. Айткандай эле таң супа салаары менен аким жер сыйпалап, күлүгүн кайтарган кароолчулары жана анын жандай сүйгөн «Кер кашкасын» белгисиз адамдар союп кеткендигин жар салат. Кокон ханы мындай ыпылас ишке барган баш кесерди тапкандарга чоң сыйлык чектээрин, ал эми баш кесердин өзүн болсо өлүм жазасына буюраарын жарыя кылат. Анын үстүнө аким дагы жалгыз гана Чулумдан шектенип жаткандыгын жашырбайт. Эми аңдуу түздөн-түз Чулумга түшөт. Айласы кеткен Толуман кезегинде туштүктө Ак үйлүүдө бирге кызмат өтөгөн Бугу уруусунун аттуу-баштуу манабы Алсейитке тил кат чүргөп, уулун түн жамынтып качырууга аргасыз болот. Кан досунун кайрылуусун Алсейит эки кылбай, теңкур-теңтуш Чулумду уулдары Бапа менен Жамангулга бир тууган кылып коёт. Ал эле эмес Алсейит ата бакма баласына чоң той өткөрүп, үй көтөртүп, аял алып берет. Мына ошол үч жүз жыл ашуун мезгилден тартып Чулумдун урпактары көл өрөөнүн түбөлүктүү жердеп келатышат. Кийинчерээк Чулумдун кокон акиминин «Кер кашка» күлүгүнө аралашып калганын уккан жергиликтүү эл ага бул аттын «кашкасын» кошуп айтышып, биротоло Чулумкашка атап жиберишет. Чулумкашка өз кезегинде Абышка, Зумбул, Булбул жана Кармыш деген төрт эркек балалуу болот. Сарт Аке болсо ушул төрт атанын Зумбул деген уулунан

тараган Байболот дегендин улуу баласынан экен. Байболоттон Доскулу менен Ырыскулу. Доскулудан Майрык, Чойрук жана Сартбай. Сартбайдын аты кийинчерээк кыскартылып Сарт, андан соң жаамы Бугу элинин жактыруусу менен Сарт Аке деп аталып кетет. Негизинен ал жайкысын Каркыраны жайлап, ал эми кышкысын болсо Түргөндүн ичинде кыштап, айтылуу Мойут Аке, Алдаштын Солтонкулусу, Жылкыайдардын Тилекматы, Олжобайдын Токсобасы, Меңмураттын Боромбайы өңдүү Бугу элинин чыгаан инсандары менен короосу коңшулаш, кою короолош олтурат. Сарт Акенин Ысык-Көлдү жердөөдөгү кыскача маалыматтары мына ушулар.

Күндөрдүн биринде Сарт Аке менен Мойут Аке Түптүн Чоң-Жайылмасындагы бир айылдан жолоочулап келатышып, күн кечтеп Каракол суусунун тайыз кечмелигин өңүттөп, кечип өтүп калышат. Эмнегедир Сарт Аке кечмеликте аалгалап, атын сугарган болуп күймөлүп, кулагын түрө кандайдыр бир добушту тыңшап, бир топко чейин ойлуу туруп калат. Аз турабы, көп турабы, айтор, Мойут Аке үн салганда гана ал чочуп кетет да:

- Жарыктыктыкы десе, кулак салсаңыз Мойут Аке мына береги дарыянын доошуна. Бул суунун өйүз-бүйүзүнө жакынкы эле келечекте күтүрөгөн чоң бир айыл эл конгудай. Тим эле бурканшаркан түшүп, күңгүрөнүп, сырдуу агып турганын айт,-деп тамшанып калат. Мойут Аке дагы анын оюн бузгусу келбей:

- Туура айтасың Сартбайым. Бул шаркырап аккан айбаттуу суу сен ойлогондой миңдеген тагдырларга эгедер, кезегинде калайык калың калкты өз айланасына олтурукташтырган жакшылыктын суусу болот экен,-деп анын ойлогон оюн, келечекти көрө билген көсөмдүгүн дагы бир жолу байкап коюптур. Мына ошол Сарт Аке күн мурун «калайык калың калк олтурукташат экен» деген айыл азыркы Каракол шаары турбайбы. Көрсө Сарт Аке өзүнүн Жараткан берген касиетинен уламбы, же Каракол суусунан алган кандайдыр бир биз туюп-билбеген таасириненби, айтор, күн мурун эле анын келечете чоң бир шаар болуп калаарын билип-туюп, алдын ала айтып коюптур.

Балбай баатыр Ормондун колуна түшүп, кулагы шыя кесилип, бир топ мезгил терең казылган ордо жатып калат. Хандын каардуу айбатынан апкаарыган Бугу билермандары эмнегедир Балбайды бошотуп келүүгө бир жыл убакытка чейин батынып

бара алышпай, «бул ишке бир жараса Сарт Аке жарайт» дешип, аны аттап-тондоп, бир жигитин жанына кошуп беришип, Сарбагыштардын айылына жөнөтүп калышат. Ормондун «Балбайга келген элчисин жан жигити менен бирге жай кылам, андан соң өзүн дагы жай кылам» деген опузасын алдын-ала уккан Сарт Аке Ормондун ордосуна келген соң, үстүлөрүнө келген жигиттеринен ханга дубай салам айттыртып, Ормон даярдаган ак өргөөнүн биринде жан-жакасына эч ким басып келбегендигинен улам жума бою өргүп жатып калат. Хандан бул убакыт бою дайыны чыкмак турсун, үстүлөрүнө дагы жан адам келип баш бакпайт. Бул сырдын түйүнүн алдын ала сезген Сарт Аке жан жигитине хандын болгон-каткан амалын, чоо-жайын түшүндүрүп:

- Эгерде хан үстүбүзгө кирип кала турган болсо озунуп тура калып, ийилип саламыңды айтпагының. Адетте, сырттан келген киши биринчи саламын өзү айтышы керек. Шап тура калып, анын саламына салам кайрып айтыш коркоктуктун, түркөйлүктүн, айласыздыктын белгиси,-деп эскертет. Бирок, эртеси хан таң куланөөк салаары менен эле алардын үстүлөрүнө күтүүсүздөн кирип келгенде хандын айбатынан апкаарыган Сарт Акенин жан жигити ордунан тура калып кол куушуруп, ханга кат-кат саламын айтып жиберет. Ал качан гана Сарт Аке көз карашы менен ыста атып өткөн соң кечээ кечте айтылган эскертүүнү көз алдынан чууртуп өткөрүп, эки жагын каранып, өз ордуна шып олтура калат. Ормон хан Сарт Аке менен ооз учунан гана саламдашып, бирок дароо эле сыртка чыгып кетүүчүдөй болуп сыңар тизелей олтуруп, ар кайсыл шылтоонун башын чаргытып, жума бою кирүүгө чолосу тийбей калганын айтып кечирим сураган болот. Хандын минтип жүйүртө басып, кыртышы сүйбөй турганын алдыртадан байкаса дагы Сарт Аке дароо эле сөз учугун саптап жибербейт. Бирок, Ормон хан Сарт Акенин келген-каткан чоо-жайын билип турганы менен өзүнчө кытмырланып, байкамаксанга салып:

- Кош келипсиз Сарт баатырым. Сөз сала олтуруңуз. Деги эл-журт тарап тынчпы? Көлдүк туугандарда эмине кеп бар?-деп калат. Анда кеп удулу келе калганын илгиртпей сезген Сарт Аке:

- Тынч эмей ханым. Бар болгону ат баспаган Көйкап тарапта суур өчүгүшүп кетиптир деп «каапырлар» бечара жаныбарларга көз артып жатышат. Анын сыңарындай алакандай көл башында

аттын кашкасындай болгон чакан Бугу эли бар,-деп сөзүн акыр-аягына чыгып-чыга элегинде эле кептин кайсыл тараптан боорго албарс миздүү канжар болуп сайылып баратканын айттырбай сезген Ормон хан Сарт Акеге «ак-көк» дебей, этек-жеңин кагынып, ичинен күбүрөнүп, коштошпой-этпей эле сыртка чыга жөнөйт. Барганынан келгени бат болгон байынын кыймыл-аракетине сарсеп салып отурган хандын улуу байбичеси кабатырланып:

- Ханым, тиги апта мурун ат арытып көл боорунан келген Сарт Акеңизге барганыңыздан келгениңиз бат сыяктанып калды го? Деги эмине кеп-келеч болуп кетти?- десе:

- Эмине кеп болмок эле? Тиги жүзү каранын кыйытып айткан кебинин акыр аягына чейин уклай ачуум келип чыгып кетпедимби,- деп калат. Анда сөз төркүнүн илгиртпей түшүнгөн хандын байбичеси кабатырланган маанайда:

- Каап ханым. Сөздү кыл акырына чейин угуп, андан соң гана бүтүм чыгарсаңыз болмок экен,-деп оозун карманып, олтурган ордуна сокудай болуп, золоюп олтуруп калат. Бирок, Ормон хан Сарт Акенин «каапыр» деп башбактаткан кебине жума бою ачуусу тарабай, ого бетер жаалы жаагына чыгып, «Арам гана катын бугу десе, тим койсо мени «каапырга» теңегиси бар. Деги алардын мени теңебеген эминеси калды?»-деп кирген бууpадай болуп, бир ордуна тура албай кирип-чыгып турат. Ошондой болсо дагы байбичесинин тилине көнүп, бирок табышмактуу тай сойдуртуп, Сарт Акеден өч алуу максатын көздөп, жан жигитине тайдын учасы менен ич этин көтөртүп, уча салынган табактын кырына устарадай курчутулган бычагын кошо салып, дагы бир жигитине кумганы менен чылапчынын көтөртүп, Сарт Акеге жөнөтүп жатып:

- Сен тиги «катын бугунун» баардык кыймыл-аракетине көз кырыңды саласың. Маа демектен ал учаны бычак менен бүтүн жесин, же болбосо четинен үзүп жесин, баары бир жан жигити экөөнүн, андан соң Балбайынын дагы башын аламын. Бул эт жөнөкөй эт эмес. Аны мен ага бир сыр менен тартып жатамын. Ошондуктан тиги Сартбайдын бардык аракетин байкап, аны чыпчыргасын коротпой мага айтып келесиң,-деп жөнөтүп жиберет. Табакты көтөрүп кирген жигит босогого бир аз күймөлүп, ал эми экинчи жигит меймандардын колуна суу куя баштайт. Сарт Аке эки колун бирдей жуубастан, бир колунун уч манжасын гана кичине нымдап, кол аарчыга аста сүртүнүп, дасторконго коюлган

учанын четинен бир тал үзүп ооз тийип, тиги жигитке «эми табакты артка алып кете берсең болот» дегендей ишаарат кылат. Табак көтөрүп киргенинен чыкканы бат болгон жигиттердин артынан көзүн саткан Сарт Акенин жан жигити бир башкача шыпшынып, улам-улам шилекейин тартынып:

- Кагылайын Сарт Акем ай-йе. Болгондо дагы өрүктөй болгон кысыр эмди тайдын эти экен. Жарыктыктын жытынан тим эле шаңылжаарың жарылат. Бекер кылган жоксузбу деги? Эч болбоду дегенде казы-картасынан бирден кесим ооз тийип калсак тишибизге таш тиет беле?-деп калат.

- Кеп дал ошондо болуп жатпайбы. Бул эт жөнөкөй эт эмес. Ормон хан аны бизди сынамакка тарткан. Этти тоё жесек да, тоё жебесек дагы үчөөбүздүн башыбыз топтой алынмак. Ошондуктан мен аны чыпчыргасын коротпой артка кайтардым,-деп калат. Сарт Акенин шылтоосу, же жөн гана амалданып жатканы экенине түшүнкөрөбөй калган жан жигити мурчуюп четке олтура кетет. Табакты бүтүн бойдон артка көтөрүп келген жигитинин муңайыңкы көз карашынан эле иштин чоо-жайын толук түшүнгөн Ормон хан желкесин кашыгылап, мыйыгынан күлүп:

- Капырай, ушундай дагы олуя адам болобу? Карасаң менин эмине ойлоп, эмине койгонумду ички сезими менен илгиртпей туюп, мен күтпөгөн жообун кайра кайтарып жатканын. Болбостур эми. Бул этти койчу-тайчыларга чыпчыргасын коротпой таратып бергиниң. Бирок, эртеңки ушул маалга карата дагы бир чыгаан тай союп, аны жакшылап бышырып туруп алып келесиң,-деп жан жигитин кетирип, хан өзүнүн өргөөсүнө кирип кетет.

Эртеси дал ошол маалда тай эти тартылган бууланган табагын көтөртүп, кечээки эле эки жигитин ээрчитип, саламын кат-кат айтып, Ормон хан Сарт Акенин үстүнө чогуу-чаран кирип калат. Эч нерсе болбогондой коюн-колтук ала учурашып, Сарт Аке дагы эчтекеден шек бербейт. Жандуу сөз чыгып, эки тараптын тең амандыгы суралат. Сөз арасында Ормон хан Сарт Акеден бир жума мурда башталып калган кебинин аягына чыгарып коюсун кайталап өтүнөт. Ошондо Сарт Аке «Жумуру башка бир өлүм. Болоору болуп, боёсу канды. Элчи менен жуучуга арга жок» деген сымал Ормон ханга тик бага караса, ал Сарт Акенин ашкере акылмандыгына, чанда адамга гана мүнөздүү айлакерлигине маашырлангандай жамажайы жайылып, чучуктан кыя кесип оозуна

салып, кеп кезегин күтүп калган экен.

- Оо ханым. Сиз билбеген кыргыз кыйырында жер дагы, коёндун жатагы да аз болушу керек. Анынсыңарындай, көлдүн алыскы сыртында Көйкап деген суурга бай жайлоосу бар. Суур бечара чээнге киргичекти каапыр илбээсин сымал зор жырткычтарга той түшкөнү түшкөн. Эгерде биртике осолураак кеп айтып койсом кечиргейсиз ханым. Болбосо Сиздин бийик даражалуу хандыгыңызга акаарат кылгыдай менин башым эки эмес да. Тек гана Бугу-Сарбагыштардын бир Кылжырдын балдары экенин, эрте-кечпи алардын ким-кимисинин ичтерине кек кетпесин гана эске салганым. Ансыз дагы Чагалдактын куну үчүн бир нече жыл катары менен бечара Бугулардын кайырын чайыр түшүрдүңүз. Ага дагы каш серпкендер чыккан жок. Баштарын жапырт ийип, алдыңызда жапырт олтуруп беришти. Жаңыдан гана башын көтөрүп келаткан Балбай деген кара чечекей жээниңиз (сарбагыш Атаке бийдин жээни дегени К.М.) бар. Анча-мынча тентектик кылды деген шылтоо менен бир кулагы шыя кесилип, жыл маалы сиздин колуңузда кармалып турат. Ачууңуз деле тарагандыр. Балбайдын башын азат кылсаңыз ала кетсекпи дегем. Болбосо хандын өкүмү баардыгыбызга шарт. Ошентсе да ага тезинен муңажат берериңизге ишенем,-деп ал Ормонду караса, хан «Ырас айтасыз. Сөз эмес бекен. Ого эле бийлигимди ашыра пайдаланып жиберген жокмунбу?» дегенсип, күнөөлүдөй бутунун башын тиктеп, жада калса башын өйдө көтөрө албай кызарыптатарып олтурган экен. Аны алдыртадан байкаган Сарт Аке «Ханымдын чалмага илине турган жери ушул белем» дегенсип, аны аңтара салып мактоого алып:

- Эл ичинде тентеги да, жөнтөгү да болот экен ханым. Балким бул чечимиңиз Балбайга сабак болуп калгысы бардыр. Дегинкиси сиздин талабыңыз хан катары эки болбогону ийги. Эми Сиздин жаман жээниңиз алдыңыздан кыя өтпөс болуп калды го,-деп барып токтоду. Ормон дагы Сарт Акенин мындай жүйөөлүү пикирине муюп, ичтейинен моюн сунган болуп, Балбайды тезинен бошотуу керектигин жигиттерине буюруп жиберди. Бирок, ошондой болсо дагы анын көкүрөгүнө жеткен сакал-мурутун алдыртып, жуунтуп-тазалантып, кийимин алмаштыртканга ал үлгүрбөй калды. Колу-буту кишенделген Балбайды эки бирдей олбурлуу жигит далдаңдатып, бири жетекке алып, ал эми экинчиси болсо

артынан күчкө салып түртүп кириштн. Бир аз өңүнүн эле азыңкы тартканы болбосо, эмнегедир анын көздөрү баштагыдан дагы сүрдүү, чычаладай болуп жалжылдап күйүп, жаалы жаагына чыгып, канда-бектен кайра тартпас абалга келип алыптыр. Боз үйдүн астанасын жөн аттабай, иреге жыгачын капшыра басып, төрдө олтурган Сарт Акеге гана баш ийкеп учурашып, ал эми Ормон ханды «ит көрдүңбү, куш көрдүңбү» дебей, саламын дагы айтпай койду. Хандын сөзү эки болбой, тезинен Балбайдын бутундагы кишени алынды. Эми Ормон ичинен бүлкүлдөп, андан көзүн албай:

- Иттин гана баласы десе. Карасаң каадалуу кишидей болуп мышык айбатын кылып турганын. Мурдуңдун суусу жеткен чыгаар алды? –дегенсип, аны кош карегинин огу менен атып жатты. Балбай дагы ага көз карашы менен жооп катары:

- Алды менен өзүм катылбаймын. Бирок, катыла турган болсоң тай-пайыңа карабай туруп нечен ирет катыгыңды берээрмин,-деген сүрүн көрсөтүп тургансыды. Муну көрүп, Балбайдын кабак-кашынан анын оюн айттырбай окуп олтурган Сарт Аке мыйыгынан жылмайып:

- Кайран гана көкжалым. Баатыр бул дүйнөгө бир ирет келип, бир гана ирет кетет. Эркинди Ормондун опузасы менен ору майтара алган эмес экен. Алды канатың карыкпасын,-деп ак батасын берип жаткансыды. Балбай менен Сарт Аке мындан караанын үзгөн соң хандын байбичеси байына кабатыр абалын билдирип:

- Ханым бул ирет Балбай жээниңе өтө эле туура эмес мамиле кылып койдуң. Алды анын сакал-мурутун алдыртып, жуунтуп-тазалатып, кийим-кечегин жаңылатып, буту-колундагы кишенин чечтиртип койсоң болмок. Сен эмнегедир Балбайдын сенин алдыңда кул эмес, баатыр экендигин эсиңден чыгарып койдуң. Балбайды мында алып киргенде башка эмес, хан башың менен сен дагы ордуңдан обдулуп алдың. Бул да болсо сенин хандыгыңдан анын баатырдык сүрүнүн күчтүү, мол экендигинен кабар айтып койду. Анын жүрөгүнүн жедеп үшүн аламын, майтарамын деп жатып, кайра кайыштай кылып бекемдеп коюпсуң. Көрдүңбү, анын боз үйдүн астанасын аттап кирээринде анын босого жыгачын жапшыра басып киргенин. Ошондуктан ашкере опузаңа салып, аны куру-бекер коркутамын дебей, үстүнө үртүк жабып, астына ат мингизип, аял алып берип кетирсең болмок.

Эки бир тууган элдин ортосуна биротоло жарака түшүп калды окшойт. Баса, анын карааны көздөн кайым болгончо көзүмдү карыктырып карап олтурдум. Чунак бала десе, артына бир кылчайып караган жок. Бул дагы болсо анын эркинин сынбагандыгы, майтарылбагандыгы, сенден коркуп-үркүп калбагандыгы. Аны сен орго салып коркутамын деп олтуруп, опсуз чыйралтып алдың. Ал болду-болбоду дегенде сага кек сактап, өч алуунун жол-жобосун оюна салып кетти. Эми андан сак болбосоң болбойт байым,-деп хандын байбичеси жанатадан баштаган калыбет сөзүн ойлуу жыйынтыктап койду.

Сарт Аке көбүнесе айтылуу Көкөтайдын ашы өткөн Каркыра жайлоосун жайлачу болот. Аны менен бирге жайлоого чыккан Алдаяр Мойут Аке, Алыбайдын Солтонкулусу, Жылкыайдардын Тилекматы, Чоң таман Намазбек өңдүү бир катар тың чыкмалары шерине тамак ичишип, каадалуу сөзгө карк болушуп, сыйлуу аш үстүндө күн алыс кездешип турушат. Адеттегидей эле бул өңдүү кечтерде санжыра-санат, тарых-таржымал, акыл-насаат кептери көп айтылып турат. Күндөрдүн биринде мында олтургандардын сакалдуусу Мойут Аке кеп тизгинин өзүнө алып, жан-жакасын каранып:

- Бул жалганда эмне өлөт да, эмне өлбөйт?-деп эт үстүндө табак тегеренгендерден сурап калат. Кымыз ичип, беш бармак жеп олтургандардын ким-кимиси ар башкача ой жоромолдошуп, билген-койгондорун ортого салган болушат. Бирок, эч кимисинин жообу Мойут Акени ынандырбаган соң Сарт Аке мыйыгынан күлүп минтип калат:

- Тилекке каршы силер айткандардын баарысы өлөт. Өлбөөчү бир гана нерсе бар. Ал жакшынын сөзү менен жазып калтырган каты өлбөйт. Туура чечилген жандырмакка курсант болгон Мойут Аке Сарт Акеге кайра бир ирет кайрылып:

- Анда Сартым, бул жашоодо эмнеге айла бар да, эмнеге айла жок? -деп кайра суроо узатып калат. Олтургандардын арасынан Сарт Акеден мурда эле озунгандардын бирөө:

- Өлүм менен зомбулукка, анан доочуга айла жок да,-деп калат. Анда Сарт Аке анын кебин бир аз тууралап:

- Мунуңуз дагы жалган эмес. Бирок, ошонун ичинен өлүм менен жаманга гана айла жок,-деп кошумчалайт. - Өлүм келгенин го көрүп-багып жүрөсүңөр. Ал эрте-кечпи ар бирибиздин башы-

быздан өтөөрү ылаазым. Аны көтөрбөскө ким-кимибиздин чарабыз да, чаркыбыз дагы жок. Эң опурталдуусу, «жамандын» гана айласынын жоктугу. Аны оңой менен оңдоого алууга, түздөөгө болбойт,-деген экен.

- Ал эми кимди байдын катарына кошсок болот?- деген суроого ал илгиртпей төмөндөгүчө жооп кылыптыр:

- Бул жалган дүйнөдөгү заманың курусун. Сан жылкылуу бай бай эмес, керек болсо анын күтүрөгөн малы да ашып эле кетсе бир жуттук болот. Акыр түбү келип эле өлбөчү байлык, бул сенин акыл-көрөңгөң, даанышман сөзүң, сени колдоп-буттаар, артыңдан жөлөп-таяр бала-чакаң. Кут даарыган кенен дасторконуң менен кенен-чонон пейилиң. Мындан артык сага байлык барбы бул дүйнөдө? -дептир. Сөз дароо эле билинбей Мойут Акеден Сарт Акеге ооп, мында олтургандардын улам озунганы Сарт Акеге суроо артынан суроо жаадыртып жатышып, таңды апаппак аткызышкан экен. Дагы бир көп чогулган жыйында кезектеги суроо жолдогондордун бири:

- Адам баласы качан кубанып, качан кайгырат, ушуну жөндөп түшүндүрүп берсеңиз Сарт Аке? - деп калат.

- Кубанычың сенин тукум көргөн учуруң. Ал эми көңүлүңдү көргө сүйрөөчү кайгы-капаң болсо ошол тапкан наристечүрпөңдүн көз алдыңдан учуп кетиши болот,-дептир Сарт Аке.

- Ал эми тууган менен душмандын айырмасычы?-десе:

- Күбүң-шыбың кеп душман. Ачык айткан сөз тууган,-дептир.

- Өлүм менен тирүүлүктүн айырмасы эмнеде? -дегенде:

- Тирүү жүрүп өлүк болгондон, өлүү болуп тирик болгон иш артык. Атың чыкпай тирүүлүгүңдө жаманатты болгондон көптүн санын көбөйтпөй эртелеп өлүп алганың эле артык эмеспи. Ал эми сен өтүп кеткенден соң артыңда санжыргалуу кебиң калса, ал сенин түбөлүк тирүүлүгүң эмегенде эмине?-деп жооп берип, аларга нарк-насил иретинде мына бул уламышты кошо айта кеткен экен:

- Күндөрдүн биринде мен өңдүү сексен таяган чоң атасынын сакалына беш-алты жашар небереси жабышып, аны улам күчтөп жулмагылап: -Ата сен качан өлөсүң? -деп кайра-кайра сурап жатат дейт. -Ээ койчу балам, кудай буйруган күнү өлөм да,-деп небересин улам өзүнөн ала качып, бейбашын өзүнөн нарыраак оолактатып, ооруксунган сакалынын түбүн аяр сылагылаган болот. Анда деле болбой бейбаш небереси эркелеп, жанагы башта-

ган суроосун кайра-кайра жаңылап бере берет. Ошондо ачуусу келе түшкөн аксакал:

- Балам, мен сен өлгөндө өлөмүн,-деп жиберет да, алды-артын каранып, эрдин кесе тиштенип олтуруп калат. Алды менен жанжакасында олтурган байбичеси, ага кыркаар олтурган уулкелини, кирген-чыккандар анын мындай осол жообуна таң калып, тарс жыгылышып, «карыган гана чал десе, наристе баланын суроосуна тыңдуулап эле жооп берип койбойбу»? -дегенсишип, эми үндөрүн бек-бек чыгарышып, карыяны жекире карап калышат. Чыдамы кетип бараткан байбичеси дагы ага:

- Олда чалым ай-йе, сен экөөбүздө эчкинин жашындай эле жаш калбады беле. «Атаныкы ок, эненики бок» дейт. Сөзүңдү кайра алгының, кайып-каскагынан береги бармактай балаңа орунсуз айткан кебиңдин айдыңы тийип калбасын,-деп калдаландап калат. Анда уурттунан жылмайган карыя кемпиринин, мында олтургандардын баарысынын көңүлүн өзүнө буруп:

- Олда бечара кемпирим ай-йе, эч болбоду дегенде асыйын алтымыштан ашкан сен бул сөздү баалап, бага билсең болбойбу? Кантип эле ушул чырпыктай болгон неберемдин менден мурда өтүп кетүүсүн каалайын? «Сен өлгөндө өлөм» дегеним, куран окулуп алакан жайылбай, аты-жытым чыкпай калса мен өлбөгөнүмдө ким өлөт? А эгерде менин жашыма жетип, бул неберем менин куурай баскан көрүстөнүмдүн башына барбаса дагы, үйүндө эле олтуруп, алакан жайып, мага багыштап куран окуп койсо менин тирүүлүгүм эмей эмине?-деген экен карыя. Анын сыңарындай менин өлбөстүгүмдү артымда калган силер, балачакам ырастап, атымды чыгарып турсаңар эле менин өлбөгөнүм ошол болот да,-деп бул аксакалдын сөзүн кайра кайталаптыр жарыктык Сарт Аке. Күндөрдүн биринде бир карыя ага кайрылып:

- Сарт Аке сизди калайык калк сөз атасы, таңдайынан чаң чыккан чечен адам катары баалашат. Айрым бир аңгемедүкөндөрүңүзгө күбө да боло калып жүрөбүз. Жандап жүрүп сизден жагымдуу кепти көп уктук. Бирок, чечендиктин маанимаңызы туурасында эмнегедир кайпактатып, так-кесе айтпай келесиз,-дегенинде:

- Чечендик өнөрдүн көп кырлуу түрү болот. Шатырата, шайдоот сүйлөгөндүн баарысы эле чечен эмес. Чолуп, чочондоп, акыл айтымыш болгондун баарысы эле көсөм эмес. Эгерде сенин

саймедиреп, таңдан кечке ойду-тоону опуруп айткан кебиңден данектин бүдүрүндөй болгон кайтарымын ала албасак, анда эле кебиңдин чалчык болгону деп эсептей бер. Ал эми кеп-сөзгө кулак төшөп олтургандардын алдында алардын көңүл кушун көкөлөтүп, ар бир айткан сөзү-кебиң кыт куйгандай болуп, бутага таамай тийип турса, анда чечендик чеберчилигиңдин табында турганы. «Айтылган сөз, атылган ок» дешет. «Ойлонбой сүйлөсөң, онтобой ооруга туш келесиң». Кеп-сөз баштоодон мурун «Жети өлчөп бир кесип алганың» шарт. Антпесең, кеп майданында өзүңдү бир аз кемирээк сезип калышың мүмкүн. «Өзүңдү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойлоп жүр»,- дептир ал макал үстүнө кайра макалдантып.

- Дүйнөдө үч таттуу, үч арсыз, үч алыс, үч максат болот деген сөздөр айтыла калып жүрөт эл арасында. Мүмкүн болсо аларды бирден талдап, чечмелей олтурсаңыз,-десе Сарт Аке жамажайы жайылып, алды-артын кылдат каранып:

- Үч таттуундун алгачкысы жандын таттуулугу, экинчиси малдын таттуулугу да, үчүнчүсү жардын таттуулугу. Ал эми үч арсыздын бири бул кадимки эле уйкунун арсыздыгы. Күлкүнүн арсыздыгы менен тамактын арсыздыгы дагы бар. Алды уйку менен күлкүдө ар болбойт. Кандай болгон күндө дагы кызыл кекиртекке тамак оозанбай коё албайбыз. Тамактын арсыздыгы дегеним ошондон улам. Жанагы үч алыстык жөнүндө дагы айттың. Бул биринчиси, жер менен асмандын аралыгынын алыстыгы. Экинчиси карылык менен кырчын курак жаштыктын алыстыгы. Ал эми үчүнчүсү болсо, жакшы менен жамандын алыстыгы эмей эмине? Ал эми үч максатыңды мен мына мындай түшүнөмүн. Соода кылган адам албетте уткусу келет. Жолго чыккан киши кандай болгон күндө дагы мелжеген жерине жеткиси келет. Ал эми доого калган адам аны тезинен бүткөргүсү келет. Демек, төмөндөгү үч максатың бул: утуу, жетүү жана бүтүү эмеспи,- дептир. Анда дагы бир уй мүз тарта олтургандардын бирөө:

- Жети жут менен жети жетим тууруасында дагы айта олтурсаңыз десе, Сарт Аке ага дагы бурчатпай:

- Суроонду аягынан жогору көздөй чечмелеп берейин. Тыңдалбаган сөз жетим. Төркүндөн айрылган кыз жетим. Ээсиз калган жер жетим. Башчысы өлгөн, акыл-эс калчачусу калбаган эл жетим. Жеринен безген эр жетим. Ак куусу жок көл жетим.

Кемпиринен ажыраган чал жесил. Ал эми «жети жуттун» алгачкысы бул кургакчылык. Андан кийинкилери малдын жуту, жандын илдети, капысынан болгон өрттүн чыгышы, согуштун болушу, селдин жүрүүсү, зилзаланын болушу,-дептир. Жоопко ынанган береги замандашын көзүнүн кыйыгы менен карап, анын жедеп ынанганына маашырланып, Сарт Аке сөзүн токтотпостон анысын кайра мындайча улантыптыр:

- Эл оозунда дагы «жети карып» жөнүндө накыл кеп бар. Баатыры жок эл карып. Түшүм бербеген жер карып. Эңкейип, төшөк тартып калганда кемпиринен айрылган чал карып. Издеп алаар төркүнү калбаган кыз карып. Укпай калган сөз карып. Арыгы кургаган коо карып. Канаттуу конбогон зоо карып да, жайкалган төрү болбогон тоо карып,-деп сөзүн жыйынтыктаптыр. Анда дагы Сарт Акенин урунттуу акыл-насааттарын, накыл кептерин уланта берүүсүн каалаган жан-жакасындагылары:

- Сарт Аке бул мусулман дүйнөсүндө «үч кайыптын» бар экендигин ар ким ар түрдүүчө чечмелеп айтып жүрүшөт. Бул кайыптардын Сиздин түшүнүктөгү жандырмагын биле кетсек ашыкча болбос бекен десе:

- Туура айтасың иним. Менимче эл арасында «кайып дүйнөсү» деген түшүнүк бар. Ал таптаакыр эле бизге жат нерсе. Көбүнесе ал түшүнүк жомоктордо, эл оозунда уламыш, санжыра катары айтылып келатат. Мисалы, Семетейдин кайып болуп кетишин эле алалы. Биз аны тиги сен сураган «үч кайып» менен түк чаташтырбашыбыз керек. Ал эми сен сураган «үч кайыптын» биринчисин «дидар кайып» деп коюшат. Кудай эш көрбөсө мына минтип биз чогуубуз менен бүгүн дидаарлашып олтурбайт элек. Экинчиси, «ырыскы кайып». Бардыгыбыздын ырыскыбызды Жаратканым бүгүн кечте бир дасторкондон кошуп олтурат. Болбосо, араңарда көлдүн төрт тарабынан келген жигиттер отурасыңар. Ырыскы буйруган үчүн мына минтип бет алышып, бир тайдын этин чогуу жеп, үй ээсинин ак дилден жайылган дасторконунун сыйын бирге көрүп жатабыз. Ал эми үчүнчүсүн болсо, «нике кайып» дешет. Мен «нике кайыпка» эл оозундагы дагы бир санжыра аркалуу кыскача токтоло кетейин. Көңүл буруп, чогуучаран уга олтургула:

- Мындан чейрек кылым илгери ушул эле көл кылаасынан дагы бир алабарман бой жигит өзүнө теңдүү жар издеп,

көлүбүздүн өйүз-бүйүзүн бөртүп калат экен. Ал апта бою жол кезип, айыл-апаларды тегиз кыдырып, чаалыгып-чарчап, аты дагы арып-ачып, дагы бир күн кечтеп баратканында жатакчылардын эле бир сайма алачыгына туш келип калат. Үй ээси жолоочулап келаткан кудайы коноктун чоо-жайын сурап, колдо бар сыйын көрсөтүп, төрүнө төшөктү калыңдап салдыртып берип, жаткызып коёт. Жылдыз толгон учурда сырттан үй ээсинин абалап иттери үрүп, дагы бир кудайы конок үй ээсинен түнөк жай сурап кайрылып калат. Жарды-жалчы жашаганы менен казанаягы кенен бул үйдүн ээси анын дагы атын алып жайына коюп, үйүнө чогуу киргизип алып, аялын тургузуп, ага чай-пайын койдуртуп, конок камын көрүп калат. Ал-жай сурашып, аркыберкиден кеп урушуп, өз ара таанышкан соң кудайы конок береги төргө төшөгү салынган, тура калып жылуу-жумшак учурашкан жигиттин чоо-жайын сурап калат. Аңгычакты бешикте жаткан эмчектеги бала ыйлап, анын энеси наристе менен алагды боло баштайт. Бирок, береги жигит жооп берип үлгүрө электе эле үй ээси жолоочунун ал-жай сураган сөзүн туурадан бузуп:

- Жакшы эле сөз болбодубу карыям. Кеч болсо дагы кеп-сөз салыша олтуралы. Сиздей даанышман адамдардан сөз угуу биз үчүн чоң бакыт эмеспи. Келиниңиз экөөбүз былтыр ушул маалда үйлөнүп, бир кыздуу болгондо үйдүн улуусу катары биротоло бөлүнүп чыкканбыз. Эл катары эле мал асырап, жер иштетип оокат-кече кылган болуп жүрөбүз. Анан калса үйүбүз айылдан кыйла окчун жайгашкандыктан улам, тууган-уруктарыбыз, телитеңтуштарыбыз менен тез-тез кездеше албай, сагынышып калабыз. Ошондон улам кеп-сөзгө дагы курсант болуп калат экенсиң. Мына бул жигит болсо өзүнө өмүрлүк жар издеп чыккан инибиз экен. Көлдүн өйүз-бүйүзүн жума бою кыдырып, өзүнө ылайыктуу түгөй таба албаптыр. Эмнегедир көл аймагынан көз токтогон сулуум чыкпады дейт. Эртең таңдан туруп, Казак тарапка жол тартсам,-деп турат деп калат.

- Ок,-деп чочуп кетет береги карыя. - Алыстан аял издеп башы шишиптирби? Жатпайбы алуучу түгөйү тиги бешикте. Сен жигит эч жака чарпылбай-этпей эле артка кайтканың эп. Сенин никең дал ушул бешиктеги кызга түшүптүр,-деп кошумчалап калат. Жылуу башталган сөз капысынан муздак токтоп, андан ары уланбай калат. Жолоочулар орун алышып, биликтеги шам өчүп,

жай-жайларына жатып калышат. «Эртең-бүгүн эле аял ала коём» деп шашылышынан аттанып чыккан береги жигиттин деми бир заматта суу сепкендей сууп, айласы алты кетип, таңды-таң аткычакты кирпик көзүн какпай чыгат. Анан калса:

- Бешикте жаткан береги наристе кыз качан бой жетип, качан мага аялдыкка жарайт? Мен муну күткүчөктү чачымды ак аралабайбы. Карыган гана кексе чал десе. Деги айтаар кебин чындыкка жакындатып айтпайбы. Андан көрөкчө бул кызды ушунчасында тындым кылып, жолумду андан ары улайын. Жүзүң менен куруп кал сен. Мен дагы түз акыл-насаатын айтуучу даанышман карыя десем, ортого чагым салгандан башканы билбеген наадан киши турбайсыңбы,-деп ичинен өз алдынча ой өрүп, сыртка чыгып мамыда турган атын шашылыш токулгалап, чөнтөгүндөгү кестиги менен кыздын жука чурайынан төшүнүн күлүгүнө чейин шара тилип качып чыгып кетет. Бешиктеги кыз чырылдап-чыркырап ыйлап, боз үйдөгүлөр тиги жигиттин сыртка атып чыкканын артынан көрүп калышат. Дал ошол кызга алиги көйрөң жигиттен «нике кайып» буюруп, арадан он төрт жыл өткөн соң ошол кызга үйлөнүп жатпайбы. Адеттегидей эле жаңы келген келинге ак жоолук салынып, көшөгөгө олтургузулгандан кийин эки жарга жакшылык кааланып, нике кыйылып, мал аталып союлуп конок камы көрүлүп, тээ түндүн бир оокумунда барып эки жар бир төшөккө жатып калышат. Жаңы алган аялын тиги жигит жарык өчүп, төшөккө жатаары менен эле сылап-сыйпагылап, айдай жүзүнөн аймалап, аруу сөздөрүн атап айтып, коюнундагы жаш келинди эки дүйнөдө колуна көтөрүп өтөөрүн божурап кирет. Бир оокумда ал аялынын кош алмасына чейин колдорун агытып, аларын эми киндигин көздөй аста жөнөтүп, эми гана махабаттын туу белине жетем го деген чагында кыздын ичинде оролуп жаткан жылаанды кармап алгансып, жаткан ордунан атып туруп, бет алды эле чыгып, чуркап жөнөйт. Аңдуугa алышып, шыңкылдашып боз үй сыртында сүйүнчү күтүп олтурушкан баланын жеңелери боз үйдөн көйнөк-дамбалчан октой учуп чыккан кайнисинин артынан араң дегенде кууп жетишип, токтотууга үлгүрүп калышат. Аябагандай чочуп калган береги бозой «жылаан, жылаан» дегенден башканы айта албай, дабдырап барып бир оокумда эси ооп жыгылат. Жеңелери дагы эч нерсе түшүнө алышпай, аң-таң болушуп, дел болуп туруп калышат. Окуянын чоо-жайын билүү үчүн

сүйүнчү күтүп зарыгышкан байкуштар шашып-бушуп кыздын үстүнө киришсе, бечара кыз жаңы салынган апаппак төшөнчүнүн үстүндө көл-шал түшүп ыйлап олтурган болот. Ай-буйга келтирбей эле алар ага суроо үстүнө суроо узатышып, кызга кадимкидей сурак жүргүзүп жиберишет. Ошондо кыз ый аралаш окуянын болгон-каткан чоо-жайын баштан аяк айтып, анын бешикте жаткан кезегинде аял издеген бир көркоо жигит алыска жол карыткан бир жолоочу карыянын кыйшык айткан сөзүнө теригип, ичин шара тилип кеткенин, өзү алда-жалда менен барып мал болгонун, ал жараты уламдан улам карттанып олтуруп кудум жылаандын түрүндөй болгон жагымсыз жал бүткөнүн айтып:

- Менин мындан башка силерге айтаар-дээр эч нерсем жок. Актангым да келбейт. Болбосо кыз затымды өмүр бою акактай тунук сактап келгемин. Абийир-арды бийик тутканым туткан. Эгерде менден айып тапсаңар эртелеп төркүнүмө жеткирип койгула,-деп сөздү кабыргасынан коюп калат. Боз үй сыртына апкелип бийиктеп салынган төшөккө эс алдырууга жаткырылып, жаңыдан гана эсине келип, ичкериден чыккан бул кепти таамай уккан береги жигит эми жаңы алган аялынын үстүнө жүгүрүп кирип, анын алдына кош тизелеп чөгөлөп, ый аралаш кечирим сурап, жанталашып:

- Эки дүйнөдө күнөөлүмүн алдында. Кечире алсаң кечиргиниң мени. Дал ошол сен айткан «көркоо жигит» мен болучумун. Береги карыя «Сага жар болуучу кыз бешикте жатпайбы, нике кайып сага мындан башка кыздан буйрубайт»,-десе өз кезегинде ишенген эмес турбаймынбы. Көрсө «нике кайып» деген чын нерсе турбайбы. Кечир жаным,-деп аялынан кат-каттап кечиримин сураптыр.

- Жакшыдан жаан, жамандан мөөн дешет Сарт Аке?–десе:

- Туура, жакшы атадан жакшы бала туулат. Жакшы деген сөздүн өзү эле жакшы. Жакшы тукум көктөн көнөктөп жаап турган жамгыр сымал айлана-тегерегин тегиз жашылдандырып, жууп-чайып, көркөмүнө көрк кошуп, акактай кылып тазалап турат. Жакшы тукумуң дегдеңдетип көргө эмес, сый-урматтын үстүндөгү төргө сүйрөйт. «Жакшыда жалуу, жаманда каруу жок» деген сөз да ошондон калган. «Жаман болуу бир паста, жакшы болуу аста-аста». Жакшы болуш үчүн түбөлүк аброй-ар топтошуң керек. «Жамандан мөөн» дегени андан жакшы тукум чыкпай,

көптүн санын толтуруп, амандыгына курсант болуп жашап өтөт дегени. Ошол эле мезгилде бул макалдын тетири түшүнүгү дагы бар. Анда мындай делет:

- Жакшыдан мөөн, жамандан жаан,-дегени бар. Жакшынын баарынан эле жаан туулбайт. Жакшы адамды жаманатты кылган тукуму дагы аз болбойт. Ошол эле учурда жаман атасын төргө сүйрөгөн, жакшы атасын көргө сүйрөгөн балдарды көрбөй-билбей жүрөсүңөрбү? Жакшы баласы менен жаман ата да чексиз бактылуу болот.

- Адамдын он эки мүчөсү бар,-деп калышат. - Алар кайсылар экенин айта кетсеңиз?

- Бар эмей. Кыргызда он эки мүчөсү түгөл деп соо-саламат адамды айтышат. Ошондон улам ага ар ким ар кандай маани берип келишет. Менин баамымда баш атасы-мээ. Чач атасы–жабуу. Өң-түс атасы–бешене. Кабак-каш атасы–көрк-ирең. Көз атасы–элес. Кулак атасы–добуш. Мурун атасы–жыт. Бет-келбет атасы-чырай. Өпкө атасы–дем. Таңдай менен көмөкөй атасы–даам. Бел атасы–жөлөк. Тил атасы-өмүрү өлбөгөн сөз. Жүрөк атасы–тиричилик. Кол-бут атасы–кыймыл аракет. Өпкө-жүлүн, боор-бөйрөк, ичеги-карын атасы болсо– жашоо-тирлик. Эгерде ушул мүчөлөрүндүн бири эле кемип кала турган болсо, анда жашоондун пайдубалына доо кеткени ошол. Бул өзү бак-дарактын бирди-жарым бутагын ыксыз кыйып койгондо куурап калган шагына барабар нерсе эмеспи,-дейт.

- Ата жакшысы акыл, ата жаманы жакыр?-дешет десе:

- Жакшы ата үйдүн куту, уюган ырыскы, алтын. Жакшы атанын ой-чабыты кенен, акыл көрөңгөсү терең болот. Алысты көрө билип, ата уулун эл-жер тааныттат. Жаман жолдон адаштырып, жакшыга жанаштырып коёт. Ал эми жаман ата болсо алды бала-чакасына бакты-таалай, ырыс-кешик ыроолой албайт. Казаны аш-ка толбой, бүлөсүнүн көзү ар күнү жашка толуп турат. Күнүгө үйүнөн чыр-чатак кетпей, андан ырыскы, оомат жаа бою качат. Жаман адам ыпылас кепке, жоболондуу жорук-жосундарга үйүр болуп, «Жоорго шыйпаң үйүр» болгонсуп, тегерек-белинен жоо күтүп эле жашап өтөт. Эл караган жүзүңдү жер каратып коёт. Жамандын кеби-сөзү, жагымсыз айдыңы тийип калбаш үчүн андан жаа бою качып турганың шарт. Анан мындай ата жакыр болбогондо ким жакыр болот?-деп суроо берген адамдын өзүнө кайра

мындай жөндүү суроо узатып:

- Келин-кыздын жакшысы менен жаманы эмнеде?-дешет. Ага мен минтип жооп берээр элем:

- Жакшы келин жабылуу аяк. Үйдүн куту. Акылдын кенчи. Жарына өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон сапарлашы. Ал жаман эрди жакшы, жакшы эрди даанышман кылат. «Катын жакшы эр жакшы, обозгер жакшы хан жакшы» деген сөз да ошондон калган. Жакшы аялың сокурду көздүү, дудукту сөздүү кылат. Ал эми жаман аялың болсо бийик боюңду пас, бир тууганыңды бир заматта кас кылат. Жаман келин жакшы эрин да жаман кылат. Эл караган жүзүн жер кара тат. Этек-жеңин тыңдуулап бүрө албай, ички бөлмөсүнүн шыпырындысын сырткы бөлмөсүнө чыгарып жыйнап турат. Тамак куйган чөмүчү менен ит-мышыгына тап берип, ал эле эмес анысы менен жаза-буза уруп өтүп, кайра келип аны менен сага тамак куюп берип, көңүлүңдү ирээнжитип, кускуңду келтирет. Үйүңө ырыскы токтотпой, аны аркан бою качырып турат. Ал эми «Кыз жакшысы кымбат» деп койгонубуз бекер жерден келип чыкпайт. «Жакшы кыз жабылуу аяк» эмегенде эмине? Анын энеси дагы жакшы болот. Ошондон улам акылман элибизде «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт» деп жүрүшпөйбү. «Эне көргөн тон бычат, ата көргөн ок жонот» дегендей уз аялдан уз кыз чыгат. Жакшы жатындан жакшы түйүлдүк алып, жарык жашоодон жакшылыкты көп көрсө, таалим-тарбияны канык алып, тал чыбыктай буралып өссө, ал кызга көз түшпөгөндө, анан кандай кызга көңүл түшөт? «Кыз жаманы–кыроо» дешет. Ал дагы таңкы бак-даракка, өсүмдүк бүткөнгө, чөп-чарга түшкөн, чаң баскан кыроо сымал артынан дайыма кылапат кеп-сөзүн ээрчитип жүрөт. Колунан эч нерсе келбей, бир этегин үзө, бир этегин жаза басып, тийген эрине кор, анын колубутуна өмүр бою бүткөн чор болот. Андай кыздын артынан кара көлөкөдөй болуп жамандык гана бучкактап ээрчип, эрин кепке келки, сөзгө сөлпү кылат. Жаман катынга башың байланып, ага өмүр бою кор болгончо, жайдак ат минип, өмүр бою бойдок өткөнүң артык. «Обозгер жакшы хан жакшы, катын жакшы эр жакшы» деген сөздүн жакшы вазирдин жаман ханды жакшы кылышы, акылы тунук аялдын акылсыз эрин акылдуу адамдардын санына кошуп коюсу айтылгандай эле нерсе. «Катын жапа ит упа» деген сөздүн дагы маани-маңызын чечмелей кетейин. Ал

көбүнесе жеңил ой, аягы суюк  аялдарга таандык болот. Эрин өйдө каратпай, жер каратып, улуу боюн бийик кылбай, пас кылып турган аялга караганда үйүндү кайтарган сыр билги итиң упа болбогондо сага эмине упа болот?

- Атанын үч уулу болот,-дешет?

- Туура, атага тең, атадан кем, атадан артык уул төрөлөт. Атага теңи атасын жаманатты кылбай, анын көчүн ырааттуу улантып, жөн билги мамилеси менен кубантып турат. Атадан кеми ар жерде сүйрөткү болуп, атасынын эл караган жүзүн жер каратып, этегин эзели эки кылбайт. Эч кимдин чекесин торсойтпойт, жылытпайт. Андай бала өзүн да, өңгөнү дагы жарытпайт. Атадан артык бала жеке эле атасын эмес, эли-жеринин даңазасын-даңкын чыгарып, каадалуу кепке карк кылып турат. «Уул жакшысы - урмат» дегени дагы ошондон улам. Ал эми атадан кем уулуң болсо башыңа чыккан, торсоюп толуп турган эле чыйкан болот. Жылаанды өмүр бою түздөй албаган сымак эле аны дагы эзели ийге салып түздөй албайсың. Бул бүкүр адамга көр оозун буюруп, ага алпарып түздөгөнгө тете эле нерсе. Бирок, «жылан ийрисин билбей, бакаңы майрык» деген сыяктуу «өзүнүн башындагы төөнү көрбөй, бирөөнүн башындагы чөптү көргөн» адамдарыбыз дагы арабызда ондоп саналышат. Ошондон улам кадырман калкыбыз «Кой аксагы менен миң» деп макалдантып бекеринен айтпаган чыгаар дейм.

- Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн,
Энең өлсө өлсүн, энеңди көргөн өлбөсүн,- дешет?

- Ооба, бул жалганда эне-атасын түбөлүктүү кармап жүргөн бир дагы бала болбойт. Кары-жашы келсе, капысынан дарт чалса, коо-калдаланduу кырсык алса, алардын айрым бирлеринин жарык дүйнө менен эрте-кечпи кош айтышаары турган иш. «Жети күндүн бири-өлүм» деген. Аны оттон-суудан, көлдөн-чөлдөн, түздөн-өрдөн, кимдир бирөөнөн көрүп кереги жок. Жумуру башка Жаратканым акыр түбү бир өлүм буйруган. Жарык дүйнөгө келип, жаралгандан эле кудай-таалам маңдайыңа ал энчисин бадырайтып жазып койгон. Бирок, саамга болсо дагы өткөн-кеткендин сенин ата-энеңди алмаштырып, кеби-сөзүн, баасы-жөнүн, өрнөк-өнөрүн, өлбөс жөндөмүн айтып-деп турса, ата-энеңди тирилткенге тете эле нерсе эмеспи. Ата-энеңди көргөн андай жанга өзүңдөн-өзүң эле коргошун сымал көлкүлдөп эрип,

берээрге ашыңды таппай калдаландап калаарың анык,-деп нечен таңды кеп-сөз күткөн, аны асыраган ондогон тели-теңтуштары, улуу-кичүүлөрү, сөз-кеп баккан замандаштары менен тоскон экен убагында Сарт Аке.

Дагы бир жолу Көтмалдыдагы көпчүлүк чогулган Бугу-сарбагыштардын чоң жыйынынан чыгышкан Боромбай манап баш болгон эл жакшылары жолду катар Сарт Акеге сунуш кийирип калышат. Алар анын алтымыш ашып баратканын, артына дагы бирди-жарым белдүү тукум таштап кетүүсүн жаалашып, чындап эле ага жаш жар караштырууну максат кылышканын ачыктап айтып жиберишет. Капысынан айтылган бул сунушка аргасыз макул болгон Сарт Аке жанында жандаган инилери менен Көтмалдыдан Тосорго чейин келип, бирок жолду катар эки курдай ай чырайлуу аппак кыздарды көрүшкөнү менен алардын бир да бирине көз кыйырын агытпай коёт. Жолоочулар кеч күүгүмдө ушул эле Жети-Өгүздүн Тосор деген жерине жете конушуп, Желдең тукумунун Муратчан уруусунун аттуу-баштуу карыяларынын биринин үйүндө конок болуп калышат. Үй ээси кысыр эмди тайынан бирди жыгып, чакыртып келтире албаган меймандарына төгүл-чачыл мамиле жасап, меймандарды тейлөөгө бала-чакасы менен бирге бүлүнүп эле жатып калышат. Аңгычакты үй ээсинин 15 жашка жаңыдан таяп калган тестиер кызы чаранын четине гүлү чертип турган кымызды көтөрүп кирип, меймандарга өзүнүн ыйбалуулугун көрсөтүп, кеселерге куюлган кымызды ийиле суна баштайт. Чын-чынына келгенде кыздын өңү суктана турган чырайлуу болбойт. Бирок, Сарт Аке сөздү биринчи баштап, береги сарыторунун сулуусу болгон бул кызга көзү түшүп:

- Эгерде чындап эле көңүлүңөр мен деп турса, анда мени бул ирет өз эркиме коюп койгула. Мага ушул эле бекене бойлуу, сары чийкилдин татынасы болгон үй ээсинин тестиер кызы эле жагып калды. Мага бул кыз эки бирдей эл аралачу тукум төрөп берет. Ал эми жанагы жолду катар сунуштаган эки кызыңар өң десе өң, келбет десе келбеттери келишкен, ай чырайлуу, ашкан сулуу кыздар экен. Бирок, ал экөөнүн бирине дагы менин ичим чыккан жок. Алардын биринчиси тууп, тукум бергени менен анысы «жатын чайкаар» эле бала болуп чыгат. Ал эми экинчисинин түк согончогу канабайт. Ал байкушка ары-бери өткөн жакшы-жамандын көзү токтоп калган турбайбы,-десе олтургандардын эч бири талкан

сугунуп алышкансып үндөй алышпай, эртеси таң супа салаары менен үй ээсинин алдынан өтүшүп, анын Сарт Аке жактырган кызын өздөрү менен чогуу аттандырып, алып кетишкен экен.

Сарт Аке жеке эле көп чогулган жыйын-тойлордо эмес, «эки бакыр, бир тукурдун» башы кошулган жерлерде дагы каадалуу, калыс сөздөрүн айтып, урмат-сыйга алынуунун жол-жоболорун божурап, ага жетишүү оңой-олтоңго турбасын, бери эле болгондо «ийне менен кудук казганга барабар» иш экендигин тастыктап айтып келиптир. Аны менен Сарт Аке ой туюмунда, акыл көрөңгөсүндө, өзүнүн көз карашында Тилекмат элчини өзгөчө жогорку баскычка коюп, анын ар бир насаат сөзүн, айдарын тиге айткан акылман кебин, кыймыл-аракетин, кылган ишин көпчүлүккө мисал катары айтып өткөн дешет. Ал эле эмес, бул эки кыраан куш бири бирине «өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк» болушуп, бирин экинчиси ар качандан бир качан кемитпей, тоодой арка-жөлөк болушуп, толуктап келишиптир.

Мына ушул эле көл бугусунун Арык-белек тукумунун мыкчыгерлери болбогон жерден бири биринен кылың-кыйтың кеп издешип, жоо күтүшүп, бирин экинчиси кайсалата чабууга кам көрүп калышат. Ары айтышса ары, бери айтышса бери болушпаган, эзелтеден бир тууган эки уруу эл биринен экинчиси улуусунушуп, сулуусунушуп, кыйынсынышып, менменсишип калышканда Сарт Аке кыябын таап, Белектен Солтонкулуну, Арыктан Токсобаны, эл жакшыларынан Тилекмат менен Боромбайды алып, «Карыжашы келип, кара көзү тунарып баратыптыр, барып жүз беш жашка чыккан Абайдылда ата менен учурашып, кызыл кыргын алдында бир ирет анын каадалуу кептерине карк болуп келели,-деп аларын тобу менен ээрчитип жөнөп калыптыр. Абайдылда атанын үйүнө учурашып түшүшсө, анын көзүнүн кунары качып, бет алды келген адамды айырып тааный албай, неберелеринин бирине жетелетип кирип-чыгып калган кези экен. Саламдарын алик алып, кыркаар тартып турган мырзалардын шадылуу бирок, тыртайып арыктаган колдору менен улам биринин колун аяр кармалап, өзүнө жакындатып тартып:

- Боромбайды - сен элдин ээси, Тилекматты - сен сөздүн ээси, Солтонкулуну - сен малдын ээси, Токсобаны - сен журттун ээси, Сарт Акени - сен акыл-ойдун ээси турбайсыңбы, - деп балдарынын бирин кашына алдыртып, «Балам, чакыртып үйүңө келтире

албаган коноктор өздөрү келишиптир», кысыр эмди тайындан бирди жыккынын, бата тарттыртып, мырзаларды кол жуудуртуп кетир. Жакшы эле кеп болбодубу. Аңгыча кеп-сөз салышып, өткөн-кеткенден сөз ташташып туралы,-дептир. Эт бышканча айткандай эле Абайдылда ата ата-баба, улуу-кичүү, эл-жер жөнүндөгү учкул сөздөрүнөн кеп чубап олтуруп, мындагы тегеректеп олтургандарга кенен-кесири маек куруп, жедеп демигип баратканында гана инилеринен алардын келген чоо-жайын сураса, Сарт Аке озунуп тура калып:

- Абайдылда ата, биринчиден Сиз менен көптөн бери көрүшпөй кеттик. Бир чети Сизге учураша кетели, бир чети батаңызды алып кайталык дедик. Экинчиден, Арык менен Белектин балдарынын ортосуна бириктирүүгө болбогондой жик, жарака түшүп, бири бирин чабуудан кайра тартпаган мезгилге келип калышты. Арыктын бейбашы Олжобай Белектин Боромбайынын кебине акаарат кылып, ал эле эмес көпчүлүктүн ортосунда ызалап, камчы үйүрүп коюптур. Ага ачуусу келген Боромбай азыр Арыктарга кол салуудан дагы кайра тартпоочу мезгилде турат. Эки бир туугандын ортосундагы пикир келишпестиктен улам мындан ары Сиз өңдүү калк атасына кездеше албай калабызбы деп ат арытып келип калдык эле,-дейт. Аңгыча эт желип бүтүп, колго суу келет. Эч кимден деле ашыкча сөз кылтыйбайт. Ошондон соң гана кунары качып, көз оту менен киши тааныбагыдай абалга келип калган Абайдылда карыя шадылуу колдорун жайып:

- Уучуңар узарсын, Кудайым ким-кимиңерди ынтымакырашкерчиликтен, өз ара сый-урматтан ажыратпасын. Араңарды мышык аралабай, ага-тууган арасында салкын жел жүрбөсүн. Ал эми Боромбай балам, сага айтаарым эзели Арыгыма кол кайтарып, чабуучу болбо. Арыгыма үн көтөрүп өктөм сүйлөбө, тийбегиниң. Туурдугун эзели душман сыйрыган эмес, сен дагы күчүңө, даражаңа, байлык-мансабыңа салып сыйырычу болбогун. Бугу энемдин батасын кайрыба. Олжобай тентек болсо курун моюнуна асынып, бир тууганынын алдынан өтүп койсун,-деп бата тартып жиберет. Боромбай ак-көк дей албай туттугуп барып, олтургандар менен кошо «айтканыңыз келсин»,-деп бирге бата кылат. Жолду катар жүз беш жашка чыккан Абайдылда аксакалдын уруттуу, нары каадалуу-кастарлуу кеби-сөзүнө чечекейлери

чеч болушуп, батасын карк алышып, жаш малдын беш бармагына кенен тоюп келатышкан Арык-Белек тукумунун мыкчыгерлери:

- Жарыктык Сарт Акем ай, биздин жолубузду кыл жип менен бекем бууп койбодуңузбу. Эми ак батаны аттап өтө албай калдык. Тим эле камырдан кыл сууругандай кылып, кыл жип менен бууп салбадыңызбы,-дешип өз ара чабыша кеткен Олжобай менен Боромбайды жолду катар эле элдештиришип, Сарт Акенин акылы менен эки уруу элдин ортосуна түбөлүктүү көпүрө болушуптур.

Сарт Акени табыпчылык, эмчи-домчулук дагы касиети кош-топ жүргөн экен. Ормон ханды өлтүргөндөн туура алты айдан кийин Ормон хандын арбагынын акааратыбы, же тек гана утурумдук кесел аралай калабы, айтор, Балбай баатыр капысынан катуу оокастап, төшөк тартып, ай-апталап жатып калат. Келген эмчи-домчу, тамырчы-табыпчылар эмнегедир анын дартынын илинчегин таба алышпай, эстери эки болушат. Айлалары кетип, амалдары түгөнүшкөндө «Сарт Акенин дагы колунун эми бар эле, алдыртып көрөлүчү» дешип, Сарт Акеге ат чаптыртып калышат. Арадан эки күн өткөрбөй эле Сарт Аке келсе, Балбайдын Талды-Суунун үстүндөгү «Желе-Карагайдагы» үйүнүн алды котологон жоон топ элге толуп, эл ичин күбүң-шыбың кеп аралап калыптыр. Эшик-сырттагы абажаарыган эл-журтка саламын айтып, Сарт Аке үйдүн босогосун аттап, жан-жакаларын караса, алардын оздорунан таптакыр эле кеби-сөздөрү түшүп, Балбайдын жакындары көздөрүн жашташып, эшик-төрү турган жамандыкты күтүшкөнсүшүп, шаабайлары сууп, шалдырап олтурган болушат. Эч кимди ызы-чууга алдыртпай, акырын басып барып, Сарт Аке баатырдын чекесин сылап, оң колунун тамырын кармап, ага дуба окуй баштайт. Акыл-эстен кетип, дене-боюн кыңкыстап көтөрө албай жаткан Балбайдын дене-башын укалап, жылдыз тараганга чейин анын жанында олтуруп, качан гана таң куланөөк сүрүлүп калган мезгилде Балбайдын катын-баласын, урук-тууганларын «бүгүнчө эс алып алгыла» деп жай-жайына таркатып жиберет. Балбай дагы бул оокумда көл-шал түшүп тердеп, терең дем алып, мемиреп кызуу уйкуга кеткен болот. Ал эле эмес баатыр таңдан аман-соо чыгып, түш оой барып кашында олтурган Сарт Акени таанып, ага алсыз колун сунуп учурашып, тамагы кургап калгандыктан улам чалап сурап ичет. «Мал болду», «мал болду» дешип, баатырдын өң-тааныштары, катын-баласы, тууган-уруктары

калдаландашып сүйүнүп жатып калышат. Сарт Аке болсо Балбай баатырдын жанынан бир кадам дагы алыс жылбай, анын этегин баса олтуруп, андан беш-алты күн бою көзүн албай, ага эртеликеч дем салып, тамырын кармап, дене-башын укалап, тамак-ашын өрөзгөлөтүп бергизип турат. Ошентип, Сарт Аке үйүнө кайтаар мезгилинде Балбай баатыр кадыресе эле ордунан туруп, эшиктөрү колтуктатпай басып, алдына ат тарттыртып минип, ал эле эмес Сарт Акени жарым жолго чейин узатып келген экен.

- Ээ Сарт билерманым, сени олтурган-турган жердеги эле бугуларың «табып, чечен, айлакер, амалкөй» дей турган болушуптур. Кана, айтып көрчү ошол амалкөйлүгүң менен акылмандыгыңдан бир собол,-деп кайрылып калат Ормон хан ага бир күнү дасторкон үстүндө үстөмдүгүн жасап.

- Ээ койсоңузчу ханым болбогон кепти. «Эл оозунда элек жок» эмеспи. Ашып кеткен деле амалкөйлүгүм, акылмандыгым жок. Эл катары эле жашап, өлбөстүн күнүн кечирип келе жатамын,-дейт Сарт Аке Ормон ханды сүйүңкөрөбөй жер карап.

- Сен көп деле колдон түшпөгүнүң Сартым. Андан көрөк табышмак айтышып көрөлүк экөөбүз. Байгеге бир айгыр үйрү жылкы саямын. Утсаң байге чыпчыргасыз сеники, болбосо өз байгем өзүмдө калат,-дейт Ормон өз зөөкүрдүгүнө салып. Отургандардын ичи эмнегедир саамга чейин дымый түшөт. Алар өз ара кабатырланышып, бир чети ыңгайсыздана түшкөн Сарт Акени көз караштары менен аяшып, экинчи чети хан өкүмдүгүнө, аксымдыгына салып бул кишини жер каратып койбогой эле дешип кабатырланышып, ичтеринен тынып калышат. Сарт Аке хандын талабына эрксизден макул болуп, жараткандын жазмышына моюн сунгансып, анын табышмагын күтүп олтуруп калат.

- Бөрү көздүү, бугу мүйүздүү, буура сандуу, бука моюндуу, куш канаттуу, балык жондуу, бото курсактуу жандык эмине болуучу Сартым?-деп Ормон хан Сарт Акеге кош карегин кадап калат. Олтургандардын баарысы терең ойго батышып, айланачөйрөнү бир заматта тунжуроо ээлейт. Бирок, Сарт Аке ансайын жайдарыланып, жайылып-жазылып, башын койколоктотуп, кош карегин жайнатып, тамагын жасанып, минтип жооп берген экен:

- Ханым, бул Бугу бир туугандарыңызды жай чилдесиндеги көк чегирткеге теңеп жатканыңыз турбайбы. Көк чегирткенин көзү бөрүнүкүндөй айбаттуу, төбөсүндөгү муруттары бугунун

мүйүзүндөй тик, моюну буканыкындай күржүйгөн, канаттары куштукундай жайылган, жону балыктыкындай жып-жылма, саны болсо кудум буураныныкындай болуп жоон, курсагы төөнүн ботосунукундай болуп төрсөйүп турат,-деп чечмелейт.

- Бар бол Сартым, бар бол! Баракелде! Таппасаң эле сыйпалап кал! Айт эми өзүңдүн табышмагыңды,-деп хан карт-карт күлүмүш болуп Сарт Акеге кайрылат:

- Элде жок, жерде жок. Асманда жок, сууда жок. Отто жок, чокто жок. Сиздей ханда жок, ал эле эмес мендей букарада жок. Бул эмине болуучу ханым? - деп Сарт Аке Ормон ханга өз суроосун капысынан узатып калат. Ормон хан бул табышмактын жандырмагын он толгонуп олтуруп таба албай, кызарып-татарып, талкан сугунуп алгансып какап-чакап, көпкө чейин унчукпай турат да, бир оокумдан соң гана жан киргенсип жайылып, бул талашкан табышмакты кандай дагы болбосун эсепке албаганга жан далбастап, ар нерсе-бир нерселерге шылтоо издей баштайт. Андан көз көрүнөө эле майнап чыкпасын билип турган Сарт Аке табышмагын өтө деле татаалдаштыргысы келбей туруп:

- Ханым, ал жөнөкөй эле канаттуунун сүтү эмеспи. Эми кезектеги эле бир жөнөкөй табышмагымды айтайын,-дегенде хан эрксизден моюн сунуп, бирок ага сырдуу карап, башын ыксыз ийкегилеген болот.

- Анда ханым, эл ичинде эле айтылып жүргөн табышмактын бирин айтайын Сизге, -дейт Сарт Аке аны келекелегенсип:

- Айтып кал Сартым, айтып кал,-деп кекээрлей сүйлөйт хан. Хандын мындай көз көрүнөө жасап турган кудай-теңирин тааныбаган өкүмүнө, зөөкүрлүгүнө, наадандыгына карабастан:

- Суу атасы эмине? Сөз атасы эмине? Жол атасы эмине болуучу ханым?-деп Сарт Аке ханга кезектеги суроосун жолдойт.

- Суу атасы ак кар, көк муз. Сөз атасы сендей акылман карыя. Жол атасы болсо мына биз сыяктуу калың кара эл. Аны эл чабат, эл узартат,-деп калат Ормон хан жамажайы жайылып. Анда Сарт Аке хандын оозунан кебин жулуп алып:

- Ханым, бул сиздин айткандарыңыз аз дагы болсо турмушка жакын болгону менен табышмагымдын жандырмагын туюнта албай калды. Суу атасы кадимки эле булак. Бардык суу булактан башталып, ал агын сууну, агын суу болсо өз кезегинде көлдарыяны, деңиз менен мухитти жаратат. Сөз атасы кулак. Ал ар

бир айткан нерсени көкүрөккө сиңирип, ким-кимибизге аны түз дагы, кыйыр дагы маанисинде жеткирип турат. Ал эми жол атасы болсо туяк болот. Дегеним, кандай гана жол болбосун аны туяк түптөйт. Төтө жолдон чоң жолго чейин туяк түшпөгөн мезгили болбойт,- дегенде Ормон хан олтурган жеринен эки-үч курдай обдула калып:

- Бугудагы жалгыз эле акылман менин Боромбай кудам экен десем, Сартбайда дагы өнөрдүн кенчи жаткан турбайбы,-деп кайра эле байгени бербестин амал-айласын издеген болуптур.

Сарт Акенин көзү ачык, көрөгөчтүгү жөнүндө дагы көптөгөн санжыра-санаттар айтылып келатат. Күндөрдүн биринде Сарт Акени үйүнө чакыртып коноктоп, Тилекмат элчи өзүнүн он сегиз баласын бирдей сынатканга бел байлап калат. Байбичеси Кенжекеге бул кечте үйүндө бир даар сыйлуу коноктор болоорун, балдарынын баарысы бул жерге келишип, эртелеп конок камын көрүшүп, чогуулап конок узатуусун дайындайт. Бирок, Тилекмат зайыбына бул кечте үйүнө кимдин келээрин алдын ала айтпай коёт. Чакырылган мейман намаз дигер ченде эки-үч атчандын коштоосунда Тилекматтын үйүнө жакындап калат. Иттердин абалап үргөнүнөн улам Тилекматтын уулу Чыныбай биринчилерден болуп сыртка жүгүрүп чыгып, башка эч кимге кайрылбай туруп, үйрөткөнсүп эшик алдына бастырып келип калган Сарт Акенин атын алат. Колтуктап алып, аяр жетелеп, ага сый-урмат менен үйгө кирип, мейман болуусун өтүнөт. Ошондо Чыныбай бар болгону он бир жашта экен. Баланын илбериңки, ийкем, акедил кыймыл-аракетине ыраазы болгон Сарт Аке анын кимдин баласы экендигин сурап калат. Ал илгиртпей, эч жалтанып, жатыркабастан туруп Тилекматтын баласы экендигин айтат. Ошондон улам Тилекматтын балдарын сындан өткөрүүгө чакыргандыгын алдын ала билген Сарт Аке үйгө аттап-аттабай эле:

Акылдын көзү, агыны катуу дайранын өзү болот экен мына бул кетирекей уулуң,-деп Тилекматтын саламын алик алып, Сарт Аке төргө өтөт.

- Өмүр тоспой узак жашап, жаман көздөн, суук-селки сөздөн оолак болсун. Көбүнесе мунуңду эл түйшүгү күтүп турган бала болот экен,-деп кошумча кылат. Бата жасалып, мал союлуп, эт алдыга келээр маалда Чыныбай катарлаш олтурган эч кимге көңүл төшөбөй, төрдө олтурган Сарт Акеге ээсине эркелеген

күчүктөй болуп шыйпаландап, астына жакындап келип эркелеп калат. Анын бейадеп тартибине катуу уялып калган Кенжеке байбиче колго суу куюлгандан соң, дасторкон салымыш болуп, Чыныбайды «сыртка чыгып кет» дегенсип жамбашынан оёо чымчып, «бурама кантын» берип, көзү менен астыртан атып өтөт. Аны байкап калган Сарт Аке Кенжеке келинине мурчуюп:

- Кой Кенжеке балам. Мындай баланын бөөдөсүнөн шыйкырын качырууга болбойт. Бүгүн Чыныбай экөөбүзгө бир ирет бийликти берип койгула. Андан көрө айтчы балам, береги союлган кой эти толук салынды беле казанга, быштыбы деги? -деп сурап калат Сарт Аке Кенжеке келининен.

- Толук эле салынган Аке. Бышып деле калды сыяктанат. Сорпо алып келгени жаткамын,-деп жооп берет Тилекматтын байбичеси Сарт Акеден алда-неме сөз күткөнсүп.

- Анда этти толук чыгарып, чыпчыргасын коротпой менин алдыма алып кел,-дейт өкүм үнү менен Сарт Аке келинине. Эт толук чыгарылып келген соң, койдун башына тең устуканын кошуп, муну балдарга тартчы,-дейт Сарт Аке. Тең экиге бөлүнгөн этти Сарт Аке айткандай кылып, сакалдуу табакты төргө, меймандардын алдына коюп, экинчи табакты Сарт Аке айткан боюнча балдардын алдына коюшат. Тилекматтын балдары абажаарып, эт салынган табакты тегеректеп калышат. Алдына келген табака кол салып, устукандардын ичинен койдун жамбашын алып, четинен кыя кесип жеп олтуруп, Сарт Аке Чыныбайга алдыртадан көз кырын агытканын улантат. Карап олтурса Чыныбай эч кимге карабай койдун башын, кар жилигин, жүрөгүн алып алдына коюп, калган этти «бөлүштүрүп жегиле» деген таризде табакты агаинилеринин алдына жылдырып коёт. Аны көргөн Сарт Аке кайра сөзүн улап:

- Бул уулуң айткан сөзү эм, эл-журтуна дем болгон бала болот. Эми калган балдарынды сынатканга убара деле болбогунуң,-деп Тилекматты ар кайсыл балдарынын аттарын атап, тынчымды албасын дегенсип алдын-ала оозун жаап коёт. Айткандай эле Чыныбай да Тилекматтай болуп, кезинде эл түйшүгүн аркалаган, ортон колдой болгон, кыргыздын тыңчыкма уулдарынан болуп чыга келбедиби.

Сарт Аке жеке эле Тилекматтын Чыныбайына эмес, жаамы кыргыз билермандарына, эл жакшыларына, жер-суусуна көзү

ачыктык кылып, өз кезегинде мындайча баа бериптир:

- Бата сурагандар Мойут Акеге, келечекти билем дегендер Калыгул олуяга, элчилик жайын билгиси келгендер Тилекматка, мал сурагандар Чолпон-Атага, баш сурагандар Манжылы атага, байлык менен бийлик сурагандар Боромбайга, эл-журт багамын, баатыр боломун дегендер Балбай баатырга, өкүмдар болгусу келгендер Ормонго, мал-жандуу болом дегендер Солтонкулуга, билим-илимдүү болгулары келгендер Байтикке, орус жайын сурагысы келгендер Качыбекке, калмак жайын билүүнү эңсегендер менен калыстыкты каалагандар Чүрүм Кашканын небереси Карачка, Кокон ханынын дартын билгиси келгендер Алымбек даткага, кыз кадырын билгиси келгендер Жантай ханга барышсын. Кыргызымдын уучу дагы деле куру эмес. Келечекте булардан дагы мыкты, даанышман, билимдүү-илимдүү, «отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн» залкар адамдар, даанышмандар, аалымдар, эл-журт камын жеген улан-кыздардын чоң агымы келет,-деп эли-журтуна батасын каттап берип, көбүртүп-жабыртып тарткан экен.

Сарт Акенин өзгөчө сынчылыгын угуп, аны далай ирет көрүп жүргөн Муратаалы бий кышка маал чүйгүндөп тамак-ашын астыртып, аны кашына алдыртып, өткөн-кеткенди сурашып, көпкө чейин сүйлөшүп олтуруп калышат. Аңгыча болбой сырттан тестиер эле бир бала боз үйдүн ирегесинен баш багып, ийиле саламын айтып, бирок ирегеде эле кыйшайып туруп калат. Ал баланы Муратаалы бий өзүнүн карачечекей жээни экендигин тааныштырып, Сарт Акеден дал ушул баланы сындан өткөрүп берүүсүн өтүнөт. Сарт Аке баланы шашпай көз токтотуп, башынан аягына чейин кыдырата карап, кол жаңсап сыртка чыгарып жиберип:

- Муке, адамга атасы өлсө деле угузат экен. Жээнимден бир нерсе чыгып калаар бекен?-деп кабатырланган суроонду көз карашыңдан эле окуп олтурамын. Бул жалганда эки жаман болот. Алар «түз жаман» менен «ийри жаман». «Ийри жаманды» эртеликечпи матоого алып, ийип-чоюп түздөсө болот. Алды «түз жаманды» эч айла кылып ондой дагы, түздөй дагы албайсың. Тилекке каршы мына бул жээниң дал ошол «түз жамандардын» катарына кирет экен. Ошондуктан мунуңду эл аралатамын деп мындан ары убара болбогунуң. Өз оокатын өзү тирнесин,-деген экен Сарт Аке. Айткандай эле Муратаалынын бул жээни өз турмушунда өтө жөнсүз чыгып, көптүн бири болуп күн кечирип өтүптүр.

Күндөрдүн биринде ошол эле Муратаалы бий мыкты чыкма жылкыларынан бирди сойдуртуп, ээр токумдуу жорголорунан бирди алдына тартып бата сурап Сарт Акеге кайрылат:

- Сенин айтканың айткандай, дегениң дегендей, анан калса берген батаң кайтпай жүрөт. Укум-тукумум өсүп келатат. Мал-жанга эгедермин. Жамандыр-жакшыдыр бир топ жылдардан бери айылымда бий атанып жүрөмүн. Мына бул атты минип, торколуу чепкеним менен суйсалган суусар тебетейимди кийип кет. Анан калса ак батаңды бала-чакама, жерге-жээгиме, артышы болсо мага да аянбай берип кетээрсиң,-деп алды-артынан чыгат. Тамак-аш желип бүтүп, дасторкон жыйылып, колго суу келген соң Муратаалы бий Сарт Акенин батасын күтүп, ага суроолуу карап калат.

- Берейин бийим, берейин батамды. Ак дилден сураган батаны аямак менде, кабыл албай коюш сенде жок болсун. Анда оомийин, өлүп көбөйгөн мал берсин. Ооруп айыккан баш берсин,-деп батасын кыска эле айтып, алакан жайып жиберет. Мал-кечесин, тартуу-тартмагын мындай кой, өң-далаттан кетип, тиртейген тейден Муратаалы бий Сарт Акенин бул берген батасына алымсынбай, жада калса аны эшикке дагы узатып чыкпай коёт. Шагы сынган Сарт Аке Мураатаалы бийдикинен акырын чыгып, эч ким аткарбаган атын алдына тартып жайбаракат минип, айылын көздөй бастырып кетип калат. Ошол кышта көл өрөөнүнө болуп көрбөгөндөй калың кар түшүп, мал-жанды жут алып, оору-кесел көбөйүп, баштан дагы аз эмес чыгым чыгып кетет. Жаз алды менен Муратаалы бийдин улуу жуттан калган-каткан малы төлдөп, короо козуга, талаа-түзү кулун-музоолорго батпай кетет. Өзүнүн дагы кышы бою өнөкөт оорулары козголуп, кара тумоого алдырып, ары барып эле бери келет. Ал эми Сарт Акенин өткөн күздө ак дилден берген батасы жазем кетпегенине чындап көзү жетип, кетирген каталыгын моюнуна алып, эми жалгыз-жарым чакырсам Сарт Аке баары бир келбейт. Ичине мага болгон таарынычы калып калбадыбы. Андан көрөкчө Мойут Аке экөөнү бирдей чакыртайын,-деп туу калган бээлеринен бирди сойдуртуп, Муратаалы бий конок камылгасын камбылдап көрүп, «Жаңылдым, жаздым. Бир катамды кечирип койгунуң»,-деп Сарт Акенин алдынан өткөнү калат. Чакырыкка Мойут Аке өз убагында келгени менен эмнегедир Сарт Акенин карааны көрүнбөйт. Эт бышып, Муратаалы бий жедеп күтүп тажаганда Сарт Акеге жигиттеринин бирин

чаптыртат. Анысы барса Сарт Аке «ит келдиби, куш келдиби» дебей, ал эле эмес береги жигиттин саламын да алик албай коёт. Муну уккан Муратаалы бий жети өмүрү жерге кирип уялып, эми Мойут Акеге аргасыздан көзүн сата баштайт.

- Келет-келет,-дейт Мойут Аке камаарабай. -Келбесе «каапыр» болуп калбайбы,- деп кошумчалап, бирок алдына атын тартып минип, анчейин алыс эмес жердеки Сарт Акеникине чейин бастырып барып, атынан түшпөй эле сырттан үн сала баштайт. Мойут Акенин үнүн жаземдебей тааныган Сарт Аке эч токтолбой сыртка чыгып, аны менен жайдары учурашып, түшүп нан ооз тийип кетүүсүн өтүнөт.

- Ооз тийсе ооз тиейин. Нандан улук нерсе барбы? Баса, Муратаалынын чакырыгына эмнегедир барбапсың. Аныңдын кабатырланган кейпин көрүп олтуруп, санаам чыдабай өзүм бастырып келдим. Мамыда атың токулуу экен. Моюн толгобой бастыр мени менен бирге. Анан калса минтип бышылуу тамакты күттүргөн болуучубу?-деп суроосун кабыргасынан коюп калат Мойут Аке.

- Чакырыктан калгыңыз келбесе өзүңүз эле бара бериңиз. Мен бара-коё албайт экемин. Жүзү курусун ошол Муратаалыңыздын,-деп колун шилтесе, Мойут Аке кайтоолдоп:

- Ээ Сартбайым, «Кекти каапырга берген». «Эртең менен кермур айтышканыңа кечинде салам айт». «Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер»,-дечү эмес белең. Деги саган эмине болгон, ылаң-дарттан оолаксыңбы?-деп калат ат үстүнөн каткырып.

- Атаңкөрүү, атаңкөрүү, «түү» деп түкүргөнүң түкүрүк, аны кайра жутуп алсаң «макүрүк». Эми болбой калды Мойут Аке, барса барайын. Айтылган сөз атылган ок эмеспи,-деп Муратаалы бийдикине эч нерсе болбогондой эле Мойут Аке менен бирге аттанып келип түшүптүр. Ал эле эмес боз үй сыртындагы ат дүбүртүнөн улам чыга калган Муратаалыга күнүгө эле шайдооттандуу саламдашып жүргөндөй саламын айтып, анын өргөөсүнө күлүп-жайнап кирип барыптыр. Муратаалы бий өз кезегинде Сарт Акени колтуктан алып, бирок негедир туттугуп, «кечирип коюңуз» деген сөздөн башка эч нерсе таппай калдаландап турганын көкүрөгү менен туюп турган Сарт Аке өз сөзүн кайталап:

- Кекти «каапырга» берген. Кечиримдүү болбосом өзүм «каапыр» болуп калбаймынбы, эч кабатыр болбо бийим,- деп анын моюнундагы оор жүгүн үстүнөн алып салган экен.

Ормон хан өлүп, анын ашы үч жылга чейин берилбей калат. Үч жыл катары менен ар кандай алааматтардан улам Бугулар дагы аны жоктоп, хандын артынан өкүрүп барышпайт. Себеби Төрөгелди менен Үмөтаалы олтурган-турган эле жерлеринде:

- Көзүбүзгө көрүнгөн катын бугуларды кезиккен жеринен эле жай кылып турабыз,-дешип, убадаларын катуулап беришкен болушат. Ошентсе дагы эл аралап жүргөн адам эмеспи, Тилекмат элчиге сарбагыштардын аттуу-баштууларынын эле бири аш бир жылда эмес, Ормондон кутула тажагандай болбой үч жылдан кийин бериле тургандыгын жең ичинен кабарлап коёт. Муну угушкан Сарт Аке менен Мойут Аке, Тилекмат элчи үчөө биригишип, тымызын кеңеш курушуп, үч жылдан кийинки өтүүчү ашка алдын ала күлүк издей башташат. Ич арада жүргөн күлүктөр көп эле турат го? Бирок, аларды алдыдагы үч жыл ичинде кандай тагдыр күтөөрүн эч кимиси алдын ала айта алышпайт. Ошондуктан алар буттарынын башына гана карабастан, чалманы эки-үч жылга алысыраак ыргытууга аракет кылышат. Эми үчөө бирдей үч тарапка бөлүнүшүп, Ормон хандын ашына чабылып, баш байгени үч жылдан кийин алуучу, болгондо дагы Бугуга тиешелүү күлүктү издей башташат. Бугудан мындай күлүк дароо эле чыга койбойт. Тымызын солто-сарбагыштарга, кушчу-сарууларга, ичкилик элдерине чейин чалгын чалып көрүшөт. Бияты казак-өзбектерге, тиягы калмактарга дагы ат арытып барып келишет. Алардын колу жетпеген бир гана Кытай калат. Ошондо бул милдетти Мойут Аке өзүнө алып, жөнөкөй соодагер катары эле Текести ашып, Кытайга кирип кетет. Алыс-жакын тааныштары, курбу-курдаштары, дос-тамырларынын баарысын бөртүп, анын көз алдында бир эле эски кытайлык эмчи-домчу досу Чанжи деген калат. Кыдырганы го кыдырган, бирок көздөгөн максаты ордунан чыкпаганына ичи чыкпай, досунукуна келип түшүп жатса, анын уулу бир "кер чолок" ат минип, сыртка бастырып чыгып бараткан болот. Баланы алдынан тосуп, токтотуп сураса, ал Чанжинин уулу экенин, атасы кечирээк келээрин, ал атасынын алдынан тосуп баратканын айтып:

- Биз келгиче күймөлүп тура туруңуз, кечке чейин эле келип калабыз,-деп Мойут Акени үйүнө калтырып, шашылып жолго чыгып кетет. Мойут Аке анын минген атынан тээ бир топтон кийин жетүүчү имерилишке чейин көзүн албай карап турат да, ал ка-

чан гана имерилип кеткенден кийин досунун босогосун аттайт. Көп жылдар бою көрүшпөй кеткен аяшы берээрге ашын таппай, улам бир дүйүм тамагын даярдап, Мойут Акенин алдына тартып, аны эриктирбей ал-жайын сурап, убакыттын тез эле өтүп кеткени билинбей калат. Шашып-бушуп келген кытай досу аманчылык сурашкандан кийин эле анын келген-койгон чоо-жайына кызыгып калат. Себеби ал нечен курдай соода-сатык иштери менен келип, кай бир убактарда кыргыз кыйырын аралап, табыпчылык, эмчи-домчулук кылып дагы кетээр эле. Мойут Акенин дагы эмчи-домчулук жасап, кытай дарылары менен оокастарды дарылай коюп жүргөнү ошол досунун айдыңынан улам болсо керек. Айтор, Мойут Акени кай өңүттөн алып караса дагы телегейи тегиз, төрт тарабы төп адам эле. Досунун суроосуна ал дароо эле жооп бере койгон жок. Тек гана жылкысынын үйүрүнө тегерек-четтен айгыр издеп чыкканы, анын жылкыларынын канын небак эле өзгөртүү керектигин айтып, досуна так кесе жооп берүүдөн тайсалдап турду. Бир алатында анын уулу минген кер чолок айгырга көзү түшүп калганын ачык айта албай өзүнчө бушайман болду. Береги жылкыны бир карап эле жарым тулпар экендигин, бар болгон айыбы куйругунун гана чолоктугун көрүп калган Мойут Акенин көз алдынан «кер чолок» алданемедей сымбаттуу болуп өтүп, аны өз мекенине алып кетүүнүн жол-жоболорун издеп, амалданып калат. Анын бул оюн досу да, анын уулу да байкашпайт. Себеби алар аны базардан мингич ат катары эле сатып алышып, кер айгырын бир эле кырчаңгы катары пайдаланышып, анын асыл мал экендигине өтө деле маани беришпейт. Бир жумадан бери жолдо жүргөндүгүн, абдан чарчап-чаалыкканын, атынын дагы жүрбөй калгандыгын айтып, Мойут Аке ат алмаштырып минип, эртеси эле көлгө Нарындын башын ашып, Барскоон аркалуу түшөөрүн жобурап айтып калат. Кабатырланган досу анын колунан жылкы таап берүү милдети келе койбосун, жарай турган болсо «кер чологун» да андан аябасын алдыртан билгизип өтөт. Мойут Аке ичинен кымылдап:

- Чанжи досум, керек болсо мен үчүн жүрөгүндү да сууруп берүүдөн кайра тартпасыңды билемин. Бирок сенин атың бир жүрүш менен эле көлгө жете бараарына күмөнүм бар. Болбосо сенин кер айгырыңдан деле баш тартпас элем,-деп анын атын мактамыш болуп, алдыртан досун да көкөлөтүп мактап жиберет.

- Табыпчылык кылганым эле болбосо кыргыз баласындай болуп ат таптап, аны алчактата мине албаймын. Бул атымдын мени бир жерден экинчи жерге чейин аман-эсен эле жеткирип турса болгону. Мына ат дегенди кыргыз баласы таптап, кыргыз баласы минет. Карачы сенин атыңды. Бир жумадан бери жол арытып, бел карытып келатканың менен дагы эле жонунан суу төгүлбөй, жылтылдап турат. Мындай атты минген дагы, минбеген дагы адам арманда,-деп шилекейин тартып шыпшынып калат. Муну уккан досунун баласы дагы шилекейин тартып, «бул жылкыны бир эле ирет минип чыкса, өлөөр өлгүчөктөгү төрт арманынан арылаарын» айтып тамшанат. Өзүнүн жылкысын буларга кантип сунуштаарын, алардын атына кантип куда түшөөрүн билбей турган Мойут Акеге аяш баласынын мындай кыйыткан сунушу бир чети көксөгөн максатына кенен жол ачып салганын туят. Колундагы камчысын аяш уулунун колуна аяр карматып, ага «аттын ооздугун кичине коё берип, тиги бир-эки чакырымчалык аралыктагы алышка чейин катуу жүрүш менен барып, анан биртике эс алдырып алып, кайра тартуусун» айтып калат. Аяш атасынын мындай марттыгына, айкөлдүгүнө маашырланган кытай досунун баласы анын камчысы колуна тиери менен эле учка-түпкө бир тийип, атты бет алды чаап жөнөйт. Зымырык куштай учуп бараткан бул аттын ченде жок сулуулугуна, күлүктүгүнө, өткүрлүгүнө, сымбаттуулугуна тан берип, кайра кайтып келээри менен бала аяш атасынын жанынан имерчиктеп эле чыкпай калат.

- Ээ болбостур,-дейт Мойут Аке балага дагы бир ирнет өзүнүн марттыгын көрсөтүп. - Эзели бала-ботонун шагын сындырган жан эмес элем. Атыма көзүң дагы түшүп калды окшойт балам. Анчалык кызыгып турсаң алып калгының. Бирок, ат жабдыгым менен боо-чуум өзүмдө калсын, макулбу балам,-деп кайра аны менен кеңеш курган болот. Муну уккан аяш уулу аттын ээри алынып, жайына коюлгучакты Мойут Акенин жанынан чыкпай имерчиктеп, анын атын айланчыктап калат. Мойут Аке дагы баланын түндөсү уйку көзүн көрбөй, ал эле эмес анын бир-эки курдай сыртка чыгып, жылкыны көрүп келгендигин байкап жатат. Болдуболбоду, көктөн тилегеним жерден табылды деп, Мойут Аке дагы кирпик көзүн какпай таң атырат. Таң куланөөк салаары менен үй ээлери менен кош-бош айтышып, өзүнүн Каракашкасына ыраазылыгын билдирип, анын жал-куйругунан сыламыш болуп, тигилер-

ге билгизбей беш-алты тал кылын жулуп алып, маңдайынан сүйүп коштошуп, аны «кер чолокко» башма-баш айырбаштап, жолго чыгып кетет. Өзү баамдагандай суутунан эле бир аз айныганы болбосо, «кер чолокто» эч бир айып жок болуп чыгат. Мойут Аке көлгө бир күн өргүп эле кирип келет да, үйүнө барбай туруп, түз эле Сарт Акенин үйүнө салат. Эшик алдында майда-барат оокат менен алектенип жаткан Сарт Аке ал жакындаган сайын улам бир колун чекесине кармап, көпкө тааный албай, бүшүркөй карап күтүп калат.

- Жарыктык киши десе, тиги келаткан ат үстүндөгү адамдын кейпине караганда кудум эле Мойут Аке сыяктанат. Ал эми минген чобуруна караганда таптаакыр эле башка адамбы дейм. Карагылачы тиги адамды тыңдуулап,-деп Сарт Аке жан-жакасындагы балдарын жанына жакындатып чакырып алат. Алар дароо эле ат үстүндөгү адам чын эле Мойут Аке экендигин бир ооздон айтышып, чуулдап-чурулдап жиберишет. Амандашып, аттан түшкөн соң, дасторкон үстүндө Мойут Аке «чыныгы күлүктү» эми таап келгендигин, бирок ал өзү көбүрөөк жорго-күлүккө эмес, канаттуу-куштарга, ит-тайгандарга так кесе баа бере алаарын, бул күлүккө Сарт Акенин көз кыйырын агытып көрүүсүн кыйытат. Анда Сарт Аке анын алдында биртике ыңгайсызданган болуп:

- Мен дагы жөнөкөй эле бир ат минген кайсыл чоочун-чолпу киши депмин. Көрсө акылманым, Мойт Акем, Сиз өзүңүз турбайсызбы. Жарыктык абам ай-йе, качанкыга чейин эле элим-жерим, анын келечеги деп кар жилигиңизди казык кылаар экенсиз? Алды көздөгөнүңүздү илип келипсиз. Бирок, «Каракашканы» анын ордуна калтырганыңыз убал кеп болуптур. Аныңыз ат сынында жок жаныбар эмес беле жарыктык. Мейли, антейин десеңиз атыңызды чыгаруучу андай аттуу-баштуу бууданыңыз дале алдыңызда турбайбы,-деп бул атты Мойут Аке минип келатканда эле сындап койгонун айтып, Сарт Аке аны бир аз жоошуткандай болот. Эми ал экөө Тилекмат элчиге киши чаптыртышып, күлүктү анын дагы сыңар көзү менен карап, анан калса «Кер чолокко» баа берүүсүн күтүнүп калышат. Тилекмат болсо көптөн бери күтүп жаткан жылкынын кабарын угаары менен аламан жүрүш салып, ат тердетип, бул жерге бир заматта эле жетип келет. Эми алар бул аттын келечек тагдыры жөнүндө кеч бешимден тартып, тээ таң куланөөк салгычакты өз ойлорун ортого салышып, талашып-тартышып жа-

тып бир пикирге келишет. Ошондон кийин гана таң таза атып калган чакта баарысы Сарт Акенин айткан оюна токтолушуп, бул жылкыны мындан ары туура үч жыл бою эч үзгүлтүксүз, көздөн чет калтырбай таптоо керек экендигине келип такалышат.

- Үч жыл бою жайлоо-кыштоо чөбүн кенен жесин,-дейт Сарт Аке. –Жер көрүп, жайлоо кечип, тескейдин калың карын ээн-жайкын тепсин. Жанына дал ушул сындагы эки кер чолокту кошкунуң. Биринен экинчиси айырмасыз болсун. Куйругун дал ушундай кылып алып салгыныӊ. Үчөөнө өзүнчө бир жылкычы чекте. Келерки ушул маалда бир кер чолокту бөлүп алып союп көр. Кар жилигинин башын эт бышканда сөөмөй башы кемиктесеӊ бор кемиктен азын-оолак кара так чыгат. Кийинки жылы дал ушул маалда экинчи кер чолокту союп көр. Анын кар жилигиндеги бор кемигинен чыпалак сырты май чыгат. Дал ошондон тартып бул жылкыны өрөзгөлөп байлай баштасаң, таптоого ала баштасаң болот,-дейт Сарт Аке Тилекмат инисине.

Ошентип, «Керчолок» эки жыл айланып, үчүнчү жылы таптоого алынып, суук көздөн, сасык сөздөн оолак, көмүскө жерде багылып калат. Анын жанына Бугудан мен деген саяпкерлер, атты таптоонун жол-жобосун билген тубаса көзү ачыктар жашыруун келишип, анын жан-жакасынан айланчыктап чыгышпай, күн алыс колдорунан келген кеп-кеӊештерин берип турушат. Бирок, аш жакындаган сайын Бугуларга сарбагыштар тараптан эч ким кабар айтпай, убакыт эмнегедир создуккансып кетет. Ошондо Мойут Аке Сарт Аке менен Тилекмат элчини так алдына алдыртып, үчөө бирдей кайрадан узун-сабак кеп-кеңешке олтуруп калышат.

- Сарбагыштар менен тең-ата тууганбыз инилерим. Аш ушул ишембиде өтөөрүн киши чаптыртып тактадым. Билип эле турамын, бирок сарбагыштар Бугудан ашка баргандардын бир дагы бирине көңүл бурбайт. Буга эч кимиңдин кабатырланууң жарабайт. Эсиңерден чыгарбагыла, баарыбыздын башыбызда Ормондун куну турат. - Аз айып, көп күнөө болсо кечиргиле Сарбагыш бир туугандар. Эр кундуу болуп калдык,-деп башты жерге салуудан артык эч нерсе жок. Ат чабышта «Кер чолок» айныксыз биринчи келет. Ошондо Тилешим: - Байге да силердики, «чолок» да силердики,-деп шарт бурулуп, атыңарга минип артка тарткандай болгула. Сарбагыштар аркаңардан ат чаптыртышат. Андан кийин барсаңар-койсоңор өзүңөр билээрсиңер. Бирок, ба-

рып койгонуңар деле туура болоор,-деп Сарт Аке Тилекмат элчиге акыл-насаатын айтып, Мойут Аке болсо ага ак батасын көбүртүп-жабыртып берип, илгери үмүт менен Тилекмат элчини сарбагыштар тарапка экөөлөп узатып жиберишет. Айткандай эле кырк күлүк кошулган аштагы аламанда Бугулардын «Кер чологу» биринчи келип, ал Ормондун ашындагы миң баш кыл куйрукту чып-чыргасын коротпой утуп алат. Бугудан бул ашка Тилекматтан башка аттуу-баштуу эч ким деле катышпайт. Ошондо Тилекмат элчи Сарт Аке менен Мойут Аке айткан даанышман акылын чыпчыргасын коротпой аткарып, миң жылкы менен «Кер чолокту» сарбагыштардын кунуна калтырып, алды-артын карабай атына минип жолго түшүп калат. Сарбагыштардын аттуу-баштуулары кеңешип-кептешип, алардын артынан атчан киши чаптыртышып, Тилекмат баш болгон үч-төрт адамды кайра артка алдыртып алышат. Тилекмат болсо эч нерсе болбогондой чогулгандардын алдына келип ийилип саламын айтып, жылуу-жумшак күлө багып:

- Кайра алдыртканыңыздарга чоң рахмат сарбагыш бир туугандарым. Тим деле койсоңуздар биз таарынмак эмеспиз. Утуп алган байгебизди хан Ормондун куну катары таштап, айыбыбызды тымызын тартып, Сиздерди эртедир-кечтир түшүнүп алышаар деген ой менен кетип бараттык эле,-дейт ал эч нерседен камаарабаган кейипте.

- Биз куруйлу. Эки бир тууган бир Кылжырдын балдары куру бекер эле бирибизди бирибиз жоо санашып, араздашып жүргөн турбайбызбы. Көрсө силер чыныгы кайыптын тукуму турбайсыңарбы. Болуптур, кекти каапырга берген дешет, мындан ары кектешип-кекээрлешпейлик,-дешип сарбагыштар Тилекматтын үстүнө тон жабышып, астына алкынган ак боз жорго тартышып, бир-эки күн конок каадасын кылышып сыйлап, кастарлап узатып коюшуптур. Сарбагыштардан келген соң Ормондун ашындагы ат чабыштагы ожураны Тилекмат чыпчыргасын коротпой ортого салса, «Баракелде акылыңа» дешип, Сарт Аке менен Мойут Аке биринен экинчиси өтүп, Тилекматты жерге-сууга тийгизбей мактап сала беришет. Тилекмат элчи болсо Сарт Аке менен Мойут Акенин алдыны үч жыл илгери көрө билген көзү ачыктыгына суктанып:

- Мен акылдуу болбой куруп калайын. Чыныгы акылдын кен-

чи мына Сиздер турбайсыздарбы,-дейт эки Акесинин албырган жүздөрүнө алмак-салмак карап, арзуусун арткан Тилекмат элчи. Бекеринен Тилекматтын мындай акылгөйлүгүнө кескин баа бербеген Сарт Аке ал өлгөндө минтип өкүрүп келбеген чыгаар?

- Казга салган кара кашка тынарым,
Кайдан билдим каран күн,
Кара бир көздү кашайтып,
Кудайым мындай кылаарын?
Усталарга табылбайт,
Болот, темир курч дайым.
Мүнүшкөргө табылбайт,
Бозум түлөк куштайым.
Ашуусу бийик белдейим,
Агыны катуу селдейим.
Эми элиме табылбайт,
Оо Тилешим, сендейим!
Кара көз калды кашайып,
Калкымда жоктур эч айып.
Кабарың алыс кетти эле,
Канжыга сөктүң жер тайып.
Канча бир жылдар өтсө да,
Кагаз да калаар саргайып,
Калаарын билем а бирок,
Кылымга сөзүң кашкайып.
Оо Тилешим, көздөйүм,
Омурткам сыздаар көлдөйүм.
Ооматтап айтчу ар кечте,
Оюмда калаар сөз, жөнүң.
Элимден эми табылбас,
Энчилүү акыл, көрөңгөң.
Эзелтен күткөн жан элең,
Эл үчүн нагыз төрөлгөн.
Эбин таап бата тартаармын,
Эңшерилди көрөнгөм.
Экинин бири элең го,
Ээгиңе башым жөлөнгөн.
Издесем таакыр таппасмын,
Ирээттүү кептен качпасмын.

Ичимден тынып мен байкуш,
Ийнелик болом айтсам чын.
Казга бир салган тынарым,
Кашымда күйөөр чырагым.
Кайсыл бир кудай айырды.

Капилет берип сурагын?–деп кары-жашынын келип калганына карабай тээ бир топко чейин солуктап ыйлап, андан аркы ый аралаш сөздөрү жан-жакаларында турган элге даана угулбай, ал эле эмес колтугунан аста сүйөп турушкан мындагы улуу-кичүү чогулгандар бир кыйлага чейинки Сарт Акенин сакалы ылдый көнөктөп аккан жашын токтото алышпай, анын бошогон кабыргалары кат-кат сөгүлүп, далайга чейин Тилекматтын элеси анын көз алдында көрүнүп, аза кайгысын тартып, басылбай ыйлап турган экен.

Ошентип, Акелер куштун кош канатындай болушуп, биринин кемчиликтерин экинчиси толуктап, жетишкендиктерин көтөрө чаап, акыл-айлаларын ар бир замандашына, бала-бакырасына, урук-туугандарына, дегеле жаамы кыргыз журтуна айтышып, көрөңгөлүү насааттарын калайык калк арасына кастары менен жайылтып келишиптир. Алардын жаш өзгөчөлүктөрү ар кандай болгондуктарына карабастан, бири бирине сый-урмат менен мамиле жасашып, кеңешип-кептешип, таалим-таасирдүү ой-казыналарын кайталап айтышып, ал акыл туюмдарын улуу-кичүүнүн ой элегине коюшуп, караңгы, нары билимсиз, ошол кездеги каратаман элине караңгыда жол көрсөтүшүп, капилеттен жол таап берип турушуптур.



***Сарт Аке менен Тилекмат Акеге орнотулган Жети-Өгүз районунун Оргочор айылындагы монументалдык эстелиги (1998-жыл).***

# ТИЛЕКМАТ (ЭЛЧИ) АКЕ БАЯНЫ
## (1800–1863–Ж.Ж.)



**Айла сурасаң Тилекмат Акеге бар**
***(Эл макалынан)***

Бирназар бий кезегинде моңолдордон чыккан, Ат-Башы жерин жердеген Боорсок бий менен достошуп калат. Ак-кан достугун кудалашып бекемдөө үчүн ал бешинчи уулу Эсена-манга аял алып берүү үчүн анын кызы Мээрканга куда түшөт. Ку-далашып, өз ара бычышкан оокат-малын берип бүткөндөн кийин келинди апкетиш үчүн «жыгач түшүрүп» барышат. Бирназар бий-дин аялы Шаарба байбиче кермедеги келиндин себин, үй жасалга-сын көрүп, жүгүнүн көрүмдүгү үчүн байынын уруксатын алып, бир инген төө жана да бир мингич ат тартуу кылат. Бирок, ал кыз-дын баардык оокат-кечесин жактырып, жалгыз гана анын «чий чыгданы» жок экендигин айтып кейип-кепчийт. Келинди алып, коштошуп кетип жатканда да «Кыздын себинде чырмаган чыгда-ны жок экен келинибиздин» деп Шаарба байбиче дагы бир ирээт

кудагыйына эскертип өтөт. Ал эле эмес Үпөл кудагыйынын өзүнүн коздоп чырмалган чыгданын деле берип койсо ашыкча болбостугун каңкуулап, кайра-кайра суранып калат. Үпөл байбиче кыз кезинде өзүнүн ата-энеси берген чыгданын берип жиберүүдөн кыя албай, бушайман болуп калдастап, байына барып кеңеш куруп калат.

- Чыгданыңды бергиң келбесе, кызыңдын кир-когун жууп, чачын тарап, дайыма жанында жүргөн Күмүшайды бер. Ал келин кыз-күйөөңө барып ак кызматын кылып берсин», - дейт Боорсок бий.

- Ээ кокуй, анын ымыркай баласын мен эми кантип багам? - деп кемпири кайра байына суроолуу телмирет.

- Кантип бакмак элең? Энеси менен чогуу берсең эле кутулбайсыңбы андан,-дейт бий.

- Аныңдын суроо-сопкуту болбойт бекен?-деп байбичеси кайра Боорсок бийге кайрылат.

- Болбойт. Анын башы, колу-жолу бош. Башымды оорутпай баласы менен кошо берип жибергиниң. Эгерде аны ыраа көрбөсөң чыгданыңды бересиң да,-деп бий маселени кабыргасынан коюп калат.

Көрсө бул келиндин чыны менен эле ошол кезде сурап алаары жок болуп чыгат. Күмүшай Кашкардан күйөөсү Алымбек жана анын ишенчиликтүү 5-6 жигити менен бирге качып чыгышып, артынан түшкөн куугун менен болгон атышууда эки тараптын жигиттери толук жер жазданышып, бирок кайып-каскагынан Алымбек менен Күмүшай экөө гана аман калышат. Ат-Башыга ооп баратканда жолду катар өпкөсүнөн кагынып, катуу ооруга чалдыгып калган күйөөсү дагы өлүп, ай-күнүнө жетип турган боюндагы баласына дагы карабай, сөөктү жалгыз таш корумдап жашырып, ыйлап-сыктаган келин өлбөстүн амалы менен бет алды эле басып жүрүп олтурат. Карандай суукка кайыгып, ал канча жол басканын билбейт. Бир кезекте алдынан күтүрөгөн үйүр-үйүр жылкылар чыгат. Бирок, эмнегедир бул жерден жылкычылардын дайын-оту көрүнбөйт. Ошентсе да келин аларды күтүп, аалгалап туруп калат. Күн кечтеп, көз байланаарга жакын калганда гана жылкычылар чогулуп келишип, жылкы четиндеги боюнда бар келинди көрүшүп, жүрөктөрү ооздоруна кептелишет. Жылкычылар кайдан-жайдан пайда боло калган келиндин алды-артынан чыгышып, суракка ала башташат. Келин дагы эч нерседен тайсал-

дабай, кайра бул жылкылардын ээси ким экендигин сурап калат. Качан гана алардан бул түмөн мал Боорсок бийдин жылкысы экендигин эшиткен соң, ал өзүн Боорсок бийдин алысыраак карындашы экенин, жолду катар күйөөсүнөн адашып, жападан жалгыз калганын айтат. Боорсок бийдин атын уккан соң жылкычылар келинди өздөрү баш калкалаган сайма алачыгына чейин алып барышып, аны бийдин үйүнө эртеси эле жеткирип беришээрин билдиришип, ал эле эмес бул келинге түнү менен колдо бар катыкаштарын салып коноктошот. Күмүшай эрдин бекем тиштенип, эч кимге сырын төкпөй, бүгүн түштө дүйнөдөгү жападан жалгыз өзүнө эш болуучу жан жолдошунан айрылып, кан какшап тургаанын жашырып, алардын эч кимисине сөз кагып, сырын чыгарбайт. Жылкычылар таң агара электе эле кайра жылкыларына кетишип, күн аркан бою көтөрүлгөндө кайтып келишсе, береги келин баласын өзү эле төрөп, киндигин кесип, көйнөгүнө ороп, эмизип туруп жылкычылардын бош калган тону менен баласын жылуулап жаап койгон болот. Жылкычылар келиндин ушунчалык тыңдыгына, эч кимдин жардамы жок эле аман-эсен төрөп алганына таңыркашып, Боорсок бийдикине дароо жеткиришпей, бир жумача анын тыңыганын күтүшүп, мында кармап туруп калышат. Себеби жылкычылар Боорсок бийдин «дароо эле жеткизбейсиңерби» деген айыбын угуп калабызбы деп коркушат. Бир жумадан кийин гана келинди баласы менен бирге Боорсок бийдикине алып келишип, аны жылкычылар таап алгандыктан улам, бийге атын «Жылкыайдар» атасак кантет деген суроолорун башбактатышат. Бий береги келиндин айла-амалына аң-таң калат. Чын-чынына келгенде келин бийдин деле карындашы болуп чыкпайт. Көрсө Күмүшай жылкычылардан коркконунан улам эле аларга «Боорсок бийдин карындашымын» деп алдап койгон болот. Боорсок бий дагы жылкычыларга эч шек алдырбай ичинен тынып, унчукпай тим калат.

Күмүшайдын накта сыры кыскача төмөндөкүдөй болот. Анын күйөөсү Алымбек жогоруда айтылгандай кезегинде түштүктөн кол курап Кашкарга чейин барып, түштүктүктөр менен бирге шаарды өздөрүнө каратып алышат. Мындагы беш бектиктин бирин башкарууга алып, ал жерде аттуу-баштуу делген чоң бир бектикте өз кызматын өтөйт. Бир-эки жыл өткөн соң аны башка бектер менен катар жергиликтүү элдер кодулашып, ага ар кайсыл күнөөлөрдү тагышып, акаарат айтышып, кол тийгизүүгө чейин

барышат. Ал эле эмес ага өлүм жазасын буюруп жатышканын дагы ачыктан-ачык маалымдап коюшат. Аман калуунун айла-амалынан улам ал мындагы бектик кызматында жыйнап-терген оокат-кечесине кайыл болуп, керт башы менен бирге өзүнө ишенчиликтүү жигиттерин жана ай күнүнө жеткен аялын араң алып чыгып, түнү менен Кашкардан биротоло качып чыгышат. Эч нерседен бейкапар олтурушкан бектер, жергиликтүү эл анын бирин-экин жоокерлери менен кай тарапка түн күзөтүп качып кеткенин билишпей, жер сыйпалап эле олтуруп калышат. Бирок, ошондой болсо дагы Ак-Сай ашуусун беттетип азын-оолак куугунчуларды жөнөтүшөт. Балким жергиликтүү элдин арасында Алымбектин Ак-Сай, Ат-Башы менен мурдатан эле болгон байланышын бирөө-жарымы билген болушу керек. Ашууда Алымбек улам бир жигитин тозотко коюп, мерчеми келгенде өзү дагы туруп, боюнда бар аялын биротоло Ат-Башы тарапка өтүп кетүүсүнө колдо болгон бардык күч-аракетин үрөйт. Эки тараптын жигиттери атышуу учурунда толук өлүшүп, Алымбек менен Күмүшай экөө гана аман-эсен калышат. Акыр аягы эри дагы ашуунун туу белинде кан түкүрүп жер жазданып, Күмүшай болсо бул ымандай сырын жан адамга ооз ачып, өлөөр-өлгөнчө айтпаганга өз алдынча касам тиштейт. Ал эле эмес Жылкыайдардын атасы Алымбек, анын атасы Кампир, анын атасы Төлөк, анын атасы Торопчо хан, анын атасы Сарыбаргы экенин билип турса дагы өмүрүнүн акырына чейин жашыруун сыр катары кармап кала берет. Болбосо Күмүшай дагы түштүктүн аттуу-баштуу эле байларынын биринин кызы болгондугун кийинки эле санжырачылар талдап, тастыктап айтып жүрүшпөйбү.

Күмүшай негизи Алымбектин экинчи аялы болот. Биринчи аялынан Суран деген бала төрөлөт. Ал алты жашка караган убагында апасы катуу оорудан улам кайтыш болуп, Суранды Алымбектин бир туугандары багып алышат. Сурандан Айдараалы, Көккөз, Мурат, Төрөмат деген төрт баласынын бала-чакасы тарап, азыр алардан тараган тукумдары түштүктө туруктуу жашап келишет. Мына ошол бир туугандары менен Тилекмат Акеден тараган көлдүк бир туугандар бир нече ирет карым-катнаш алышып, учурда эки ортодо жандуу көпүрө пайда болуп калды десек жаңылыштык болбойт. 1964-жылга чейин Түштүктөгү Тилекмат Акенин бир туугандары эки курдай Тилекмат Акенин урпактарын Шалба айылына чейин издеп келишип, анда сый-урмат көрүшүп,

кийин эле 2005-жылы Кара-Кулжа тараптан Жылкыайдардын атасы Алымбектин 90 жаштан ашкан дагы бир чөбөрөсү, ошондой эле Ноокаттан келген Тилекматтын Өсөр деген небереси 70-80 адам менен бирдикте келишип, сый көрүшкөнүн өз көзүбүз менен көрүп, амандашып калдык. Ал тургай Тилекмат Акенин Түштүктөн келишкен бир туугандары Жылкыайдар атанын Түптүн Талды-Суусундагы көрүстөнүнө чейин барышып, куран окуп кеткендигине күбө болгонубуз бар. Мындай жандуу байланыштар кийинчерээк дагы уланып, Шалбалык Тилекмат Акенин урпактары Түштүк тарапка барып келишкенин билебиз.

Ошентип, Күмүшай айым кыздын себине кошулуп, көлгө күң катары келген келин болду дейли. Бирок, анын макулдугун Боорсок бий тараптан эч кимиси сурап дагы койбойт. Ал тургай жолго чыкканда аларга келинди күчтөп кошуп беришет. Кудадан келаткан көч кеч күүгүмдө Нарын дайрасынын «Жаак» деген тайызыраак кечмелигине чейин жетишип, суу тартылып калды деген маалында барып сууну кечип өтүшүп, дайранын наркы өйүзүнө чыгып конмокчу болушат. Бирок, сууну кечип өтүп баратканында келиндин шар аккан суудан башы айланып кетип, бешиктеги баланы колунан түшүрүп жиберет. Суудан сууга, таштан-ташка урунуп, бешик көз ачып жумгучакты эле итабар агып кетет. Таңды таң аткыча Күмүшай күкүктөй сайрап, «Баламды таап бергиле» деп үнүн баспай ыйлап чыгат. Айласы кеткен Бирназар таң куланөөк салаары менен аны коштоп жүргөн жигиттерин баарысын кашына чогултуп, суу бойлотуп, аларга түндөсү сууга агып кеткен бешиктеги баланы тезинен таап келүүгө буюруп:

- Тирүү болсо баланын өзүн, өлүү болсо сөөгүн апкелип, мунун кара жаагын баскыла,-деп опулдайт. Жигиттер бир-эки чакырымча төмөнүрөөктөгү эле суунун айрылышындагы аралчада маралдын бир нерсеге алагды болуп, имерилип турганын көрүп калышат. Атчандар жакындап барганча марал караан жашырып, качып жөнөйт. Алар бул жерге чаап келишсе, бешик аралдагы мажүрүм талга кептелип, акпай туруп калган болот. Баланын жаңы эле марал эмизген эки ууртунан сүтү кургабай, магдырап уктап жаткан экен. Агып бараткан бешик кайып-каскагынан мажүрүм талга кептелип калганын, же аны марал тосуп алып, талга кептеп койгонун билбей мындагылар айран таң калышат. Бирок. бул шыйкыр коштогон жаш наристени жан адамга бербей Бирназар өзү багып, аны «канаттууга кактырбай, тумшуктуууга

чокутпай» асырап чоңойтот. Анын энесине болсо айылына келген соң нике кыйдыртып, өзүнө токолдукка алып алат. Жылкыайдар болсо бешиктен бели чыга элек жатып эле өтө тың чоңоёт. Баланын айрыкча малга жандуу өскөнүнө кызыгып, Бирназар аны тестиер кезинен тартып жылкыга жакындатып коёт. Эми бул чөлкөмдөгү жок жоготкон, мал издегендин бардыгы бул балага өзгөчө көңүл буруп калышат. Ал бүтүндөй өрөөн малын жаземдебей таанып, жок-житиктин бирин койбой көргөн-билген жеринен бери айтып берип турат. Мал-жанга зирек балага Бирназар эми мындан ары кадимкидей эле курал-жарак, мингич ат берип, жылкычылары менен бирдикте өзүнүн сан жылкысын кайтарууну сунуш кылат. Жылкыайдар ага илгиртпей макул болуп, Бирназардын сунушун эки кылбай, аны кош колдоп кубаттап кетет.

Ай-апта өтүп, калың түшкөн кардан улам ит-куштан санаасы чыдабай, Бирназар бий жылкысын көргөнү, бир эсе жылкычыларынын ал-абалын билгени тоо этегиндеги ички жайытына бет алат. Аттын омуроосу менен тең карды атынын өкүмдүгүнө салып жиреп олтуруп, ал тоо этегине келсе жылкылары карагай түбүнөн кар тээп, беймарал эле оттоп жатышыптыр. Бирок, эмнегедир «уулу» Жылкыайдар анын көзүнө чалдыкпайт. Үн салып, калган жылкычыларын чогултат. Жылкыайдар алардын арасынан дагы жок болуп чыгат. Ар кандай ойго жетеленип, Бирназар бийдин санаасы санга бөлүнүп, ар нерсе, бир нерселер оюна түшөт. Бирок, жылкычыларына ичтейиндеги сырын төгүп, алардын бир дагы бирине сөз багып үндөбөй, аттын башын бура тартпастан бет алды эле бастырып кетүүгө кам урат. Ошондо Бирназардын жылкычыларынын бири Жылкыайдардын жылкыларга ит-куш көп келүүчү «Тик-Суу» тарабын кайтарып, жылкыга көз болоорун табышташканын айтат. Бирназар баласынан ого бетер чочулап калат. Ал эми шашыла бастырып, бет алдыдагы эле кырга чыга бергенинде Жылкыайдардын минген Тору аты бир чөйчөктөй болгон ыктоо жерде имерчиктеп, ордун таптап турганын көрөт. Анын жанында Жылкыайдардын кар үстүндө тонун чечип жиберип, энеден туума жылаңачтанып алып, уктап жатканын байкап калат. Бирназар Жылкыайдарына эмине айтаар-коёрун билбей, аалгалап бир азга туруп калат. Ошондо бала эки кулачын эки жакка кенен керип, кайра колдорунун учун бириктирип, анысын улам-улам кайтоолдоп жаткан болот. Бирназар бий эми уулунун түш көрүп жатканын жаземдебей билип, аны чочутуп албайын деп кыйлага үн-сөзсүз аалгалап, карап турат. Ага

болбой бийдин минген аты алдыдагы адам жытын сезгендиктен улам жер чапчып, кошкурунуп жиберет. Ошондо Жылкыайдар чочуп ойгонуп, уялган бойдон кийимин шартылдата кийине баштайт. Андан соң гана атасы менен учурашып, атына секирип минип, ал экөө үйлөрүнө кайтып келе жатышкан жолунда Бирназар Жылкыайдарга мындайча суроо узатып калат:

- Балам түшүңдү бузуп койдум сыяктанат? Деги түшүңдөн чочуган жоксуңбу? - дейт уулунун кабак-кашына алдыртадан байкоо салып.

- Ооба, түш көрүп жатыпмын атаке. Ошондон улам чочуп ойгонуп кеткеним да чын. Бирок, бул түштүн мага тиешелүүсүн гана көрүп калдым,-деп атасына жалооруган көзүн кадайт.

- Эмне деген түш экен деги? Уксам болоор бекен? Эки колуңдун башын эле бириктирип, кайтып кулачыңды жайып, кимдир бирөөлөрдү бири бирине жакындатып жатыпсың,-деп калат атасы. Ошондо ал көз ирмем алдындагы көргөн түшүн атасы Бирназарга кырааттап, бир нерсени сүйүнчүлөгөнсүп, берилип айта баштайт:

- Түшүм бир башкача түш болду атаке. Күңгөйдө бир алтын терек, тескейде бир алтын терек өсүп туруптур. Боюнун узундугуна дегеле ченем жетпейт. Ошол эки теректин баштарын кошомун деп, күлала эле болуп жатыптырмын. Капысынан Сиз келгенден улам чочуп ойгонуп кетпедимби,-деп ал түшүнүн акырына чейин көрө албай калганына ичи ооруксунгансып, ага кала берсе беймаал келген атасын күнөөлөгөнсүп, оңурайып карап калат. Бирназар илгиртпей түштүн маани-жайын түшүнөт да, эмнегедир заматта өз оюна жетеленип кетип:

- Түшүңдү мага сатасыңбы балам?-деп жиберет.

- Жарыктык киши десе, Сиз кимсиз дагы, түш көрүп жаткан мен киммин? Алды Сиздин эле балаңызмын го?-дейт Жылкыайдар Бирназардын оозунан чыккан желин суутпай. Капысынан бакма баласы тарабынан минтип түбүн түшүрө айтылган ыңгайсыз жоопко Бирназар бий абыдан кызарып-татара уялып, атын моюнга бир салган бойдон уулунун алдына түшөт. Үйүнө келген Бирназар бий убакытты суутпастан, жылкысынан бир туу калган ак боз бээсин алдыртып, Жылкыайдарга түлөө өткөрүп:

- Балам, сен түндүк менен түштүктү, батыш менен чыгышты бириктирген куттуу көпүрө болгунуң,-деп ак батасын берет.

Айрым бир санжыра-санаттарда Тилекматтын атасы Жылкы-

айдардын көргөн түшүн бир аз башкачараак айткан түрлөрү да бар. Болбосо Жылкыайдар, анын уулу Тилекмат, небереси Чыныбайдын өзгөчө шыйкырлары, тубаса шык-дараметтери, Кудайтаалам берген асыл сапаттары жөнүндө санжырачылардын айткандары бирине экинчиси коёндой окшош эле айтылып келатат.

Кыдыктын кара көйнөк Канайы өз билгенин бербеген, зөөкүр, кара жемсөө адам болуп чыккан экен. Күндөрдүн биринде ал Желдеңдердин бир айылынын жанынан атчан өтүп бара жатып, кызыл сапырып жаткан жердиктерге туш келет. Атынын башын кайырып, эч ким менен учурашып-этпей эле жаңы орулуп, сапырылып жаткан кызылдан «бир жем баштыкка арпа салып, аттын башына илип койгун» деп мында турган тестиер эле бир жигитти омуроолоп калат. Жигит чоочун-чолпу адамга «чен» боло электигин айтып, ага жем бербестигин билдирет. Көрсө, илгерки атабабанын жөрөлгөсү боюнча кызылды жыйнап бүткөндөн соң гана мал союлуп, чен өткөрүп, эгинди өлчөп-ченеп, бөлүп алышуучу экен. Ошол салтты тутунуп, береги жигит Канайдын жем баштыгына кызылдан салып бербей койгону да ошондон улам болот. Канай канкор болсо «Эткен жем бергенди каалабаган неме элең. Ченди көрсөтөм сага»,-деп бул жигитти, анын жанындагы корукчуну кошо кылычтап өлтүрүп, шашпай атын тоюндуруп алып, жолун улап кете берет. Ошондон улам Желдеңдер менен Кыдыктардын ортосунда барган сайын пикир келишпестиктер күчөп, ансыз дагы кымкуутганып турган ушул мезгилде эки эл чабышууга чейин бара турган болуп даярдык көрүп калышат. Желдең тарап эч кандай кунга көнүшпөй, «канга-кан» деп туруп алышат. Эл жакшылары бул чиеленип бараткан жоболондуу ишти чечип келүү үчүн Тилекмат элчинин гана жараарын айтышып, аны Тоңдо өтүүчү чоң топко жиберип ийип, калып калышат. Тилекмат элчи жан жигити экөө «Кыдырма-Жарга» жеткен тушта алдынан сулуу-сымак тарткан, жашы кырктын кырына келип калган, кер мурут эле бир жигит кыя тосуп чыгып, аны менен мурдакийин көргөн адамдай болуп саламдашып, эч нерсе айтыпдебестен, Тилекматтын жеңинин ичине бир тай туяктай болгон алтын жамбыны сойлотуп жиберип, эч нерсе билбегенсип, жандай бастырып өтүп кетет. Тилекмат топко барса эл толук чогулуп, мындагылар Желдең тараптан келүүчү өкүл менен калыс адам катары Тилекмат элчини күтүп калышкан болот. Топтун иши тээ күн аркан бою көтөрүлгөндө башталып, Кыдыктар Желдеңдин

кунун төлөп, тогуздап айып тартууга макул экендигин билдиришет. Бирок, топко кечигибирээк келген Желдең уруусунун өкүлү караманча эле «канга-кан» деп болбой туруп алат. Олтурган эл эми Тилекматтын калыс пикирин угууну күтүп калышат. Тилекмат болсо оозуна талкан сугунуп алгансып эч нерсе деп унчукпай коёт. Кыдыктар ага кайра бир ирет кайрылышат. Ал дагы эле унчукпайт. Ошондо олтургандардын бири андан:

- Ээ Тилекмат, сенин жаркылдаган жүзүң кайда? Булбулдай сайраган тилиң кайда? Же эмине эки элди чабыштырып, кызыгына баткың келип турабы?-деп маселени кабыргасынан коюп калат. Селт этип чочуп кеткен Тилекмат элчи дароо эле:

- Ээ жарыктык карыям, мына бул кыдыктар жеңиме сойлотуп жиберген тай туяк алтын сүйлөтпөй жатпайбы мени,-деп жең учундагы алтынды эл алдына ыргытып жиберип, андан соң гана чечилип, ата-баба салтын, эки элдин ага-туугандык наркын айтып, чырын бүткөрүп элдештирип, кара жемсөө Канайды ийинине кийирип, Желдеңдердин кунун опурта алып берип, жолуна түшкөн экен.

Тилекматтын уулу Чыныбайды дагы тилинде сөөлү бар адам катары билишүүчү экен. Анын айткан-дегени жазем кетпей, каргыш-илкиши таамай тийип, ал эле эмес жаман көрүп, карап койгон кишиси дагы оңой менен мал болуучу эмес дешет. Оёздун жардамчысы болуп жүргөн кезинде Чыныбай Каркыраны ашып, Жети-Суудан эки аскердин коштоосунда көл тарапка атчан келатышкан болот. Жолду катар чарчап-чаалыгып, эки бутун ээрдин кашына учкаштырып алып, уйку-соонун ортосунда келатса, жол жээгинде коргон уруп жаткан эле бир даар кишилер үн салышып, колдорун булгалашып, чакырып калышат. Буту-колун оңдонуп, бастырып барышса, алар Дөөткулунун күмбөзүн салып жаткан адамдар болуп чыгышат. Жанына жакындап калганда Чыныбайды тааныгандар жапырт ордуларынан тура калышып, саламдарын айтышып, анын минген атын алып калышат. Ошондо четте эки колун бөйрөгүнө таянып, анча-мынча байлыгына корустон болуп жашап жүргөн Дөөткулунун уулу Саламат көзүнүн чаарын чыгарып, Чыныбайга жулуна жаздаган болуп, анан береги жанжакаларындагыларга олуна кетет:

- Чырмак чийге сатылып келген бул кулга эмине эле ордуңардан тура калып жасакерленип, этегине намаз окуп жатасыңар? Ордуңарда олтура берсеңер эмине силерди кудай

алат беле?-дейт. Чыныбай оозун карманып, бирок аттан түшүп, мындагылардын баарысы менен кыркаар тарта учурашып, Дөөткулуга арнап өзү куран окуп, бата тартып калат. Куран окуп бүтүп ордунан турса Саламат сөзүн улап:

- Эмине мынча кутурасың эй Чыныбай? Эл ичинде «кул кутурса ээсине көрүнөт. Бай кутурса ырыскысы төгүлөт,-деген кеп бар. Шишиң дырдыя толгон экен ыя,-деп өзүнөн өзү эле оолугуп, оозуна келгендерди оттоп, Чыныбайдын узун-туурасынан чыгып айласын алты кетирип, ал болсо араң дегенде аттанып кетип кутулат. Кызмат даражасына салып, Чыныбай Саламатты жеринде эле күнөөгө тартып, же жанындагы желдеттерине соп камчыга алдыртып койсо деле болмок, бирок ал бул саам эмнегедир мындай чечимге барбай коёт. Анын үстүнө Алыбайдын Дөөткулусунун арбагын сыйлап, кер-мурлашуудан кайра тарткысы келбесе дагы анын уулу Саламатка теңелбей, ал эле эмес ага зобөн деп жооп айтпай, беттеген жолун көздөп бастырып кете берет. Бирок, ал аттанып кетээринде эмнегедир Саламатты жаман көзү менен төөнөп өтөт. Ошондон көп убакыт өтпөй эле кудай-теңирин таанысы келбеген Саламаттын колунан чалмасы чыкпай, азоо атка сүйрөлүп каза болуп калат. Бул окуяга өз көздөрү менен күбө болушкан улуу-кичүүлөр:

- Саламат Чыныбайга жасаган акааратынын майнабын көз көрүнөө эле албадыбы,- дешип сөз курап жатып калышат. Саламатты өз кезегинде атасынын иниси Жунуш дагы:

- Бул Саламат эмес эле алаамат болду го бизге,-дегени бар. Анын сыңарындай эле Саламат Дөөткулу өлгөндө атасына өкүрүп келишкен Бугу бир туугандарынын мингичтерин ээр токумдары менен бир тарапка бөлүп байлаттыртып, «бул жылкыларды мен атамдын дооранына беремин» деген кебин дагы айтыптыр. Ошондо анын аталаш агасы Жунуш инисинин сөзүн кайырып:

- Ээ жубарымбек, атымды го жыгып алдың. Эч болбоду деген-де ээр токумумду берсең болбойбу десе:

- Эмине, дооранчылар атайын дооран алабыз деп ээрлерин кошо көтөрүп келишиптирби, тек кой жайына,-деп аталаш агасынын оозун ачырган экен. Ал тургай кайра ага:

- Жылкыдан эле эки миңди, ал эми жээрде сакалчан эрден жетимишти, кырма сакалчан жигиттен кыркты атамдын ашына кошуп байгеге саямын,-деп опурулуп-жапырылат. Ага кошумча

Алыбай тукумунун жылкысынын толук эсебин алып, анын саны 30 миңден бир аз ашат деген каңшаарды уккан соң:

- Атамдын ашы буюрса кан Манас катышкан Каркырадагы Көкөтайдын ашынан кем өтпөйт,- деп дердейип калат. Анда агасы Жунуш дагы тек турбай кажанып:

- Ээ берeним, күрөштөн жыгылган турат, алды ооздон жыгылган эки дүйнөдө тең турбайт. Ушул сөзүңдүн эртели-кеч кесиркусуру болуп кетпегей эле,-деген сөзүн кайрыйт.

Тилекматтын айткандары кайтпаганынын дагы бир далили катары Тынымсейит уруусунун баатыры Табылдынын мисалынан айкын көрүүгө болот. Алсейит менен Тынымсейит түбү бир тууган эл экенин далилдеп, Табылды көлгө Нарындык Тынымсейиттердин биротоло көчүп келүү оюн билдирип, Бугунун эл жакшыларына кайрылып калат. Эл атасы Боромбай, Сарт Аке менен Тилекмат элчи анын мындай жүйөөлүү сунушуна эки дешпейт. Ага ак жол каалашып, жаз алды менен көл тараптан аларга жайлуу орун-очок караштырып беришээрин айтып чыгышат. Бирок, эрдемсип калган Табылды алардын сөзүн узун-туурасынан эле бөлө качырып:

- Көчүп эле келемин. Эгерде көчүп келбесем мени көчкү алып кетсин. Айтканым эзели эки болгон жан эмесмин,-деп жиберет. Тилекмат жообун айтаарда Табылды кайра туурадан чыгып:

- Дөбөт жокто кыңшылап канчык үрөт,
Дөңгө чыгат, алчактап дооран сүрөт.
Доолдайын айкара кийип алып,
Догун артып арада «кулу» жүрөт.
Кууpаган эл, куу тумшук Бугуларды,
Кулу, күңү туурадан ар ким билет. Керек болсо Тилекмат, сага билдирбей-этпей эле жаз маалы менен мында болобуз. Андан көрөкчө бизге камдачу майлуу, чыктуу жериңерди жакшылап камдай бергиле,-деп өзүнөн-өзү оолуга сүйлөйт. Тилекматтын ошондо өңү-башы бир кызарып, бир татарып, туттугуп барып:

- Ата тапкан уулдан,
Акылы артык кул озот.
Маңдайга бүткөн бактымды,
Кудайдан башка ким тозот?
Сүйсө Кудай саа берээр,
Чын сүйсө кудай маа берээр. Эткен гана жубарымбек

элең. Чын жараткан кудайым болсо, анда жыл айлантпай менин чыгыма сенин, же сенин чыгыңа менин колумду салдыртып койгусу бардыр,-деп ордунан шарт туруп, этек-башын кагынып эшикке чыгып кетет. Ошентип, көчүп-конуу туурасындагы маселе бул жолу чечилбей, ал иш андан аркы жылга калып калат. Бирок, келерки жайда эле Тилекмат Тынымсейит элин аралап, Анжыян-аркага сапар тартып бара жатып, Табылдыны чындап эле ала жазда көчкү алып кетип, Тынымсейит туугандары анын кыркылыгын өткөрүп жатканынын үстүнөн чыгат. Ошондо Тилекмат:

- Кудайга сөзүм эки болбосун, атымдын башын буруп, Табылдыга куран окуй кетейин,-деп өкүрүп түшөт. Куран окулуп, алдыга чай келген соң кошогун созолонтуп төрдө олтурган Табылдынын энеси көз жашын көнөк аттырып:

- Эки элди ажырата дагы, бириктире дагы турган жан элең го балам. Ары жаштыгына, ары курчтугуна салып сөз кайырып койгон иниңди кечире албаптырсың ээ,-десе:

- Кечирип коюңуз энеке. «Айтылган сөз атылган ок» болуп тиерин ал убакта ачуум менен чындап эле билбепмин. Сөзүм өтүп кеткенден кийин гана ойлонуп калбадымбы эне,-деген экен Тилекмат өзүнүн Табылдыга айткан акааратын моюнуна алып.

Чыныбай күндөрдүн биринде кызматтан кетип, үйүндө олтуруп калыптыр. Бугу жакшылары кеңешип, анын көңүлүн алып коюуга Кара-Булуңга беш-алты боз үй тиктиртишип, Балтабайга конок камын көрүү милдетин жүктөп калышат. Эки туу калган бир ак боз бээ союлуп, мейман камы дыкат көрүлөт. Чыныбайга болсо «Куш салып, биз менен кошо көңүл ачып кетсин»,-дешип кабар айттырышат. Кушун каруусуна кондуруп, «Чакырганга барбасаң, ымдаганга зар болосуң» дегенсип, «Керкашка» күлүгүн алчактата минип, бирок бир аз жүдөңкү тартып калган Чыныбай айтылган учурда топко келип амандашып, алардын катарына кошулуп калат. Кымыз ичилип, ысылыкка куурдак желип, «бир кызыкка баталы» дешип, көл бойлошуп, мында чогулган эл жакшылары куштарын каз-өрдөктөргө, кекилик-чилдерге, коёнкыргоолдорго салып калышат. Чыныбай кушун агытса эч нерсе албай, экинчи бир дөңгө барып олтуруп алат. Кайра алып салса, дагы башка бир дөңгө чыгып олтуруп калат. Балтабай байдын кушу болсо канаттуулардын улам бирин асмандагысын асмандан, жердегисин жерден тээп түшүрүп, чогулгандарды чоң кумардан чыгарат. Ошондо топко бирге келген саяк Кенжебай деген кара бакыр адам Чыныбайга карап мына буларды айтып калат:

- Оо шум жалган жетпейт адам түбүнө,
Келээринде кенемте күн, дүнүйө,
Күйкө салса, күжүлдөтүп куу алат,
Кетээринде кесир уруп дүнүйө,
Кең караган жаратканым жар болбой,
Шумкар салса, шуулдабай кур калат.
Келээринде кыргый салса каз алат,
Кетээринде туйгун кылат кур жалак.
Атаакөрү шум жалган,
Мезгилсиз өткөн бөз кайдан?
Түркүк болуп дүйнөгө,
Түбөлүктүү ким калган?
Ар кандай адам ичине,
Кетеби деймин бир арман?

десе, Чыныбай эч күймөлбөй туруп, Кенжебайга мына минтип ыр түрүндө жооп кайтарып турган болот:

- Атаңдын көрү шум дүйнө!
Чагымын билсем саяктын,
Жатпайт белем тынч үйдө.
Тагдырыма таарынбайм,
Сен айткандай кылтыңдап,
Түбөлүк эмес бул дүйнө.
Келкелиң келип турганда,
Кенемтелүү күн сүрүп,
Тегеректеп эл жүрөт.
Кедериң соолур убакта,
Капшыт, туштан абалап,
Кейитип, сендей ит үрөт.
Кесир сүйлөп кемпай да,
Кебине маани бербестен,
Кер какшык айтып күйдүрөт.
Кеч-эртеби бир ирет,
Кейиген болуп капшыттан,
Кекерлүү кебин тийгизет.
Кебетеси көө болуп,
Көжөлүп таңып ар нерсе,
Көр пенде кейпин кийдирет.
Көз ачык өтүп кетпесмин,
Көздөгөн чегим дагы бар,

Куу өлүм башта, ким билет?
Канчасы билбейм, айтылаар,
Калпыбы, чынбы жараткан,
Какшасаң койсоң сөз жүрөт.
Калайык – калкым тараза,
Кансыктаттым дебеймин,
Каапыр деп айтпас миң ирет.
Каадалуу өттүм дегим жок,
Кара так өчүп, ийилет.
Калыс сөз айтаар жан чыкса,
Кастарым шондо билинет, -деп кушун кайтып колуна кондуруп, топтон оолактап, тамакка да кайыл болуп, бет алды эле бастыра берет. Бугунун аттуу-баштуулары артынан бөртө чабышып, өтө узатып жибербей аны жете токтотушуп, «Бул саяктын мындай чагымына көңүл бурбаңыз, анын ойдо оосурган көтү тойдо да оосура берет эмеспи» дешип, алды-артынан чыгышып, топко кайра алып келишет. Ошол күздө оорубай-сыктабай эле туруп Кенжебай саяк бул жашоо менен кош айтышып, ага удаа Чыныбай дагы элүү бешке араң караган курагында жалган дүйнө менен коштошуп кете беришиптир.

Дегинкиси, Бирназардын алты тонсуз, алты тондуу уулу болуптур. Жылкыайдардан эл ырысына туулган Тилекмат элчи төрөлүп, өз кезегинде ал «эл уулу» болуп атыгат. Тилекматтан болсо Чыныбай жарык дүйнөгө келген. Кийинчерээк Тилекматты да «Чырмак чийге сатылып келген кул» дешип, шылдыңдашкан мезгилдер арбын кездешет. Мындай «энчилүү» келекеден эл аралаган эле уулу Чыныбай дагы куру кол калбайт. Ага айрыкча оёздун жардамчысы кызматынан кеткени көбүрөөк узун-туурасынан чагым айткандар чыга калып жүргөн болушат. Балким анын дагы кимдир бирөөлөргө тийгизген салакасы, бийлик-мансабына таянган айдары, ээлеген кызматынын уусу менен кылган акаараты башынан ашып кетсе керек?

Бир күнү оёз Чыныбайды өзүнө чакыртып, ногой котормочусун кашына алдыртып, Чыныбайдын орус тилин жакшы билгенине карабай, андан эч нерсе сурабай, котормочу аркалуу анын ата-тегин сурап калат. Ошондо Чыныбай андан тайманбай-этпей:

- Атам болгон жетесиз,
Энем болгон никесиз.
Арам туулган баланын,
Тегин сурап нетесиз?-деп анын суроосуна түбүн

түшүрө жооп берсе, оёз ага экинчи ирет ооз ачкыс болуп калыптыр. Чукугандай сүйлөгөн сөзү менен ал көп жерден тайгаланып, мүдүрүлбөй, кыска, так кесе жооп берип, кезегинде көпчүлүктүн оозун ачыруучу өнөрлөрү дагы аны коштоп жүрүүчү дешет калайык калк.

Бирназар күндөрдүн бир күнүндө олуя-көрөгөчкө өз балдары менен бирге Жылкыайдарды сындан өткөрүп берүү үчүн анын алдынан балдарын катар тизип өткөрүп калат. Олуя Бирназардын өз балдарын:

- Мал-жанын баккан эле, коймаарек тарткан балдар болот экен. Ал эми мынабу кетирекейиңден чыкса бир нерсе чыгып калаар. Анын сенин үйүңдө жаткан эски бешиги бар экен, мага апкелип кошо көрсөтчү,-деп суранып калат. Санчы-сынчы Бирназар апкелген эски бешикти бир топко чейин аласалдырып, айлантатегерете кылдат карап, кармалап отуруп, бешиктин ийилген талында кезинде булбул уялаганын, мында жаткан баладан булбул үндүү тукум чыгаарын, ал эл-журтун бийлеп, узак убакыт элижерин сураарын айтып, батасын кайра-кайра кайрып берип, узап кетиптир. Ошентип, Жылкыайдар бой жетип, Бирназар ага Бапа небереси Садык баатырдын колуна түшүп келген калмак туткундарынын ичинен эки бир тууган кыз Бөбүш менен Көкүлдүн бирөөсүн, тактап айтканда Көкүлдү аялдыкка алып берип, андан ай айланып, жыл тегеренбей Тилекмат төрөлүп калат.

Бирназардын эң кенже баласы Баялы жыйырма үчкө келген курагында бийдин өз баласына өзүнүн каргышы тийип каза болуптур. Санжырачылар «Баялыга өз атасынын эле каргышы тийген» деп дааналап, ачыктап айтып жүрүшкөнүн кийинчерээк санжырачылардан, кары-картаңдардан угуп жүргөнүм бар.

Баялы эмнегедир атасы Бирназар менен бир тууган агасы Мураталыдан бийсиз эле өзү билемдик кылып, мал-мүлктөрүн туш келди союп, утур-тетир эле иштете баштайт. Ал эле эмес төшөк тартып калган атасы Бирназар бийге дагы акаарат сөздөрүн жолдоп, сөзү-кеби тийип турган болот. Күндөрдүн бир күнүндө ал атасын тике качырып омуроолоп:

- Ата, сенин өлөөрүң калды, өсөөрүң калган жок. Канындан чыккан алты, ал эми багып алган алты кул уулуң бар. Көзүңдүн тирүүсүндө алардын ар бирин бизге бирден эгедер кылып, баштарын байлап кет. Мага Жылкыайдарыңды эле кул кылып берсең жетишет. Башкасын болсо калган балдарыңа ыраатгап бөлүп

берээрсиң, болбосо эрк өзүңдө,-деп ансыз дагы төшөк таяп, төрүнөн көрү жакындап калган атасына опурулуп-жапырылат.

- Аны деги сага ким үйрөттү балам?-дейт Бирназар чыканагын жаздыктан көтөрүп, оңдонуп.

- Эч ким деле үйрөткөн жок. Өз акылым эле,-дейт Баялы.

- Эгерде сага бирөө үйрөтпөй, өз акылың менен ушул сөздү айтып жаткан болсоң, анда сенин кара оозуңа кан толсун. Асырап алган балдарымды качан силерден артык, же кем көрдүм эле? Экинчи «кул, күң» дегениңди сенин оозуңдан укпайын,-деп аны өз төрүнөн өзү кууп чыгат. Ачуусуна алдырган Баялы жылкычыларга чейин чаап барып, Жылкыайдардан түз эле Бирназардын жылкыларынын камбар атасы «Маймак торусун» кармап берүүсүн буюрат. Жылкыайдар «Маймакты» жылкынын пири, камбары эле, андан башкасын алгының дейт. Ошондо ал Жылкыайдарга жаза-буза камчысын үйүрүп:

- Арам гана кул десе, мен эмине айтсам ошону аткаргының. Малымды сатамбы, соёмбу аны мен өзүм гана билемин. Сени «арам кул» дейт. Кул мал бакканды гана билет. Биздин теңирибиз асмандагы кудай болсо, сенин теңириң мына мең болом,-деп омуроолоп, ачуусуна алдырып, эми ага бир заматта камчы үстүнө камчы салып жиберет. Ызага өтө деле алдыра бербеген менен Жылкыайдар баары бир ага «Маймак торуну» укурук салып кармап бербей, моюн толгоп бет алды бастырып кетет. Баялы ошондо Жылкыайдарды кектеп, алдына карап турган жылкычыларынын бирин опузалап чакыртып, карасанатайлыкка эле «Маймак торуну» карматып, жылкычынын ой-боюна койбой, аны тиги жылкычынын өзүнө жетелетип жакага беттеп, ал эми Жылкыайдарды болсо «бүгүн таңга чейин эле жай кылып коёрун» айтып, муштумун кезеп жолуна түшөт. Жылкыайдар «Маймакты» Баялыга алдыртып жибергенине төшөктө жаткан Бирназар атасынын алдында күнөөлүү болгонсуп, жалтактап, ага көпкө чейин жолобой калат. Ошондон кийин каргыш алабы, же чындап эле Жылкыайдардын Баялыга жооп кылган акааратыбы, же кудайымдын ага ыроологон убакты-сааты бүтөбү, айтор, Баялы ай тегеренип, жыл айланбай туруп, төшөк тартып калган атасынан мурда жарык дүйнө менен кош-бош айтышып кете берет.

Карылыктан чөгүп калган Бирназарга Жылкыайдар өз балдарынан кем эмес кызмат өтөп, ал эле эмес анын Анжыянга алып бара жаткан сөөгүн аттын омуроосу бою жааган карга, катыра урган борошого карабастан аттап-жөөлөп, бирдин айында Анжы-

янга алып барып, бир туугандары менен коюп келген экен. Көпчүлүктүн айтымы боюнча ал эки ирет көз көрүнөө келген өлүмдөн ачыктан ачык оолак калган имиш. Биринчисинде, ымыркай кезинде Нарын дайрасын кечип өтүп келатканда энеси Күмүшай аны колунан шар аккан дайрага түшүрүп жиберип, маралдын жардамы менен аман калса, экинчисинде атасы Бирназардын сөөгүн түштүккө алып бара жатып, Көкарттын белинен суукка кайыкпай-этпей, аман-соо калыптыр. Көрсө, сууктун айбатынан бөөдө өлүп калабыз деп коркушкан сөөкчүлөр:

- Өлсө ач жон, куу белде кул өлөөр. Бирназар бийден айрылып деле артынан эч кимибиз өлүп кеткен жокпуз. Бул кулга убалсооп дагы жок. Өлүп деле кетпес. Биз болсо суукtan бир аз калканыч кылалы,-дешип, өз ара кеңешип-кептешип, Көкарттын белиндеги эле бир айылга кайрылышып, сөөктү кайтартууга Жылкыайдарды ай талаада жалгыз калтырып кетип калышат. Же, Жылкыайдардын өзүнө берилген жеке касиетиби, же кудайым эш болгонбу, айтор, ал сөөк оролгон кийизге атасынын сөөгү менен бирге оронуп, коркуп-үркпөй эле атасынын сөөгүн кучактап таңды таң аткычакты жатып алат. Колу-буттарын жылытып, ысык чайга карк тоюшкан сөөкчүлөр эртеси күн аркан бою көтөрүлгөндө сөөктүн жанына келишсе, Жылкыайдар сөөктү айланып булоолонуп, аркы-терки басып турган болот. Анын ач бел, куу жондо, иткуш колдон талашкан кашабаңдардын кандуу жолунда кантип аман-эсен калганын сурамжылашса, ал болгон-каткан кепти жашырып-жаппай, ачык сырын айтып берет. Ал тургай Жылкыайдар атасынын сөөк оролгон кийизине оронуп жатканында түш көргөндүгүн кошо божурап берет. Түшүндө Бирназар бий алыскы эле бир сапарга ат арытып, өзүнүн жээрде кашка күлүгү менен алкынтып кетип бара жаткан болот. Жылкыайдар ага жандай чаап, атасынын өзү менен бирге ала кетүүсүн суранат. Бирок, баласынын бул сунушуна атасы мойнобой коёт. Ал эле эмес ат үстүндө кетип бара жатып өзүнүн үстүндөгү апаппак кементайын чечип берип, Жылкыайдарга:

- Балам, абыдан үшүп калган сыяктуусуң. Бул кементайымды жонуңа жамынып, жылынып алчы. Мен эми үйгө кайта албай калдым сыяктуу. Анын үстүнө бет алган сапарым өтө алыс. Сен эли-жериңе эш болуп, бул жакта эле калып калганың эп,-дейт. Жылкыайдардын бул түшүн өз оозунан угушкан анын бир туугандары Жылкыайдарга бир эсе ичтери күйүшүп:

- Аттиниң кара баскырдыкы десе, Бирназар атамдын касиети толугу менен эле өз балдары бизге эмес, бакма баласы Жылкыайдарга өтүп кеткен турбайбы,-дешип оздорун карманышып, сөөктү Жалал-Абаддагы «Айып-Булак» мазарына коюшуп, кайтып келишкен соң:

- Акылдуусунасың арам гана кул, амалданасың,-дешип күн көрсөтпөй башташат. Жылкыайдар азап-тозоктун баарысын айкөлдүк, чыдамкайлык менен жеңип өтүп, алардын эч кимисине каш серпип, каяша кылбай, жылкысын асырап жүрө берет. Кудайым бак айтып, жыл айланбай алган аялынан эркек уулдуу болуп, анын атын Жаратканымдан тилек кылдым эле деп «Тилекмат» коёт. Аны жаамы эл-журту эп көрүшүп, наристеге арнап ак баталарын беришет. Бактысына жараша, Тилекматы тың чыгып, чыйрак, эстүү, билимдүү болуп чоңоёт. Ал өзү да кийинчерээк Муратаалы бийдин жылкысын бакканына карабай, бара-бара мырзаларга, эл жакшыларына тең ата, үзөңгүлөш болуп чыга келет. Кийин журт башына түмөндөгөн калабалар түшкөндө да дал ушул эле Тилекмат элчи нечен курдай көл бугусун бул алааматтардан өзүнүн айла-амалдары, көрөгөчтүгү менен аман-эсен сактап калат. Эл оозунда Тилекматтын тубаса элчилик касиети бар экендигин, ал элдик каада-салтты, үрп-адатты катуу сактаган, ким менен кандай сөз жүргүзүүнү, сүйлөшүүнү жакшы билген, маектеши менен кандай мааниде кеп жүрөөрүн алдын-ала сезген, элчиликтин купуя сырларын кенен өздөштүргөн инсан экендигин санжыра, уламыштарды бетке кармаган ар бир инсан тайманбай эле айтып келатышат. Анын жарык дүйнөгө келиши, балалык чагы, өспүрүм курагы, жигиттик мезгили бир караган адамга өзүнчө эле табышмак, сырдуу дүйнө, ал эми айта келсе бүтпөс дастан. Болбосо, чындап эле «Чыгданга сатылып келген кулдун» тагдыры өзүнүн тубаса, же кудурет ыроологон багы, же Бирназар берген тарбиясы болбогондо жалгыз жылкычылык өнөрдөн башканы өздөштүрбөй, бутунун башынан алысты көрө албаган түркөй адам чыгып калаарын ким билет эле? Негизинен алып караганда Тилекматты эрезе жетип, эл жүгүн аркалап калган эле мезгилинде ушул эле Бугу элинин ортон колдой аттуу-баштууларына чейин бир нече ирет «кул катары» таарынтып койгон жагдайлары арбын болгон экен. Ошондой мезгилдердин биринде дөөлос Сарт Аке Тилекмат элчиге:

- Тилешим, туугандын өзү таарынса дагы жүрөгү таарынбайт. Турмушта таарынып-урунуучу маселелер көп болот. Ал эми таа-

рынбачу, кулактын сыртынан өткөрүп жиберүүчү жагдайлар да андан аз эмес. Анан калса акылдуу жансың. Жети өлчөп, бир кесип, кезеги келсе өткөрүүчүсүн кулагындын сыртынан өткөрүп коюп жүр. Сага жалпы агайын-туугандарыңдын, бүтүндөй Бугу элиндин тагдырынан артык эмине бар?-деген экен аны жайгарып.

Баатыр элчи атанган Тилекматтын чукугандай сөз таап, теке маңдайына текөөрлөшүүгө келип олтурган кандай гана адамы болбосун өзүнүн чечендик өнөрү менен ээрден шыпырылта тартып, какатып-чакатып жооп берип келгендиги да ырас. Анын бири 1830-жылы Кокон сарбаздарынын Тамгага өзүнүн чебин орнотуп, көл бугусунун жанын чакырткандагы жообу күбө. Ал жолугушууга бугулар эмнегедир Боромбай манапты жиберишпей, Тилекматтын эле баруусун эп көрүшөт. Бир эсе ачык айтылбаганы менен «садага чабылса бугуга дал ушул кул чабылсын» деген болушат. Ошондо Кокон сарбаздарынын кыйытып берген миң алакеттен өткөргөн суроолоруна Тилекмат илгиртпей жооп берип, тар жол, тайгак кечүүдөн ишенимдүү өтүп кетет. Кокон сарбаздары ошондо Тилекматка Кудаяр хандын мөөрү басылган алгачкы «Бугу ханы» деген күбөлүгүн берет.

Чындыгында Тилекмат өз кезегинде тактыга көтөрүлүп, хан шайланбаса дагы хандын кийимин кийинип, таажысын тагынып, колуна мөөрүн алып, хан катары элчиликке байма-бай барып турган көл бугусундагы бирден бир адам болгон. Муну араб тамгасы менен эски чагатай тилинде «Жылкыайдар уулу Тилекмат бахадур бугу уруусунун ханы болуп дайындалсын. Кокон шаары 1860-жыл» деген бадырайта жазылган Кокон хандыгынын жазуулары таасын далилдеген экинчи ирет берилген күбөлүгү далилдеп турат. Бул күмүш мөөрдүн ушул күнгө чейин Өзбекстандагы Фергана областында Тилекмат элчинин бир туугандарында сакталып, кийин Оргочордогу Кален Жетимишбаев атындагы тарыхый музейге өткөрүлгөндүгү бизге маалым.

Көл бугусунун аттуу-баштуу аксакалдары Тилекмат элчини ортого алышып, сарбагыштардын кепке-сөзгө келбей калгандыктарын маалымдашып, бул жагы солтонун бийи Жангарачка элчи жиберишсе, анын эки элдин ортосунда калыс эле болоорун айтканын, Таластагы саруу элинен чыккан Ажыбек бийге элчи жиберишсе, «Мергендин ажалы зоодон. Хандын ажалы бир туугандан. Сак болуп, аалгалап тургула»,-дегенден башка эч нерсе айтпаптыр. Ат-Башыдагы чериктердин бийи Улак бийге кабар айтты-

рышса, «Бөрүчүл жигит өлүүчү», Ормон өз опузасы менен акыр түбү ошону көрмөк. Биз эч киминерге тарта албайбыз. Экөөң бири-бириңе тең тууганысыңар. Биз калыс тууганбыз,-деп элчини жолго салат. Ошондон улам эл жакшылары Кытай губернаторунан кол сурап келүүгө Тилекматты жиберүүгө туура келип калгандыгын айтышат. Бирок, Тилекмат элчи: - Кытай эли менен байланышып кажети деле жок. Болду-болбоду жардамын бизден орус эли аянбайт болушу керек?-деп ал жакка көл элинин тыңчыкмасы, нары орус тилин кен-кесири өздөштүрүп алган Качыбекти Омбуга жиберүүнү сунуштайт. Олтургандар Тилекматтын бул оюна бир ооздон макул болушат.

Тарых, санжыра, уламыш-дастандардан тастыкталгандай кезеги нде Тилекматтын бир канча аялы болуптур. Анын балдары күнү бүгүн дагы түштүк-түндүктү бириктирип турган алтын көпүрө болуп жашап, көр тирликтерин тирнеп келишүүдө.

Тилекматтын Кокон бийлигин орус бийлиги алмаштырган мезгилинде дагы кокондуктарга ишеничи тайыбаганын баса белгилеп айткым бар. Ал Кокон ханынын кабылдоосунда болгонунда жаамы көлдүктөрдү кокон хандыгынын салыгынан биротоло куткартып келгени санжыраларда ачык эле айтылып жүрөт. Бирок, анын турмуштан алган багыты бир жактуу болуп, өмүрүнүн акырына чейин Кокон бийлигине ишенип келгенине карабастан, 1860-жылы полковник Колпаковскийдин өтүнүчү менен өзүнүн жакын жигиттери Андагул менен Кулжыгачты казак султаны Сауракка жиберип, аны Россия бийлигиндеги аймакка биротоло көчүп келүүгө үндөйт. Саурак ошол кезде Синцзянь бийи Якуббекке көз карандылыктан бошонуу аракетинде болуп турган учуру болот. Тилекматтын өтүнүчүн Саурак кынтыксыз кабыл алып, ал көп өтпөй эле орус падышалыгынын аскерлеринин катарына биротоло өтүп бериптир.

Арык тукуму Бокой аттуу бай бугунун мыкты чыкмаларынан болушкан Сооданбек болушту, саяк Садыр Акени, кыдык Калматай акени, бапа Мамыркан акени, желдең Байгазы акени, Белектен Балтабай, Тилекмат, Кулбаракты, Арык тукумунан Кыдыр Акени, Батыркан ажы менен Чүрүмдүн Карачын согум сойгон учурунда даам сызып кетүүгө чакырып, эки-үч күндөп коноктоп калат. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, Сооданбек болуштун төптүгү, тактыгы, калыстыгы жөнүндө кеп уланып кетет. Согумга келген-

дердин улам бири анын элдин нааразычылыгын, эр өлүм менен доону кынтыксыз чечүүдөкү, калк арасындагы калпыс, теңсиз чечимдерди аныктоодогу кеменгерлигине токтолушуп, анын кийлигишүүсүз Бугу элинин ичинде айрым бир гана талаш-тартыштуу маселелер чечилбесе, алардын дээрлик көпчүлүгүнө эл жакшылары менен Сооданбектин аралашып келаткандыгын айтып калышат. Сөз кыябы келгенде Бокой бул мыкты чыкмаларга, төрүндө конок болуп олтурган эл жакшыларына кайрылып:

- Анда Сооданбекти бугулар туу кылып алсак ашыктык кылбайт турбайбы,-деген өтүнүчүн кыйытып калат. Чакырылган меймандар бириӊ-бирин сынай карашып, капысынан берилген мындай ыңгайсыз суроого жооп издешип, Бокойдун сунушуна бири баш ийкесе, экинчиси эки анжы болуп, үндөбөй туруп калышат. Бирок, эч кимиси озунуп сөз кагышпайт. Жыйынтыктоочу сөз кайра эле Сооданбектин өзүнө келип такалат. Анда Сокең камаарабай туруп мына буларды айтып турат дейт:

- Мен бир эле суулук адаммын. Балким бар байлыгыма. оозумдагы кеби-сөзүмө чиренип силер менен тең-тайлашып келаткандырмын. Менимче силердин алдыңарда туу тутуучу көл бугусунда мен билгенден эки гана аттуу-баштуу адам бар. Алардын бири, кызыл тилин жанып, бугуну нечендеген алааматтардан өзүнүн чечендиги, акыл көрөңгөсү, элчилик чеберчилиги менен алып калган Тилекмат элчи да, экинчиси бугуну душмандардын уулу чеңгээлинен найзанын мизи менен кылычтын учун пайдаланып сактап келаткан Эшкожо уулу Балбай баатыр болгон,-дептир. Чын-чынына келгенде бул эки инсандын тарыхта изи, калайык калк арасында алтындай сөздөрү көөнөрбөй, күнү бүгүнкүгө чейин эле сакталып келатпайбы.

Цин империясы Иле боюна өзүнүн үстөмдүгүн орнотуп, Бугулар Текестен, береги Кытай жергесинен байма-бай жылкы тийип келаткан эл болушат. Кайсыл бир топто «алардын бейбаштыгына кол жетпей калды» деген кытайлардын арызын карап калышат. Арызды кароого кыргыз тараптан Тилекмат элчи кошо барат. Ал кара тилди кайрап, кара жаак чечендигине салып олтуруп, арыздаган тараптын эч кимисин сүйлөттүрбөй, көл бугулары ансыз дагы келим-кетимдүү, мал-жандуу эл келишип, коңшу-колоңдор менен кадимки эле бир туугандай алакада, ымалада жашап келишкендигин тастыктап чыгат. Ошондо «Шиңжан» өкмөтүнүн

өкүлү Тилекмат элчинин алдынан кайра бир ирет өтүп, ал тургай өзүнүн бийик сыйын көрсөтүп, ат-тондоп, көл кыргыздары менен жылуу мамиледе кала тургандыктарын айтып, олчойто белек-бечкегин берип узатат. Муну уккан кыргыз-казак төбөлдөрү Тилекмат элчини ого бетер сый-урматка алышып, алыс-жакындагы, ич арадагы чыр-чатактардын, талаш-тартыштардын, уруу-урук келишпестиктеринин чечилишине арачы катары өз чакырыктарын күчөтө башташат.

Ормон хан өлүп, иниси Төрөгелди Балбайга колго түшүп, уулу Үмөтаалы баш болгон сарбагыш-солтолордун эл билермандары бул эле көл боорундагы Байсоорунга чогулушуп, Бугунун кун берүүсүн талап кылып калышат. «Балбайдын колунда Төрөгелди тирүү турганда эч кандай кун бере-коё албайбыз» дешкендери менен Бугу билермандары өз ара кеңеш курушуп, ал жыйынга жалгыз эле Тилекматты жиберишет. Чогулган эл үстүнө түш оой келип жеткен Тилекмат мындагы улуу-кичүү менен амандашкан соң эч токтолбой:

- Сарыбагыш бир туугандарым. Өлөөр Ормон өлдү. Анын акыры жакшылык менен бүткөн жок. Көл бугусун үч кайрылып чаптыңар. Андан эмине орой таптыңар? Эл азып, тозду. Жаакты баштан айрыгандай кылып, бүтүндөй бугуга кыргын салып, миңдеген адамдын канына забын болдуңар. Төрөгелди өзү дагы оң таппады. Төрөгелдини бошотуп алуудан мурда силер Ормонго кун кууп келип жатасыңар. Эми мен кепти көп деле узартпайын. Силерге бир эле суроо узатайын. Эгерде анын жообун так кесе таап, айтып кетсеңер анда биз бугулар силер айткан кунга жыгылыштуу бололу, жок болбосо кун бере-коё албайбыз,-деп алардын жообун күтүп олтуруп калыптыр. Чычкысы кайнаган сарыбагыш бир туугандар:

- Айткыныӊ анда бээ саамактатпай табышмагыңды арам гана кул. Тапса таап эле коёбуз,-дешип бир ооздон анын суроосун такташып, анысын так кесе айтып жиберүүсүн жаалап жиберишет.

- Айтса айтайын анда. Ормон хан сарбагыш калкы үчүн ханбы, же карабы?–дегенде алар бир ооздон:

- Хан» болбогондо анан ал ким болуптур? «Хан» эле болучу-деп жаалап жиберишет.

- Андай болсо байыркы замандан бери эле ханга кун төлөнбөй келатат. Кун карапайым гана адамга төлөнөт,-деп кыргыздын

ата-бабабыздан келе жаткан салт-санаасына таянып, көпчүлүктүн кысмагынан аман-соо кутулуп чыгып кетиптир.

Тилекмат элчи ар бир эле Акелер, манаптар, болуштар, байлар, бийлер сымал өзгөчө кыргыз баласына мүнөздүү саптары уйкаш, накыл сөздөргө жуурулушкан ыр саптарын да акындардан кем эмес чүргөп, уккулуктуу кылып куюлуштуруп, андагы маани-маңыздуу оюн көп чогулган жерлерде, той-аштарда айта калган да тубаса өнөрү болуптур. Алардын бири катары анын төмөндөкү ыр саптарын мисал катары айта кетүү мүмкүнчүлүгү жаралып олтурат:

- Акылы жок уулдан, апийим жеген мас жакшы,
Кеп билбеген кесирден, келте ооруган дарт жакшы.
Келе деп барсаң зарыгып, бере койгон март жакшы,
Эпкини жок жаштардан, эски сөздүү карт жакшы,
Сыйлашпаган туугандан, жат болсо да сарт жакшы.
Алың кетип карганда, кадырың кетсе бул көөнө,
Акырын келген өлүмдөн, ажалың жетсе бат жакшы.
Аламан чапса бой бербей, алдыга келген ат жакшы,
Ыйман берсе кудурет, караңгы көрдө жат жакшы, - деген

өңдүү Тилекматтын канаттуу, макалдантып-табышмактанткан айрым бир таасирдүү ыр саптары гана бизге чейин жетип олтурат. Бирок, эл оозунда Тилекматтын куюлуштуруп айткан, оозуна келе калганда эч ойлонбой төгүп жиберген өнөрү болгонун айтып келишкени менен азыркы муундарга ал чүргөп, айтып жүргөн ыр саптарынын жеткендери абыдан эле аз.

Айрым бир санжыраларда Тилекмат Аке жана анын атасы Жылкыайдар жөнүндө бир аз башкачараак айтылган түрмөктөрү дагы бар. Ошондой болсо дагы Тилекмат Аке, же Тилекмат элчи жөнүндө бир-эки ооз сөз айтуу менен гана чектелүүгө болбойт. Анын көл бугусунун турмушунда сиңирген эмгеги ат көтөрө алгыс. Ал катышпаган, аралашпаган, тагдырын чечпеген ошол кыл мизинде кылтылдаган кыргыз тагдырында, анын ичинде көл бугусунун жашоо-турмушунда бир дагы маселеси убагында чет калган эмес. Элибизде Тилекмат элчини Тилекмат Аке катары тутунушуп, ага эки-үч кылым катары менен жогорку бааны берип келатышканы дагы ошондон улам болсо керек. Ошондуктан Тилекмат элчинин, же Тилекмат Акенин эли-журтуна сиңирген эмгеги чыгарманын бардык бөлүмдөрүндө кең-кесири камтылып, анын

бейнесине тиешелүү деңгээлде сүртүмдөр келтирилди.

Тилекмат Акенин сөөгү Шалба айылына жакын аймакка коюлган. Азыр анын көрүстөнү түзгө айланып калган чагы. Болбосо, анын күмбөзү кезегинде Ысык-Көлдүн Ак-Дөбөсүнүн тушундагы жеринен алынып келинген эски шаар калдыгынын бышкан кыштарынан аздектелип тургузулуптур. Бирок, көл бугусунун Улуу Үркүн жылдары Текеске көчө качышы менен бул аймакты убактылуу ээлеп, жердик болуп калган орус көпөстөрү анын кирпичтерин орус мештерин салууга бузуп алышып, күмбөздүн орду эле калып калган экен. Ал эми Тилекмат айылындагы бир уруу эл азыр Тилекмат Акенин тукумдары деп эсептелип, дүркүрөп өсүп келе жатышат.

Ошондон улам Тилекмат Аке менен Сарт Акенин айкелдери 1998-жылы Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылына, «Тогуз жолдун тоомуна» орнотулду. Азыр ал жерге жеке эле кан жолдон кумурскадай чубашкан өткөн-кеткендер эмес, жаан-жакшылыктан үмүт кылышкан ар бир кыргыз жараны ат башын бура тартып келишип, алакан жайышып, курандарын түшүрүп кетишүүдө.

# САДЫР АКЕ
## (1821–1905–ж.ж.)



**Чындык сурасаң Садыр Акеге бар.**
***( Эл макалынан)***

Жогорутада акелердин көчүн улап, чын-чынына келгенде нечендеген залкар акындарды, орошон манасчыларды, акылга дыйкан элибиздин каймактары менен сырттандарын берген жер Ысык-Көл кылаасы экенин айтып өттүк. Мына ушул даанышман инсандардын ичинен саяк Садыр Акенин дагы турмуштан алган орду ат көтөргүс салмакта дээр элек. Эгерде Садыр Акенин ата-тегинин чыгып келишин баяндай турган болсок, ал Кожояр атага бешинчи атасынан барып кошулат. Негиз түбү түштүктөн ооп келишкен. Кудаш бийден Кожояр, андан Асказан. Асказандан-Күлүк. Күлүктөн-Авилет, Авилеттен- Майназар, Майназардан–Жолболду. Ал эми Жолболдудан болсо 1821-жылы кадимки Садыр Аке төрөлгөн экен. Жаштайынан акылга зирек, куйма кулак өсүп, оомалуу-төкмөлүү турмушта камырдай жуурулуп, калк арасында узак жылдар бою калыптанып, турмуштун көптөгөн кыйын кезеңин өз башынан кечирген Садыр Аке:

- Тирүүчүлүктө бетке көө сүйкөнбөй, адамга тик карап, ак жүргөндөн артык нерсе болучубу? Бул жарык дүйнөдө үч артыкчылык бар. Биринчиси-өлгөндөн калган туяктын артыкчылыгы. Анткени, артта калган туягың адамкерчиликтүү, сени жаманатты кылбай өссө, чоңоюп-чочойсо ысымың түбөлүктүү сакталып калары эп. Экинчиси, пайдасы жок падышанын ак сарайына караганда, кедей-кембагалдын куурай, чий калаган сайма алачыгы артык. Үчүнчүсү, элдин эмгегин кансыктатып жеген кажыган жолборстон көрө көп көзүнөн түнөк таппаган көр чычканы артык,-дептир ал өз кезегинде. Садыр Аке барасмандаган бийлик-мансапты, баасы жок байлык-дөөлөттү, баш жарган атак-даңкты көздөбөгөн чоң сынчы, эл үчүн жоктон бар кылып сөз-кепти таба билген айлакер, акылман, калыс, карапайым, камкор, калк арасында зор кадыр-барктуу адам болуп өткөн экен.

Садыр Аке жерден боорун алгандан эле ата-энесинин оокаткечелүү жашоодо турганына карабастан, алардын жеңилин жерден, оорун колдон алып, «бирди миңге, миңди түмөнгө» айландырып эгин эгип, мал багып, тирикарак бала катары чоңоюптур. Ал узак жылдар бою Бугу уруусунан тараган Шапак элиндеги Ныша деген байдын жылкысын багып, бээсин саап, кырк жашка караган курагында гана болуштук бийик даражага жетет.

Анын алгачкы топ бузган акылмандыгы, айлакерлиги жеке эле Бугу элинин эмес, Кызыл-Сазда 1865-жылы күз айларында Жети-Суу акимчилигинин буйругу менен өткөн бугу-сарбагыштардын чоң жыйынында ачыкка чыгып калат. Мына ушул жыйынга Садыр Аке атайылап эле кечигип келет. Шабдан баатыр Садыр Акенин алдынан утурлап карап чыгып, анын мына-мына кирип келишин күтүп, жыйынды ээн баштанып баштап жибербей, алдыартын каранып, бир кыйла убакытка чейин созуп турган болот. Садыр Акенин келе жатканын көрүшүп, Шабдан баатыр, Жангарач бий, Кыдыр Акелер баш болушуп, аалгалашып, ал эле эмес каада-кастар менен астынан тосуп чыгышат. Бирок, бул күнгө белгиленген жыйын эмнегедир өтпөй, кымыз ичилип, эт желип, келген меймандар чыканак таянышып, кеп куржунун чубашып, кере-кере дем алышып, күн кеч киргизишкен экен.

Жыйын эртеси, ишемби күнү күн аркан бою көтөрүлгөндө гана башталып калат. Адеп эле Шабдандын оң капталында олтурган анын жан жөөкөрү Баяке Садыр Акени сөөмөй кезеп көрсөтүп, тетирлене сөз баштап:

- Мырзам, тиги мурду жырык кара уйдай болуп шаңырайып олтурган ким деги?-деп калат. Анда Садыр Аке ордунан кымын-дай дагы кыймылдабай, кымырынып-кымтынбай туруп, Баякеге эч токтоосуз эле жооп кайтарып:

- Мен сен өңдөнгөн эли-жеринен сүрүлүп калган «бычмал кул» эмесмин. Көл кылаасындагы тектүү делген, бетегелүү Кызыл-Кыя менен Санташты, аягы мал киндиктүү Кой-Ташты жердеген саяк уруусунан чыккан Садыр болушмун. Атам Жолболду. «Билсең саякмын, билбесең башыңа тийген таякмын»-деп какшык аралаш каарып өтөт.

- Ап баракелде! Садыр болбосоң куруп кал! Туура эле жайлабадыңбы. Уга турган кеби дал ушул болучу мунун,-деп Шабдан бир эсе уятына чыдабай, бирок бир аз төмөнүрөөктө ол-турган Баякени көзүнүн агы менен атып өтөт. Ансыз дагы сөзгө катуу сынып, бедели кете түшкөн, алтымыштан ашык жаш жашап калган Баякенин өлбөгөн төрт шыйрагы калып, же шарт бурулуп, туруп сыртка чыгып кете албай, же отурган жеринде кебелбей отуруп кала албай, таштай катат да калат. Отурган эл кыраан-каткырык күлкү салып жиберишет. Анын Баякеден эч тайсалда-бай, ага карата минтип курч айткан кебине мындагы жыйынга катышканы Жети-Суу акимчилигинен келген өкүл дагы өз алдын-ча баа берип, бирок өзүнчө ыңгайсызданып, кеп тизгинин аярлап, эми ууру мышыкча Садыр Акенин ар бир сөзүн аңдууга алып, аярлап сүйлөй баштайт. Ал эле эмес, дооматын айтып, доосун өндүрүп алам деп, дөөгүрсүнүп олтурган Байтик баатырдын дагы мизи кошо майтарылып, Кокон хандыгынын ага деген доосу, ку-ну өндүрүлүп берилбей калабы,-деп өзүнчө эле ичинен тыбырчы-лай, ич майын жей баштайт. Жанатадан кой маарек тартып отур-ган Жангарач бийдин да алдасы оозунан түшүп, ар-жак бери жа-гын кылчактап, астыртадан Садыр Акени аңдууга өтөт. Ошондо олтурган улуу-кичүү калк кадырмандарын астыртадан көз кыры менен тепчип өткөн Садыр Аке:

- Жаратылышынан аялбаакы Кудаярдын баласы Рахматулла-ны той-тамаша куруп жатканынын үстүнөн чыгып, ага жигитте-рин кошуп Байтик баатырдын кырып салганы ырас. Аны мен бе-ри эле болгондо Кудаярдын найза бойлогус кылык-жоругуна ка-рата өч алуу катары баалаймын. Болбосо, Байтиктин бир тууган инисин «ордо жигити кыламын» деп жылуу ордунан козгоп алып кетип, уялбай-этпей туруп ажатканасын тазалаттырып койгону

бери эле болгондо кудай-таалам кечирим бергис кылмыш. Ошондуктан бул маселеге кун төлөө талабын орунсуз иш деп баалаймын. Ал эми Байтиктин Каракол оёзунан миң жылкы доолаган арызы дагы суу кечпейт. Бул барып келип эле карапайым элдин жонуна түшкөн оор мүшкүл, кайыштай тартылган кыл аркан. Ырас, жыйын белгилүү бир себептер менен өткөрүлбөй, анда карапайым эле эл убара болду. Барып-келгенге өтө көп чыгым кетти. Ат-Башы, Нарын, Чүй боорунун элдерин бекерден-бекер жол кездиртип бүлүндүрүштү. Ошондуктан, Байтиктин доосун Каркырадагы жыйынды өткөртпөй койгон ак падышанын Жети-Суудагы акимчилиги чечип бергени туура болот деп эсептеймин,- деп сөзүн жыйынтыктаса, отургандардын көпчүлүгүнүн жүрөктөрү жылып, мына минтип төп, калыс, бетке чаба түз айтылган сунуш кош колдоп кабыл алынып, арыздарга тиешелүү чечимдер кошо тиркелген экен.

Садыр Акенин болуштугунун күрдөөлү сүрүп турган күндөрүнүн биринде Муратаалы бий баштаган Белек элинин бир даар билермандары Алдаяр Чомойдун үйүнө конок болуп келип калышат. Чакырыкка бир кыйла кечигип, саламын ийиле айтып кирип келген Садыр Акенин болуштук сүрү дагы булардын эч кимисин сестендирбей, ал тургай сээрер-сээремексен да болуп коюшат. Муратаалы бий болсо тек гана Садыр Акеге жанында олтурган бир аксакалдан кийинки орунду көрсөтүп тим болот. Ал аңгычакты табак тартылып, койдун бүтүн тартылган жамбашын Садыр Акеден өйдөрөөк олтурган аксакал алат да, андан кестиги менен четинен кичине ооз тийип, балканактай устуканын дасторкондун четине жылдырып коюп, табакта калган кышкы уйдун сүрүнүн карчыгасынын бүлкүлдөгүнө кол сунат. Олтургандарга устукандардын алды жетип, аягы жете элек кезиндеги карыянын мындай кылган ашкере кылыгына аң-таң калышкан мындагылар тиги аксакалдын оозун карашып, дел болуп олтуруп калышат. Ошондо капшыттан карап, ансыз дагы ылдый олтуруп, ичи ачышып турган Садыр Аке:

- Эмне, сенден башка адамдын оозуна май жарашпайбы? Тарт ач арбактын колундай болгон сербейген колуңду. Мен дагы сени өз конушун таба элек Саяктын бир кексе чалы десем, Белектин баш теңдигине жетип, бирок аш теңдигине жете элек кузгун сымал куураган куу чалы турбайсыңбы. Эткен май жээнчек болсоң, санга кошула элек Саяктын бир болушунун жанын сагаалабай, Белектин бийлери менен байлары отурган төркү табакка

отурбайсыңбы,-деп алды менен Муратаалы бийди сөзгө сындыргысы келип, ага олурая карап калат. Чындап эле Садыр Акенин каарып-капчып өткөн мындай катуу, бирок жөндүү сөзүнөн улам устуканын колуна алып-ала элек Садыр Акени Муратаалы бий өз уятына чыдабай кош колтуктан алып тургузуп, төркү аксакалдар, кадырлуу адамдар олтурган табакка өткөрүп алат.

Күндөрдүн биринде өтүкултарып олтурган казактын бир эле жатакчысы ар нерсе, бир нерсеге алаксып жатып, шибегеси менен өзүнүн бир көзүн олуп алат. Заматтын ортосунда агып калган оң көзүн өзүнүн алаканына салып уучтап, айласы алты кете түшөт. Жалгыз көзү менен алыс-жакынды караса, алардын сайма алачыгынан анча деле алыс эмес бурулуштан бурула бастырып баратышкан топ караанга көзү чалдыгат. Ал эшик алдында турган тестиер баласынан эч нерсе айтпай-этпей туруп эле мамыда байланып турган атын алдыртып, соп камчысын үйүрүп, топту көздөй чаап жөнөйт. Ал эле эмес, боз балдардын бул тобуна жете барып, соп камчысы менен аларды туш келди эле бытыратып чаап кирет. Эч нерсе түшүнбөй, кайып-каскагынан эле ур-берге алынган балдардын бири аны жон талаштыра камчы менен бир тартып жиберет. Кокуй-алаттап аттан оодарыла түшкөн казак жатакчысы кыйкырык-өкүрүк салып, колундагы агып калган көзүн алып аларга көрсөтүп, «жедиң эле жедиң», деп барып аттан түшкөн эле ордунда жыгылып калат. Эки күн өтүп-өтпөй кыргыз-казак жыйынынын өтүп жатканын билген береги казак топту башкарган Садыр Акеге арызга туруп калат. Эки тараптын тең арыз-муңун толук уккан соң Садыр Аке камаарабай:

- Ээ бечара казагым, буларың сенин экинчи көзүңдү дагы оёо чапса аздык кылмак эмес экен,-деп териштирүүсүн кыскача жыйынтыктап коюптур. Ал арызды кароого бирге олтурушкан кыргыз-казактар да Садыр Акеге суроо жолдой электе эле береги казак жигити өз күнөөсүн өзүнүн моюнуна алып, береги күнөөсү жок бей күнөө жигиттерди актап жиберүүсүн өтүнүп, Садыр Акеге жалынып-жалбарып, алдына туурасынан жыгылган тура.

Хан Жантай кары–жашы келип кайтыш болуп, ашы-жыты берилген соң, Шабдан ата жолун улап, эки тизгин бир чылбырды колуна алып, «Бүтүндөй түндүк кыргыздарынын башын коштурам» деп чоң жыйын куруп калат. Жер ортосу катары жыйын өтүүчү жайды Кочкордун «Чекилдегин» тандашат да, жыйынга даярдыкты сарбагыш элинен чыккан чыгаан бай Чоко баатырга

табышташат. Чоко баатыр бул жерге эки жумача мурун эки ат коштолгон арабасы менен келип түшүп, конок камылгасына баш-оту менен киришип кетет. Чоң сууну бойлото тигилген отуздан ашык жумурткадай ак боз үйлөрдүн ар бирин асемдетип жасалга-латып, жайылган дасторкондорго дүр-дүйүм аштардан койдур-тат. Кымыздын гүлүн сапырттыртып, дасторкондун шаңын чы-гартып, багылаң козунун этинен кысыр эмди тайдын, тууга алган жылкынын этине, түштүктөн алдырылган коон-дарбыздарга, ал-ча-гилястарга чейин койдуртат. Бирок, өзү топ өткөрүлүүчү он эки канат ак өргөөнүн так төрүнө төшөктү бийиктетип салдыр-тып, конок келээр алдында төш таянып жатып алат. Сыягы анын «Ат-Башыдан тартып, бүткүл Кочкор өрөөнүнө чейинки Сарыба-гыш элинде менден башка кыйыны жок» деген белгиси болсо керек. Жыйынга келгендерге минтип өзүнүн жасаган кызматы, бир чети бийик даражасы менен көрүнөйүн деген Чоко баатырды бир алатында жыйынга келген көпчүлүк эл таанып турушса да-гы, анын ичинен айрыкча Садыр Аке билмексенге салып, тегере-те орун алышкан Шабдан хан, Байтик баатыр, Жанкарач бий ме-нен Алымбек даткаларды карап:

- Мына бул ооруп, ок жеген ноокасыңарды жыйын өткөрүлүүчү өргөөгө ит көлөкөлөгөн бактын астына байлаган-сып, жаткырып койгонуңар эминеңер? Же эмне, бул оокасыңарды башка жаткыра турган жайыңар калбай калды беле Шабдан иним?-деп алды менен Шабданга тийишине кетет. Ан-дан жооп сөз күтпөй эле кайра:

- Бул кеселиңерге эптеп-септеп бир сайма алачык таап берсеңер болмок экен ишке жолтоо кылбай,-деп кошумчалап ай-тып, төрдөн барып көрсөтүлгөн орунга олтура кетет. Чоконун бул жаш бала кылбаган кылыгына уялып калышкан Байтик ме-нен Шабдан баатыр ичтеринен кысылышып, бирок Чокого мур-датадан эле эч нерсе айта алышпай турган жандары анын кыза-рып-татарып эшикке чыгып кеткенинен соң гана Садыр Акеге кайрылып, мына минтип калышат:

- Алда катыгүн ай-йе, баатыр ала көөдөн болот дечү эле. Уя-тына чыдабай бир балээнин ичинен чыкпаса экен. Деги анча-мынча нерсени көңүлүңүздөргө албасаңыздар экен Саке,- дейт Шабдан баатыр алды менен Садыр Акеге кайрылып.

- Алы-күчү мол болгону менен акылга дыйкан жан эмес эле бул чунак. Деги бир балекет болуп кетпегей эле?-деп кабатырла-

нат Байтик баатыр дагы туурадан кошумчалап.

- Шүк койгула. Ары-бери урунуп, өзүнөн өзү ийине келет. Анан ушунуку да жакшыбы? Алды адам кылуучу нерсеби? Эл тосконунан артыгын чыгарган айбан десе,-дейт Шабдан кайра ачуусу келгенин жашыра албай. Ошентсе дагы алда-немеден кабатырланган Шабдан баатыр Садыр Аке жаткан боз үйдү түнкүсүн кароол койдуртуп, кайтартып, акмалаттыртып коёт. Мына ушул Чекилдектеги жыйын бир жумага чейин созулганы менен эшик-төрдөй эле жерде турган Чоко алардын үстүнө эмнегедир дит багып, уятынан улам бастырып келе албайт. Кыязы бул баатыр орунсуз кылган кылыгы үчүн эл алдында катуу уялып калган окшобойбу. Каралуучу маселелердин арасында бул ирет Кокон хандыгынын ал-абалы жөнүндөгү маселе кабыргасынан коюлуп калат. Андагы кыйчалыш кырдаалды, Кокон ордосунун ханы Кудаярдын хан тактасын таштап качып кетишин кыйытып өткөн Алымбек датканын кеби мында отургандардын көбүнүн бүйүрүн кызытып койду. Антсе дагы Алымбек датка улам ыктытып, «Түндүк-түштүктүн башын бириктирип, былк эттирбей башкарып кете аламын. Алды макулдугуңарды берсеңер эле болгону. Канетсе дагы хан көргөн жердин тукуму эмесминби» дегенсип, бирок ичинде буккан өз оюн мында олтургандарга ачыктап айта албай туттугуп, өзүнчө эле күйпөлөктөп турду. Муну алдыртадан байкап, датканын кабак-кашын карап, дартын окуп олтурган Садыр Аке ордунан обдулуп:

- Абал биз күткөндөгүдөн кыйла оор экен. Кудаяр хандын качканы аз келгенсип, элиңердин орус бийлигине сес көрсөтүшү, кайра келип эле орус төбөлдөрүнүн элиңерди кысмакка алып жатышы карапайым калкка терс айдыңын гана тийгизээри анык. Менимче бүгүн орус акимчилигине баш ийип, биргелешип оокат кылуудан артыгы жок. Кудаярга жан тартып, жээн катары хан көтөрүп алганы эмине мураска жеттиңер? Мына бүгүн билмексенге салып, ортого салып жаткан оюңузду ордо оюнунун четибелин чоюп, ооматыңыз келип, ойлоруңуз ишке ашып турган чагыңызда эмнеге эл алдына суурулуп чыгып, ачык айтып, ак сүйлөй алган жоксуз?-деп күнөө койгонсуп, Алымбек датканы жарга такаган болот.

- Айтканыңызда калет жок үкам. «Жоо кеткенден кийин кылычыңды ташка чап»,-дейт эмеспи. Түштүк кыргыздары да дал ошол абалга келип такалдык окшойт. Колубузда турган ырыскы-

бызды ай-асманга ыксыз чачып жибердик. Азыр эки жардын кырында турган чагыбыз. Айткан-деген менен кеч болду,-деп айтып алып, Алымбек датка какап-чакап барып токтоду. Отургандар алардын кайым айтышына анча деле маани беришпесе дагы, түштүк кыргыздарынын азыркы ит көрбөгөн турмушуна кабыргалары кайышып, аёо сезимдери ойгонуп жатышты. Бирок, Алымбек датка «Садыр Аке менен мурда-кийин бет алышып көрүшкөнүмдө бир кыйла акылга карк болмок экемин»,-деп Садыр Акени алдыртадан карап, ичинен улутунуп койду. Эртеси эл тараар мезгилде Чоко баатыр топ алдына бастырып келип, Садыр Акенин алдынан Байтик менен Шабдан баатырды ортого салып жатып өтүп алды. Ал кудум жаш баладай желкесин кашыгылап, Садыр Акени үйүнө бир-эки күнгө чейин калып мейманчылап кетүүгө чакырып, анын алдында өзүнчө кыжаалат болуп турду. Садыр Аке баатырдын минтип кепке өзүнөн өзү капысынан сынып калганын көрүп, бир чети аны кыйып таштап кетип кала алган жок. Ал Чоконукуна түштү оодара тартып барып, ат башын буруп, эч нерсе болбогондой болуп түшүп калды. Муну көргөн Шабдан менен Байтик баатырлардын санаалары тынчышып, «эми бул экөө өз ара кеп-сөзгө келишип алышаар» дегенсишип, жолдорун карытууга бел байлап калышты.

- Кечириңиз Садыр Аке. Менден бир аз осолдук иш кетип калды окшойт. «Ойлонбой жасаган ишимден улам онтобой ооруга жолугуп олтурамын». Бир апта бою кылдат даярдык көрүп, күнтүнүмдү кечип уюштурган маарекемди бир акылсыз гана оюм менен жууп койдум сыяктанат. Бирок, болоор иш болуп, боёсу канды окшойт. Эми ар нерсе, бир нерсени ойлонбой, өз үйүңүздө отургандай болуп беймарал конок болуп кетиңиз. Мал-жанымды, эли-жеримди, иштеткен талаа-түзүмдү көрүңүз,-деди Чоко баатыр кежигесин жаш баладай болуп кашыгылап. Аябагандай сый көрсөтүп, үстүнө тон жабып, эртеси Садыр Аке атканып чыгаарында аялы Жаркын экөө бирдей узатып чыгышып, баатыр өзү минип жүргөн «Тору жоргосун» токулгасы менен мейманынын алдына туурасынан тартып, ага жалооруй:

- Садыр Аке, жашым кырк бешти чамалады. Үйлөнгөнүбүзгө жыйырма жылга жакындап калса дагы келиниңиздин согончогу канабады. Бала дегенде экөөбүз бирдей ак эткенден так этип келебиз. Жолдугуна мына бул өзүм минген торуну минип, ак батаңызды бере кетиңиз,-деп ага жалооруп,

жал-жал карап, жооп күтүп калды. Келинчеги дагы көзүнө чолок жаш алып, Садыр Акеден кандайдыр бир ылаажы издегенсип аны жалжылдап үмүттүү карады:

- Эмине, абаңдын канжыгасына байлана жүргөн, же чөнтөгүнө салып алган батасы, сен сураган баласы бар дейсиңби? Бирок, келинимден батамды аямак белем, эгерде жаратканым эш көрсө, берсе берейин батамды. Ал эми «торуну» болсо жыл айлантып, уулду болгондо атын Казы коюп, бешик тойго арнап сойгунуң,-деп алаканын жайып, ак батасын берип, кайтып кетиптир. Айткандай эле Чоко жыл айланбай эркек уулдуу болуп, атын Садыр Аке айткандай Казы коюп, «Тору жоргосун» эки айга чукул байлап туруп, уулунун жентек тоюна союп берген экен. Чоко баатыр Садыр Акеге сүйүнчү айттыртып, бешик тойго чакыртканы менен ал кандайдыр бир себептер менен Чоконукуна келбей калыптыр. Ошол эле Казы өз убагында атасынан дагы ашып түшкөн баатыр чыгып, бирок атасынан айырмаланып өзүнүн акылмандыгы, айлакерлиги, алысты көрө билген көрөгөч-көсөмдүгү менен элине бир нече ирет бий шайланып, эли-журтунун керегине жарап, алардын алдында өмүр бою «ысыгына күйүп, суугуна тоңуп» ак кызматын жасап өтүптүр.

Ак падышачылык кыргыз жергесине өз бийлигин толук орнотуп, башкаруучулук кыйырында көптөгөн өзгөрүүлөр пайда болуп, кылымдар бою шартталып, калыптанып калган кыргыздагы башкаруу бийлигинин калыбы ыдырап, шайлоо аркалуу болуштарды көрсөтүү жумуштары башталып, анда айыгышкан күрөштө жеңип чыгыш үчүн талапкерлерге көптөгөн мал-мүлк, акча-тыйын коротуу шартталып калат. Кыргыз баласына жат болбогон кошоматчылык, паракорлук арaанын ого бетер ачып, сан жагынан арбын уруулардын аттуу-баштуулары, атка минерлери болуштукка көрсөтүлүп жатышты. Эл арасында байлык-мансабына чиренип, болуш атыккан туура чабаарлар дагы пайда болушту. Бирок, Бугу уруусунун уучу да куру эмес экен. Эл эгедерлерин көрсөтүшкөн калыс урук-уруулар дагы болбой койгон жок. Журт арасынан жакшы турмуштан үмүттөрүн үзбөгөн, журт таламын талашкан, элине «өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк» болушкан эр-азаматтар арбын чыгышып, алар көпчүлүктүн үзүлүп бараткан үмүт-таламдарын ойлошуп, иш кылып жатышты.

Ошентсе дагы кыргыз кыйырына түшкөн кош эзүү 1860-жылдардан тартып жалкылап келген жок. Эми коңшу Кытай мам-

лекети дагы жер-суу талашып, кыргыздардын көптөгөн жерлерине сугун арта баштады. Кыргыз элине бир заматта эзелтеден бери жердеп келаткан майлуу-чыктуу жерлерден кол жууп калуу коркунучу жакындады. Бул коркунуч жаамы кыргыз журтчулугунун баардык аймактарында катталды. Негизинен кыргыз жергесин чектөө Семенов-Тянь Шанский, Николай Михайлович Пржевальский чийип кеткен карталарга таянды. Комиссия түзүлүп, анын жетекчиси болуп дайындалган полковник Колпаковскийге жергиликтүү эл өкүлдөрүнөн турган комиссия мүчөлөрүн түзүү милдети жүктөлдү. Бул комиссияга көлдөн Садыр Аке менен Кыдыр Аке киргизилди. Комиссия мүчөлүгүнө Чүйлүк туугандардан Шабдан баатыр, ал эми Солто элинен болсо Чолпонкулдун аты аталды. Тилмечтикке кытай, орус тилин жакшы билген тилмечтер алынып, алгач алар полковник Колпаковскийге шарт-нааманы түшүндүрүү менен алек болушту.

- Эгерде жаамы кыргыздардын таламын талашып, Кытай менен биздин ортобуздагы чек-ара маселесин толук чечип, Пржевальский чийген картаны калтыртып берсеңиз, кыргыз тарап орустун толук кандуу башкаруусун тааный алабыз. Менимче азыркы кыл чайнаган кыргыз тагдырында сиздер көрсөткөн көмөк, жардам арбын эле болоорун айткым бар,-деди Садыр Аке Колпаковскийге чечкиндүү. Аны комиссия мүчөлөрү бир добуштан колдошуп, ал эле эмес шартылдата колдорун дагы чаап жиберишти.

- Оой шайтан кыргыз,-деди полковник Колпаковский. – Эмине, кыргыз орусту тааныйбы, же орус кыргызды таанышы керекпи? Бул шартыңыз мага абдан жагып турат. Мен кыргыздар небак орустардын карамагында десем, сиз мага терең ачылыш кылып жаткан сыяктанат көрүнөсүз?-деп ал карса-күрсө күлүп, ордунан туруп наркы-терки басып турду. Анын кеби-сөзүн туура эмес которуп берип, таза кокуйлатпагай эле деп комсунуп, тилмечтен полковниктин күлүшүнө күмөндөнүп жатканын кайтоолдоп сурады Садыр Аке.

- Ой жарыктык киши десе. Ал сиздерден эч кандай айып издегиси келген жери жок. Сиздерге эле жан тартканы болбосо, кабатыр болуучу маселе деле жок анда,-деп тилмеч Садыр Акени тынчтандырып койду.

- Орус бир туугандарыбыз биздин бүтүндүгүбүздү толук камсыздап беришсин. Ошондо гана биз эл-жер ээси катары кытай төбөлдөрү менен тең ата талаш-тартыштарга аттана алабыз. Дагы бир ирет тактап айтып берип коюңуз,-деп Садыр аке тилмечке

кайрылды. Тилмеч аны которуп берген соң Колпаковский ага жылмая карап:

- Сагызгандан да сак көрүнөсүз жарыктык аксакал. Орус өкмөтү бул маселелерди небак эле ийне-жибине чейин карап чыккан. Силердин элдин-жердин бүтүндүгү биздин дагы кызыкчылыгыбызда,-деп басып келип Садыр Акени далысынан аста таптады.

- Анда бул шарт-наамага биз тараптан ким кол коёт? Укук ээси кылып бирөөбүздү бекитип бериңиз улуу урматтуу орус акими,-деди Садыр Аке өз сунушуна өзү маашырланып. Тилмечтин котормосун уккан Колпаковский ого бетер каткырык салып күлүп калды. Ошентип, үч күнгө созулган талкуу көптөгөн талаш-тартыштар менен соңуна чыгып, Кара кыргыз убактылуу өкмөтүнүн башчылыгына Шабдан Жантай уулу дайындалып, жашыруун чечим эч кимге жарыяланбастан туруп, ак падышанын кароосуна жиберилди. Көрсө, кийинчерээк Шабданды «Жарым пааша» болгон деп эл арасында аңыздап жүрүшкөнү ошондон улам калып калган окшобойбу.

Кара кыргыз убактылуу букара өкмөтүнүн өкүлү болгон Садыр Жолболду уулуна, Шабданга өкмөт өкүлүнүн күбөлүгү берилип, Ташкент шаарына мамлекеттик байкоочу укугу менен полковник Колпаковский орус делегациясын жетектеп, Кытай өкүлдөрү менен сүйлөшүүгө жөнөп калышты. Ташкентте генерал Куропаткин башында турган комиссия эки тараптын өкүлдөрүн бирдей кабыл алып, тезинен сүйлөшүүлөр башталып калат. Алгач сөз алган Кытайдын өкүлү өздөрүнүн картасын жайып, кыргыздар он бешинчи кылымдан тартып бүтүндөй Алтай тоо кыркаларында жашагандыктарын, бул жер уйгурлардыкы экендигин, уйгур мамлекети Кытайга карагандыктан бул жер дагы Кытайларга тиешелүү экендигин бир жактуу тастыктап өттү. Орус өкүлдөрү болсо илгерки замандан бери келаткан ар кайсыл өлкөлөрдүн окумуштуулары-нын эмгектерине таянышып, алардын дооматтарын улам четке кагып жатышты. Бул жерде кытай мамлекетинин көптөгөн дооматтары каралып, бирок алардын аныктамалары, далилдери туура деп табылбады. Көпкө созулган талаш-тартыштардан кийин Кашкар, Үч-Турпан, Какшаал, Кызыл-Суу, Улуу-Чат, Ак-Чий өрөөнү Кытай мамлекетине карап, Садыр Аке колунан келишинче өзү билген Каркыра, Жылдыз, Кундуз, Текес, Кулжа, Кашкар өңдүү шаарларды кыргыздын пайдасына бир беткей талашып көрдү. Бирок, бул жерлерге мурдатадан эле орус өкүлдөрү тарабынан кол коюлуп калгандыктан көпчүлүк комиссия мүчөлөрү

бул «талаш-тартыш мыйзамсыз» деген бүтүмгө келишти.

Жер-суу, чек ара талаш-тартыштарына өзгөчө жан үрөп катышкандыктары үчүн Шабдан менен Садыр Акеге орус бийлигинин Жети-Суу чөлкөмүнүн башкаруучулары чоң сыйлык жана түбөлүк пенсия чектөө сунушу менен ак падышанын өзүнө кат жөнөтүштү. Бирок, жер-суу талаштарын кайталап кароо, айрым бир жер-суу аттары боюнча талаштуу жерлерди чечүү келерки жылдын жазына калып калды. Арадан үч ай өтүп-өтпөй Садыр Аке, дагы башка кыргыз кыйырындагы үч дубандын бир катар өкүлдөрү Алматыга чакырылышып, жыйында кыргыз жергесинин өз ордунда бүтүн бойдон калгандыгы, ак падышанын буйругу менен Шабданга алты жүз, ал эми Садыр Акеге төрт жүз теше жер аянты өмүр бою бөлүнүп берилгендигин маалымдашты. Ошентип, Ысык-Көлдөгү «Он жети зым карагайдын» ортосундагы көлгө чейинки узун тилке Садыр Акеге түбөлүккө бөлүнүп берилди. Ал жер азыркыга чейин «Он жети зым карагай» деген аталышын өзгөртпөй, алгачкы турушунда эле аталып келатат.

Чыныбай оёздун жардамчысы болуп жүргөн кезинде өзүнөн бир нече ата өткөн Бугунун дагы бир тынчыкмасы - Балтабай байдын «жүрөгүнүн үшүн аламын» деп ага кызмат абалынан пайдаланып, бир топ кардык-кордук көрсөтүп коёт. Ал эле эмес аны жазыксыздан агын сууга салып сабаган күндөрү дагы болот. Бийликтин даамы, касиети ушунда белем, айтор, ал өз убагында көзүнө көрүнүп-көрүнбөгөн мыйзамсыз көп нерселерди аткарып, акыр түбү ар бир адамды айтып келбечү ажал алып, артында айтылып-айтылбачу көп нерселер калаарын тастыктап койду. Ошентип, Чыныбай элүү беш жашка караган курагында бул турмуш менен кош-бош айтышып, жалган дүйнө менен коштошуп, алыска сапар тартып кете берди. «Түбү жакын түтүшпөйт» болушуп, Балтабай баштаган Бугу чыгаандары «чыгданга сатылып келген кул» дешкендери менен анын атасы, Тилекмат элчинин арбагын сыйлашкандан уламбы, айтор, Чыныбайды чоң сыйызаат менен акыркы сапарга узатып коюшту. Бирок, убакыт деген учкул куш эмеспи. Ал бат эле Чыныбайдын ашын берүүчү мезгилди улам минтип жакындатып жатты. Жыл маалы чукулдап калганынан улам, кабатырланган Чыныбайдын энеси Кенжеке апа небересин чаптыртып, Балтабай баш болгон бир топ эл жакшыларын кашына алдыртып, бир туугандары тарабынан ашка көрүлүп жаткан камылгалары жаатында айтып берүүлөрүн өтүнүп, аларга тегиз карап, суроо салып калат. Отургандардын улам бири

«Өткөрөбүз ашты, эл-журт турбайбы»,-дешип ооз учтарынан айтышканы менен аш өткөрөт деп ишенич арткан Балтабай бутунун башын тиктеп, унчукпайт. Кенжеке апа уулу Чыныбайга «Балтабайдын жүрөгүнүн үшүн аламын» деп сууга салып сабаганында:

- Бекер кылыпсың балам. Шыйкырыңды ага оодарып жиберген турбайсыңбы»,-деген сөзүнүн ай-жыл айланбай жазем кетпегенин көз алдынан чууртуп өткөрүп жатты. Ичинен «бири кем дүнүйө. Ким элем, ким болуп калдым. Үч саткан кулдай болуп өңдөн аздым. Жаратканымдан канча ирет баламдын алдына ал десем дагы муң-зарым ага жеткен жок. Эми минтип Алла-таалам жакшы-жаманга көзүмдү саттыртып олтурат. Чыныбай, Чыныбай болуп турганында баламдын очогуна от болушуп, минээрине мингич, киерине кийит тандашып, көзүнүн агы менен тең айлангандар эми минтип жөн салды эле адамга мамиле кылгандай кылтыйышат,-деп ичинен тынып, келгендерди эч жоопсуз узатып, көз жашын көлдөй төгүп кала берди. Ой түбүнө чөмүлүп, жараткандын берген мындай сыноосуна бир эсе зээни кейип, бир эсе аны көтөрбөскө чарасы дагы калбай, ичкериге кирип, эч кимге көрсөтпөй, өксүп-өксүп, жашын көл дайра кылып төгүп алып да жүрдү. Алачыктай болгон бул зор байбиче Чыныбай өлгөнү өңдөн бир башкача азып, баласынын аза кайгысын абыдан тартып, минтип ай айланып, жыл тегеренбей туруп, чүкөдөй эле бир кемпирге айланып калган эле. Жараткан жазган жазмышка нечен курдай күнөөкөр болуп, акаарат келтирип, бирок өз ичинен «астапырылда» айтып гана тим болуп жүргөн. Кенжеке апа чогулткандагы жоопсуз сөздү бат эле эл аралап жүрүп угуп калышкан Кыдыр Аке баш болгон эл чыгаандарынын бирди-жарымы чогулушуп, Балтабайдын алдына келишкенине карабастан:

- Мени бул ирет кечирип койгула. Намыс үчүн «Чыгданга сатылып келген кулдун» кара ашын көл бугусунун кары-жашы, келген-кеткендер айта жүргөндөй кылып, чоң сыйнат менен өткөрүп берген элем. Бирок, кулга даңазалап аш өткөргөнүн ушул күнгө чейин көрүп-бакканыңар барбы араңарда? Андан көрөкчө айылапа менен жесирдин карасын алып, бирин-экин козу-корпо, улак танаа атап союп, куран окутуп койсоңор никеси бузулат беле,-деп көжөөлүп, болбой коёт. Муну уккан Садыр Аке эртеси эле таң куланөөк салгандан Кожоярдан чыгып, түз эле Жыргалаң боюндагы Боромбайдын уулу Өмүрзактыкына келип түшөт. Боромбайдын тирүүсүндө «Өмүрзак мырза, Өмүрзак мырза» дегендердин

бири дагы калбай, эми ал элден окчундап конуп, анын жашоо-турмушу бир кыйла көөнөрүп калган кези экен. Бирин-экин баккан тооκторунун, каз-өрдөктөрүнүн жумурткаларынан куурмалап, ал Садыр Акени жөн салды эле тосуп алат. Сөз арасында Өмүрзак ага муңайым, кудум арызга турган кишидей болуп кайрылып:

- Бул Балтабай деген «сары оозду» кудайым чындап эле ата турган болуп калды. Азыр аныңыз байлык-мансабына чиренип, кудай теңирин таанбай калган чагы. Жада калса бир тууганы Чыныбайга дагы «чыгданга сатылып келген кул»,-деп ашын өткөрүүгө моюну жар бербейт. Же анда эле мал-жаны жок болсо экен? Салаа сайын мал, өзөн сайын даны өсүп турат. Абыдан эле өз учурунда келипсиз Садыр Аке. Эми бир аз жол бастырып, тиги дөөгүрсүгөн дөөпөрөстү бир аз ийинине киргизе жекирип кете көрүңүз. Сизди көрүп, аз дагы болсо намысы ойгонуп, ой калчап калаар,-деп Өмүрзак намысына келип, кабатырланып калат. Ансыз деле Балтабайды көздөп чыккан Садыр Аке Өмүрзактан дагы кандай сөз чыгып кетээр экен дегенсип, анын кезектеги дооматын күтүп калат. Өмүрзак Балтабайды катыра жамандап, Садыр Акени кандан-бектен кайра тарткыстай кылып кайрап, аны таң ата тургузуп, тоок жумурткаларынан дагы бир ирет куурутуп берип, ачык эле Балтабайга бир жактуу тукуруп туруп, аткарып жиберет.

Күн шашке болгон кезде Садыр Аке Чыныбайдын үйүнө келип түшүп, алды менен Чыныбайга куран окуп, келген максатын айттырып, Балтабайга бала чаптыртат. Ал Садыр Акенин жөн салды келбегенин алдын-ала эле билип, жиберген бала менен кошо эле келип түшүп калат. Ал-жай сурашып, кабагына кар жаап, унчукпай олтурган Садыр Акени көрүп, эмнегедир Балтабай сөздү өзү баштап калат:

- Эскертип койбопсуз жарыктык киши. Сиздин келээриңизди билгенде конок камын көрүп койбойт белек,-деп кабатырланган кейпти кийген болот. Сөздүн урунттуу, оңтойлуу учурун күтүп турган Садыр Аке болду-болбоду сени кармачу жерим ушул го дегенсип, Балтабайга минтип бир эсе атырылып:

- Мени коноктогонду эмине кылат экенсиң. Мына жыл маалы болуп калганы менен Чыныбай агаңын ашы-жыты берилбей турат,-деп корс-корс этет. Оозунан сөзү түшкөн Балтабай кайсалактай түшүп:

- Берем, берем эле Садыр Аке. Ким айтып жатат бербейт деп? Берет элемин Чыныбай абамдын ашын,-деп шаштысы кете түшөт.

- Кош-коош. Мунуң бери эле болгондо эл уулунун берген

убадасы. Анда ашты бышыкчылык убагына маалдап өткөрсөң туура боло турган. Бирок, биз чыгара турган эмне кем-карчың бар болду экен?-деп калат сынамыкка Садыр Аке тактоо ирээтинде.

- Эмне кем-карч болуучу эле жарыктык киши? Туз-суусунан башкасын бүтүндөй өзүм чыгарамын. Эч кабатыр болбоңуз. Ал эле эмес ашына бүтүндөй көл бугусунун жылкысын сайып берем,-деген сөз байкоостон Балтабайдын оозунан чыгып кетет.

- Саяр-коёруңду дагы көрө жатаарбыз. Эртең чак түшкө Кыдыр Аке, Сооданбек, Баатыркан, Сарыбай өңдүү бугунун жакыныраак турган кыйындарын чакырт. Биргелешип, акыл калчап, кеңешип-кептешип көрөлүк. Калган-каткан сөздөрдү дал ошол жерден сүйлөшөөрбүз,-деп калат Садыр Аке Балтабай байдын макулдугуна бир эсе ичи чыгып.

- Дароо эле айттырамын. Биздикинен бирге түштөнгүчөктү чогуу-чаран кеп-кеңеш куралы,-дейт Балтабай тайсалдап.

- Маселе муну менен эле бүтпөйт Балтабай. Дагы эки-үч маселенин башын ачыктап алышыбыз керек. Чыныбайдын улуу уулу чоңоюп, чочоюп калыптыр. Аны болуштукка көтөрсөк кантет? Эл-журт деле каршы болуп кетпейт го ага?

- Биз каршы болбогондон кийин ага ким каршы болот эле? Буюрса аны дагы болуштукка көтөрөбүз Садыр Аке.

- Жолду катар Өмүрзактыкына түшүп калдым. Жашоо-тирлиги көөнөрүп кетиптир. Мал-жандан жардам берип, анан калса ажылыкка аттантып койсоң ал бечара сага батасын эле бере турган. Кезегинде Боромбай, Боромбай болуп турганында бечара баланын илебине дан бышпай туруучу эмес беле десе:

- Аныңыз дагы аткарылат,-деп Садыр Аке айткан үч тапшырмага тең Балтабай илгиртпей макул болот. Эртеси чакырык жеткен өрөөндүн аттуу-баштуулары «Садыр Аке келип, Балтабайдыкында чакыртып жатат» деген куш кабарды угушуп, ар кимиси ар кандай ой түкшөмөлдөшө башташат. Чогулгандар менен өз ара учурашып, ал-жай сурашкан соң Садыр Аке:

- Кечээ жарыктык Боромбай манап, Мойут Аке, Тилекмат элчи, Муратаалы бий, Алыбек менен Балбайды туу тутуп, кыргыз-казак, биягы Кытайга, тигил жагы Казакка чейин даң салдык эле. Эмнегедир кийинчерээк бардыгыбыз эле майдаланып бараткан сыяктуубуз. Кайран гана дөө-шаадай болушкан, арбагыңардан кагылайын жарыктык кишилер! Кайрылып келбей калдыңар го эми?-деп Садыр Аке Кыдыр Аке менен Балтабайга көз кырын агытып койду. Дагы эминенин башын кылтайтып чыгарып жата-

сыз? -дегендей болушуп, алар дагы Садыр Акеден көздөрүн ала качышып олтурушту. Бирок, ким-кимиси эле кеп төркүнүнүн Чыныбайдын ашына барып такалаарын жаземдешкен жок.

- Балтабай иним,-деди Садыр Аке ага бурулуп:

- Сени биз ушул жыйында Бугу элине хан көтөрө турган болуп жатабыз. Көтөр башыңды жогору. Ордуңдан туруп мына бул ак кийизге олтургунуң. Кана балдар, төртөөңөр төрт тарабынан үч ирет көтөрүп, ата-бабанын жөрөлгөсүн жасап жибергилечи,- дегенинде эч нерсе күтпөй олтурган Балтабай ак кийизге келип, коомай олтура кетти. Аны мурдатан даяр турушкан Кыдыр Аке, Сооданбек, Өмүрзак, Жоломан болуп төртөөлөп үч ирет бийик көтөрүшүп, ата-бабанын жөрөлгөсүн жасашып, Балтабайды ак кийизге бөлөп жиберишти.

- Оо эл-журт,-деди Садыр Аке анын кебин угууга келишкен кыркаар тарткан топ элге кайрылып:

- Бүгүнтөдөн баштап Балтабайды «Хан Балтабай» деп тааныгыла. Анын кадырман акимчилигине баш ийип, эми арызмуңуңарды ага кенен-чонон айта берсеңер болот. А сен болсоң Балтабай, эли –журтуң үчүн дилиң таза, ак ниет, адал иштеген хан болуп бер,-деп Садыр Аке батасын тартып жиберсе, дуулдаган эл анын батасын коштошуп, алакан жайып бата берип жиберишти. Таң менен сойдурткан тайынын эти аз болуп калабы дегенсип, эми хан Балтабай жылкычыларынын бирин чаптыртып, жылкыдагы туу калган бээлердин бирин алдыртып, көпчүлүккө бата тарттыртып жиберди. Ошентип, ойлобогон жерден Балтабай бай хан болду дагы калды. Аны жыйынга катышкан элдин ар бири арыбери бурчатышпай, колун кармашып, кай бирлери сүйүнүчтөн жаштарын сыгышып, колдорунан алмак-салмак өөп дагы, кат-кат батасын берип дагы жатышты. Кара таман калктын мунусун түшүнүүгө да болоор эле. Алардын жарды-жалчы турмуштарына хан Балтабайдын эртедир-кечтир айдыңы тийип калабы? Эч болбоду дегенде анын көз кырында болобузбу? -дешкен алардын илгери үмүттөрү айтышпаса дагы көздөрүнөн окулуп, ачык көрүнүп турган эле.

Күз айлары келип, Балтабай хан Садыр Аке баш болгон көл бугусунун бир катар билермандарын чакыртып, Чыныбай агасынын ашына болгон камылгасын ортого салып жатты. Ал келерки айда өтүүчү ашка Чүй, Талас, Жумгал, Кетмен-Төбө, Ош, Алай, Олуя-Ата, Ташкен өрөөндөрүнө, казак менен калмакка, бүтүндөй көл бугусунун ар бир улут-уруусуна кабар айттырганын, ат ча-

быштын баш байгесине миң жылкы чектелээрин, ат чабышка алтымыш күлүк коюлаарын, Чыныбайдын ашына анын «Каракашка» аргымагы союлбай, ал аламанга кошо салынаарын бирге маалымдады. Туурадан чыккан Кыдыр Аке да өзүнүн «Тайкашкасы» буга чейин эки бирдей ирет чоң байгеге салынып, марага алгачкылардан болуп келгенин башбактатып, аны дагы аламанга кошоорун айтууга үлгүрүп калды.

- Жакшы эле кеп болбойбу өз байгебиз өзүбүздө калса,-деп шыпшынышты мында олтургандар. Ошондуктан эки кашканы бир коюп, таптоого алышып, ага көзөмөлдү Кыдыр Аке өзү жүргүзө турган болду. Айткандай эле мурда-кийин көзөмөлдө жүргөн, кийинки бир ай катары менен таптоого алынган бул эки күлүктүн тең эми табы кадимкидей келип, алтымыш чакырымга созулган ат чабышта кудай арбак колдоп «Каракашка» биринчи, Кыдыр Акенин «Тайкашкасы» экинчи, «Жезбилек» үчүнчү, ал эми «Телтору» төртүнчү орунга илинип, баш байгенин баарысы чыпчыргасы жок эле Бугуда калып калса болобу. Көрсө, билермандар байгени алдыртып жиберебизби деп коркуп турушкан Байтиктин «Керкашкасы» бул ашка алынып келинбей, аны таптагандар түштүк тараптагы эле бир чоң тойго алып кетишкен экен.

Ошентип, улуу-кичүүгө ар бир сөзүн өтүмдүү, өкүмдүү, кайрымдуу, калыс айтып келген Садыр Аке сексен төрт жаш курагында, же жети мүчөлүндө бул жалган дүйнө менен кош-бош айтышып, бейиштин нака төрүнө аттанып кете берди. (Эл ичинде жети мүчөлгө жеткен адам бейишке эч суроо-сопкутсуз эле чыгат деген сөз бар **К.М.**) Күнү бүгүн дагы «Садырдын тилинде мээри, таңдайында сөөлү, оң-сол капталында бөгүп жаткан бөрүсү бар адам эле» деп эскеришет ага-туугандары, кыргыз кыйырындагы жерге-жээги, аны билген калайык калың калкы.

Турмушта калыстыкты, адилеттикти туу тутушуп, бетке айткан, эл арасындагы талаш-тартыштарды камырдан кыл сууругандай так чечишкен, чындыктан тайбаган, эл мүдөөсүн аркалап, келечекти алдын ала көрө билишкен, ал аркалуу калайык калың журтунун урмат-сыйына ээ болушкан даанышман «Аке» наамына татыктуу инсандардын бир даары биздин замандын он тогузунчу, жыйырманчы кылымдарында жашап өтүшкөн экен.

Мына ушул «Аке» деген ыйык атты, наамды сөз башында айтылгандай Бугу элине алгачкылардан болуп Жыргалаң суусунун боюнда өткөн Бугу уруусунун чоң жыйынында Тилекмат элчи сунуш кылган экен. Ошол отурумда ал:

- Мойт абам менен Садыр абамды «Аке» деп атасак эмне үчүн жарашпасын? Акелердин көчү мындан ары дагы кылымдардан кылымга улана берет да,-деп ордунан турса, олтурган эл түп көтөрүлө жактырышып, акылман элчиге ыраазычылыктарын бир ооздон билдиришет. Мына ошол аралыктан берки эки кылымга чукул мезгил ичинде «Аке» деген ардактуу, ыйык ат карапайым Бугу элинде чоң ызаат, арзуу, ишенич менен айтылып, алардын катары арабыздан суюлбай, уламдан улам артып келүүдө.



**Садыр Акенин Ысык-Көл районунун Кожояр айылындагы күмбөзү (1991-жыл).**

# КАРАЧ АКЕ

## (1837–1914–ж.ж.)



**Калыстыкты сурасаң Карач Акеге бар.**
***(Эл макалынан)***

**К**алк арасындагы кадыры бийик Акелердин бири, айтылуу Карач Аке делет. Ал Белектин Шапак уулунун тондуу баласы, калмак уруусунан Чүрүмкашканын чөбүрөсү. Чүрүмдөн Эсембай. Эсембайдан Мендегул. Мендегулдан Карач туулган. Ал болжол менен 1837-жылы Ак-Суу өрөөнүндөгү Чолок айылында жарык дүйнөгө келип, сөөгү ушул эле Чолок айылында 1914-жылы коюлган. Массалык-маалымат каражаттарында, адабий-жазма санжыраларда ал жөнүндөгү ачыгын айтып, айдарын тиккен маалыматтар жокко эсе. Бирок, анын артына калтырган осуяттары, кара кылды как жарган калыстыгы, кандан-бектен кайра тартпаган кашкөй бетке чабарлыгы күнү бүгүн дагы калк арасында каада-кастар менен оздон оозго айтылып, кылымдан кылымга унутулбай эскерилип келүүдө. Айрым бир санжыраларда Чүрүмдүн калмактан эр өлтүрүп, кыргыз тарапка ооп келгендиги да жаап-жашырылбай эле айтылып жүрөт. Анын канчалык деңгээлде чындыкка жакындыгы бар экендигин ким билсин. Би-

рок, Карач Акенин жаш кезинен эле Кытайдан кыргыз тарапка ооп келип, Аңкылдак-Көбөк дегенге жалданып, мал кайтарып калгандыгы тууралуу көбүрөөк айтылып келүүдө. Баланын баскан-турганы, мал аттууга кылган астейдил мамилеси, ар нерсеге зиректиги, айлана-чөйрөгө болгон аяр көз карашы, бирок бет келише түшкөн адамды тике багып карай албай, жалтактап жүзүн ала качуусу эмнегедир Аңкылдакты да таң калтырып коёт. Анын минген атына, жүргөн-турганына караганда ал жөнөкөй жердин баласы өңдөнбөйт. Ушундай өз ою менен өзү келише албай жүргөн күндөрдүн биринде анын үйүнө досу, Шапак баатыр меймanчылап келип калат. Ал дароо эле бул үйдөгү чукул эле мезгилдеги өзгөрүүнү кыраакы көздөрү менен бир заматта тепчип өтөт. Береги үн-сөзү жок учурашкан бала ага ого бетер алданемедей жакын көрүнүп туруп алат. Сөз кыябын күтүп, тамак үстүндө баланын чоо-жайын сурап, Аңкылдакка анын кимдигин, кайдан келгендигин тактап, кайрылып сурап калат.

- Ким болмок эле? Калмактан келген качкын бала. Мал-жанымды деле эмнегедир ага ишенип кайтарта албай жүрөмүн. Бул турган Текеске мал-жанымды тобу менен эле күргүштөтүп алеки саатта айдап кетеби деп корком. Чоо-жайын деле төгүлчачыл болуп айтпайт. Анын үстүнө экөөбүз так кесе сүйлөшө албай көптөн бери убара-чаркөөлөнүп жүрөбүз. Ал мени түшүнөт. Ал эми мен анын тилин көп түшүнө албай келатамын,-деп калат. Бул ирет Шапак баатыр Аңкылдакка эч нерсе айтпай дебей, колго суу келген соң тамагын жеп коштошуп, келген чоо-жайын досунун суроолуу караганына карабастан ачыктабай эле атганып кетип калат. Бирок, анын басса-турса оюнан береги тестиер баланын элеси кетпей коёт. Арадан бир апта өтпөй Шапак баатыр Аңкылдактыкына кайра келсе, бала атайы эле баарысына моюн сунуп, Аңкылдактын үй-тиричилигине үзүлүп түшүп, тартынбай кол кабыш кылып жүргөн болот. Баланын илбериңки кыймыл-аракетине ичинен ыраазы болгон Шапак баатыр Аңкылдактын оюн астыртадан тартып көргүсү келет. Анда Аңкылдак дагы эле бул балага ишенкеребей тургандыгын, бирок төгүн жердин тукуму эместигин сезип жүргөндүгүн дагы бир ирет кайталап айтып өтөт. Шапак баатыр ошондо баланы жанына чакыртып алып, аны сөз-кепке тартып көрөт. Чүрүм калмактардан кыргыздарга башпаанек издеп качып келгендиги, бирок өз ажалынан өлгөн калмак ханынын баласынын өлүмүнө анын эч кандай тиешеси жок экендиги жөнүндө чечилип айтып берет. Ал эле эмес аны биротоло багып алуучу бирди-жарым ишенчиликтүү адам кезиксе, ага өмүр бою ак дилден кызмат кылып өтөөрүн жашырбайт. Шапак баатыр бул балага биртике болсо дагы мурдараак ээлик кылып калган

Аңкылдакка кайрылса, ал бул баладан кутула тажагансып, дароо эле анын башын бошотууга макулдугун берген болот. Шапак баланы атына учкаштырып алып, айылына келээри менен чоң той өткөрүп, Чүрүмдү түп орду менен өзүнө энчилеп, бала кылып багып алат. Ал эле эмес калган балдарын өзүнүн кашына жапырт чогултуп алып:

- Чүрүмдү бөлөк-бөтөн көргөндөрүң менин кыйышпас жоом болосуңар,-деп кепти кабыргасынан коюп, калган балдарынын оозун ачырып салат. Айткандай эле Чүрүм Шапак баатырга «Ылдыйда жөлөк, өйдөдө өбөк» болуп, анын «Ысыгына күйүп, суугуна бирге тоңот». Муну көргөн-баккандар анын бала аттуудан жолдуу экендигин аңыздашып, жаш балага жакындан көңүл буруп калышат. Ошондой күндөрдүн биринде Чүрүм атасынан калмакта калган энчисин бөлдүртүп келүүгө уруксат берүүсүн суранып, анын алдынан өтүп калат. Өзүнчө бушаймanданган менен Шапак анын сунушуна аргасыз макул болот. Бирок, Чүрүм арадан ай-апта өткөрбөй эле алдына күтүрөгөн мал-мүлкүн айдап, артынып-тартынып келип калат. Ошондон тартып, Шапак баатыр ага биротоло ишеничин артат. Бирок, аны менен кошо келген дагы бир тестиер баланын чоо-жайына кызыгып, анын кайсы элден, кайсыл жерден экендигин сурап калат.

- Бул бала менен менин кайнаса каным кошулбайт. Ошондой болсо дагы анын калмак улутунан экендигин жолдон кездештиргенимде билдим. Ал дагы мен өңдүү эле качкын бала экен. Бирок, эч кандай айыбы жок сыяктанат. Тек гана анын ата-энеси эрте кайтыш болуп, жан-сактоонун айла-амалы кылып, улам бир байга жалданып иштеп жүрүп, айласыздан кыргыздар тарапка өтүп кетиптир. Көз кырыңыздан, акыл элегиңизден өткөрүп көрүңүз, болбосо аны жайына коюп эле коёрбуз ,-десе Шапак аны дагы тондуу баласы кылып багып алат.

Арадан жыл айланбай Шераалы калмактарга жортуулга барып, капысынан колго түшүп калат. Аны бошотуп алууга эч ким деле доотукпайт. Ошондо атасынан курал-жарак сурап алып, Чүрүм алыс жолго жалгыз-жарым эле атtанып кетет. Муну уккан улуу-кичүү Шапак баатырга бул бакма баласынан биротоло кол жуугандыгын айтышып, катуу ойлонтуп коюшат.

- Алы-күчүм азыр баягыдай эмес. Баягыдай болсо дагы аягыдай эмес. Кезегиндеги баралыма келип, чар тарабым чатырап турганымда эч кимдин деле көзүн карабас элем,-деп каңырыгы түтөп, эрдин кесе тиштейт. Айткандай эле арадан бир жума өтүп-өткөрбөй Чүрүм Шераалыны түркүн айла-амал салып олтуруп, туткундан бошотуп келет. Ал ошондон кийин өз каалоосу менен

Бүрүмгө үйлөнүп, очор-бачар болуп жашап калышат. Эми аны менен эсептешпеген бул чөлкөмдө эч бир адам калбайт. Анан калса ал өзүнүн ченде жок адамгерчилиги, адам суктанарлык амалкөйлүгү, айтып бүткүс айкөлдүгү, анда-мында адамга берилген ачык-айрымдык сапаты, алабарман баатырдыгы, алысты көрө билген акылмандыгы, кара кылды как жарган калыстыгы менен көл элине тез эле алынып кетет.

Жер-жерлерде ак падышанын бийлиги бекемделип, барган сайын анын жан-жөөкөрлөрүнүн болуп көрбөгөндөй араандары ачылып, жыл санап алык-салыктарынын түрү күчөп, аларга жан тартып, жагалдангандардын саны артып турган күндөрдүн биринде Каракол оёзунун жардамчысы Тилекмат уулу Чыныбай көл көкүрөгүндөгү Белектин Салмаке, Жаркын деген аялдарынын тукумдарын жөнү жок эле жерден жер котортуп, Ат-Башы, Нарын тарапка көчүртүүгө белсенип, алды менен Салмаке эненин Тогузбай, Кожош, Элчибай менен Шүкүр деген балдарын, тууган-уругу менен он жылга чектеп көчүртө баштайт. Аларга кошулуп Чычкандан Боромбайдын уулу Өмүрзак дагы көчүүгө кошо дүргүп калат. Ошондон улам эл ичинде «Өмүрзак көчүп Чычкандан, дүнүйөсү кыскандан» деп, аңыз кеп айтылып калат. Ат-Башы, Нарында көчө качкандардын алды үч жыл чамалуу туруп калышат. Бирок, алардын арасынан «тың чыкмалары» арбын чыгышып, Нарындыктарды бир топ эле кыйсыпыр түшүрүп жиберишет. Жердиктер эми куйруктуу козу, жалдуу тай жебей, аларын бир заматта алдыртып жиберип турушат. Бугудан барган жаачылар таламандын тал түшүндө укурук бою кар жаагызышып, сарбагыштардын малын байма-бай жутка алдыртып жиберип турушат. Минтип капысынан баштарына келген кордуктан тажанышкан жердиктер эми орус оёзуна чейин арызданып кайрылышат. Кайра кайтуучу көчтүн алды көлгө келбей эле Чыныбайды кыйгап өтүп, Кытай тарапка ооп кетүүнү максат кылып калышат. Бирок, алардын арасындагы аттуу-баштуулар «Султан сөөгүн кордобойт, Тулпар этин оордобойт» дешип, көлгө эле көчүп келүүгө белсенишет. Өз ара кеп-кеңеш курушуп, өрөөндөгү кадыр-сыйлуу, элине кеби-сөзү эм болуп калган Малай деген аттуу-баштуу эле аксакалды оёздун жардамчысы Чыныбайга ат-тондоп жөнөтүп жиберишет. Малай аксакал Чыныбайга келсе анын аты алынып, эшиги ачылбайт. Малай аксакал өз жашынын Чыныбайдан кыйла улуу болгондугуна карабастан, ага ийилип салам айтып кирип, келген максатынын чоо-жайын ортого салса, ага Чыныбай ирегеден эле орун көрсөтүп, ага ит келдиби, киши келдиби дебей, стол үстүндөгү кагаздарынын улам бирин карамыш этип,

колу бошобой жаткан адам кейиптенип, Малай аксакалдын айткан сөздөрүн кулак сыртынан алыс кетиргени аз келгенсип:

- «Акмак журттун» эч мүдөө-талабын укпаймын, бул маселе оёз тарабынан небак чечилип калган,-деп колун шилтеп коёт. Шагы сынып, шаабайы сууп калган карыя түз эле Чүрүмдүн чөбүрөсү Карач Акеге ыйламакчы болгон абалында келет. Карач Аке ар-намысы тебеленип, кедергиси кетип, кендири соолуп, кемтиги толбой, кеби-сөзү оозунан түшүп турган бул элдин көйгөйүн оёздун жардамчысына жеткирүүгө өзү аттанып чыгып, Чыныбайдын эшигин таң атпай эле аттап калат. Карач Аке келсе, Чыныбайдын казаны кайнап, оту ойноп, келим-кетими арбып турган мезгили экен. Карач Аке эшик аттап кирээри менен эле Чыныбай алдын ала бир нерсе сезгенсип кооптонуп, бир башкача жалтактап, алданемеден шек ургансып көзүн ала качып, бирок Карач Акенинин төргө өтүп олтурушун өтүнөт. Дал ошол учурда өзүнөн өзү келе калган кеп удулун болжоп туруп, Карач Аке аны капысынан кабыргадан укуп:

- Калк кадырманы, ошол эле Белек уруусунун улуу аксакалы Малай карыя олтурган ирегеден «кул» катары кантип өйдө өтөмүн,-деп сыңар тизелеп, ирегеде турган ордуна эле олтура кетет.

- Ой жарыктык киши десе. Деле жаш баладай болуп таарынчактыгыңыз калбайт,-дейт Чыныбай өзүнө олоюп кезектеги сөздүн шак тиерин алыстан күтпөгөнсүп.

- Анан таарынбай-этпей турган нерсеби? Бүтүндөй Белек уруусун «акмак журт» кылып, аны эл катарына теңебепсиң. Ырас, Белек тукумунун акмактыгы дагы турулуу иш. Өйдө-төмөн, тээ Ат-Башы, Нарынга чейин сүрүлүп, удургуп көчүп турганы дагы алардын өз укугун өздөрү билбегендиги. Антпесе алар «Кангайдан келген мага, капкайдан тентип келген сендей тексиз кулга» эки чылбыр, бир тизгинин ишенип берип, өзүн кайдан-жайдан келген «келгин куштарга» бийлетип, кайра өзүнүн үстүнөн сурак жүргүздүртүп коюшат беле? Ошондон улам «Өзүңдү өзүң билип, өтүгүңдү төргө илип» орустардын жугундукору болуп, алардын колтугуна өзөлөнүп кирип, тегерек-четинди кабанаак иттей болуп аркырап качыра салып, жеткен жериңдин бир капшытын үзө тиштеп, улуу элдин урпактарын азган-тозгон адамдарга теңеп, анын балдарын өз туурунан, ата конушунан ажыратып, көчүртүп жаткан турбайсыңбы? Кеч боло элегинде ичиңе буккан оюңдан артка кайткының,-деген экен Карач Аке анын сөзүн алдын ала бууп. Мына ошондон кийин гана Белектин бул тукумдарын Чыныбай өз тууруна алдыртып, мында калганда-

рын түбөлүктүү очогунан экинчи ирет козгобой, Карач Акенин кеби-сөзүн туура көрүп, эч жакка көчүртүп-боздурбай калыптыр.

Ошол эле жылдары каратаман элге салынган салыктын ар кандай түрлөрү көбөйүп, «коломто акы», «жайыт акы», «түтүн акы», «туяк акы», «жер-суу акы» болуп, алардын түрү эле он чактыга чыгып кетет. Колунда барлар, мал-жандуулар аларды чымын чаккандай көрүп тоготушпайт. Күч барып-келип эле каратаман элге түшүп, алар кара күчүн коротушуп, бай-манаптарга, алдуу-күчтүүлөргө жалданып иштешип, андай алык-салыктан эптеп-септеп кутулууга аргасыз болушат. Бирок, алардын баарысынын эле минтип кутулууга айла-амалдары, ал–күчтөрү келбейт. Ошондой жылдардын биринде Түп жергесине очорулган калың кар түшүп, айрыкча колунда жок бурадар журтка жашоо ого бетер кыйынга туруп калат. Анысы аз келгенсип, жаздын моюну дагы узакка созулуп, үзүмчүлүк болуп көрбөгөндөй үштү алат. Журттун кыйналганы менен эл билермандарынын, бай-манаптардын иштери болучубу? Кайра келип эле алар өрөөндөгү болуштардын жоон тобун жыйнап алышып, калайык калың калкты ар тараптуу кысмакка ала башташат. Оёздогу чогулган жыйында көбүрөөк жеме уккан Карач Аке жан чөнтөгүнөн сыйпалап жатып, бир жез сөлкөбайды таап алып, анысын оёздун алдына таштап:

- Бул элдин байы азырынча менмин деп ойлоймун оёз аке. Бирок, мендеги болгон-каткан пулум, байлыгым ушул эле. Ошондуктан казынаңыздын жыртык-тешигин беш тыйындык сөлкөбай менен бүтөп алыңыз,-деп оёздун алдына жылдырып коёт да, мурчуюп барып өз ордуна отурура кетет. Эртели кеч Карач Мендегуловдон мындай жоопту күтпөгөн оёз кызарып-татарып, саамга чейин талкан сугунуп алгансып туттугуп, какап-чакап, бирок ыңгайсыз абалдан эптеп суурулуп чыгып:

- Болуптур Мендегулов. Быйыл сиздин болуштукту алык-салыктан бошотолу. Эл камын көрүп, келеркиде салыкты үзгүлтүккө учуратпай төгөөрүңүзгө ишенемин,-деп амал-айла менен чогулушун жыйынтыктап, туюсуздан түзүлө калган мындай абалдан камырдан кыл сууругансып чыгып кетет. Мунусу менен Карач Акени оёзду коркутуп, же бөжүрөтүп жибериптир деп айтууга болбойт. Тек гана кудай-теңирин таанnetwork кыргыздын төбөлдөрүнө, байларына караганда ошол оёздун кыйла карапайым, калыс, түшүнүктүү, акыйкат экендигин гана айткым бар.

Мына ушинтип эл-журт камын көрүп, кала берсе анын ар тараптуу тебеленген таламын талашып, сөзү-кеби улуу-кичүүгө эм болуп, калыстыгы калың кара журтка чейин дем болуп турган Карач Акени эми Түп жергесиндеги Белек тукумдары эле эмес, көл өрөөнүнүн өйүз-бүйүзүнүн кадырман карылары, эл-журт камын

ойлогон улуу-кичүүлөрү жактырышып, ар ирет анын калыс кеби менен эсептеше турган болуп калышат.

Адаттагыдай эле эл жакшылары, санжыра-санатчылар, улуу-кичүүлөр олтурган-турган жерге кеп-сөз угууну максат кылган адамдар көп чогулушат эмеспи. Анын сыңарындай дагы бир ирет эл чогулган топтон бул өрөөндүн билерманы Сооданбек ирееге талашып олтурган боз балдарды какыс-укус кылып, аларды мында олтургандардан качыра салып, ким-кимисине кабак-кашын серпип үйүрүп, ким-кимисине бир башкача кабаарып, жан-жакасынан оолактатып, боктоп-сактап эле кууп калат. Аны жанатадан бери көрүп, бир эсе жаны ачыган Карач Аке Сооданбекти сөзгө сындырмакка минтип айтып турат дейт:

- Ээ кудай аткан Сооданбек, кечээ жакында эле «балык кармап бербейсиң» деп бир эле каратаман байкушту асый бээге доога жыктың эле. Эми минтип эч жардамы жок, бешиктен белдери чыга элек бала-ботого да тап болуп алыптырсың. Деги сен ойлогондой биз экөөбүз айлана-тегерегибизге киши кондурбай калгыдай «боз чап дөбө» болуп калышыбыз керекпи? Же эмине, кимдир бирөө бизди аалгалап, акмалап, айла күтүп, айланчыктап турбашы керекпи? Бизден кеп-сөз, акыл-насаат, санжыра-санат, уламыш-дастан угууну кааалагандарды жаныбыздан оолактатып кууп, эртең эле баш көтөргүс болгон кеп-сөзгө чалынып калбайлык. Ансыз деле сен экөөбүз эч кимге устуканыбызды ыраа көрбөй олтуруп, мүлжүгөн сөөктөрүбүз Тепкенин белине тете болуп баратат көрүнөт. Сүткорлук кылып, элден-журттан кеби-сөзүңдү, бала-чакадан, койчу-колоңдон бир муштум этиңди, жарым-жартылай мүлжүнгөн устуканыңды кызганбай жүрсөң боло,-деп мында олтургандарга кыраан-каткырык күлкү салыптыр. Мына ошондон кийин Сооданбек Карач Аке олтурган жерде чекилик кеп-сөз чыгып кетпегей эле деп тарткынчыктап, аярлап, алды-артын каранып, аалгалап сүйлөй турган болуп калган дешет.

Күндөрдүн биринде Карач Аке Каркыра тараптан ат өргүтүп келе жатса, береги Сан-Таш жайыгын жердеген анын бир туугандары дүбдүрөңдөшүп, бир нерселерди эле талашып-тартышып жатышат дейт. Жандай бастырып, Карач Аке алардын жан-жакасына келсе, мында турган карыялардын бири ага кайрылып:

- Ырас эле кеп болбодубу Карачым. Талаш-тартышыбыздын баш-аягына чыга ала турган эмеспиз. Сенин Жамгырчыңды болуштукка көтөрсөк деп кызыл чеке болушуп жаттык эле,-деп калат. Анда атынын оозунун дагы тартпай жандай бастырып бараткан Карач Аке:

Талашып-тартышуунун эч деле кажети жок. Жамгырчынын азыр болуш болууга чарк-чамасы келе элек. Анын эл жүгүн

көтөрүш деген абыдан эле оор нерсе экендигин түшүнүп койгону шарт. Андан көркчө болуштукка тиги Мамбеттин уулу Байзакты эле көрсөтүп алганыңар туура болоор,-деп жол жүрүшү менен бет алган жагына токтобой бастырып кетиптир. Карач Акенин мындай калыс пикирине муюган анын жердештери бул шайлоодо Жамгырчыны эмес, бир ооздон Байзакты болуш көтөрүшүп, өз ара ынтымактарын сактап калышыптыр.

Эл арасында болуш көтөрүү деген оору чоң илдетке айланып калган мезгил болот. Улуу-кичүүнүн, бай-манаптын, жардыкембагалдардын тынчы кетет. Калк ынтымагы бузулуп, айрыкча кайра келип эле кара букараларга оорчулук түшөт. Дал ошондой мезгилдердин биринде «Узун-Күнгөйдүн» көл бетин жайлаган уруулары болуштук талашып, кызыл чеке болушуп, өз ара араздашып калышат. Ага-тууган, тели-теңтуш, ал эле эмес куда-сөөк дагы шайлоонун айынан кудум азыркыдай болуп, бет карашпай калган мезгилге чейин жетишет. Өз ара жаат курашып, айрым бир баатыр чыкмалар өз ара чабышууга чейин да барышат. Бир уруу эл арасы жараңкадай болуп ачылып, өз ара араздашып, бет карашпай калганын уккан Карач Аке атайылап эле айылынан эртелеп аттанып чыгып, бул айылга күн шашке келип түшүп калат. Кеби-сөзү олтурган турган жерде эм болуп, алыс-жакынга оозго алынып калган бул улуу даражалуу адамды жергиликтүү эл аттаптондоп тосуп алышат. Коюн-колтук ала учурашып, ал-жай сурашкан соң алар болуштун беймаал келген максатын сурашып, суроо артынан суроо узатып, анан калса акылга бай кеп-сөздөрүн сагынгандыктарын, таңды-таң аткычакты канча айтса дагы тажанбай уга тургандыктарын айтып калышат. Ошондо Карач Аке олтурган малдашынан жазбай:

- Кеп-сөз болсо бизден кача койбос. Аны кезеги келгенде төкпөй-чачпай, ашыгы менен көбүртүп-жабыртып айтып берээрмин. Жаңы эле таң атты. Алдыда кеч күүгүм, кышкы узун таң турат. Алгач ичимде буккан, жүрөгүмө тынчтык бербей турган «төрт арманымды» алдыңыздарга төгүп өтөйүн. Бул саам көкүрөк тараптан мага өзүм күткөн болуштук мөрөй артпай калды сыяктуу. Сиздерге мындан башка деле айтаар-дээр арыз-муңум, кепкелечим жок. Кеби-сөзүңөрдү угуп, балким болуштугуңарды мага кыйып коё алаар бекенсиңер? -деп алдыңыздардан өтүп олтурамын. Ансыз дагы аны бири-бириңерге кыйгыңар келбей, кызыл чеке боло кармашып, өз ара кырчылдашып, бири бириң менен чабышууга чейин барып калыптырсыңар. Маган «каңгайдан келген калмак» катары мамиле жасабай, эгерде менин койгон талапкерлигимди туура көрсөңөр колдоп берээрсиңер деп айткым келип турат. Бир тууган эл, бир тууган журт бололу. Бир жеңден

кол, бир жакадан баш чыгаралы,-деп ал аны тегеректеп олтургандарга карап, ууртунан жылмайып калат.

Ошондо ансыз дагы эл ичин ирия сөздөр аралап, ынтымагы ыдырап, бири бирин кызыл уук кылып чабуудан кайра тартышпай калган абалга жетишкен бул элдин ичиндеги улуу-кичүүлөрү түп көтөрүлө ага болуштукту ыраа көрүшөөрүн айтып чыгышат:

- Өзүбүз дагы бири-бирибизге болуштукту кыйыша албай, ич ара кырды-бычак болуп жаттык эле. Ырас эле кеп болбодубу. Келиңиз, сизди бир добуштан болуштукка шайлап алалы. Анан калса чындап эми сиздин калыстыгыңызга карк бололу,-дешип уу-дуу түшүшүп жатып калышат. Ошондо Карач Аке каадалуу кейпин бузбай, улуу-кичүүгө өз ыракматын кат-кабаттап айтып, алардын ага берген, айткан убадаларын жедеп бекемдеп алган соң:

- Анда бир туугандарым кеп мындайча болсун. Болуштукту ыраа көрөөнчөк болсоңор айтуучу сөзүмдү эки кылбай, менин ордума эсил кайран Нурдөөлөт баатырдын аманаты Чолпонбайга добушуңарды берип койгула. Нурдөөлөт бечара көзүнүн тирүүсүндө нечен курдай «Чолпонбайга көз кырыңды сала жүр» деп мага керез-муразын кат-каттап айтып кетти эле,-деп калат. Карач Акенин кабыргадан койгон бул сунушун жаамы журт кош колдоп кубатташып, ал эле эмес анын талапкерлигин абыдан эле ылайык көрүшүп:

- Айтса-айтпаса төгүнбү, биздин элге Чолпонбайдан артык, төп, акылман болушту каяктан издемек элек,-дешип бул өрөөнгө Чолпонбайды болуш көтөрүшүп, ынтымак-ырашкерчиликте жашап калышат. Мына көсөмдүктүн, көзү ачыктыктын, алдын ала көрө билүүчүлүктүн, акылмандыктын, даанышмандыктын туу чокусу. Эч кимди бөлүп-жарбай, эл ичин жикке бөлүп жарака урбай, ар кимисин ар башкача кыл жип менен бууп, ушул эле элдин «Өз улагынан өздөрүнө теке салып», ал эле эмес ыдыраган ынтымагын кайрадан ширелиштире бекемдеп, ак батасын кабат-кабат берип, таң апаппак сөгүлгөнчө мындагы улуу-кичүүнү каадалуу кепке карк кылып, өткөн-кеткенден сыдыргыга салгансып каймактатып айтып, эртеси түш оой айылына бейкапар атанып кеткен экен жарыктык киши.

Саяк Садыр Аке бала чагынан Нышаа деген байдын жылкысын асырап, бээлерин саашып, баралына келгенде эл кадырына арзып, болуш шайланып, кара жаак чечен, сөз зергери катары элге алынып кетиптир. Күндөрдүн биринде Жыргалаң жээгинде көп эл чогулган топ өткөрүлүп, аны ошол эле саяк Садыр Аке башкарып калат. Бул жыйынды капысынан эле кечигип угуп, шыдыр эле эч камылгасыз келген Карач Аке өз боюндагы чепкенине деле

маани бербей, чогулган элге саламын айтып, атынан түшүп калат. Саламын жылуу алик алып, колун берип учурашкан соң Садыр Аке анын чепкенинин бир этегинен муштумдай жүндүн булайып чыгып турганын көрүп бырс күлүп жиберет. Мында тургандар дагы кармана алышпай, бир заматта эл ичин кыраан каткырык күлкү аралап кетет. Ары жак бери жагын каранып, эч нерседен шек урбаган Карач Аке Садыр Акеге суроолуу карап калат. Ошондо Садыр Аке аны атайылап эле сөзгө сындыргысы келген маанайда ага тийишинип:

- Ээ Карачым, жакшы эле эл-журт бөрттүң эле. Кара жаак чечен, кыйгач бармак уз катын алды десем, кара баскан ишсиз, көк ийнени көтүнөн сүйөп түртпөгөн бечара бир эки буттуу немени алган турбайсыңбы,-деп калат. Ошондо гана кеп төркүнүн түшүнгөн, этегинин жыртыгын көрүп жолду катар өзүнөн өзү ыңгайсыз болуп келаткан Карач Аке Садыр Акенин капталдан салган соболуна кайырып, минтип кер какшык узатып калыптыр:

- Олда адам баласындагы түркөйлүк ай-йе. Олда жумуру башка берген жылкы мүнөздүк кыял ай. Башка унутса дагы күндү күн билбей, түндү түн билбей Нышаанын жылкысын багып, бээлерин сааганыңды сен унутуп калдыңбы? Азоо бээлер азынап, чакаңды нечен ирет томолото тээп, башың ылдый сааган ынак сүтүң куюлуп, ошол сүттүн жытынын жакаңдан али күнгө чейин кетпей жүргөнүн сен дагы көз жаздымда калтырган экенсиң ээ?-деп анын жаңыдан жалбырттап, от алып калган сөзүн суу сеппей-этпей эле басып коюптур. Жыйынга келгендер Садыр Акенин ак-көк дей албай, бир топко чейин талкан сугунуп алгансып туттугуп, баштаган сөзүн жөндөп айта албай, капысынан катуу кагуу жеп калганына чындап боорлору ачышып, бирок кандан-бектен кайра тартпаган Карач Акенин өткүрлүгүнө калайык калың калк каадалуу баасын берип турушуптур. Бирок, ошондо дагы оюн-чындан чыккан күйгүлтүк кепти, эл алдында кандайдыр бир деңгээлде уят болуп калышканына карабастан, топтун акырына чейин чечимди бирге чыгарышып, андан соң гана экөө бирдей бир тарапты көздөй чогуу аттанышып, үй-жайларын карап бирге узап кетишиптир.

Карач Аке кайтыш болгондон соң ага-тууганы, калайык калың калкы аны кастарлап, чоң ызаат менен сөөгүн өзү туулуп-өскөн Ак-Суудагы эле Чолок айылына коюшат. Бир туугандары ылайдан күмбөз көтөрүшүп, колдорунан келген куранын окутушат. Ошол учурда бул аймакта орус көпөстөрү жайлап-кыштап, өз билгендерин кылышып, өтүктөрүн төргө иле башташат. Кой-ай дегенге көнбөй, Семен деген орус көпөсү чочколорунун санын ыксыз көбөйтүп, чочколорунун алдын айылды аралатып жиберет.

Жер түрткөн чочколор бир заматта Карач Акенин күмбөзүн көздөй аралай чаап, күмбөздүн тегерек-четиндеги чоло жерди койбой түртө башташат. Эртеси эле орус көпөсүнүн жерге батпаган чочколорунун бири дагы калбай кырылып, жедеп түк күтпөй калганына ишенип, Карач Акенин арбагынын каарына калгандыгын кан какшап айтып, орус көпөсү бул аймактан биротоло көчө качууга аргасыз болгон экен.

Карач Акенин каадалуу кеби-сөзү, касиети, калыстыгы, алысты көрө билген касиети мына ошол эле кыл чайнаган кыргыз турмушундагы өтө оор, опурталдуу мезгилдерден бери ондогон жылдар бою унутулбай айтылып, эл ичинде сыр сандыктагы катылган ой түрмөгү катары кылымдан кылымга сакталып келаткандыгы дагы ошондон улам калып калса керек деген ой жоромолдор бар. Анан калса Карач Акенин ажыга барып келгендигин тастыктаган дагы көптөгөн маалыматтар бар. Ал маалыматтар Түгөлбай Сыдыкбеков атабыздын «Өмүр жана күлкү» романында кен-кесири берилген экен.



**Карач Аке менен Өмүр баатырга тургузулган Түп районунун Жылуу-Булак айылындагы монументалдык эстелиги (2002-жыл).**

# КЫДЫР АКЕ
## (1843–1926–ж.ж.)



**Касиет сурасаң Кыдыр Акеге бар.**
***(Эл макалынан)***

Акелердин эң кичүүсү Арык тукумунан чыккан Кыдыр Аке болот. Ал эки заманды көргөн, совет доорун дагы башынан кечирген, он сегиз жыл катары менен болуш кызматын аркалаган адам. Ак-Суунун алыскы Сары-Жаз өрөөнүндөгү Байыш жайлоосунда 1843-жылы жарык дүйнөгө келип, 1926-жылы 26-мартта сексен үч жаш деген курагында ушул эле Кереге-Таш айылында бул дүйнө менен кош айтышып, замандаштарынын, ага-ини, бир тууган, жалпы эле Бугу туугандарынын зор кадыр-сыйы менен тиги дүйнөгө узатылган. Анын атасы Байсары, чоң атасы Олжобай, бабасы Түлөберди, жотосу Бөбөн, кубасы Сейитказы, жетеси Күчүк, теги Жоотатыр. Ал айтылуу көл бугусундагы беш мырзанын бири - Арык мырзанын түздөн-түз тукуму. Кыдыр Акени эли-журтунун «Арык тукуму» деп аташканы дагы ошондон улам. Жаратылышында акылга бай, келечекти көрө билген, калыстыгы менен улуу-кичүүгө бирдей алынган Кыдыр Аке он сегиз жашка келгенде болуштукка көрсөтүлүп, аны дээр-

лик он сегиз жыл абийирдүүлүк менен аркалап келиптир. Ошол кадыр-сыйы артып, зоболосу көтөрүлүп, аты алыс-жакынга таанылып калган мезгилинде ага эли-журту туура баа беришип:

Кадыры калкка таралган,
Калыс болуп жаралган.
Бакыт кетпей башынан,
Өз элинен бата алган.
Калыстыктан качпаган,
Калпыс сөздү айтпаган.
Жакынына тартпаган,
Жардыга доомат артпаган,-дешип калыс баасын беришкен турбайбы. Ал сөз арасында:

- Урушпай ажырашсаң уялбай учурашасың, табигатыңарда бири-бириңе акаарат сөз айта көрбөгүлө. Ансыз деле адам өмүрү өтө кыска. Аз жашоого мейман болуп гана келген соң сыйлашып өткөнгө эмине жетсин? Чечилбөөчү эч кандай маселелер жок. Аны орой көзүбүз чарай олтуруп, ынтымакташып чечсек эле жай-жайына келип калат эмеспи,-деп калайык-калың калк менен болгон ар бир жолугушуусунда талыкпастан айтып келиптир.

Ошентип, Кыдыр Аке «Кыдыр Аке» болуп турган мезгилинде Көтмалдыда өткөн оёздун бир чоң жыйынында ага ушул чогулушту башкаруу укугу тийип калат. Анда эң оор делген ички-сырткы он сегиз маселе кароого коюлуп, анын ар бирин кылдаттап чечүү үчүн жарым күнгө чейин, кай бирине күн бою убакыт сарпталган экен. Ар бир каралган маселени ийне-жибине чейин иликтеп, териштирип, ак-карасына жете тактап, арызданган эки тараптын жүйөөлөрүн кенен-чонон угуп туруп, ошондон кийин гана ал өз чечимин кылдаттап чыгарып турат. Мындай калыстыкты мурдатадан баштарынан кечирип көрүшпөгөн кара букаралар Кыдыр Акеге мындан кийин өзгөчө баа беришип, аны айлан-көчөк атышып, ого бетер тегеректеп калышкан экен. Ошондо жеке эле айлана-чөйрөсүндөгү кара букараларга эмес, жалпы бий-болуштарга, кудай-теңирлерин тааныбаган бай-манаптарга, алдуу-күчтүүмүн деп дөөгүрсүнгөн баатыр-балбандарга кайрылып:

- Айланайын бий-болуштар, силер айрыкча дат баспаган алтын сымал акактай таза болушуңар керек. Теменени капка ката албаган сыяктуу чындыктан эч ким буйтап кача алган эмес. Ал чындык көзүң өткөн күндө дагы кара көлөкөдөй болуп ээрчип, бирде болбосо да, бирде ачыкка булт этип чыгып калат. Дал ошол көзүң өтүп кеткен күндө да сенин адилетсиздигиң укумдан тукумуңа

чейин айтылып, алардын да беттерине кара көө болоору айныксыз иш. Элибизде «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок»,-деген калыс макал бар. Бийди качан гана тууган жандап, аны катын-баласы айныксыз билип калганда эле андан адилеттиктин жаа бою качканын элестете бер. Ал эми адилеттик арабыздан толук качкан кезде туура, так чечим чыгат деп эч кимден күтпөй-этпей эле койгон абзел. Анда эле кара таман элдин укугунун, адамкерчилигинин, аруу тилегинин тебеленип-тепселгендиги деп түшүнгүн. Ансыз дагы көпчүлүк эл башынан ыктуу-ыксыз теңсиздикти, бай-кедейге бөлүнгөн тең салмаксыздыкты кен-кесири кечирип келатат. Байларга-бийлерге караганда арабызда жарды-жалчылар, кедей-кембагалдар арбын. Атасынан баласына чейин «чор таман» атыгып, «Ылдый тартса арабасы сынып, өйдө тартса өгүзү өлгөн», күнүмдүк көр жашоо үчүн айласыз турмуш кечирген бей-бечараларыбызды араңардан көрүп-билбей жүрөсүңөрбү? Жок. Көрүп-билип, чогуу-чаран эле аралашып, бир аймакта жашап, айрым бир мезгилдерде алар менен табакташ-сабакташ, санаалаш-пикирлеш болуп, бир арыктан суу ичип, бир абадан дем алып келатасыңар. Бирок мындай колдон түшүп мүңкүрөп, жакырчылыктын белден өткөн уулуу кайышынан жабыркап, кара жанын, карандай кара күчүн алдуу-күчтүүлөргө сатып, жарты кесе талкан үчүн жалданып иштеп келаткандардын жашоо-турмушуна кызыгып, сурап, кол сунуп койгонуңар араңарда барбы? Байды кудай эмнеге берген? «Караганга коргологон чымчыкка көлөкө, ач-арыктардын жатаарына жай, жамынаарына төшөк, ичээрине тамак-аш, киерине кийим болсун» деп берген. Жарды-жакырга эш болбогон, аларга айдыңы тийбеген байлардын өлүү байлыгынын кимге кандай кереги бар? Бул дүйнөгө кандай жылаңач келсек, кепиндин чөнтөгү болбогон сыяктуу эле жаныбызга эч нерсе эш болбой, жылаңач абалда кете беребиз. Бир гана айырмасы - алты кулач ак кепинге гана оронобуз. Байлыкты өзү менен көрүнө кошо ала кеткен арабыздан эч ким болбогон. Ошондуктан, кандай болгон күндө дагы ач-арыктарга, колунда жокторго, бей-бечараларга, чиедей көп балалууларга айдыңыңар тийе жүрүшү абзел. Алардын батасын алып, назирин сындырбаган, көңүлүн өстүргөн күндө гана Силердин ишиңер илгери болуп, итиңер чөп жеши мүмкүн. «Байды кудай ураарда ат үстүнөн ит кабат, бийди кудай ураарда адилеттик сөз калат» болбой эл-журтуңарга тең, адилет, пейлиңер кең болсун,-

деп жыйынды таратканда мындагылар шатыра-шатман кол чабышып, чогулган эл аны көпкө чейин узаткылары келбей турушту.

Адетте, мындай инсандар жөнүндө кеп-сөз кылган учурда алардын ар биринин колдоочусу, касиети, көсөмдүгү, чечендиги жөнүндө ооз көптүрүп айтып келебиз. Мындай касиеттерден бейиши болгур Кыдыр Аке дагы оолак эмес болуптур. Эл оозунда анын колдоочусу эки бирдей олбурлуу, «бири кара чаар, ал эми экинчиси кызыл чаар жолборс болгон» деген аңыз кеп бар. Анын ийининде олтурган, же жан-жанында жандап жүргөн жолборсторду көрүп-билген деле жан жок деңизчи. А балким алардын өздөрүнө гана көрүнүп, айрым бир учурларда акылдашып, ал эле эмес ошол колдоочуларынын касиеттерине да таянып келишкендери ырастыр? Бул да болсо биздин жаратылышыбыздын татаал кубулуштарын түп-тамырынан бери билбеген, толук түрдө өздөштүрүп кете албаган сымал эле тунгуюк, көзүбүзгө көрүнбөгөн купуя сыр, табышмак нерсе сыяктуу кала бериши мүмкүн. А балким Кыдыр Акенин колдоочулары дагы ага алдын ала көрө билүүчүлүк касиетти, шык-дараметти беришкен өңдүүбү деп да кетесиң. Ошондон улам анын эт-бети менен кетип берген батасы ар бир адамга айныксыз тийип, айткан сөздөрү эм болуп, ал эми үнүн чыгармак турсун, жаман көзү менен карап койгон адамы дагы оңой менен оң табуучу эмес экен.

Кыргыз кыйырына белгилүү, береги эле Ак-Суу чөлкөмүндөгү Кереге-Таштын жонунда «Кыдырдын секиси» деген бийик, үстү жайык секи азыр дагы бар. Ал секиге Кыдыр Аке өмүр бою чыгып-түшүп, нары жагына ак өргөөлөрүн тиктиртип, мал-жанын айландыра кондуруп, жайлап-кыштап чыгуучу экен. Дал ушул секиде олтуруп, ар жак бери жагына, өткөн-кеткендерге көз чаптырып, алардын ар бирин аалгалап көз токтото карап, алаканга салгандай болгон бул бийик жерден өзүнүн кудай маңдайына жазган бийлигин, кийинчерээк Акелик нарк-насилдүү өмүрүн өтөп келиптир. Анын өргөөсүнө келип кеткен адамдардын күнү бою аягы үзүлбөй, түндүгүнөн түтүнү оргуштап булап, очогунда оту ойноп, казанында эти кайнап турганын көрүп-билгендер аны кудайым даана берген, пейили кенен, Кыдыралейсалам өзү даарыган, айкөл, март, колу ачык, берешен, кара сөздүн кам каймагын калпыган чечен, кара кылды как жарган калыс адам эле дешип айта турган.

Күндөрдүн биринде Кыдыр Аке үйүнө келген меймандар ме-

нен боз үйүндө уй мүйүз тарта олтурушуп, кымыз ичип, узун сабак кеп салышып, сөз аягы түгөнбөй, кеч бешимге чейин аңгемедүкөн куруп калышат. Астыга аш келээр алдында гана тизебаштарын түздөп, сыртка чыгып келүүгө боз үй сыртына бет алышат. Секиге чыгышып, ар жак бери жактарына, айланатегеректерине көз кырларын агытышып, көз чаптырып карай башташат. Алардын бет алдындагы Кереге-Таштын ойдуңунда атына сылай камчыланып, алдында минген жоргосунун алабарман жүрүшү менен шайдоот бастырып келаткан сулуу-сымагынан келген бир жигитке көздөрү чалдыгып калат. Жанжакадагыларынан озунган Кыдыр Аке:

- Ээ жарыктык, бул өтө шайдоот, шаңдуу бастырып келаткан ким болду экен?-дейт да, шак эле оозу-башын карманып калат. Көрсө, «Айтылган сөз - атылган ок» демекчи оозунан чыгып кеткен кымындай желине жарыктык киши өзү да ээ боло албай калган турбайбы. Дал ошол көз ирмемде өз кара чечекей баласы Төөгөчүгө өзүнүн көзү тийип, ал баласы табак тегеренгендер беш бармакка жапырт олтурушкан кезде кан кусуп жиберип, өтүп кеткен тура. Сырттан кирген жигиттеринин бири кулагына бир нерселерди шыбырап айтып кеткен соң, эч кимге эч нерсе айтыпдебей, кол жоолукка майланышкан колдорун кылдат аарчынып, керегеге илинген комузун колуна алып, эл толук тамак жеп бүткөнчө комузун улам-улам күүгө келтирип бурап, анан барып гана армандуу бир күүсүн чалыптыр. Көрсө мында эт жеп олтургандарга ал өз баласын ушул комуз күүсү аркалуу өзү угузуп жаткан кербези турбайбы. Кол жуулуп, дасторкон жыйылып калган кезде ал чертип жаткан күүсүн аяктап, аны тегеректеп олтурган эмелеки улуу-кичүү эл жапырт аттанып чыгышып, бирок алары Кереге-Таштан өтө деле алысташпай, кайра артына кайрылышып Төөгөчүгө өкүрүп түшүшүп, жаратылышынан токтоо мүнөз, сабырдуу, салабаттуу, бир сыр коштогон Кыдыр Акенин өзүнө көңүл айтышып, айлана-тегерек ызы-чууга түшүп калыптыр.

Мына ошол Кыдыр Аке жараткан бул күү азыр дагы комузчулар арасында чоң кызыгууну туудуруп келатат. Анын сырдуу ойнолушу, башка комузчулардын аткаруу чеберчилигинен кыйла өзгөчөлөнгөн кайрыктары, анда берилген татаал сюжеттик түзүлүш тубаса комузчулардыкынан артык айырмаланып, эң жогорку аткаруучулук чеберчиликте ойнолгонуна баа бергендер ара-

бызда арбын. Демек, Кыдыр Акенин кудайым берген, Кыдыралейсалам ыроологон башка бир катар сапаттарына дагы кошумча комузчулук өнөрү болгондугун ачык эле айта кетүү орундуу. Ошондой болсо дагы Кыдыр Аке ар качандан бир качан кашына Чоюке манасчыны алдыртып, таңды-таң Манас уккандыгын, колуна комуз кармап күн бою күү черткендигин айткандар арабызда жок эмес. Алардын ичинде Кыдыр Аке комуз күүсүнө салган кыргыз элинин залкар күүлөрү «Камбаркан», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» деген күүлөрүн жогорку чеберчиликте аткарып келгени бизге белгилүү. Ал эми тилекке каршы эл арасында «Төгөчүнүн арманынан» башка «Кыдыр Акенин шыңгырамасы», «Кыдыр Акенин арманы», «Кыдыр Акенин ботою», «Кыдыр Акенин камбарканы», «Кереге-Таштын керез ботою» өңдүү өзү чыгарган ондогон күүлөрү бизге чейин жетпей калган. Ошол эле мезгилде Кыдыр Аке Ыбырай комузчу менен дагы абыдан жакын ымалада болгондугу эл ичинде кеңири айтылып келе жатат. Ал эле эмес Кыдыр Аке Ыбырай комузчуга ак батасын берип, кара жаак жамакчылыктан кара күү чертүүгө өз жолдомосун берген имиш. Мына ошондон кийин гана Ыбырай комузчунун баш-оту менен кара күү чертүүгө ооп кеткендигин, эл кадырлап-сыйлаган ондогон күүлөрдү чыгарып, элге тартуулагандыгын тастыктаган маалыматтар бар. Ошол эле учурда Кыдыр Акенин кыргыз санжырасын, кылымдарды карыткан тарыхын тастыктап, алаканга салгандай так кесе айта билгендигин аш-тойлордогу, жакшылык-жаманчылыктардагы, көп чогулган жыйындардагы угушкан санжырачылардын элестүү эскерүүлөрү ачык билдирип турат.

1913-жылы ак падыша Романовдордун династиясынын үч жүз жылдык салтанат-тоюна Кыдыр Акенин Санкт-Петербургга баргандыгы тууралуу да тарыхый маалыматтар бар. Ага ал кыргыз кыраңында тукуму соолуп бараткан жолборстун баласын алып барып, падышанын чоң сый-урматын көргөндүгү да айтылат. Ал эле эмес ак падыша аны ошол кезде өтүп жаткан төртүнчү думага кошо катыштырып, падышалык аскердин улуу чинин берген экен. Кыдыр Акени кайра жеткирүү үчүн атайын орус аскерлеринен эки куралдуу жоокер чектелип, ал почта трашманкеси менен көл жергесине чейин жеткирилет. Бирок, жолду катар узатып келаткан бул орус жоокерлеринин ойлору бузулуп, бир эсе ага ак

падыша берген белек-бечкектерине кызыгышып, ара жолго эле таштап кетүүгө ниеттенип калышат. Суудан башка көңүлгө эч нерсе барбаган алыс жолдо даарат ушатууга түшкөн Кыдыр Акени алар ай-талаага эле ташташып, трашманкени коштогон эки атты ур-берге алышып, алды артын карашпай, жин ургандай кууп жөнөшөт. Бирок, алар Кыдыр Акени ташташкан жерден бир аз узаган соң эле алдыларынан бир кара чаар, бир кызыл чаар жолборс чыгып, аттарды беттеп, качырып сала беришет. Анткен менен жолборстор аттар менен аскер желдеттерине кол салууга батынбай, турган ордуларында ыркырап тура беришет. Өң-алаттан кетишкен жоокерлер бул адамдын жөнөкөй адам эмес экендигине жедеп көздөрү жетишип, жолборсторго мээлеген мылтыктарынан ок чыгарышпай, кайра артка тартууга мажбур болушат. Эч нерседен капары жоктой болуп, Кыдыр Аке алардын бул кылыктарын көрүп турса дагы көрмөксөнгө салып, трашманкеге жайма-жай олтура кетет. Ошондон кийин жолборстордон чочуп калган тигил эки бирдей жоокер уйку бетин көрүшпөй, жолду катар Кыдыр Акени колдорунан келишинче сыйлашып, бир тууганДарындай кастарлашып, оозун ысык чай, таттуу тамактан өксү кылышпай, өз үйүнө чейин жеткирип келишет.

Кыдыр Аке орустан кайтып келген кезинде Бугунун сакалдуу-көкүлдүүлөрү ага бир эсе учурашалы, бир эсе орустун чоо-жайын өз оозунан угалы деген маанайда анын Кереге-Таштагы өргөөсүнө баш багып калышат. Орустар берген белек-бечкектеринен ар кимисине чүнчүлөп ыроолоп, таттуу-татмагынан ооз тийгизип, орустан алган сыйлыктарын жайып көрсөтүп, ал жактан көргөн-баккандарын төкпөй-чачпай жобурап айтып берет. Анда олтургандардын бирөө:

- Кыдыр Аке, мен алтымыш ашып жашап, бирок биздин өрөөндө жолборстун тукумдары бар экендигин ушул убакка чейин билбептирмин. Анан кайдан жүрүп эле ак падышага кызыл чаар бала жолборсту белекке берип жүрөсүз?-деп калат.

- Оо аның бир узун сабак кеп. Бул «орус келди, бактыбыз ачылды» дегенибиз менен Калыгул олуя айтмакчы, «Өңү сары, көзү көк орус келди. Узун чөптүн баарысын оруп келди. Кыска чөптүн баарысын коруп келди» окшоп калган сыяктаныппыз. Кезегинде жолборс дегениң мына береги эле саздак камыштарды аралап, тоо-ташты мекендесе, азыр орус келгени тарсылдак атты-

рып аткылап жатышып, анибыз дагы биротоло жер которуп, жергебизден түбөлүккө ооп кетиптир. Башкасын айтпаганда дагы ушул эле Кереге-Таштын суусун бойлоп чыгып келүүчү боору күмүш чаар балыктар жоголду. Тоо-токойлорубуз кыйылып, токолдонуп баратат. Ак орустардан алуучубуз көп болгону менен аларындын пайдасынан зыяны арбын болгудай. Ак падышага баарымда бүлүнүп, ага белек алып барамын деп суй жыгылганымды аранарда уккан-баккандарыңар бар чыгаар? Аны жергиликтүү орус оёзу дагы кош колдоп кубаттап, “жолборстун баласын белекке алып барбасаңыз кадыр-сыйыңыз төмөндөп калбас бекен” деп делөөрүтүп койбодубу мени. Ошол бала жолборсту издеп, сураштырып, ак мокоп кайда гана барганым жок. Мен мергенчи деген бугу-сарбагыштардагы мергенчилердин баарысына бардым. Мына береги Барскоондун өрдөшүндөгү чытырман токойлуу «Жолборсту» деген жеринен дагы жолборс тукуму небак эле жер которуп, биротоло башка жакка ооп кетиптир. Ал эле эмес бул жердеги жолборстор биротоло тукум курут болуп калышкан деген да аңыз кептер бар экен. Мергенчилердин алды алтымыш, аркасы жолборсту көрбөгөнүбүзгө жыйырма жылдын жүзү болуп калды дешти. Ошондо менин жашы өр таяп калган, көл көкүрөгүндөгү көзгө атаар мергендердин бири Кончой аксакалга кайрылуума туура келди. Жашы сексен ашып, көз кумары бир аз тунарып баратканына карабай ал карыя тың-тырс, күүлүү-демдүү экен. Бир караган адамга баскан-турганы шайдоот, дале беш-он жылды артына салуучудай түрү бар көрүнөт. Баргандарыбызды ал жылуу-жумшак кабыл алып, өзүбүз менен кошо ала барган кысыр эмди тайды дароо эле бата кылып чалган соң, ар бирибиздин келген чоо-жайыбызды шашпай олтуруп, кунт коюп укту. Анан барып башын чайкап, көл өрөөнүнөн, деги эле кыргыз кыйырынан жолборс тукумунун небак эле туурун таштап кеткендигин айтып, бир болсо Текес тарапта болот. Болбосо аны табуу кыйын деп бизди бир эсе суутуп койду. Бирок, тамак ичилип, эт желип бүткөн соң өзү дагы мергенчилер менен жолго кошо чыгаарын, жан-жакасына аттуу-баштуу, өңүт билген мергенчилерден бирин-экинин алып алуусун айтып, алардын жашаган жерин, аты-жөнүн толук тактап берип, баарысын бир апта арлыгында бир жерге чогултуп коюбузду тапшырыктап калды. Анын айтымында Кытай тараптагы үч жерде жолборстун бар экендигине өз

көзү менен көрүп ишениптир. Биринчиси, Кашкардын «Кара-Буурасындагы» чытырман токойлуу жерде экен. Ал эми экинчиси болсо Текестин камыштуу «Күнөөстү-Чеп» айдыңында. Ал эми үчүнчүсү болсо Текестин Маралтыны улай жайгашкан Ындыголу деген жеринде. Бир болсо жолборс тукумунун калдыгы мен айткан үч гана жердин биринде болот. Алардын баарысынан кезегинде кудайдын барманы менен жолборс баласын кездештиргеним бар. Бирок, мергенчи катары эмнегедир алардын эч бирине ок чыгарып көрбөптүрмүн. Мунун себебин азыр дагы так кесе түшүндүрө албаймын. Болбосо өз өмүрүмдө бул жарыктык жаныбарлардын берени аталган тукумунун кара чаарын да, кызыл чаарын да бирдей кездештирбедимби деп калды Кончой мерген. Мергенчилердин бир даарын апта бою даярдап, аларды ар кай жерден издеп таап, аксакалга кошуп бердик. Көрсө жолборстун аз болушу да табигый нерсе экен. Ал үч жылда бир жолу тукумдап, анын баласы үч жылда барып гана ата-энесинен бөлүнүшөт экен. Өзүнө жар издеп, эркек жолборс жер кезип, ай-күнчөлүк алыс жактарга чейин барып, эркек жолборстордун айыгышкан күрөшүнөн жеңип чыкса гана ургаачы жолборсту жар кылып, аны менен жалгашып, биргелешкен жашоо-тирлигин улап, жарыктык жаныбар тукум камын көрөт тура. Кончой мергендин эсебинде дал быйылкы жылы жолборс баласы тукумдачу жыл экен. Бирок, ал жолборс тукумдоочу мерчеми ушул айдын нары жак бери жагы болуу керек деп так кесе айта албай бүшүркөп турду. Шаймашай даярдык көрүшкөн мергенчилерге кошумча эки кап орустун тамекисинин майда күкүмүн таап берип, узатып жиберип калып калдык. Жолборс дегениң карт мерген айткандай өзүнүн тукумун ала качкан адам баласынын сары изине чейин түшүп, аларды биротоло мерт кылмайынча көксөөсү суубайт экен. Көптү көргөн мергендин ою боюнча олжо-буйлалуу кайтып калышса, тамекинин күкүмүн жолду катар себелеп жүрүп олтуруп, из жашырып кетебиз деген айла-амалы турбайбы. Ошентип, мергенчилер бул турган Нарынколду басып өтүшүп, Ындыголдун Дерменти деген чер токойлуу жерине чейин бир апта жол жүрүп олтуруп араң дегенде жетишиптир. Текес суусун бойлоп өтүшүп, адам эмес, төө көрүнбөөчүдөй болгон бул чытырман токойдон нары көздөй өтө алышпай, ал эмес минген аттарын алдыга бастыра алышпай калышат. Аттары да эмнегедир турган ордуларында эле каккан казык

болуп кошкурунушуп, алдыга бир да кадам шилтешпей коюшат. Жарыктыктыкы, жаныбар болсо дагы бир нерсени сезип жатышат го деген ой менен мергенчилер аттарын өрөөлөп коюшуп, андан ары көздөй жөө-жаландап жүрүп олтурушат. Өңүт улашып, чер токойду аралап барышса кудай салбасын, чоң бир аралчадай болгон эки чат токой ичинде кийик баласы быкпырдай кайнап, тим эле батпайт дейт. Ителги менен шумкар уялаган жерге көгүчкөндөр менен таандар байыр алышкан сымал, бул жолборс мекендеген аймакта дагы кийиктин түрү быкпырдай кайнап, кыраан жырткычтар, өз үйүрүнө тийбеген бөрүлөр сымал тегеректиндеги жапайы кайберендерге, куштарга тийишпей, «кайырмактарын» тээ алыска-алыска ыргытышат экен. Анын сыңарындай жолборс дагы аңчылыкка аябагандай алыска барганын айткан карыган мергендин сөздөрүн кулактарына бекем илишкен мергенчилер өңүт күтүшүп, бир түнөп өргүү алган соң, жолборс жаткан үңкүрдү боолголошуп, аны байкоого алып калышат. Ал жыгылган карт карагайдын түбүндөгү уюкчада болуп чыгат. Качан гана ургаачы жолборс баласын тууп, бир аз телчиктирип, анан гана аңга чыкканда мергенчилер аны басып жыгылышат. Чоочун-чолпу жыт алып, үңкүрүнө капысынан кайтып келген эне жолборстун аларга кол салып, мерт кылып коюшунан шектенишкен мергенчилер асманга ок атышып, араң дегенде издерин жашырышып, аман-соо калып калышыптыр. Мергенчилердин бир даары бул адам суктана турган кара чаар эне жолборсту атып алышып, айылга чейин алып келүүнү башбактатышса, Кончой мерген «жолборс тукуму биротоло жер үстүнөн үзүлүп калат го, андан көрө алтындай башыңарды аман-соо алып, алган олжоңорго ыраазы болуп артыңарга кайткыла» деп эне жолборсту мээлетип ок чыгартпай коюптур. Мергенчилер алышкан бала жолборстун салмагы дагы бери эле болгондо төрт тиштүү төгөрөк ириктей болуп, абдан оор экен. Ага кадимкидей бешик жасашып, мергенчилер алмак-салмак көтөрүп келишкен бала жолборсту капаска салышып, аны бир ай бою мүнөздөп багып, колго көндүрүп, анан барып жолго чыктык. Аныбыз дагы адеп колго көнбөй, ал эле эмес колго союлган малдын этин дагы өгөйлөп жебей, аз жерден ачкадан өлүп кала жаздап, айлабызды алты кетирип барып кайра тартты. Бирок көздөгөн максатыбызга биротоло жетип, бала жолборсту аман-соо орустарга чейин алпа-

рып, ак падышанын алдынан өтүп келдим. Алып барган белектердин ичинен ак падыша үчүн кыргыздын жолборсунан өткөн бир дагы баалуу белек болгон жок,-дептир ошол жердешинин берген суроосуна Кыдыр Аке эрдемсип, өзүнө өзү ыраазы болгондой маашырланып.

Эми Кыдыр Акенин теги тууралуу бир эки-ооз сөз. Дагы бир чоң тойдо жөндөн-жөн эле олтурушуп, кер-мур айтыша кетишип, Арык менен Белек уруусунун эки баласы чабыша кетишет. Арыктын жигити Белектин баласын таамайлап туруп чыкыйга тартып жиберсе, тигиниси «сорок» эте түшүп, жыгылган ордунда эле жан берет. Тойдун арты күрү-күү, чыры-чууга эле түшүп жатып калат. Сакалдуу-көкүлдүүлөр ары айтышса ары, бери айтышса бери болушпайт. Белек уруусу «канга-кан»,-деп чыгышат. Арыктар «Себеп бизден болду. Ажал кудайдан болду. Кектешпейлик. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын. Кунун төлөйлү» дешет. Белек тараптан ага да оңчулуктуу жооп кайтарылбайт. Ошондо жагдай ырбап бара тканын көргөн Олжобай баштаган эл жакшылары береги тентек жигитти эл алдына алып келишип, Белектердин колуна салып беришип, арандан зорго баш кеткен чуудан кутулушуптур. Ошондон соң гана «Бир эрдин башы, миң эрдин башын жутат» болбой, эки тарап тең ыраазы болушуп, жай-жайына таркап кетишкен экен. Бирок, ошол ызы-чуулу окуядан соң Олжобай кеби-сөзүн укпаган инилерине таарынып:

- Кара жалаа киемин, Калдай уулу боломун,

Кызыл жалаа киемин, Кытай уулу боломун,-дейт да, Арык тукумунан өзүнө ымалалаштарын өзү менен бирге көчүрүп алып, Кытайга ооп кирип кетет. Бирди-жарым жыл Кытайда жашап калгандан кийин Олжобай өзүнчө мындай ой өрүп калат:

- Мени го Бугулар жакшы билишет. Ал эле эмес сый үстүнөн кетпей, аягым күнү бүгүнкө чейин аштан куру болгон жок. Ал эми ошол сый-сыпатымды кытайлар билишет болду бекен, же аларга да бирди-жарым иш аткарышым керекпи?–деп ой жоромолдойт. Ошондо күнү-түнү менен ойлонуп олтуруп, кытай менен кокон хандыгынын ортосуна «элчилик» кылып көрүүнү эп көрөт да, «элчилик кылып атымды чыгарамын» деп алгач Кокон ханына барат:

- Кулжанын ханы кол курап, сени чаап алганы калды. Камынып, курал-жарагыңды шайбашкалабасаң болбой калды. Сага эр-

терээк кабар айтып коюну чечтим,-деп алдын-ала ойлогон оюн Кокон ханына астыртадан жыбылжытат.

- Сен жакшы адам экенсиң, бөөдөсүнөн чабылып калмак турбайбызбы. Айтып келгениңе чоң ыракмат,-дейт да аздыр-көптүр белегин тартуулап, Кокон ханы душманга болгон өз камылгасын көрүп, аны жолго салат. Олжобай кайра Кулжанын ханына барат да, «Сенин Кокон ханы менен эмине чатагың бар эле? Сени көп кол топтоп, ал чаап алмак болду»,-дейт. Ал дагы Олжобайга ишенип, алдыда боло турган кандуу кагылышууга элин түп көтөрүп, камынып жатып калат. Эки тарап Барскоон туштан бет алышып, бирок чуулгандуу кармашты каалашпай, өз ара сүйлөшүүгө данакер болуп берүүчү элчи адамды издеп калышат. Ошондо Олжобай акырын бастырып барып, бул экөөнүн ортосуна кайра эле өзү ортомчу болуп берүүнү сунуш кылат. Убактылуу тынчтыкты каалаган эки тарап тең бул сунушка айттырбай макул болушат. Кокон ханына барат да андан «Эки эл ынтымактуу жашаганды туура көрөбүз. Урушуп-чабышууга ниетибиз жок» дедиртип кагаз жаздыртып алып, Кулжанын ханына берет да, ушул эле мазмуундагы катты андан жаздыртып алып, Кокондун ханына алып барат. Экөөнүн тең тастыкталган мөөрү болгондуктан улам, алар өз ара ымалага келишип, уруш-талашы жок эле эки тарапка таркап кетишет. Эки тарапка бирдей жаккан Олжобайга кытай ханы таш сайып, ыраазычылык иретинде «чек арага улук кылайын»,-деп Чаар Калдай деген кытай улугун түшүрүп, Олжобайды анын ордуна коюп коёт. Анда Олжобай ата бирди-жарым жыл иштеп, капысынан көзү өтүп кетет. Ошондо уулу Токсоба жыйырмалар чамасындагы эр жигит экен. Олжобайдын ошондо артында Акынбек, Байсары, Токсоба деген үч уулу калат. Кытай ханы атасы өлгөндөн кийин анын тыңтырс балдарынын бири Токсобага таш сайып, атасынын ордуна улук кылып коёт. Ал кезде көлдү орус сурап калган учуру экен. Калмак-кытайлар ташка сыйынышаары белгилүү иш го? Алар таш сууланып, тердеп калса эле жаман ырым катары тутунушуп, үй-бүлөсүн журтка таштaшып, эрлери алыстап качышат экен. Кыргыздар ошондо көктөн түшкөнсүгөн чоң олжо-буйлаларга карк болушуп, «эми таланган оокатын кусуп калбайлык» деген ой менен орус элине башпаанектеп барышыбыз керек деген чечимге келишет. Токсоба ошондо аларга карап:

- Жакшы болсо сообуңар, жаман болсо убалыма калдыңар,-

деп келип, оруска кошулуп калат. Ошондо Тилекмат Токсобадан бар болгону эки-үч жаш эле улуу экен. Бир чети кудалык жолу, экинчи чети улуулугу бар деген ой менен Токсоба орус сунуштаган оёздун жардамчысынын ордун Тилекматка ыраа көрүп коёт. Ал кызматта Тилекмат узак жылдар иштеп, эл арасында бийик абройго ээ болот. Бирок, анын Кокон хандыгы менен байланышы билинип калып, орустар Тилекматты кагажыта башташат. Ал эле эмес Тилекматтын өлүмүнө дагы орустардын күнөөсү бар деген сөз эл арасына ошол кезде  желдей тарап кетет. Тилекмат өлүп, анын сөөгүн орустар анын жаш баласы Чыныбайга бербей коюшканда да арага Токсоба түшүп олтуруп, сөөктү жерине чейин алып кетүүгө орустан уруксат алышат. Оёздун жардамчылыгы кайрадан Токсобага өтөт. Ал ак дили менен оруска кызмат өтөйт. Ошондо Белек тукумунун мыкты чыкмаларынын бири:

- Сиз көп жыл бою оруска ак дилден кызмат кылдыңыз. Калыс болдуңуз. Эми кезекти Белек тукумуна деле бербейсизби? -деп калат. Эл ал орунга Боромбай уулу Өмүрзакты ылайык көрүшөт. Анда оёздун жардамчысын Алматыдан бекитүүчү экен. Аттаптондоп, Токсобанын макулдугун алган соң, жергиликтүү эл Өмүрзакты түп көтөрүлө Алматыга узатып калышат. Жанына «Мен орус тилин жакшы билемин. Абама жардам беремин, орусча сүйлөй да, жаза да билемин»,-деп Тилекматтын уулу Чыныбай ээрчип алат. Жетээр жерине жетип, Өмүрзак бошонуп алганга урунттуу жай издеп, беш-он мүнөткө эле алыстап басып кетет. Ошол учурда аттардын жанында турган чыкыя кийинген жаш жигит-Чыныбайды көл бугусунан келген өкүл дал ушул жигит болуш керек деген ой менен орустар терезеден көрүп калышып, губернаторго чакыртып калышат. Өзүнө тыңтырс, бир эсе өзүн тыкан алып жүргөн, анан калса орусча тил билген бала дароо эле губернаторго жагып калат. Бирок, аны ал кирээри менен эле орусчалап, боктоп-сактап урушуп коё берет. Анын кечигип келгенин, кыргыздын башка аймактарынан өкүлдөр небак келишип, ишеним каттарын алып кетишкенин, мындан ары кечикпей, айтылган маалда келип баяндама берип, алык-салыкты төлөп туруусу керек экендигин эскертип, аты-жөнүн жаздыртып калып, эртең ушул маалда келесиң деп Чыныбайды сыртка чыгарып жиберет. Өмүрзак жуунуп-тазаланып алып губернаторго келсе, аны эшик тоскон жасоолдор ичкериге киргизбей коюшат. Ал эле эмес анын

колундагы Бугу элинин мөөрү басылган, аны оёзго жардамчылыкка көрсөткөн кагазын дагы карап коюшпайт. Ошондо шойкомдуу бул ишти Чыныбай молонун жасап койгонун ал айттырбай түшүнөт. Оозунан олжосун ойдо жок жерден алдыртып жиберген Өмүрзак бир заматта бийликтен кол жууп, оёздун жардамчысы болуп Тилекмат уулу Чыныбай олтуруп калат. Алар өз жерине келгенде эл арасында ар кандай кеп-сөздөр жүрүп кетет. Көбүнесе эл чыны менен эле орустар Чыныбайдын билимдүүлүгүнө караш-ты го деп ишенип калышат.

Токсобанын жалгыз Минжылкы деген уулу болгон экен. Аны айтылуу Тилекматтын Мааке деген кызына күйөөлөтүшүп, алып бермекчи болуп калышат. Бирок, Миңжылкы чапчаң кыялдуу «Карагер» күлүгү менен жылкы имерип жүрүп, катуу баратып алыштан аттатам деп аты мүдүрүлүп, арка моюну алдында калат. Ошондо Кыдыр Аке төрт гана жаштагы бала экен. Жалгыз баласы өлүп, «куу баш», «куу тумшук» атанбайын деп, Токсоба Байсарынын бул уулун көжөлүп жатып багып алууга аракеттенип калат. Ага агайын-туугандары, алды бир тууганы Байсары деле каршы чыгып кетпейт. Бирок, Байсары алыскы сыртты жайлагандыктан улам Токсобанын үч ирет чакыртуусуна эмнегедир кенебей, келбей коёт. «Түбү тууган түтүшпөйт» болуп, акыры Байсары жаз алды менен Текес ооп көчүп келсе, Арык тукумунун дөөшаалары, улуу-кичүүсү аны Түргөндүн белинен аттап-тондоп тосуп чыгышат. Алардын арасында иниси Токсоба, келини Каным белек-бечкектерин алышып, алдынкы катарда турган болушат. Байсарынын аялы Даанадан баланы акырын сурап алган Каным баланы кылдат өңөрүп алып, шып эле астыга бастырат. Алданемени алдын ала сезген Байсары менен Даана бөрү желикке салып, алардын артынан жүрүп олтурушат. Бирок, Каным эмнегедир Арык бир туугандары Байсары менен Даанага көтөрткөн ак өргөөнү көздөй эмес, бала менен бирге өздөрүнүн боз үйүн каратып бастырып кетишет. Алар уулу жаңыдан эле өлүп, кан жутуп турган иниси Токсобаны аяшып, бирин бири карашып дел болушуп, артта кала беришет. Бирок, кептин төркүнүн эч кимден укпай-этпей эле өздөрүнчө түшүнүп алышат. Токсоба дароо эле көл кылаасынын күнгөй-тескейине, анан калса Чүй боорунун аяк-башына чейин ат чаптыртып, Бугу-сарбагыштардын, солтоеаруулардын улуу-кичүүлөрүнө сүйүнчү айттыртып, багып алган

уулуна чоң той өткөрөт. Ал эле эмес уулу Миңжылкыга алып берүүгө кызы Маакеге куда түшкөн Тилекмат кудасына кайрылып, астынан бир сапар өтүү үчүн анын кашына чейин барып:

- Кудай каалап, куда түшүп, кан куда болдук эле. Буйрук–жазуу деген ушул экен. Кудайым кылса, кубаарымдын акысы барбы? Жараткандын жазуусунан кантип баш чулгуп, оолактай аламын. Бирок бир балам өлсө, экинчиси турат. Аны алды жаш дебегиле. Азыр ал беш жашка карап калды. Кызыңар күтүп, Кыдырым он үч-он төрт жашка келгенде баштарын байлап коёлу,-деп кудасына кайрылса ал дагы эп көрөт. Өз ара кеп-сөзгө келишип, эки куда эки жакка таркап кетишет. Айткандай эле Токсоба аялы экөө уулу Кыдырдын үстүнө үйрүлө түшүшүп, бапестеп багууга алышып, агасы Байсары бербеген таалим-тарбияны беришип, эл-журт аралатышып, аргымак аттардан тандатып мингизишип, жаштайынан эле эл жакшылары менен аралаштырып, жакшы-жаманды иргеп кароого өз таасирлерин таамай беришет. Ошентип Кыдыр бой керип, жашы 14-15ке таяп, аял алуучу мезгилине келгенде ага Тилекматтын кудалаган кызы Маакени аялдыкка алып беришет. Токсоба болсо арадан көп өткөрбөй, Кыдырдын он сегиз жашка чыккан учурунда эли-журтуна кайрылып, аны болуш шайлатып алат. Буга чейин бул өрөөндүн болушу Кененбай Байтүгөл уулу деген адам болуп жүргөн экен. Жаш балага капысынан өз ордун тарттыртып жибергенине Кененбай өтө намыстанып калат. Бирок, шайлоо деген шайлоо да. «Мөрөйдү жеңген алат» болуп, ал ичинен тынып, ар кандай айла-амалдарды ойлоно баштайт. Оёзго арыз жазып, өзүнө болуштук көтөрүп берүү өтүнүчү менен кайрылат. «Киши саны миңге чыкса токтоосуз болуш кылам»-деп оёз ага өз убадасын берет. Келип, өз урук-тууганын санаса бар болгону жүз он эки түтүн болуп калат. Ар жак бер жактан кылып, эл санын миңге чыгарып, арык тукумун экиге бөлүп, Кененбай дагы бир болуштукту башкарып калат. Оёзго «жер-суу бөлүп бер» деп кайра-кайра кат менен кайрылат. Орустар картага карап олтурушуп, Кызыл-Кыядан Тепкеге, андан тектирлетип олтуруп Жыргалаңга чейинки жерди бөлүп беришет. Бирок, Арык тукумунун бүтүндөй аттуу-баштууларынын Кененбайдын бул кылыгына ичтери чыкпай калышат. Айрым бир топтордун шыкагына берилген Кененбайдын бийлик талашы Арык тукумун экиге бөлүп, Кененбайды жактагандар «Кара-Чий» болуштугун түзүшөт. Ал эми

бүтүндөй Ак-Суунун тескейи Кыдырдын болуштугуна карап калат. Ошол мезгилде Кененбайдын айрым бир жигиттеринин уурулугу билинип калып, оёзго арыздар келе баштайт. Көрсө алар Кызыл-Кыя тарапка жайлоого, анан жайлоодон кыштоого өткөн малды тымызын уурдап-тоноп жүрүшкөн болушат. Арыз менен жоон топ бурадарлар эми Кыдырга келишет. Ал өз кезегинде аларды чогултуп алып Кененбайга алып барат. Кененбай жанын сабап, күнөөсүн моюнуна албай коёт. Алардын жасаган кысмагына ал «эгерде уурдасам таап алып, мени уяткарсаңар дагы макулмун»,- деп кутулат. Эл болуштун короо-жайын, жайытын бөртмөк беле? Белгилүү бир убактыга чейин бул сөзгө чекит коюлуп калат. Бирок, «Оосурган кыз оосурбаган кыздын бетин тытат» болуп, оёзго Кененбай күндөрдүн биринде өзү келип, кайрадан кезектеги сунушун мына минтип кыйытат:

- Мага Арык туугандарым уурусунтуп, кырк жигит күтүп, эл-журтту кансыкатып жиберди,-дешип жалаа жаап жатышат. Туура көрсөңүз мени башка эле болуштукка которуп берсеңиз. Болуштукка мени эмес, Байгабылды деле бекитип берсеңиз ыраазымын,- деп кезектеги арызын чүргөйт. Оёз анын бул сунушун дагы эки кылбай, жер-суу реформасын тейлешкен адистерине болуштук орун издетүүгө тапшырма берет. Алардын тапкан жери Кененбайдын өзү сунуштаган Тоң менен Кочкордун ортосундагы «Семиз-Бел» аймагындагы болуштуктун аймагы болуп чыгат. Ага Кененбай илгиртпей макулдугун берип, өзүнүн болуштугундагы макул болгон элдерин бүтүн бойдон көчүрүп, болуштукту утурумдук Байгабылга берип, өз жакындарын өзү менен бирге алып кетип калат. Мына ошондон тартып, Арык тукумунун эли бири Ак-Сууда, экинчиси Тоң тарапта отурукташып, бири-бири менен анчейин катташпай калышат. Анан калса «карыш ажырашкан эл, кары-карыганча кошулбай» калышат. Ууру-кескиден, ыпылас сөздөн-кептен арылган Арык тукумунун Кыдыр Аке болуштук кылган эли ынтымак-ырашкерлик менен жашап, тыңтырс, тынч оокаттарын жүргүзүшүп, элден өйдө болушпаса дагы, асты кем тирлик өткөрүшпөй калышат.

«Семиз-Белге» Кененбайдын алдын ала көз артып, көчүп келүүсүн санжырачылар төмөндөгүдөй айтып келишет. Кененбай күндөрдүн биринде бүркүт салып, тайган агытып, жанына Жалгабай Саргалдак уулун, Сарысейит Сарыкалпак уулун, Миназар Са-

батар уулун жана өзүнүн ишенимдүү жигити Ботоканды алып, көлдүн тескейин бирге бөртүп олтурушуп, жедеп мүнүшкөрлүктүн кызыгына батып, Кочкорго чейин кандайча кирип келишкендигин билбей калышат. Капысынан келген меймандарга «Семиз-Бел» өрөөнү алданемедей кооз, айдарым абасы бар таза, токчулуктун куттуу өрөөнүндөй көрүнүп туруп алат. Улам бири экинчисин шыкактап олтурушуп, ушул эле күнү эл жакшылары бул жакка биротоло көчүп келүү ойлорун талаа-түздөн бекемдеп алышат. Биринчилерден болуп бул аймакка Жалгабай Саркалдак уулу көчүп келип, Ак-Өлөңгө олтурукташып калат. Ага удаа Сабатардын Миназары, Сарыкалпактан Сарысейит көчүп келет. Кененбайды жактаган Ондон тукумунун Итимбоокулары, Күчүктүн Тороктору, Байым уулунун аттуу-баштуу делген бир катар тукумдары дагы көчтөрүн бирге улашат. Ошентип, Кара-Шаарга Байым уулу, Оттукка Сабатарлар, Ак-Өлөңгө Саргалдактар жана Кара-Күнгөйгө Итимбоокулар, алар менен бирге Байым уулунун, Сарыкалпак уулдарынын бирин-экин тукумдары жайланышат. Бул жерден Кененбай жигит курап, казак-калмакка, сарбагыш-солтолорго чейин эр жүрүштөргө барып турат. Жыл санап аброю көтөрүлүп, атагы береги Тынымсейит тукумуна чейин жетет. Убактылуу болуш болуп дайындалган Байгабыл өз болуштугун биротоло Кененбайга өз эрки менен өткөрүп берип, жайма-жай оокатын кылуусун улантат. Ошол кездерде Сарбагыш уруусунун аттуу-баштуулары оёзго арыз менен кайрылышып, Арык тукуму ээлеп алган «Семиз-Бел» болуштугун кайрадан чачыратып, Сарбагыштарга тиешелүү жерин кайра өздөрүнө кайтарып берүүсүн суранып калышат. Муну уккан Кененбай алдыдагы жер талаштын чоң чырга айланып кетүүсүнөн кооптонуп, Садыр Акеге чейин барып, акыл калчап көрөт. Садыр Аке болсо алардын бир Сарбагыштын балдары экендигин эскертип, аны Сарбагыш-Бугунун аттуу-баштуулары менен эле чечип алууга болорун башбактатат. Бирок, Кененбай оёзго барып, биротоло «Семиз-Бел» болуштугун бекемдеп берүүсүн өтүнүп, кезектеги катын чүргөйт. Оёз бул маселени жеринде көрүп, жергиликтүү элдин катышуусунда чечип берүүгө макулдугун берип, келүүчү күнүн белгилеп, Кененбайды артка узатып жиберет. Арадан бир апта өткөрүп, оёз Сарбагыштардын аттуу-баштууларын чогултуп, Кененбайдын арызын кароого алып калат. Кандайдыр бир себеп-

тер менен ошол түнү оёздун арабага чегип келген эки бирдей мыкчегер аттарын ууру алып кетет. Көрсө ал эки атты Кененбай өзүнүн жандай көргөн жигити Ботоканды жиберип, түнү менен уурдатып алган болот. Ак мокоп, аттарын таппай калган оёз аттарын уурдап кеткен ууруларды таап беришсе, чоң сыйлык чектеп берээрин жарыя кылат. Бир жума бою бул эки атты Кененбайдын жигиттери жер айдоого салып, кум-таш артышып, жондорун жоорутуп, өлүк-солук абалына чейин жеткирип, катып коюшат. Аттарын таппай, айласы кетип, амалы түгөнгөн оёз Кененбайды кашына алдыртып, анын оёзго жардам көрсөтүүсүн өтүнөт. Эч нерсе билбеген кейипти кийип, оёздун сөзүн эки кылбай, тиги жагы Ат-Башыга, бул жагы Текеске, кала берсе казак тарапка чейин барып, аттарды кандай болсо дагы таап келүүгө убадасын берип, атганып чыгып кетет. Оёз ошентип Сарбагыштардын айылында он күнчө өргүп калат. Бирок, маселени Кененбай келмейинче чечпей тургандыгын жаамы журтка маалымдап коёт. Арадан эки күн өткөндөн кийин эле Кененбай оёздун алдан тайып, арыктаган, кейипи-түрү кетип, жондору жооруган эки атын айдатып, жанына эки бирдей арабага жүргөн алчактаган аргымактарды коштотуп анын кашына келип калат. Сүйүнүччүнөн улам оёз Кененбайдын дартын Сарбагыштардын катышуусунда ачыктап айтып берүүсүн талап кылат. Кененбай болсо бул аттарды казак тараптан ай талаадан эле тапкандыгын, уурулук үчүн жазалоочу киши болбогондугун айтып, Арык тукуму бош жаткан эле жерлерге оёздун дал өзүнүн уруксаты менен көчүп келишип олтурукташ-канын саймедиреп-сайрап, сапка тизип, эгерде мүмкүн болсо аларды жылуу орундарынан козгобой эле коюсун өтүнүч катары айтып жиберет. Кененбайдын тайбастыгына, чечкиндүүлүгүнө маашырланган оёз ошол эле олтурган жеринде жер өлчөгөн кызматкерлерине болуштуктун чегин биротоло чийдиртип, болуштукту бекемдеген мөөрүн басып, «Семиз-Бел» өрөөнүнө бул турган «Үкөк» менен «Кара-Сазды» кошуп берип, Кененбайдын колуна карматат. Сарбагыштар боктон бозала болушуп, айлалары алты кетип, амалдары түгөнүп, оёзго жазган арыздарын артка кайтарып алууга аргасыз болушат. Ошентип, эки элдин ортосундагы араздашуу бир заматта оң жагына чечилип калган болот.

Жаштайынан Кененбай менен бирге өсүшкөн, бирок жаш айырмасынан бир аз кичүүлүгү бар Кыдыр Аке Арык тукумунун

заматта экиге бөлүнүп, бири көлдүн башында, экинчиси көлдүн аягында туруп калышканына кабатырланып, Кененбайдын алдынан бир ирет өтүп коюну туура көрүп, аялы Маакеге күлүк, жорго жетелеттиртип, чапан алдыртып, алдыга жибертип иет. Өзү аалгалап, эч нерседен бейкапар кейпти кийип, эки күндөн кийин артынан барып Кененбайдыкына беймаал убакытта келип түшүп калат. Карылыкка тайып бараткан Кененбай ак-көк дебей, Кыдыр Акенин моюнуна курун салып, салаңдап-салбырап агасынан кечирим сурап турганына зээни кейип, көзүнө чолок жаш алып, бир туугандыктан ак эч нерсе жок экендигин айтып, кайра ага көлшал түшүп жалынып-жалбарып, эми азыр өлүп кетсе дагы эки дүйнөдө арманы жок экендигин билдирип, кысыр эмди тайдан бирди чалдыртып, иниси Кыдыр Акени эки күн бою катуу сыйлап, башына кундуз тебетейин кийгизип, жонуна бөрү ичик жаап, алдына аргымак тартып узатып жиберет. Бирок, Кыдыр Акенин кайтып Ак-Суу тарапка көчүп келүү сунушуна Кененбай болуш караманча эле көнбөй коёт. Ошентсе дагы «Сөөгүм өзүм өсүпөнгөн жериме коюлсун» деп, өлөөрүнө чукул Кыдыр Акени астына чакыртып, бирок Арык тукумунун көл өрөөнүнүн аягында олтурукташып калган укум-тукумун кайра көчүртүүгө убара болбой эле коюсун, болуштугун өзүнүн көздөй эле туугандарынын бири Алымкожого калтырып кетээрин керез кылып айтып кетет. Кененбай болуштун көрөөр күнү, ичээр суусу түгөнүп, өзү керез калтыргандай эле сөөгү Ак-Суудагы Тегизчил айылынын аймагына коюлуп калган экен. Азыр дагы бул жердеги Кененбайга өзбек досу Султанмураттын уулу Мурабылда орноткон күмбөзү арадан бир кылым өтсө дагы жарым-жартылай тейинче сакталып турат. Ал эми Кыдыр Аке болсо туура 18 жыл бою болуштук кылып, өз каалоосу менен ордун Балтатырдын Сарыкесинин баласы Канайга өткөрүп берет. Канайдан болуштукту Соно уруусунан Төлөгөн алат. Болуштук андан соң ар бир үч жылда бирден алмаштырылып, Кыдыр Акенин акылы менен Арык тукумунун улам бир уруусуна кезеги менен өткөрүлүп берилип турган экен.

Эл оозунда Кыдыр Акенин «кызыл камчы» жигити Казакбай жөнүндө дагы ар түрдүү уламыш кептер айтыла калып жүрөт. Казакбай жаштайынан эле көчүгү ээрден тайыбаган балбан, олбурлуу, кең далылуу, колдору кудум күрөктөй болгон шадылуу, бою бийик жигит болуп өсөт. Ал катышкан балбан күрөштөрдө, эр

оодарыштарда мөрөй дайыма Арык тукумуна ыйгарылып турат. Күндөрдүн биринде Казакбай Солтонкулунун ашында эр сайышка түшө тургандыгын маалымдап, Кыдыр Акеге бата сурап кайрылат. Ал Казакбайдын колдорунан кан таамп турганын алдын ала сезип, ага эмнегедир уруксат кылбайт. Бирок, ичи ачышып калган Казакбай эч кимдин уруксатына карабай туруп эле «кызыл камчыга» чыгат. Каршылашында турган казак жигити жети-сегиз камчы алып, Казакбай болсо чабышка бир эле камчы менен чыгат. Оюнду баштоо уруксаты казак жигитине тийип, ал көз ачып-жумгучакты эле белинен өөдө жылаңачтанып чыккан Казакбайга беш алты ирет камчы үйүрүп жиберет. Казакбайдын жону ылдый кызыл кан шүүшүндөп, бирок ал аттан ооп түшпөй, казак жигитине кайырып бир эл жолу жон талаштыра камчы салып жиберет. Ошондо Казакбайдын кабылуу күчү менен чабылган казак жигити тең экиге бөлүнүп калган экен. «Кызыл камчы» Казакбайдын бул кылыгынан кийин Кыдыр Аке анын эр оюндарына катышуусуна караманча эле тыюу салып коюптур.

Кыдыр Акенин энесинин боюнда экенинде эле үйүнө Кыдыралейсалам келип, ак батасын берип кеткен деген канаттуу сөздөр дагы эл арасында кеңири айтылып жүрөт. Байсары адаттагысындай эле аңчылыкка кетип, аялы үйдө кыз-кыркындары менен калган болушат. Аңгычакты болбой эле чобур атын минип, селде чалынган бир карыя алардын үйүнө келип түшүп калат. Эч нерседен капары жок олтурган жаш келин бир нерсе сезгенсип, карыяга ийиле жүгүнүп, аны төргө өткөрүп, алдына жер төшөк, көлдөлөңдөрдү калыңдап салып, чай-чамелегин каркыттап берген соң казан асып, колдо бар «узун сарыга» деп сактаган эт-ашынан чүйгүндөп бышырып, карыяга аябагандай конок каадасын кылат. Тамак-аш алдыга келип, куп желип бүткөндөн кийин жаш келиндин илбериңки кылык-жоругуна, кылган конок каадасына ыраазы болгон карыя ак батасын берип, боюндагы баласына «Курсактагы Туюкбайың элдик уул болсун» деп алаканын жайып, бата тартып жиберет. Келин болсо жата конокко орундугун камдап берип, сыртка чыгып, капилеттен келген меймандын атын жайдактап, ээрин алып отко коюп, ичкериге кирет. Үйгө кайтып келсе, жанагы карыя жаткан ордунда жок болуп чыгат. Эшик-тышка бошонгону кетсе керек деп бейгам олтурган келин кыздарына төшөк салып берип, өзү дагы алар менен чогуу жатып алып, эмнегедир

бат эле терең уйкуга кирип кетет. Эртеси таң заарда Байсары уудан олжо-буйлалуу келип, сырттан үн салып калат. Катуу уйкуга кетип калган келин кымырынып-кымтына туруп, бир эсе келген меймандан корунуп уялып, келин каадасын кылып жүгүнөйүн десе карыяга салынган төшөк түндөгүдөй эле бузулбай, бир калыпта турган болот. Апкаарып барып, коркконунан улам боз үйдөн чыга калып, келин байына кечээ келген мейман жөнүндө жобурап айтып жиберет. Байсары болсо келинчегинин коркуп калуусунан, бөөдөсүнөн боюнан козголуусунан кооптонуп, ар нерсе, бир нерселерге шылтоолоп, бирок үйүнө кечээ жөнөкөй адам келбегендигине, аялына Кыдыралейсалам өзү ак батасын берип кеткенине чындап көзү жетип, түш өткөрбөй эле аксарбашыл атап, түлөө өткөрүп жиберет. Арадан ай-апта өтүп, анын аялы алмончоктой эркек уул төрөп берет. Байсары өрөөн элин чыпчыргасын калтырбай толук чакыртып, чакан той өткөрүп жентек берип, уулунун атын Кыдыр койгондугун жаамы журтка маалымдайт. Уулду болгондугун сүйүнчүлөп, жакага дагы кабар айттыртып, иниси Токсобага өзүнчө кабар кылат. Мына ошол курсакта жатып, Кыдыралейсаламдын батасын алган Кыдыр ат жалын тарта мингенден тартып эле эл-журтунун камын ойлогон, кара кылды как жарган калыс, улуу-кичүү урматтаган каадалуу-сөөлөттүү адам болуп чыга келет.

Кыдыр Аке жаштайынан эле жорго таптап, күлүк чаап, куш салып, бүркүт кармап, саяпкерлигинен мүнүшкөрлүгү артык болуп чыгат. Анын көптөгөн жорго, күлүктөрү, куш-бүркүттөрү ооздон-оозго айтылып, эл оозунда келатканы бекеринен эмес.

Кыдыр Акенин акыл калчап, өз болуштугун дың дедирбей башкарышы жөнүндө өзгөчө сөз. Ал кезде көл өрөөнүндөгү алык-салыктардын баарысын болуш жыйнаган мезгил болот. Каракол менен Ак-Сууда көптөгөн татар-уйгурлар, калмак-өзбек байлары, салааларынан май сыгышкан мыкты соодагерлери жашагандыктан улам Кыдыр Аке алардан карыздап болсо дагы акча-тыйын алып, салыкты өз мөөнөтүнөн мурда төккөнгө жетишип турат. Тогуз болуштук ичинде анын аты алыска кетип, туура алты чакырылыш катары менен болуштук орунунда олтурат. Ошол кездеги өрөөндөгү ногой байы Султанмурат, кыргыздан Ташбай, Бертөлө дегендердин байлыгын, даражасын пайдаланып, алыс-жакындан келген чоң даражалуу конокторду күттүртүп, аларды сый-урмат

менен узаттыртып турат. Анан калса алар соода-сатык менен алыс-жакынга барышып, чет элдин маданиятын, конок тосуу салттарын кеңири өздөштүргөн адамдар болушканын ал эсинен чыгарбайт. Мунун эртедир-кечтир пайдасы тийип, аты орус оёзуна, андан ак падышага чейин угулуп, ал жакка эки-үч ирет барып келген деген сөз дагы ошондон улам эл оозунда айтылып келатса керек. Романовдордун бийлик жүргүзүүсүнүн үч жүз жылдыгына орустарга барып келген учурунан ал кийинчерээк буларды эскерип, олтурган-турган жериндеги улуу-кичүүгө аңыз катары мына буларды айтуучу экен:

- Үч жүз жылдыкка үч жүз киши чакыртылдык. Мени менен Жети-Суудан бир оёз барды. Жанына Каада деген өң-түстүү, орус тилин суудай сүйлөгөн калмак аялды ала барыптыр. Анысы кудай салбасын, орусчаны жемишкедей чаккан аял экен. Ал бир эсе котормочу, бир эсе оёздун көңүл ачуучу адамы болду окшойт. Бирок, оёз экөөбүз кадимкидей эле ал аркалуу тамаша-азил аралаштырып сүйлөшүп калдык. Ошондон улам мага оёз көбүрөөк ишенип, ак падышага жакындоонун бир топ сырларын үйрөтүп баратты. Тойго чакырылгандарга үч күн бою чоң ызаат көрсөтүлүп, абдан меймандостук менен орустун каада-салтын,



**Кыдыр Акенин Романовдордун династиясынын 300 жылдык маарекесинде түшкөн сүрөтү (1913-жыл).**

үрп-адатын алаканга салгандай көрсөтүп турушту. Баягы оёз келип бир оокумда кулагыма минтип шыбырап жатпайбы:

- Кыдыр брат, азыр силердин үстүңөргө ак падыша өзү келип кездешет. Аны бири-бирине окшош кийинишкен сегиз адам коштоп жүрүшөт. Падыша дагы апаппак аскер кийимин кийинип жүргөн болот. Ошондуктан аны мындагылардын баарысы эле өңүнөн чыгарып тааный беришпейт. Сен алдыңкы эки адамды өткөрүп жиберген соң гана үчүнчүсүнүн колун бекем кыса кармап, орусча билген сөздөрүң менен кысынбай-этпей туруп учурашканга аракет кыл,-деп учурашуу каадасын үйрөтүп кетет.

Айткандай эле ак падыша келип, меймандардын алдынкы сабындагылары менен катарлаша учурашып калышат. Кыдыр Аке оёз айткан ак падышаны мээлеп туруп, ийилип салам берип, аны менен «здрас» деп жылуу кол кармашып учурашат. Ал дагы аны менен илгери-кийин сүйлөшүп, кездешип жүргөн адамдардай болуп, саламын жылуу алик алып, ага бирденкелерди айткан болуп, күлүп-жайнап, жылуу-жумшак колун кысат. Оёз үйрөткөн «спасибо ваше величество» деген сөздү Кыдыр Аке тили сынып жатып арандан зорго айтканга үлгүрөт. Анын мындай тил үйрөнүүгө болгон аракетине ак падыша ого бетер тан берип калат да, эки-үч күн өткөндөн кийин эле аны өзүнө алдыртып, орус элине ак дилден кызмат кылгандыгын жана дагы анын жолборстун баласын тирүүлөй кармап келип бергендигин эске алып, ал эле эмес анын бекер адам эместигин белгилеп айтып, аскердик чин менен кошо алтын тыйындарды белекке бердиртет.

Кыдыр Акенин этти көп жебеген, бирок чүйгүндөп гана ооз тийип, тууралган этке дагы үзүлүп түшпөгөн жагдайы болуптур. Бирок, койдун этин урматтап, айрыкча анын жото жилигиндеги жумшак этинен бир-эки кесим алып кесип жеп, алдына келген баштын кулак түбүндөгү майынан гана кичине ооз тийип, анан барып кичүү табак жакка жылдырып коючу адаты бар экен. Өзү орто бойлуудан бир аз жогорураак, жоон-жолпусунан келген, бети-башы жазык, барбайган мурундуу, көзү курч, өңү-башы сүрдүү, көп сүйлөй бербеген адам болуптур. Билген сөзүн гана айтып, ал эми билбеген сөзүн ооз ачып айтуучу да жан эмес экен. Анын алдыны көрө билүүчүлүк касиетинин болгондугун дагы айткандар арабызда азыр арбын. Эл оозунда аны ал өзүнүн колдо-

очуларынан болушкан эки жолборстун айдыңы аркалуу билген болуу керек деп күнү бүгүн дагы бүшүркөп жүрүшөт. Мына ошол колдоочулары аркалуу алдыда болуучу иштерди алдын ала билип, кимдир бирөөгө жакшынакай батасын берсе сөзсүз түрдө аткарылып, ал эми кайсыл бир ичи чыкпаган адамдарга назарын салып койсо иши оңунан чыкпай, айрым бир мезгилдерде кырсыктап да калып жүргөнүн эл-журт көп айтышат.

Үркүндөн кийинки жылдарда азып-тозуп келген Арык тукумунун бала-чакасына ошол кездеги убактылуу бошоп калган Жергез тегерегин жердеп калышкан орустун көпөстөрү катуу кысым көрсөтүп калышат. Алардын Арык тукумунун майлуучыктуу жерлерин ээлеп алышканы аз келгенсип, эми аларды эсирген иттерине талатышып, ал эле эмес бала-чакаларын мазактап өлтүрүшүп, таш бараңга алышып, кордук үстүнө кордук көрсөтүп турушат. «Макшандар» деп аталышкан орустун бул урууларынын балдарына Кыдыр Аке бир-эки курдай келип, өзүнүн калыс кеп-келечтерин айтып, аларга дагы заң-закүндүн бар экендигин баш-бактатат. Бирок, алар Кыдыр Акенин бул айткандарын чымын чаккандай көрүшпөйт. Ошондо Кыдыр Аке орус оёзуна кайрылып, чектен чыккан Кудашовдун бала-чакасын биртике тартипке чакырып коюсун өтүнөт. Муну кимдир бирөөлөр аркалуу билип калган орус көпөсү Кыдыр Акени биротоло тындым кылып, оёзго өзүнүн былыгын толугу менен билдирбес үчүн, өзүнүн көздөй жигиттерин жибертип, Кыдыр Акени өлтүрүп келүүгө буюрат. Бирок, алардын алдынан капысынан эки бирдей бири кара чаар, экинчиси кызыл чаар жолборс атырылып чыгышып, алар мылтыктарын октоого дагы үлгүрүшпөй, жан айласы кылышып туш келди эле кача беришип, эптеп-септеп аман-соо калышат. Жигиттеринин мындай куру шылтоо айтып жатышканын көз алдына элестеткен орус көпөсү өзү курал-жабдыгын алып, ок салынган патрон ташын белине бекемдеп байланып, Кыдыр Акени биротоло тындым кылып келүүгө Кереге-Ташка атанып чыгып, жолду катар эле келе жатканында минген аты Кереге-Таштын кайкысынан тыбырчылап, бир ордунда кошкурунуп, алдыга карыш жылбай коёт. Кооптонгон көпөс асынган мылтыгын алып, октой берээринде туурадан эле чыга калган бир кара чаар жолборс, бир кызыл чаар жолборс аны аз жерден атынан оодара тарта жаздайт.

Бирок, эмнегедир ага кол салышпайт. Көпөстүн баш бербеген көпкөн аты ооздук бербей туш келди эле ала качып, тээ бир топко ак көбүк чыкканга чейин ала качып барып, араң дегенде эсине келип токтойт. Катуу коркуп калган, ат үстүнөн ооп жыгыла жаздап барып эптеп аман-соо калган көпөс Кыдыр Акенин шыйкырын өз көзү менен көргөнүн көзү өтөөр-өткүчөктү аңыздап айтып, Кыдыр Акенин астынан өмүр бою кыя өтпөптүр. Ал эле эмес анын тууган-туушкандары, жерге-жээги кийинчерээк чар учкандай туш-тушка тарап тентишип, акыркылары бөөдө кырсыктарга биринин артынан экинчиси кирептер болушуп, жан таслим болуп кетишкенин, аларга Кыдыр Акенинин түздөн-түз каргыш-илкиши жаземи жок тийип калганын Жергездик эле Кудашовдордун артында калган балдары өздөрүнө жамаатташ жашашкан кыргыздын эл жакшыларына ачык-айрым айтып беришиптир.

Белектен Батыркан, Арыктан Кыдыр Аке, дагы эле Сооданбек үчөө бир жерде чогуу олтуруп калышат. Өз ара сүйлөшүп олтурушуп, Сооданбекке «сөздүн ачкычы» Сиз болосуз деп айтып калышат. Ал балким мен «тил чечен» болушум мүмкүн, ал эми «акыл чечен» таза Кыдыр Аке эмеспи. Эриш бузулуп, эр өлтүрүлгөндө, ич ара ызы-чуулар чыкканда, кеп-сөз талашканда жана да башка урунттуу жагдайларда Сиз акыркы сөзүңүздү айтып, токтомуңузду токуп келесиз го. Мындай эрдикке кыйынсынганыбыз менен биздин ким-кимибиз эле батына албайбыз. Бир эле колунан келген адам мындайда Сиз элесиз. Анан Сизди «акыл чечен» дебегенде анан кимди «акыл чечен» атамак элек,-деп карс-карс күлүп калыптыр Сооданбек.

Дагы бир күнү Сарыбай бай, Сооданбек, Өмүрзак, Батыркан ажы, Кыдыр Аке кеп-сөз салышып, эт астыртып, кымыз сапыртып коюшуп, бир дөңдө кыркаар тартып олтурушкан болушат. Аларга Сарыбай бай кенен-чонон акылы менен эмес, байлыгы менен аралашып, анда-мында сөз-кеп талашып, теңтуш болуп, үзөңгү кагышып жүрөт дейт. Көбүнчө алар жамандык-жакшылыктарда, аш-тойлордо, чыр-чатактарда бирге болушуп, көпчүлүк эл аларды чогуу-чаран көрүп жүргөн болушат. Ошол күндөрдүн биринде Сарыбай «кеп сала олтурушалы» деп жанында олтурган Боромбайдын уулу Өмүрзакка кайрылып калат. Ал

үндөбөй тим болот. Ошондо кайра Сарыбай сөз кезегин өзүнө алып, өзүнүн оюн кайра бир ирет бекемдеген болуп:

- Сүйлөшсө сүйлөшүп олтуралык. Табышмак айтып көрөйүн. Балким таап калаарсыңар? Байлык кайда? Манаптык кайда? Сөөлөт кайда? Береке кайда? Үрп кайда? Казына кайда?– тапкылачы анда дейт. Жанатадан анын сөзүнө, суроосуна анча деле таназар албай олтурган Өмүрзак чочугансып минтип жооп кайтарып калыптыр:

- Байлык менин билишимче койдо. Манаптык-жылкыда. Береке-аштыкта. Сөөлөт-төөдө. Үрп–жипте. Ал эми казына болсо айныксыз катында болот эмеспи десе:

- Баарысын эле туура тапкан өңдөндүң Өмүрзагым. Бирок, казынаны бир аз туура эмес таптың. Ал кантип эле катында болсун дептир Сарыбай. Анда Өмүрзак ыңгайсызданып:

- Казына кантип эле катында болбосун? Баарыбыз эле аялдан жаралганбыз да. Мына силер өңдүү эл билермандарын дагы аялдар төрөгөн десе, жеңилгенин билдирип, Сарыбай олтургандарга карап «Байгеңер бир мингич ат болсун» деп жибериптир. Аңгыча болбой эле туурадан салам жолдоп учурашып, бир сымбаттуу ат менен бир жигит келип калат. Аны көрө калган Сарыбай:

- Бул ат силердин жеңген байгеңер болсун. Кандайча бөлүштүрсөңөр акылдашып, ошондой бөлүштүрүп алгыла. Мунуңар менин сөзүмдүн жаңылыштыгы болсун. Чай кылып, таарынбай-урунбай ичип кеткиле,-дейт. Көрсө бул жигит Сарыбайдын жылкысынын күчүн пайдаланып жүргөн эле ушул айылдык бир кара таман жигит экен. Тиги жигит аттын ээрин алып, анысын отургандардын эле жанына байлап, ээрин колтугуна кысып жүрүп кеткен соң, Кыдыр Аке Сарыбай байга көңүл төшөп:

- Тим эле койбойт белеңиз байым?-деп калат. Анда Өмүрзак купшулуңдап, олтурган ордунан ойдолоп, шүк турбай:

- Байга бир кырчаңгы жок калыптырбы? Ал андан байып дагы, жардыланып дагы кетпейт. Бөлсө бөлүп эле алабыз. Чай кылса чай кылып кетели,-деп чөнтөк башын кагынып калат. Кол жоолугуна оролгон биртике акчасын алып санаса, анысы кырк нече сом болуп чыгат. -Жетсе бул акчам ушул кырчаңгынын баасы болсун. Жетпегенин өзүңөр чыгараарсыңар?-деп Өмүрзак акчасын тең

ортого жая салат. Отургандар Өмүрзактын бул амалына кыраан-каткырык күлкү улап кетишет. Бирок, бөлүп алууну эстеринен эмнегедир чыгарышпайт.

Кыдыр Аке орустардын Ысык-Көлгө массалык түрдө көчүп келе баштаган кезегинде алар менен жергиликтүү элдин ортосунда көпүрө болуп, орус эли өздөрүнөн өздөрү эле анын калыстыгына карашып, ага «Аке» дешип кайрылып турушат. Бирок, күндөрдүн биринде анын иниси Быйтыманды эл кол чогултушуп, болуштукка көтөрүп алышат. Арык тукумунун бул чечимине Кыдыр Аке ичи чыкпаганы менен көпчүлүктүн талабынан чыга албайт. Бир жылга жетип-жетпеген учурунда эле Быйтыман өз болуштугундагы элге каат бийлик жүргүзүп, тогуздап айып салдыртып кирет. Ошондо Кыдыр Аке оёзго чейин өзү барып, өз инисин кызматтан алдыртууга чыгынып калат. Мына ошондой күндөрдүн биринде Арык тукумунун Быйтыман башкарган болуштугунда топ өткөрүү талабы коюлуп калат. Топ эң оор кырдаалда өтө баштайт. Балтатырдын Сарыкесинин Деркембай деген уулу Быйтыманды ошол топто атып өлтүрөт. Жоотатырдын тукуму Балтатырдын бала-чакасына чейин чабабыз дешип, жаат талашып калышат. Ортого түшкөн Кыдыр Аке өз инисинин өлүмүнө карабай, Арык тукумун толугу менен чогултуп, чырды биротоло тынчытууга жетишет. Оёздун соту Деркембайга үч жылдык кесим чектеп, бир атанын эки тукумунун балдары бөөдө жеринен чабышпай-этпей, тынч жашап калышат.

Дегинкиси, жеке эле Ак-Суу чөлкөмүндөгү чыр-чатактар эмес, Караколдогу айрым чырлуу маселелер дагы Кыдыр Акенин катышуусунда өтүп турат. Ага орус төрөлөрү ийилип салам айтышып, ар дайым сый-урматка алган болушат. Орус-кыргыз алакасын жогорку баскычка көтөргөндүгү үчүн ал 1878-жылы орус императорунун чоң күмүш медалына жана «Станислав тасмасына» арзыйт. Ал жеке эле жогоруда айтылгандай ич арадагы, орус-кыргыз ортосундагы чыр-чатактарды эле акыл калчап баспастан, таң-тамашаларда оюн-күлкү салып, ал эми кезеги келгенде саяпкерлик менен мүнүшкөрлүк өнөрүн туташ пайдалануучу экен. Ал эле эмес нечен курдай Ыбырай комузчуну, Карамолдо комузчуну, манасчы Чоюкени алдына алдыртып, кыргыз элинин маданий

мурастарына өзгөчө маани бергендиги ырас.

Кыдыр Аке орустан подполковник чинин апкелген соң быягы казактан, тиягы кытайдан көзү түшүп, көрүп, учурашып келелик дегендер көп чыгышат. Аны казактын ортон колдой болгон Узак деген баатыры чакыртып, тай союп конок камын көрөт. Кыдыр Акенин кыйындыгын билүү үчүн ал Кыдыр Акенин астына чүйгүн эт менен катар арпа нан, буудай нан, камкаймак, жаңыдан омурулган сары майдан кенен-чонон аяктарга томуртуп койдуртат. Узактын атайын сынап жатканын алдыртадан билип койгон Кыдыр Аке куюлган чайына бир чагым соку канттан салат да, чынысын чайкап олтуруп чайын гана ичип, калган эч нерсесине көз артпай, батасын тартып чыгып кетет. Ошого улай эле казактын Эрсары деген бир чети сынчысы, бир чети эл бийлеген мыкты чыкмасынын ашы берилип калат. Узак баатырдан ашты башкарган казактын Нургап деген болушу Кыдыр Акенин өткөндөгү Узактыкына келип-кеткен жорук-жосунуна, ашта Кыдыр Акенин «Тайкашкасынын» биринчи орунга чыгып келгенине кызыгып, Кыдыр Акенин кандай адам экендигин сурап, маселени кабыргасынан коюп калыптыр:

- Сиз кыргыздын кыйыны Кыдыр Акени чакыртып, мейман кылгандыгыңызды уктум. Бул жолу дагы күтпөгөн эле жерден анын күлүгү аламандын баш байгесин жеңип алып кетти. Деги аныңыздын кыйындыгы, касиети каеринде экен десе, Узак эч токтолбой туруп:

- Кыдырдын касиети керт башында деп билдим. Анын аты эле Кыдыр эмес, өзү дагы Кыдыр даарыган адам экен. Мындай адамды эки катын биригип туубаса, жалгыз катын тууй алгыдай эмес. Бирок, анын шыйкыры укум-тукумуна калып калаарына күмөнүм бар. Себеби аны өткөндө мен конок кылганда соку канттан бир кетим эле сындырып чайына салып, аны менен бир чыны гана чай ичип, бата жасап, үйүн карап бастырып кетпедиби,-дептир.

Ошентип, Кыдыр Аке өзүнүн «Тайкашкасын» казактар Эрсарынын ашын беришип, миң жылкыны баш байгесине койгондо аламанга салып калыптыр. Аламан Текестин талаасында өтөт дегенинен улам Кыдыр Аке ал тарапка бир апта эрте барып, ошол жерди жердеп, элин элдеп калган Ондон уруусунан Көкүбай дегендикине түшүп, күлүгүн алдын ала тигилген боз үйдүн ичине

киргиздиртип, үстүн жабуулатып, ар күнү бир чака бээ сүтүнөн бердиртип, «өпкөсүн тазаласын» деп бекем кайтартууга алдыртып, боз үйгө жан киши киргиздиртпей коёт. Ошондо казактын Гүлчачар деген кыйын сынчысы Арык, Белектин аттарын сынап көрөйүн деп күлүктөрдү аралай бастырып келип калат. Бирок, Белек уруусунан Жаныбектин «Келин кызылын» көрүп, Кыдыр Акенин «Тайкашкасына» эмнегедир көзү чалдыкпай коёт. Ал Кыдыр Акеге бастырып келип, жайынча эле учурашып, эч нерсе билбегенсип ал-жай сурашып, анын "Тайкашка" күлүгүн каякка кармап жатканын сурамжыласа, Кыдыр Аке тайсалдабай туруп:

- Күлүгүмдүн эмнегедир бутуна жем түшүп кеткен сыяктанат. Аны карагай ичине байлатып койдум эле,-деп коёт. Ошентсе дагы Жаныбектин «Келин кызылын» айланчыктап карап чыккан Гүлчачар бул жылкыга дагы бир ирет көз кырын агытып:

- Ой-пирим ой, бул жылкы жез билектүүнүн сырттаны белем,- деп сылай камчыланып өтүп кетет. Эртеси аттар «Өрттөн-Кызарт» дегенден коё берилип, Чекиртинин «Ак-Бейитинен» тосулат деп калышат котологон эл. Топко кошулган Кыдыр Акенин «Тайкашкасын» жакындан көргөн Гүлчачар көзү ачык турган орунунан эле тыбырчылап:

- Ой-пирим ой. Бул жаныбар ааламда жок күлүк гой? Жылкынын сырттаны деп дал мына ушуну айткының. Каап, болбостур. Биз жылкыны Өрттөн-Кызарттан тосуп, Ак-Бейиттен айдатсак болмок турбайбы,- деп шилекейин тартат да, ага кошумчалап:

- Күн аттын соорусунда калып калып жатпайбы. Эгерде күн аттын так чыкыйына тийгенде бул аттын артта калып калуусу мүмкүн эле. Себеби анын жазы маңдайы кыйла жука турбайбы. Күнсүгөндөн улам «Тайкашканын» артта калышы ажеп эмес эле. Болбостур эми, болбостур,-деп калат. Бул сөздү угуп, билмексен болуп атты тегеренип жүргөн Кыдыр Акенин жан жигити Казакбай дароо келип, Гүлчачар сынчынын ымандай сырын Кыдыр Акеге чыпчыргасын коротпой айтып коёт. Казактар болсо заматтын ортосунда дүрбөлөңгө түшүшүп, «Аттарды анда теңирден тетири жагынан айдаталы» дешип өз ара макулдашып калышат. Анда эл алдына чыккан Кыдыр Аке казактарга кадимкидей эле каяша айтып:

- Казак боордоштор андай болсо атыңарды өзүңөр чабып, Эрсарыңардын ашын өзүңөр жегиле,-деп көлдөн келген бардык

меймандарды ортого бөлүп чыгара баштайт. Айла-амалдары кеткен казактар аттарды мурдагы эле жол менен чабууга кайрадан макулдашышып, аттарды коё берүүгө айдатып калышат. Ошондо Жаныбек өз дилинен, Кыдыр Аке болсо өз ичинен жаат талашып, көз караштары эмнегедир келишпей калышат. Аттарды Чекиртинин «Кара-Суусунан» нарыта бир белес өткөртүп коё беришет. Кыдыр Аке кырга чыгып, Көкүбайдын турнабайын кармалап олтурса, мындагылар Кыдыр Акенин «Тайкашкасы» алдыда келатканын айтышып, сүрдүгүп калышат. Кыдыр Аке колундагы турнабайын олтурган эле ордунда унутуп, Төөгөчүгө жандай бастырып барып:

- Сен Биркадакты коштой чап. Ал тиги кире бериштеги аңга катуу кирип, атынын арка моюну алдында калбасын. Ал жерден тизгинин аста тартып чыксын,-деп айтып үлгүрөт. Биркадак болсо ошол «Тайкашканы» чапкан Кыдыр Акенин чабандеси экен. Төөгөчү барып, Кыдыр Аке айткандай бул аңдан «Тайкашка» күлүгүн аярлап өткөзүп кетет. Көрсө казактар бул ойго кире беришке буктурма коюшуп, ага билинээр-билинбес аң казып коюшканын Кыдыр Аке көкүрөгү менен астыртан сезип, күн мурун эле байкоого алып койгон турбайбы.

Бирде «Келин кызыл», бирде «Тайкашка» алдыга озуп чыгып, эми «Келин кызыл» шукшурулуп, коёндой сойлоп алдыга чыга баштайт. Бээ саамактатып жүгүрүп келатышкан бул эки күлүк тим эле көргөндүн көз жоосун алып турган болот. Жаныбек саяпкер Кыдыр Акеден үч жашка чукул улуу болгондуктан улам, ага Акелеп-этпей эле «сен» деп кайрылуучу экен. Аттар марага уламдан улам жакындап келатканда Жаныбек сынчы ансыз дагы кыжалат болуп араң турган Кыдыр Акенин көз алдында башын койколоктото ары-бери бастыра берет. Анда чычкысы кайнап, өзүн коёрго жер таппай турган Кыдыр Акенин:

- Ээ сага берген кудай мага да берээр,-деген сөзү оозунан капысынан чыгып кетет. Ошондо «Тайкашка» «Келин Кызылды» тебелеп өтүп, бир дагы атка бой бербей, бери эле болгондо күлүктөрдөн бир чай кайнам озуп, алдыга суурулуп келиптир.

Кыдыр Аке баш байгеге коюлган миң жылкыны жеңип алып, жанына кошо барган кайдыгер эле бир аялга он жети жылкы, чабандеси Биркадактын ырымына «Ороо ооз кер айгыр» деген үйүрү менен кармата берип, калганын чыпчыргасын коротпой,

ошол эле жерден теӊ-тендеп, көз акысы кылып бөлүп жиберип-тир. Кийин Жаныбек абама биртике тилим тийип калды эле деп, көлгө келгенинде Кыдыр Аке Сооданбек менен Баатырканды коштотуп, Жаныбекке өзү жактырган үйүрүндөгү «Арча-Тору» деген жоргону тарттыртып, үстүнө чепкен жаап алдынан өтүптүр. Бирок, Жаныбек сынчы аны кекээрлеп, «Сага берген кудай эрте-кечпи мага дагы берээр»,-деп тамаша-чынга аралаштырып, анын сөзүн кайра бир кайталап өтүп, ал эле эмес Кыдыр Акенин өзүнүн сөзүн өзүнө ок кылып, жылмасынан атып калган экен.

Кыдыр Аке негизи ат үстүндө көп жүргөндү жактырган киши болуптур. Ошондон улам сексен ашып жашаганына карабастан атын ашкере таптап, сүлкүлдөтө бастырып, дене-бою чыӊ, кый-мыл аракеттүү, шайдоот-шаӊдуу жүрүүчү турбайбы. Күндөрдүн биринде ал жан жигиттерин алып, Жергез суусу менен Жыргалаӊ суусунун куймасындагы жатакчылардын алтымыштай түтүнүндө жашаган бир курбусунукуна аӊгемелешип, бир чети черин жаза сүйлөшүп келейин деп бет алып калат. Айылга кирип калган топ карааанды көргөн анын жан курбусу үйүн айлана качып, ашкана тарапка кирип, жок болуп кетет. Муну алыстан эле көрүп, шек уруп калган Кыдыр Аке эмнегедир бул досунукуна түшпөстөн, шайдоот бастырып, билмексенге салып, анын үйүнөн кыйгап өтүп кетет. Эч кеп-сөздөн жок эле беттеген айылынан минтип чыгып баратканына аӊ-таӊ болгон жигиттеринин бири ага камдаган су-роосун бере албай какап-чакап, мукактанып калганын байкаган Кыдыр Аке жан жигити Казакбайдын айтуучу кебин алдын ала түшүнүп, ууртунан жылмайып, бирок кабатырланган кейпте мин-тип жооп берген экен:

- Аа балам, бул айылдан жедеп кут кетип калыптыр. Айылдын биротоло кунары качып, ал куттуу айыл болбой калган турбайбы. Мында жашагандар «Үрүп чыгаар ити, уй байлаарга жиби жок» күндү күнү бүгүн баштарынан кечиришип жатышыптыр,-дептир. Айткандай эле ошол айылдын эли кийинчерээк жашоо-турмуштарынын айынан жан-жакаларындагы айылдарга көчүп кетишип, бул айылдын орду жер айдоого айланып калган дешет. Кийинки эле санжырачылардын айтымдарына караганда анын кан досунун үйүндө ошол кезде жада калса жолоочуларга ооз тийгизе

турган наны да жок калган күнүнө туш келишип, ал уятына чыдабагандыгынан улам үйүн айлана качкан тура. Көрсө качкан досунун кебете-кешпиринен эле Кыдыр Аке алдын ала билип, ага кайрылбай бастырып кеткен турбайбы.

Кыдыр Аке жигиттери менен карып-арып эле калган чагында ат чалдырып, алыс-жакын жерлерге чейин барып, кайра үйүнө кайтып келатса жолду катар жатакчылардын бир үйүнөн жаш келин менен күйөөсү тең жарыша жүгүрүп чыгышып, колдоруна жарма-токочторун алышып, атчандардын нан ооз тийип, жарма-жалаң ичип кетүүлөрүн өтүнүп калышат. Атынын башын тартып, келин сунган кырма аяктагы жарманы кылкылдата жутуп, Кыдыр Аке кыбыланы карап туруп, алакан жайып ага ак батасын берип, береги келиндин али жарык дүйнөгө келе элек, бөйрөк алдындагы наристеси «элдик балдардан болуп төрөлөөрүн» башбактатып айтып кетиптир. Кийинкилердин аңыздаганына караганда ошол жатакчынын үй-бүлөсү кадимки эле академик, Кыргыз эл баатыры, профессор Мамбет Мамакеевдин ата-энеси экен. Алардын ошол кездеги күткөн уулунун аты чындыгында эле узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына чейин чыгып, ак эмгеги менен бүгүн дүйнөнү дүңгүрөтүп олтурбайбы.

Сан жылкылуу Сарыбайдын атасы Солтонкулуга аш берилип калды дейт. Аламандын баш байгесине миң жылкы сайылып, чакырык казак Тезек төрөгө, Шабдан менен Баякеге, солтосарууларга, кыпчак-дөөлөстөргө бир ай мурун кетет. Ат чабышка коюлуучу аттардын санына, өңү-түсүнө, жашына чейин такталып, ал эле эмес күлүктөр басып өтүүчү аралыгына чейин чектеп чыгышат. Аш башкарууга Кыдыр Аке милдеттүү болуп, ал тигилүүчү жүз ак өргөөнүн ар бирине, анда кызмат кылуучу келин-кыздарга, жигит-танааларга, үй жасалгаларына, союлуучу малга, өткөрүлүүчү оюндарга чейин кылдат талдоого алып чыгат. Аш өтүүчү күн белгиленип, ага чакырылган коноктор бири калбай жапырт келип түшүшөт. Аштын алгачкы төрт күнү чоң уюшкандыкта өтүп, бешинчи күнгө караар түнү Сарыбайга жашы жыйырма бештерден ооп калган, бекене бойлуу, бото көздүү, сулуучасынан келген бир жигит энтеңдеп жетип келет. Чоо-жай сурашкан соң ал жигитти жеңеси жибергенин, жеңеси болсо чет-

ки боз үйлөрдүн биринде эч кимге көрүнбөй жашырынып олтурганын, кайнисинин келип бир ирет аны менен кеп-кеңеш куруп кетүүсүн өтүнгөнүн айтат.

- Чыныбайдын каралуу олтурган аялы мында эмнеге келет эле? Болду-болбоду токтоосуз бир иш чыгып калган чыгаар?-деген кыязда бардык иштерин жыйыштырып, Сарыбай жеңесине жолугуп келүүгө шашылат. Келсе очоктогу отко жылгын салып, кирип-чыккандарга жүзүн көрсөтпөй, бир аял ары карап олтурган болот. Учурашып, ал-жай сурашып, жеңеси экөөнүн ортосунда дароо эле жандуу сөз уланып кеткен болот.

- Бала,-деп калат Чыныбайдын жесири үнүн угузаар угузмаксан кылып акырын чыгарып.—Каралуу олтуруп кайрылганым балким сага жөнсүз учураар? Аны дагы түшүнүп турамын. Мына бул олтурган жигит Чыныбай абаңдын саяпкери. Аял намысым ойгонуп, абаңдын «Каракашкасын» аламанга салып, байгесин көл бугулары алып калышсын деп келдим. Бирок, абаңдын саяпкеринин айтымына караганда Каракашканын дагы бир күндүк табы калыптыр. Ат чабышты эртеңки жума күнгө эмес, ишемби күнгө жылдырсаңар кандай болоор экен? –деген сунушун жылдырат Чыныбайдын жесири.

- Бул акылга сыйбаган иш жеңе. Анын үстүнө эртең ат чабыш болот,-деп акындарга жар чакыртып, узун-туурасынан айттыртып дагы койдук. Алардын эптеп-септеп таптап алган аттарын дагы бир күнгө калтыртканга эч кандай укугубуз жок. Башкасын коюңуз Шабдан менен Тезек төрө эле каршы чыгышат камчы-союлдарын көтөрө чабышып. Деги эле калган элге эмне кеп-сөз айтабыз? Кайсыл шылтоону бетке кармайбыз? Ашты башкарып жаткан Кыдыр Акеге кантип айтам? Эл-журт алдында бетибиз калабы деги? Кадырыңыз жан болсун, жеңе. Күлүгүбүз чыкпаса, чыккан жердин күлүктөрү байгени алсын. Ага эмине башыңызды оорута турган жөнүңүз бар эле?-деп Сарыбай көз ачып-жумганча тим эле кара жанын сабап жиберет. Бирок да Садыр Аке менен Кыдыр Акелерге кеңеш куруп, анын жообун эл жатаар маалга чейин айтып келээрин жеңесине аста кабарлайт. Ошентсе дагы Чыныбайдын саяпкерин сыртка өзү менен кошо ала чыгып, бир чети Бугу баласынын намысы ойгонуп, экинчи чети андан бул

күлүктүн аламанда чыгаар-чыкпасына кандай кепилдик бере тургандыгын дагы бир сыйра тактап өтөт.

- Ата-бабамдан бери саяпкерлик кылабыз,-дейт жигит үмүттүн оту тутангандай.—Эзели жаңылып көргөн жан эмеспиз. Айтканыбыз айткандай, дегенибиз дегендей чыгып келатат. Чыныбай абамдын кийинки аламандарда чыгып келаткан күлүк, жорголорунун бардыгынын саяпкери менмин. Эгерде аталган күлүк бул жарышта чыкпай калса, анда беш түтүн үй-бүлөбүздү, тууган-уругум менен чогуу кулдукка сайып жиберсеңиз дагы каршы эмесмин,-деп жигит Сарыбайдын тизесине жыгылат. Сарыбай аны колтуктан сүйөп тургузуп, анын дагы бир жолу кайталап убадасын алып, Кыдыр Акелер олтурган боз үйгө акырын кирип баратса артынан тартып:

- Байым,-дейт береги кер мурут жигит кара көлөкөдөй болуп артынан калбай ээрчип. - Мен төрт күндөн бери Шабдандын «Көк быштысын», Тезек төрөнүн «Аксурун», солто-саруулардын баардык күлүктөрүн көрүп, электен өткөрүп чыктым. «Каракашка» алардан чай кайнам алдыга келбесе, анда мурдумду туура кесип берейин. Жолун таап, байгени алып калалы,-деп Сарыбайга ого бетер жалооруйт. Бул сөздү угуп, нарытада аңдууга алып турган жеңеси кайнисинин бир аз ийге келгенин көрүп, жанына келип:

- Жан кайним, эгерде «Каракашка» чыгып калса байгеси чыпчыргасыз эле сага калсын, мага Чыныбай абаңдын аты өчпөсө эле болгону,-деп көзүнө ысык жаш алып жиберет. Сөздөрү бүтүп, бирок эч кандай убада кылбастан Сарыбай Кыдыр Аке менен Садыр Акеге баштанып, алар олтурган боз үйгө кадам таштайт.

Сарыбай кыйла убакытка мындагы элдин көз кырынан оолак кетип, Кыдыр Акенин издөөгө алып жатканын көкүрөгүндө сезип, шашыла босого аттап, үйгө кирип барса Бугу билермандары уй мүйүз тартышып, ар кайсыл талаш-тартыштуу маселелерди ортого салышып, кызыл чеке болушуп, талашып-тартышып жатышкан экен.

- Талашкан маселелериңер өзүнөн өзү чечилип кала турган болду. Мында азыр Чыныбайдын жесири келиптир,-деди Сарыбай алардын Сарыбайсыз эле башталып калган урунттуу сөзүкебин дароо эле бузуп. –Чыныбайдын «Каракашкасы» ат чабыш-

ка даяр экен. Бар болгону бир күндүк табы калыптыр. Билермандарыңар менен кеңешкиле. Баш байге өзүңөрдө калсын,-деп жеңем тим эле жанын сабагандай болсо жанына адам тура алгыдай эмес. Жанына баягы Чыныбайдын кетирекей саяпкерин алып алыптыр. Андан сыртка алып чыгып, «Каракашка» күлүктүн чоо-жайын сурасам тим эле атынын көлөкөсүнө чаң жугуза турган түрү жок. Ойлонуп көрсөңөр кантет? Жообун айтпай эле бастыра бердим,-деп жиберди Сарыбай. Отургандар чыны менен эле бул убакта Бугулардын эртеңки чабылуучу күлүктөрү жөнүндө талашып-тартышып жатышыптыр. Көп жылдар катары менен күлүк, жорго таптап калган Кыдыр Аке дагы Бугулардын күлүктөрүнө өтө ичи чыкпай, урунттуу орундарга жетишпей калабы деп шек урганын ачыктап айтып, маселени кабыргасынан коюп олтурган экен. Көктөн тилеген ойлору жерден табылгандай болушуп, бирок алардын ким-кимисинин Чыныбайдын жесиринин сунушун колдобоско аргалары калбай, бирок меймандарга кандай шылтоо айтышаарын билишпей, баштары маң болуп калат. Мыйыгынан жылмайган Кыдыр Аке тигилерге кадалып, бул сунушун алдыртадан жылдыра салат:

- Сарыбайга түш көрсөтөлү анда. Түшүнө Солтонкул абам кирип, аламанды жума күнү эмес, ишемби күнү айдатсын,-деген аянын айтсын. Чыныбайдын чындап эле арбагы колдоп, «Каракашка» аты чыгып кетсе Бугуларга ажеп деле болуп кетпес.

- Чыккан-чыкпаган күндө дагы Шабданды кантебиз? Анын бакан ооз Баякесинин оозун кудай тыйбаса, башка ким тыят? –деп сунуш кылаарын кылып алып, бирок Сарыбай алардын ар бирине кайрадан көзүн сатып, жалooруй кадалды.

- Шабданды кудай алсын. Анын дартын мага койгула. Тезек төрө биздин жездебиз эмеспи. Ал көп деле эдиреңдеп жибербес. Калгандары болсо көптүн шарданы менен болушаар. Ошентсе дагы бирден жамбы алтын, беш жүз теңгеден Шабдан менен Тезек төрөгө тартуу-тартмак үчүн акча-тыйын камдап койгула,-деп калат Садыр Аке. Кудай-арбактан ылаажы күтүшүп, «Жаратканыбыз ойлогон оюбузду жүзөгө ашырсын» дешип уурданып бата тартышып, эртеңки таңды күтүшүп, алар ордуларынан өтө кооптуу абалда туруп кетишет. Кеп-сөздүн баарысы кечээ

айтылгандай эле таңкы акындардын:

- Аш дагы бир күнгө созула турган болду, аламан бүгүн эмес, эртең таңда айдалат»,-деп айтып чыккан жарыясынан кийин башталды. Алдын ала эле Баякенин:

- Катын бугулардын башы-көзүнүн жоктугу ушул. Айткандегендери эмитеден эле ача чыгып отурат. Бул шылдыңына түк чыдай албайбыз. Атыңарды тартып, артка аттангыла,-дегенине айласыз баш ийишкен Шабдан хан баш болгон топ аттарына зокуя минишип, шыр эле жөнөп кетүүгө даяр болуп калышыптыр. Аны алдыртадан атына минип, аярлап байкап отурган Садыр Аке шарт эле Шабдандын астынан чаап чыгып сүзө качырып, ат тизгинин тартып, алдына кыйгачынан тура калып:

- Кечирим кылыңыз ханым. Шарт ушундай болуп калды. Киши кишини шылдың кылган жери жок. Эдирендетпей тиги Баякени токтотуңуз. Кызуу кандуу балдар бизде дагы жок эмес. Эл ичи тынч калсын. Чыга турган ат болсо «Көк быштыңыз» эртең дагы чыгып берет,-деп Шабдан ханга Садыр Аке ачуу-ачуу бакылдап жиберди. Шаштысы кеткен Шабдан кызарып-татарып барып, уялып кеткенин билдирип, атынын башын эрксиз артка бурду. Күйүгүп, туталанып турган Баяке минген атынын башын мына-мына коё берүүчүдөй, удургутуп чаап кетүүчүдөй болуп барып араң токтотту. Бул убакта Бугунун кыйындары бул экөөнөн башка меймандарды тобу менен ийге келтиришип, Сарыбай менен Кыдыр Аке болсо Тезек төрөгө чейин бастырып келишип, бирок анын бугу чыкпай, туттугуп наркы-терки бастырып, буулугуп турган калыбында көрүштү.

- Биз ат чаптыртуудан баш тартабыз,-деди Тезек төрөнүн жан жигити төрөсүнөн озунуп. Аны туура, туура дегенсип башын ийкеп, Тезек төрө дагы салам алик алгандан башка үндөбөдү.

- Чаппасаңар корко турган кайын-журту бар бекен төрөмдүн. Сен каяктан чыккан желмогузсуң деги төрөңдөн озунуп жооп бергидей? Айтуучу-коюучу сөзүн жездебиз сенсиз деле айтып-багат,-деп кара күчкө каарын төккөнсүдү Кыдыр Аке. - Кечээ жездем күйөөлөп келгенде Каркыранын түзүндө жүз бирдей ак боз үйдү көтөртүп, кан каадасы менен аны тосуп алган ушул эле ашы өтүп жаткан, Сарыбайдын түшүнө аян берген Солтонкулу кайнагасы

эмес беле. Анда сен каякта элең деги? Тим койсо кара муну, төрөсүнөн жол талашып. Кыдыр Аке ага акырын көз кырын агытса, Тезек төрө «жездебиз» деген сөзгө маңдайы жарыла сүйүнүп, «Айтса-айтпаса төгүнбү, менин бугуларга күйөө бала экендигимди ким танат? Шабданга кошулуп, ат дүргүтүп бастырып кеткидей адам ырасында эле мен белем?-дегенсип, кыйла жумшарып, кепке-сөзгө көнгөн, муюган болуп калыптыр.

- Туура айтасың кайним. Кайын-журтум менен басташа турган тексиз казак мен эмесмин. Атым чыкпаса чыкпай калаар. Ылайым кыргыз-казак ынтымагынан кудай ажыратпасын. Ал эми силер болсо атыңарды жайлап, бүгүнчө жата бергиле. Ким-киминерден тырмактын агындай кеп чыкпасын,-деди Тезек төрө жанатадан чаап алуучудай болуп олурандаган жан жигитине кайрылып.

Меймандар кулда кулак жок жайланышып, таң-тамаша уланды. Кайра дагы жүз башка чукул мыкты чыкма жылкылар союлуп, аш шаани-шаңы менен өтүп жатты. Айткандай эле аттар эртеси таң менен айдалып, Чыныбайдын «Каракашкасы» марага биринчи келди. Экинчи болуп Шабдандын, үчүнчү орунга Тезек төрөнүн күлүгү келди. Ат чабышка сайылган жети байгенин биринчиси менен калган төртөө кайра эле Бугуда калып калды. Ошентип, Кыдыр Акенин башкаруусунда өткөн Солтонкулунун ашы Садыр Акенин акылмандыгы менен уруш-чатаксыз, тынч абалда өтүп кетти.

Сарт Аке, Садыр Аке, Кыдыр Аке үчөө бир жолку чай үстүндө Бугунун көзгө сүртүүчү баатырларын санап олтурушуп, эмнегедир Ногойдун баатырдыгына басым жасап калышат. Көрсө, алардын уккандарына караганда Ногой баатыр бир ирет казак баатыры Чаажайы дегенге туш келип, күчүнүн бирдей болгондугунан улам кармашпай, найзаларын жерге матыра сайышып, экөө тең эки тарапка бөлүнүшүп, бастырып кетишкен экен. Окуя көрсө Кыдыр Аке айтмакчы мына мындайча болуптур.

Өмүр, Балбай, Молдо, Карач төртөө казактарга жылкы тийгени аттанып калышат. Үч күн, үч түн жол жүрүшүп, Иле суусун бойлоп келатышса, алдыларынан күтүрөгөн үйүр-үйүр жылкылар чыгат. Кайтаруусу катуу экенин көрүшкөн бааатырлар андууга салып олтурушуп, алар түн уйкусуна терең киришкенинде гана ба-

рышып, жылкычылардын үчөөн тең ур-берге алышып, катуу жарадар кылышып, ал эле эмес кыл чылбыр менен кычырата таңып, ай талаага таштап кетишет. Ар күнү таң менен жылкычыларына чейин жете келип, алардын ал-абалы менен таанышып, мал-жанын түгөлдөп кетип жүрүүчү казак байы Калпакбай жылкыларына келсе мындагы миң сандаган кыл куйруктуусунун бир дагы туягы калбаптыр. Ошондо ал казактын балбаны, аталаш иниси, казактан чыккан чыгаан баатыр Чаажайыга келип, ага өзүнүн болгон-каткан малын кыргыздар айдап кетишкендигин айтып, арызга түшүп калат. Жылкы ээси Чаажайыга кошулуп, дагы эки-үч жигитти жанына алышып, куугунга атганып, жылкылардын артынан сая түшүшүп, аларга Каркыра суусун кече берген жеринде эле жете келишет.

- Жеткен жериңерге деги жетип калыпсыңар,-дейт казак байы аларга беттешип. - Азыр беттешип, карсылдак алышып, сайышкандан деле пайда жок. Өз каалооңор менен жылкыларымдын жарымын берип, калганын алып кете бергиле. Жок, болбойт десеңер менин дагы силер менен текөөрлөшө турган баатырым бар. Ошону менен үчөөң бирдей бет алышып, бир бирден эр сайышка түшүп көргүлө. Жеңилсек пайдаңар өзүңөрдө калат. А эгерде жеңсеңер таарынышмай жок,-дейт ал эрдемсинип. Баатырлар бул сунушка көнүшүп, бирок кайра тартып туу сайышып, анан барып эр сайышка чыгууга макул болушат. Алгач баатырлардын жашы катары Өмүр баатырды эрөөлгө чыгарып көрүшөт. Өмүр ошол кезде жыйырма беш жаштардагы, илебине дан бышып, төрт тарабы төп келишип турган даяр балбан экен. Казак баатырына салам айтып, беттеше түшкөн кезинде ал Өмүргө аста кайрылып:

- Сенин колдогонуң чолок куйрук карала бүркүт экен. Кебимди кулак түрүп тыңдап тур. Кан чыгарышпайлык. Малды уруш-талашсыз тең экиге бөлүп алалык,-дейт Чаажайы. Өмүр баатыр жаштыгына салып анын бул сунушуна мыйыгынан гана жылмайып, ал тургай жооп да бербей, ага найзасын агытып калат. Ошондо казак баатыры аны оңой-олтоң эле жаракат алдырбай, аттын үстүнөн оодара сайып коёт. Кезек Карачка тиет. Ал ошол кезде отузга жаңы чамалап, кабылган балбанына чагылгандай бир

тийип, кудай-теңирин таанымбай турган чагы экен. Кезеги келгенде Казак баатыры Чаажайы ага дагы күлүмсүрөй кайрылып жогорудагы сунушун жылдырат:

- Мен азыр туура кырк үч жаштамын. Бир караган адамга бир өмүрүмдү жашап койдум. Сенин дагы узак жашоочу жашың, анан калса колдоочуң бар экен. Бирок, колдоочуң меникине жетпейт. Аттан алып койсом уят болуп каласың. Андан көрө олжону тең экиге бөлүшүп алалы. Мен жылкыларды көрбөй калсам бир жөн эле. Артыңардан кууганга түшүп келдим го,-дейт. Карач дагы анын сунушуна макул болбой коёт. Өмүрдү жыккандай кылып, казак баатыры аны дагы байкатпай туруп аттан оодара сайып салат. Этинен ооруксунбай, бирок ордунан туруп кеткен Карачтын ичи ооруксунуп калат. Эр сайышка Молдо баатыр чыгат. Казак баатыры ага дагы:

- Сен жөө балбан экенсиң. Жерден төштөшсөк балким мени алып коймоксуң. Ат үстүнөн мен сага оңой менен алдыра койбосмсун. Анын үстүнө атка да копол көрүнөсүң. Көп жердеги кармаштарда далың жер жыттабаптыр. Ай төштүн балбаны турбайсыңбы. Жөө балбандыгыңды ат үстүнөн алдырып, сенин кадырың сынып калбас бекен?-дейт. Молдо дагы ага башын чайкап, найзасын алып, бир заматта аны менен бет алыша түшөт. Казак баатыры аны дагы ат үстүнөн оңой-олтоң эле алып коёт. Бирок, анын эти аябай ооруксунуп, өлүп кетпегени менен жыгылган ордунда очорулуп калат. Ошондо ал катар турган Балбай баатырга көз кырын агытса, ал атына секирип минип, ага бет алды эле качырып сала берет. Найзасын колунан силкип түшүргөн казак балбаны:

- Оо Балбайым, сен чоң баатыр болуп калган турбайсыңбы. Колдогонуң чолок куйрук көк жал экен. Күн-түндү билбей жойлойт көрүнөсүң. Менин дагы колдоочум бар. Ошондуктан сенин этиңди оорутканым жок. Бөлүшкө кандайсың,-дептир. Балбай баатыр дагы анын бул пикирине макул болбой:

- Чыны менен эле сен чоң баатыр экенсиң. Болоору болуп, боёсу канды. Мынча чыдаган жаның дагы бир күнчө чыдап бер. Көлдө биздин Ногой деген баатырыбыз бар. Аны менен кармашып, жеңип алсаң, анда сен айткан-деген дооматыңа каршылыгы-

быз жок. Керек болсо малыңды чогуу-чараны менен алдыңа салып беребиз. Бирок, малды чектен өткөрүп алдык эле,-деп компоюптур. Казак балбаны ага дагы макул болуп, бир күнчө Каркыра тарапка өргүп жатып калыптыр. Көлгө баатырлардын кичүүсү Өмүрдү чаптыртышып, ал улам бир бекеттен ат которуп минип олтуруп, эл жатакка олтурганда барып, Ногой баатырдыкына келип түшөт. Өмүр баатыр Ногойго болгон-каткан чоо-жайды түшүндүрүп, Ногойдун Чаажайыга каршы туруп берүүсүн, кыргыздар кырчасын ургандай жеңилип, мөрөйдү жедеп алдыра турган мезгилге жетип калганын айтып шашкалактап:

- Арманыңар калбасын. Мен дале сайышууга даярмын. Канча баатырыңар болсо да алып келгиле,-деди Чаажайы. –Көзү жок эле шер экен. Андан бир күнгө уруксаат алдык. Эгерде эртең түштөн кечиге турган болсок, эки  миң баш жылкыдан биротоло куру жалак кала турганбыз. Анан дагы Балбай баатыр сизди «Карагерге» минбей, аны кошоктоп эле келсин,-деп айтты деп сөзүн жыйынтыктайт. Ногой баатыр жолду катар чарчап-чаалыгып келген Өмүрдү биртике жаткырып эс алдырып, таң куланөөк жолго чыгып кетишет. Балбай айткандай улам бир бекеттен ат которуп олтурушуп, алар чак түштө Каркыранын кайкысына жете келишет. Мындагылар ак боз бээ союшуп, кудайга жалынышып, арбактарга арнап куран окушуп, эт бышып калган маалында баатырлар эми сайышка түшүүчү казак баатырына кабар жибертишет. Баякы жээрде кашка минген казак бүгүн да өз аты менен чыгат. Ногой баатыр «Карагерине» минип, Балбай аны жетекке алып келет. Бирок, казак баатыры мурдагы күндөн өзгөчөлөнүп, бул саам үстүнө соот кийинип, камдуу чыгат. Бет алышып, кол алып учурашат да, Ногойдун ким экендигин сурайт.

- Мен Ногой деген баатыр боломун. Сен өңдүү эле менин колдогонум  да кара чаар кабылан. Сенин колдогонуң болсо сары чаар кабылан экен. Төрт бирдей баатырымды алып коюпсуң. Эми беттешсе беттешип көрөлү. Азыр өлбөгөн жерде калууга дагы даярмын,-деп калат Ногой баатыр атынан обдулуп.

- Беттешсе беттешели. Бирок, экөөбүздүн бирибиздин бөөдөсүнөн мерт болуп калышыбыз ажеп эмес. Андан көрөкчө олжону тең экиге бөлүшүп алалы,-деп ал көндүм талабын Ногой

баатырдын алдына жылдырып калат. Ногой баатыр айласыз анын сунушуна макул болот да, найзасын жерге матыра сайып, аны менен ийин кагыштырып достошуп, малды тең экиге бөлүп кетүүгө өз макулдугун берет. Ошондо Чаажайы жайдарыланып, өзүмдүн дагы бир кайрыла турган сунушум бар эле деп калат. Ногой баатыр анысына каршылык кылбай, бир эсе өзүнүн ченемсиз баатырлыгына чиренип макул болот.

- Жылкыдан куру жалак калбаңыз. Жылкы ичинде байымдын «Сур айгыры» бар эле. Ал анын жанына өзгөчө жакын көргөн малы болучу. Ошол айгырды жылкычы ээрчитип, мында байлап чыксын да жылкыны үч айлантып аралатып көрсүн. Аны канча мал ээрчисе сиз каршылык кылбаңыз. Чыкканын биз алып кетели, калганын болсо сиздер алып калыңыздар, буюрганын көрөлүк,- дейт. Ногой баатыр анын бул сунушуна эки дебейт. Себеби ал төрт бирдей кыргыз баатырын жеңип алган казак баатыры менен өз эрки аркалуу достошуп олтурбайбы. Ошондуктан ага баатыр салты катары каршылык кыла албаган абалга келип такалат. Айткандай эле «Сур айгырды» алып, жылкычысы жылкыларды үч айланып өтсө, кутүрөгөн жоон топ мал «Сур айгырынын» артынан салып-уруп, куйруктары менен кум сайышып, ээрчип жөнөшөт. Калган миң чамалуу жылкы Бугунун баатырларынын колунда калып калат. Муну көргөн казактын баатыры алган малына дагы ичи чыкпай:

- Ой-пирим ой. Сендердин баардыгыңыздарды көрсө кайберендердин пири колдойт турбайбы. Болбосо эки миң баш жылкыны тең экиге бөлүп салгандай болуп, тупа туура тең жарымы калбайт эле го сиздерде? Мен дагы «Сур айгырды» тегеренип, болгон-каткан жылкыларыбыз чогуусу менен биз тарапка ээрчип келеби депмин,-деп суктанат Чаажайы. Достуктун белгиси катары баатырлар бата кылышып, дагы бир жылкыны ай талаада эле курмандыкка чалышып, экинчи ирет жылкы чабышпоо, өз ара касташпоого казак бир туугандары менен бир пикирге, бир ойго келишип, өз ара кек сактабаганга макулдашышыптыр. Ногой баатыр казактарды узатып, чогуу-чаран элине келатканда:

- Жеңсе Чаажайыны деле жеңип алмакмын. Бирок, экөөбүздүн тең колдогонубуз бирдей болуп калбадыбы,-деп мал каралашкан-

дарга көз акылары үчүн эки-үчтөн жылкы бөлүп бердиртип, алдына баатыр инилеринин чала жан чапкан олжолорун ийирип, көлгө кайтып келет.

Кийин казактардан алган «Сурайгыры» менен Балбай баатыр Бугу-сарбагыш жаңжалында Адылды кууп, ал көлдү кечип кутулуп кеткенин көргөн Балбай, Солтонкулуга келип:

- Ээ кудай албаган суур кол. Ушундай асыл малды дагы жоого береби? Эми минтип аны минген Адыл мага да жеткирбей көлгө кирип, кутулуп кетпедиби,-десе:

- Аксурдай атты бээ тууйт. Ал эми Адылдай эрди ким тууйт?- деп жообун кайтарат. Көрсө Солтонкул бай жылкынын камбар атасынын дагы бирөөн улуу баласы Тыныбектин Бөрүбай деген уулуна Адылдын бир тууган карындашы Бөдөнөнү алганында калыңга берип жиберген турбайбы,-деп эрдин кесе тиштептир. Муну Акелер сөз арасында кыстырма катары айтышып, Чаажайынын эрдиги, баралына келгендеки Балбайдын кийинки эле мезгилдеги төбө чачты тик тургузган баатырдыктары, анын ичинде Ормон ханды жыга сайышы жана да башка узун-сабак эрдиктерине токтолушуп, тээ кеч күүгүмгө дейре сөз улашыптыр. «Балбайдын арманын» жатка билген Кыдыр Аке аны сапка салып, кырааты менен минтип айтып олтурган экен:

- Балбайды саяктардан кой уурдап, колго түшүп, кулагы чунак болгон, андан соң гана Ормон орго салган деп жүрүшөт. Орго түшүүнүн жагдайы менимче кыйла башкачараак сыяктанат. Балбай саяк Качыкенин жесири Зыйнатка ашык болуп калып, кеч күүгүмдө аны менен болжошкон жеринен өтүп баратып, кой короонун четиндеги көпшөк жер көчүп, ат-маты менен бирөөнүн эле кой короосуна капысынан түшүп калыптыр. Эч нерседен бейкапар турган бул жигитти үй ээлери менен ага жамаатташ олтурушкан жатакчылар укурук ыргытышып, тузакка түшүрүп алышат. Көрсө кырктын кырына келип калган Балбай буга чейин саяк Качыке кайтыш болуп, аны акыркы сапарга узатуу сыйнатына катышып калат. Анын аялы Зыйнаттын боз үй ичинде кырааттуу, жылаңач төөнү такымга чапкандай так жана таасирдүү кошкон кошогуна аң-таң калып, ал эле эмес жан жакасындагылардын «Аял болбосоң эле коё кал. Качыкени бир эмес, үч тирилттиң го?» деген шыпшынууларына жетеленип, көңүлү бурулуп, жа-

нында турган агасы Эралыдан келиндин так атын сурап кайрылып калат. Ал атын айтып, «Көрүндүгү бир ат болсун» деп коёт. Балбай башын ийкеп, ага да макулдугун берип, аны Качыкенин жесири менен тезинен көздөштүрүп коюсун өтүнөт. Жүрөгүнө чок түшүп калган Балбай ошол Зыйнаттын айынан анын эринин ашыжыты бериле элегинде кездеше калып жүрүп, куртка элине баймабай каттап, капысынан колго түшүп калып, ууру атыгып кулагын кестиртет. Балбайдын Кытайдагы «Суу-Ашуу» деген жерде эч камсыз жаткан мезгилинен пайдаланышып, орус жоокерлеринин курчоосуна алдырттырып, өзүнүн эле бугу бир туугандары Күчүк менен Зарыпбек ага ачыктан-ачык эле чыккынчылык кылышып, Текеске орус желдеттеринин жазалоочу бир отрядын баштап барышып, Балбай баатырды капысынан колго түшүрүп беришет. Ошондо эч кимге ишенбей калган Балбай төмөндөгү арманын айткан тура:

- Курманкожо, Кулжыгач,
Курчап кармап алганда,
Курчу кетээр бекен деп,
Кулакты кесип салганда.
Качыке байдын Зыйнаты,
Эсимден кетпей кыйнады,
Кайындап барсам айлына,
Кулагым кесип сыйлады.
Кулактын кунун Курткадан,
Аламын деп мен баргам.
Кун тургай Ормон тууганым,
Оруна салды жок аргам.
Арамдык болбой оюмда,
Алдандым бул да шорум да.
Боорубуз бирге Ормондун,
Бир жылча жаттым орунда.
Өрдөдүм суусун булактын,
Кунун мен куудум кулактын.
Опол тоодой Ормонду,
Ошондондуктан сулаттым.
Ичке-Булуң көлүнө,
Сарбагыш, солто толуптур.

Адылды жетип саярда,
Каран калган Аксуруң,
Карaанын үзүп аттады.
Каран түн мени каптады.
Аксурду берип калыңга,
Күйгүздү мени жалынга.
Бугунун кызын албайсың,
Сарбагыш кызын жандайсың.
Аксурду берген Адылга,
Солтонкул байке кандайсың?
Айдап жылкы көп алдым,
Каракерей, Матайдан.
Кай жеринен кем чаптым,
Кан Манас менен Бакайдан.
Көк чайкама ичсем да,
Көк жалдыкты билгиздим.
Төрөгелди канкорду,
Көк бука тартып мингиздим.
Көрүп жылкы көп алдым,
Көйрөңсүнгөн казактан.
Орустан беле ажалым,
Неге өлбөдүм казаттан?
Атасы жоктой болбогун,
Артымда калган Мойногум.
Акыл сурап элиңден,
Айлыңдан алыс конбогун.
Калкымдан бөлүп карматкан,
Кара бет Күчүк оңбогун.
Эли жоктой болбогун,
Элиңден алыс конбогун.
Элимден кыйла алысмын,
Энеси жоктой болбогун.
Артымда калган Мойногум,
Ата огу болсун жонгонуң.
Калың бугу тууган де,
Арбагымды ойлогун.
Аманат кылдым өзүңө,
Арбагымды сыйлагын.
Тайкашкам менен Суркашкам,
Арманым айтсам бир дастан.
Оору кор, өлүм өксүтүп,

Өтпөдү кургур не баштан?
Меңмураттын Кучүгү,
Түшүрсүн кудай түбүңдү.
Түбүбүз бирге элек го,
Кылбасын додо күлүңдү.
Толубайдын кер тору,
Жерге кирген жел тору.
Куркулдайдай куурап өт,
Жасадың неге сен шону?
Өңү сары «көк көзүм»,
Тегеректеп көптөдүң.
Сурайгыр минип, жонумда,
Ак найзам болсо колумда.
Ат салышып көрбөдүм,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Армансыз болуп өлбөдүм.
Бир кезде журтум суусаса,
Сабаага кымыз болгомун.
Жүктөөрүнө нар болуп,
Жүгүн ташып конгомун.
Жылкысын багаар жылкычы,
Казанын кармаар кул элем.
Кармашкан жоонун билегин,
Кайыштай толгоп турчу элем.
Кай жеринен мен жаздым,
Кашайгыр кандай чок бастым?
Атакем коргон салган жер,
Ысык-Көл эле конушум.
Тагдырга жазган иш экен,
Таалайсыз туткун болушум.
Касаба тоодой калкалап,
Кайран Балбай чагымда.
Тулпардын бели кайкалап,
Турганда шерлер жанымда.
Өрттөнсүн ойрон дүнүйө,
Ошондо кимден кем элем?
Журтум деп чыккан жигитке,
Жанымды берээр киши элем.
Алдейлеп сүйүп чоңойткон,
Асыл бир кайран элим ай,
Элим сенден айрылып,
Чорт сынып турат белим ай.

Кең көкүрөк керилген,
Киндик кан тамган булагым.
Кол-бутум калды кайрылып,
Кайыгып ойдо турамын.
Көрө албас эми өзүңдү,
Калдайган Балбай чунагың.
Ойноо бала кезимде,
Өндүргө козу жайган жер.
Азыркыдай эсимде,
Кылычка кыйгак кыйган жер.
Кайдан кетет санаадан,
Байчечекей жашыл төр?
Ак сүтүн берип алдейлеп,
Энекем мени баккан жер.
Тестиер бала кезимден,
Тай, кунанды чапкан жер.
Телмирип жатат жайык бел,
Ышкын, мыяз терген жер.
Оюма келет ойрон жаш,
Ооматтуу кайран вууган эл.
Кагылайын көлүм ай,
Көп өмүр даамын татпадым,
Топурак буйруп өзүңдөн,
Тулпарга сөөгүм артпадың.
Апаппак боз үй тигилип,
Кычыгында жатпадым.
Кайран элим көрүмдү,
Кастарлап неге казбадың?
Теңимдин жүзүн көралбай,
Тушумда минтип какшадым.
Туулган жерде өлүүнү,
Таалайым неге жазбадың?
Шатынын бийик ашуусун,
Шарт эле ашып барчумун,
Айланайын Ысык-Көл,
Алыстан дүрбүм салчумун.
Кол сунуп турса кайран эл,
Койкондоп кумар канчумун.
Жетээр бекем журтума,
Же жакын бекен алчу күн?
Тоо-таштан ашкан ташкындап,

Сууларым эми көрбөсмүн.
Көлүмдө сүзгөн калкылдап,
Кууларым башка көрбөсмүн.
Кайран Балбай чагымдай,
Күрөөкө кийип жүрбөсмүн.
Ак булут чалган аскадан,
Айланып бир күн сүйбөсмүн.
Көк адырга үй тигип,
Кадыркеч жарым күйбөсмүн.
Балдарымдын бетинен,
Барып бир эми сүйбөсмүн.
Тар капчыгай аралап,
Тоондон кийик тербесмин,
Бир кайрылып Ала-Тоом,
Дидарыңды көрбөсмүн.
Ушундай арман келбесин,
Эр жигиттин башына,
Көңүлүм муну каалабайт,
Досум эмес касыма.
Көзүмдү сүртөөр көрүнбөйт,

Куураган Балбай жашыба,-деп Балбай Алматыда түрмөдө жаткан кезинде кат билген эле бир казак жигитине өлөөр алдындагы өз арманын кагазга түшүртүп, ал катын уулу Мойнокко даректеп, береги казак досу аман-эсен түрмөдөн чыгып калса бул катты жоготпой-этпей, уулуна жеткирип берүүсүн өтүнгөн тура. Балбайдын дагы бир элине болгон аманаты кыргыз кыйырынын чеке-белинин бүтүндүгү болуптур. Бизге жеткен үзүк-созук бул ырында Балбай береги эле Каркыра жайлоосунун кемирилип-кесилбей Көл бугусунда толугу менен калышын көргүсү келиптир. Ал ырда Балбай минтип сөз тизмегин шурудай тизиптир, дейт Кыдыр Аке сөзгө муюгандарды жандандырып:

- Каркырам кенен жер экен,
Кастары артык төр экен.
Канча бир кылым илгери,
Кан Манас көргөн эрешен.
Көкөтөйдүн ашы өткөн,
Көп чатактын башы өткөн.
Көзү түшсө нечендин,
Көрөгөч кыргыз баса өпкөн.
Кетмендеп суусун келээрде,
Кечээ кан Манас кайрып берээрде.

Кебелбей элим койду эле,
Кейпи, кейишке түшпөй теренге.
Тасманын бели жайкалмак,
Талпынган турмак май чайнап.
Кургактын бели жайкалмак,
Кутуруп элим мал жаймак.
Кулакка сырга саламым,
Куюп кал айткан талабым.
Купшуңдап нечен агытаар,
Кут конгон жерге араанын.
Койгунуң чегиң бекемдеп,
Кеткенче мезгил кечеңдеп.
Керилген сулуу Каркырам,
Кемиктеп айтпайм нечен кеп.
Бел чечпей арык каздырып,
Билгенге катың жаздырып.
Билимдүүң баштап бара көр,
Бир күнү кетет жазгырып.
Суусу мол жайлоом Каркырам,
Сукттанып карайм артыңан.
Сур айгыр минип жер чалгам,
Сууй элек жүрөк дартымдан.
Сук арткан жанга бербегем,
Суу бойлоп, жайлооң жердегем.
Сурагы болоор бир күнү,
Супсуну канбас эл менен.
Балтыр эт толгон чагымда,
Билекте күчүм барында.
Бир адам басып кирбеген,
Балбайың турган табында.
Бүгүн түрмөдө жатып кеп уктум,
Кеп укканда деп уктум.
Кең Каркыра жармысын,
Казакка берет деп уктум.
Орустан чечим чыгабы?
Оёзго барган тунабы.
Оомат да өтөөр акыры,
Ойдурбай жерим уталы,-деп дагы бир ыр менен жазган катын ошол эле казак жигитине тапшырыктаптыр. Бирок, бул кат кийин колдон-колго өтүп, азыркы күнгө чейин анын маңыздуу делген бир аз эле бөлүгү эл оозунда сакталып ке-

латат. Жарыктык киши десе, алдыны көп замандаштарынан мурда көрө билген Балбай баатырдын бул керээзи канча мезгилдерге чейин эл оозунда сакталаар экен?

- Аттигиниң, бири кем дүнүйө. Эли-жерин минтип бөтөн душман тырмагынан кыл жылдырбай коргогон Балбай баатырды өз кезегиндеги элинин билермандары канаттарына каркыттап, сактап кала алышпай, кайра алардын айрымдары Балбайдын өзүнө чыккынчылык кылышып, орустардын колуна түшүрүп берип, өлтүртүп тынышпадыбы,-деп «Балбайдын арманын» жана бул каттын маңызын жатка айткан Кыдыр Аке оор үшкүрүнүп алды. Аны коштогон Садыр Аке менен Сарт Аке дагы бул теңсиз, «Мышыкка оюн, чычканга өлүм» болгон оомалуу-төкмөлүү заманды сынга алышып, айрым бир атка минерлерди ачык эле эл алдына алып чыгышып, уяткарууга чейин барышкан экен. Ушул эле эл кадырлап-сыйлаган Кыдыр Аке айтмакчы:

- Чындыгында эле Балбай баатыр Зарыпбектин дөөгүрсүнүп, чоң болгонуна, анын уулу Күчүктүн кордогонуна ачуусу келип, «Иттин гана балдары десе, качанкыга чейин орустун ит аягын жалап жүрүп өтөөр экенсиңер» деп теңсинбей, өзү баштанып алган Текесине Ала-Айгыр, Сайкалды ашып кирип кетет. Бирок, жолду катар ооруксунуп барган Балбай баатыр мелжеген жерине оокастап жеткени менен төшөккө катуу жыгылат. Жигиттерин алгачкы күндөрү тосотко койдуртуп, алда-неме болуп кетпегей эле деген ойдо жүргөн Балбай баатыр беш-он күндөн кийин эле эмнегедир өзүнүн өлүмтүгүнө баштангансып, кароолун алдыртып салат. Анын үстүнө ал оокастап жыгылгандан жарым ай өтүп, өтпөй катуу, кудум чакадан куйгансыган нөшөрлөгөн кара жамгыр төгүп, жигиттери сыртка чыгышса байлоодогу аттары үч бүктөлүп, жамгыр алдында чычкандай болуп шөмтүрөп турган болот. Эч нерседен бейкапар турушкан Балбай баатырдын жигиттери жылкыларын туш келди эле агытышып, жаандан далдаланып үйлөрүнө киришип, оттон алоолонто жагышып, эч нерседен бейкапар жатып уктап калышат. Аңдууда турган Күчүк «Кудайым мындай бербеспи» деп, түз эле аны менен бирге келишкен орустун жоокерлерин жандатып, Балбайдын үстүнө кирип барышат. Анын саламын алик албай туруп, Балбай баатыр колго түшкөнүнө чындап көзү жетип:

- Оо, иттин гана баласы десе. Кылмак элең кылыпсың. Тайган дагы алды мындай жытчыл болбос. Эми билгениңди кылып ал. Көп болсо орустун түрмөсүнө салдыртып, чымындай жанымды чыркыратаарсың. Каякта болсо дагы бир өлүм,-деп өлүмгө коркпой-үркпөй тике карап, алаканына ийлеген уу коргошундан эр-

дине бир асмай атым экчеп, кийимин кийинип, сыртка чыга берип, анын боз үйүн курчаган жүздөй орус аскерлерин көрүп, ошондо дагы өзүнүн жигиттеринин аман-соолугунан кабатыр болгон экен. Күчүк аны өзүнүн «Сур айгырына» мингизбей шылдыңдап, жылкынын четинен эле бир ыңырчак ат карматып, ага жайдак тердик салгызып, Балбайды алдыга салып, артынан кой-айга келтирбей айдап жөнөптүр. Ошондо жолду катар оюна ар нерсе келген Балбай баатыр ичинен сызып:

- Оо бири кем дүнүйө! Кайсы бириңден жаздым эле Бугу бурадарларым? Сокур намыска жетеленип, кезеги келгенде ушул эле силер өңдүү көркоолордун нечен жолу таламын талаштым эле го? Мен ошол куру намысты эш тутуп, кимдин таламын талашып, кимге гана кара күчүмдү салып акаарат кылбадым? Эли-жеримдин эркиндиги, бүтүндүгү, токчулугу үчүн кар жилигимди каруу кылбадым беле? Хан Ормон дөөгүрсүнүп, кудасы Боромбайга да карабай, ал аз келгенсип аттуу-баштуу делген Муратаалы бийдин кардын жараарында алардын эки бирдейин бет алды эле турган өлүмдөн алып калып, керт башымды канжыгага байлап, Ормондун колун каршы алып, ал тургай кардын жара сайып, көркоо бир тууганларымдын кыбаасын алдыртадан кандырбадым беле? Төрөгелдинин бутун үч курдай сындырып, көк букага мингизип, жүрөгүн өлтүрүп, экинчи Бугуга акаарат кылбасын деп, жан далбас урганымды унутуп калышканбы? Анын шыйкырын качырып, кылбаганды кылып, ошол эле көркоо тарткан бир катар бир туугандарымдын кыбаасын нечен ирет кандырып турганым калп беле? Мына буларды ким үчүн жасап, ким үчүн кара башымды садага чаап, канжыгага байланып олтурамын? Булардан көрө ошол эле саяк Кетирекейдин Алыбегинче бир жерге башымды баткызып кетсем башым өлүмдөн азат калат эле да? Бирок, мен антип өлгөнчө кан кармашта, кабагым-кашым дебей, ыйманымды бек тутуп өлгөнүм артык,-деп Балбай минген атына өбөктөп, өкүнүчтүн буурчак жашын аста сыгып, бирок анысын дагы жат душмандардын бир да бирине көрсөтпөй, жеңинин учу менен кылдат аарчып, эч нерсе болбогондой ат үстүндө зокуюп кетип баратканын көргөндөрдүн өз оозунан укканын Кыдыр Аке айтса, анын баатырдыгын, эрктүүлүгүн, кандан-бектен кайра тартпай, өлүмгө тике багып, Алматынын түрмөсүнө чейин кабагым-кашым дебей ыңырчак атка минип барганын Садыр Аке дагы эргүү менен кошумчалап олтурушту.

Орустарга каршы ок атылып, кол куралып, ал эми орустар болсо кыргыздарды кырчасынургандай кылып кырып келе жатканында байкуш шору калың кыргыз башына дагы бир мүшкүл

түшөөрүнө алдын ала көзү жеткен Кыдыр Аке Чоң-Кеминге чейин эл ичин чалып барып келет. Орустар менен урушуу акылсыздык болоорун эл чогулган бир катар жыйындарда нечен курдай чыгып эскертип:

- Мен орустарга барып келген адаммын. Орус аттын түгүндөй арбын болсо, кыргыз ошол аттын кашкасындай эле бир ууч элбиз. Бөөдөсүнөн басташып, тукумубузду биротоло курут кылып албайлы. Кеч боло электе акыл калчап, эки элдин кызыкчылыгы үчүн элдешип, өз ара «кепке келишели»,-деп элди үгүттөп, аларды колунан келишинче үндөгөн экен. Анан толкуп алган эл болучубу? Орустун мөндүрдөй жааган огуна каршы кетмен-күрөк, айры-балтасын көтөрүп каршы чыгышып, бирок теңдешсиз улуу колго дакаат бере алышпай, аргасыз Кытай тарапка үркүүгө мажбур болушкан тура. Ошондо дагы Кыдыр Аке өз элин ач жол, куу жондо калтырбай, өзү баштап Кытайга алып барып, кайра аларды аман-эсен алып түшүп келиптир. Бирок, көл элинин тең жарымына чейинки калкы орустун жазалоочу отряддарынын мөндүрдөй жааган огунан биротоло тындым болушуп, чоң кырсыкка кабылышыптыр. Кыдыр Аке жана анын баласы Акимкан баштаган 12 адам 1917-жылы 12-декабрда Жети-Суудa өткөн съездге качкындардын атынан катышышып, качкындарга көп мата жана акча каражатын алып келишип, теңдештирип таркатып беришиптир.

Эгерде архивдик материалдарга таянсак, анда 1913-жылы Пржевальск уезди Пржевальск уезддик башкармасына жана Ат-Башы участкалык башкаруу чөлкөмүнө кирип, Пржевальск курамына Николаевка станы, алты волостнюю менен, үч отуруму, жергиликтүү элдин он төрт болуштугу кирген. Бирок, орус баскынчыларынын кыргыз жергесинин майлуу-чыктуу оруңдарын күч менен басып алгандыгынан, орус аскерлигине жергиликтүү кыргыз жарандарынан аскер кызматчыларын бербегендигинен улам сан жеткис адам өлүмүн коштогон карама-каршылыктар келип чыгып, эки элдин ортосундагы ажырымды бүтөөгө Кыдыр Аке чоң эле салымын кошуптур. Анын бир айкын далили катары Кыдыр Акени Каракол оёзу Иванов мырза Кытайга чейин ат арытып жигиттерине издетип, анын көлгө кайтып келгенинде чоң ызаат-сый көрсөтүп тосуп алгандыгы эсептелет.

Бугу Ондондун Жакшылык, Жантай деген колдон суурулган эки баласы болуптур. Алар Улуу Үркүн боло элек кезинде эле Кытай тарапка ооп кетишип, бирок кытай көпөстөрүнүн кысымдарына чыдай алышпай, үркүн капсалаңы басылып калган чакта Ысык-Көл тарапка көчүшүп, сырттын «Май баш», «Чычар» деген ашуусу аркалуу өтүшүп, айтылуу «Көйкаптан» орун алышат.

Өзгөчө кооз, мал-жанга жайлуу бул жайлоого жетишкенине аябагандай сүйүнүшөт. Ал эле эмес, апийим айдашып, эгин себишип, соода-сатык менен алектенип кетишет. Бирок, жараткан берген байлыктарына ыраазы болушпай, ага бир эсе топук кылышпай, Муса, Аалы деген жигиттерин баш кылып, жаңыдан бийликке келген совет мамлекетинин байлыгына ыксыз кол салышып, мал-жанын айдай качышып, эки ортодогу элди бир топ эле дүрбөлөңгө салып жиберишет. Короо-жайларын өрттөшүп, мал-жандарына тийишет. Жоокер топтошуп, Көйкаптын оозундагы «Чычар» ашуусун биротоло ээлеп алышат. Ошондо Каракол уездинин оёзу Иванов мырза Кыдыр Акени алдыртып, бул «тентек» бир тууганадарын теске салып, тартипке чакырып коюсун, болбосо куралдуу чоң кол жибертип, эртең-бүрсүгүнү эле аларды биротоло тып-тыйпыл кылып коёрун каңкуулайт. Кыдыр Аке оёзго өз макулдугун берип, «Көйкапка» барып, аларды кепке келтирип, ага оёз кошуп берген Кутан Торгоев экөө жердештерин аман-эсен көлгө көчүрүп түшүшкөн экен. Ошентип Жакшылык менен Жантайды Кыдыр Аке советтин оор жазасына кабылтпай, берген убадасына ылайык аман алып калып, өз ара ынтымакка чакырып, төгүлүп-чачылууга учуратпаптыр. Кайсыл бир санжыраларда Жакшылык, Жантай орус туткундугуна кабылышып, сөөктөрүнүн каякта жашырылганы дагы белгисиз деген имиштер бар.

Дегинкиси, Кыдыр Акенин куш салып, тайган агытып, аңчылык кылып, ал эле эмес саяпкерлик өнөрүн аздектеп келгенин жогоруда айтып өттүк. Айрыкча анын саяпкерлик кылууда астыдагы ашын жерге коё коюп, эс-акылдан азганга чейин барып жүргөнүн аңыздашат санжырачылар. Анын буга кошумча аздектеген мүнүшкөрлүгүн, куш сындай билүүдөгү табигый өзгөчөлүгүн жакшы билишкен кыргыз-казактар нечен ирет куш-тайгандары менен күлүк-жорголорун алып келишип сынынан өткөрүшүптүр. Өзү дагы күлүк таптап, айрыкча Кыдыр Акенин Камбар-Ата тукумунан чыккан «Тайкашкасы» дубан жарган күлүктөрдүн катарына кошулганы дагы ошондон улам болсо керек. Кийин Кыдыр Акенин 12-13 асыйга келип калган «Тайкашкасына» карышкыр тийип, кашабаңдын тиши тийген жараттары улам кабылдап, камбар ата тукуму өлгөндөн соң ээси аябай кайгырып, Сары-Жаздын Оттук каттамындагы Кара-Кыянын астындагы кең суунун аралчасына арча казыктарын учтатып жерге матыра сайгызып, «Тайкашканын» баш сөөгүн орнотуп койгон дешет. Тилекке каршы Кыдыр Аке «Тайкашкасынан» кийин күлүк-жорго дегенди таптаганды таптакыр эле колго албай токтотуп коюптур.

Кыдыр Акенин үч аял алып, андан тогуз уул-кыз көргөндүгүн билебиз. Анын Тилекмат Акенин кызы Мааке деген биринчи аялынан Төөгөчү менен Акимкан, Тилек деген аялынан эки кыз менен Малик деген уулу, үчүнчү Гүлшара деген аялынан Шамий, Закинай, Акираалы, Шакиралы деген балдары төрөлүшүп, азыр Кыдыр Акенин жалпы небере-чөбөрөлөрү жүздөн ашып, анын укум-тукумдары республикабыздын чар тарабында эмгектенип, окуп келишүүдө.

Кыдыр Аке 83 жыл жашап көзү өткөндөн кийин аны каркыттап кыргыз-казактардан, алыскы Кашкар, Текестен, мындагы Караколдогу уйгур, орус, дунган, татар, өзбек калкынан 10 минден ашуун адам чогулушуп, анын арбагына таазим кылышып, топурак салышып, кырк күн аза күтүшүп, чоң сый-урмат менен узатып коюшкан экен. Ал эле эмес Кыдыр Акенин убагында чогултулган өлүү дүйнө ар бир уруу, улутка теңдеп бөлүнүп, мүчө катары таратылып берилиптир. Бери болгондо эле ар бир урууга 30 дан жылкы бөлүнүп, калгандарына акча-тыйын, оокат-кече үлөштүрүлгөн экен. Эл оозунда Кыдыр Аке каза болгондон кийин туура үч жыл бою анын жакындары, коңшу-колоңдору, ага-туугандары кара кийинишип, аза кайгысын күтүшүп, талбай куран окуп турушкан дешет. Жергиликтүү эл бир кишидей болуп түп көтөрүлүшүп, ага арнап көлөмдүү күмбөз дагы койдурушат. Ал жерге кийин жаамы Ак-Суу районунун эли, айрыкча Арык тукумдарынын кулундары каражат жумшашып, монументалдык ири эстелик орнотушуп, 1994-жылы анын 150 жылдык мааракесин чоң салтанат катары өткөрүштү. Ал эми анын айкели кийинчерээк эле Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын алдына орнотулду. Негизинен мындай улуу инсанга көрсөтүлгөн урмат-сыйды анын даанышмандыгына, калыстыгына, айлакерлигине, кеменгерлигине кылынган артта калган муундарынын жообу деп билүүгө болот. Кыдыр Акенин бүтүндөй жашап өткөн доору, калтырган акыл табериги муундардан муундарга чейин эстелик мурас болуп калаары талашсыз.

Акелердин тарых-таржымалы, артында калтырып кеткен өрнөктүү кеп-сөздөрү, эмгектери тууралуу азын-оолак болсо дагы айтып өткөндөй болдук. Бирок, ошол эле мезгилде алардын айрымдары тууралуу дагы эле болсо маалыматтар аз болуп жаткандыгын жашыргыбыз келбейт. Акелер эле эмес, аларды көрүп-билгендер дагы бул жашоодон небак көздөрү өтүп кетишти. Ошондуктан келечекте элдик казынанын супарасын кемитпей, аны дагы байытуу, толтуруу, толуктоо биздин, бизден кийинки келаткан келечек муундарынын энчиси болуп калаары шексиз.

Каракол шаарынын Гагарин атындагы көчөсүн кезегинде Ысык-Көлдүн губернатору болуп иштеп турганында Тойчубек Касымов, Каракол шаарынын акими Касым Исманов «Акелердин аллеясы» кылабыз дешип, бир топ эле аракеттерин кылышканын билебиз. Аны ошол кезде областтын жалпы коомчулугу да түп көтөрүлө колдошкон. Ал эле эмес республикадагы архитекторлор менен скульпторлорго конкурс жарыяланып, Акелердин болжолдуу эскиздери, тулкулары даярдалган. Ал эми алгачкы Акелерден Тилекмат Аке менен Сарт Акеге арналган айкели Оргочор айылына коюлган. Аны белгилүү скульптор, Кыргыз эл баатыры Тургунбай Садыков ишке ашырган. Бирок, андан бери он беш жылдан ашуун убакыт өтүп кеткенине карабастан, «Акелер аллеясын» куруу эмнегедир колго алынбай келатат. Болбосо, бир нече ай бою уюштурулган республикалык конкурстан жеңип алган эскиздери жакындан жардамга келеринен шек жок эле. Бул ишти улантып, ага жан киргизүү Акелердин арбагына арналган таазим, жупуну эстелиги жана эскерүүсү болоорун жашыргым жок. Аны жогоруда аттары аталган ар бир Акеге орнотуп, ал монументалдык комплекстин алдында ар ирет айрыкча жаш муундарыбыз таазим этишип, гүлчамбарларды коюшуп, Акелердин көөнөргүс таалим-тарбияларын үйрөнүшүп, келечек муундарга арналган гүлазык катары тутунушса эч деле ашык нерсе болбос эле.

Мына акыркы эле учурларда Караколдун айрым бир Акелерди аздектеп, арбактарын сыйлашкан атуулдары (анын ичинде мен дагы бармын К.М.) алардын чыныгы кичи шаарчасын куруу демилгеси менен чыгып жатабыз. Буюрса анда Ысык-Көлдүн жети Акесине арналган жети боз үй орнотулуп, алардын ар биринде ошол ар бир Аке туурасындагы так маалыматтар, сүрөт галлереялары орун алып, чакан бюсттары коюлмакчы. Боз үйлөрдүн шаарчасынын тегерегине соода текчелери коюлуп, ал эми мындагы чакан аянт кооздолгон, оюу-кыюу түшүрүлгөн «шырдак аянтчасы» болуп калмакчы. Ал ыйык жайда жеке эле келечек муундары сыйынып, куран окутушуп тим болушпастан, үйлөнүү үлпөттөрүндө нике кыйдыртышып, келечекке татымдуу багыт алышаарына шек жок.

Дегинкиси, «Акелердин» аттары кашкайган калыс кеби-сөзү, таалим-тарбиялары, кеменгер акыл-насааттары, даанышман ойлору арадан үч кылымга жакын убакыт өтсө дагы унутулбай, арабыздан кеңири орун алып келатат. Айрыкча тагдыры бычак мизинде турган калкынын ошол оомалуу-төкмөлүү мезгилинде Акелер калыс бийлик жүргүзүп келген Көл бугусунун манабы Боромбай Меңмурат уулуна дагы «Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк» болу-

шуп, анын «Жеңилин жерден, оорун колдон» алышкандыгын, эли-журтунун «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», ынтымак-ырашкерлүү жашап, күн кечирүүлөрүнө чогуу-чаран кам көрүшкөнүн эстен чыгарбайбыз.

Балбай баатырды орустар Алматынын түрмөсүнө жаткырып, аз эле убакыттан кийин уу берип, көзүн тазалашкан соң орус аскерлери көл өрөөнүндөгү кол санын арттырышып, эми эл-журт ичинде ынтымак орнойт болуш керек деген кыязда подполковник чининдеги Боромбайды алакалашып, ардак-сыйга ала башташат. Бирок, көп өтпөй эле Боромбай манап дагы капилеттен төшөк тартып, жумалап жатпастан көз жумат. Эми эки тизгин бир чылбыр Зарыпбекке тийип, ал өз каалаган заң-законунун айланасында бийлик жүргүзө турган болуп калат. Букаралардын сары изине чөп салып, мен болуш, он башы дегендердин баарысын манап тукумдарынан шайлатып тынат. Ал эле эмес Тилекмат Акени «Чырмак чийге сатылып келген кулсуң» деп ээлеген ордунан кубалатып, ар кимди көкүтүп оёзго кат жаздыртып, Алматыга болбогон жерден айдатып, кесим бердиртип коёт. Буга анын жанындагы бирин-экин жугундукорлору жакындан эш болуп беришет. Боромбайга «Ылдыйда жөлөк, өйдөдө өбөк» болуп келаткан, акылман карыя делген Сарт Акени дагы айдап отко салат. Эми көл бугусун ачса алаканына, жумса уучуна топтоп алган Зарыпбек кайырмакты алысыраак ыргытып, солто-сарыбагыштарга, саяктарга дагы сес көрсөтө турган болот. Сарбагыштардын, солтолордун бийлери-акимдери кол куушуруп, өрүлүктөгөн болушуп, мал-мүлкүн түшүрүп, Зарыпбектин көңүлүн алууга өтүшөт. Бир күндө анын боз үйүн айланып эки-үч курдай төөлөр чөктүрүлүп, шаан-шөкөттөр күн алыс улантылып турат. Ансыз дагы карыны жер чийген Зарыпбек дырдай семирип, бат эле кудай-теңирин таанybай калат. Күндөрдүн биринде Зарыпбек Жантайды, Үмөтаалыны, Адылды, Байтеректи, Байтикти кошуп өзү олтурган Тоңдун Туура-Тамындагы кан ордосуна алдыртып алат. Өзү тараптан Муратаалы бийди, Качыбек элчини алдыртат. Шаан-шөкөт конок тосулуп, эт желип бүткөн соң Зарыпбек кынындагы беш атар тапанчасын алып чыгып, түндүктү туштап батыратып коё берет. Ансыз дагы коомайланып, ыксыз олтурушкан меймандардын өңдөрүн кер-сары чалып, ич майларын жей башташат. Озунуп, бир тууганынын мындай жосунсуз жоругуна Муратаалы бий да каяша айта кетет. Зарыпбек аны дагы киши көзүнө илбей:

- Менин миң кылыгым Ормондун бир кылганына чак келбейт. Кабатыр болбо бир тууганым. Мен булардын жүрөгүнүн үшүн алайын дегенен жерим жок. Тек гана тапанчам октолуубу,

же жокпу, ошону гана билейин дегемин,-деп барып токтолот. Бирок, ошентсе дагы келген коноктордун оңун сары суу алып калат. Анан барып Зарыпбек Адылга көзүн кадай кайрылып:

- Иним, сен бул саам «Аксурду» таштап кетесиң го? Болбосо көл тегерегинин аттары менин оор денемди көтөрө албай калышты,-деп кыйытат. «Аксур» эмес чогуусу менен минип келген мингичтерине дагы ыраазы болуп отурган меймандар анын сөзүн бир оолдон коштой беришип, кеп «Аксурда» эле бекен дегенсишип, көлдөн мингич чыкпаса Чүй боорунан, Анжыян аркадан деле алдыртып беришээрин жүрөксүп олтургандар Зарыпбекке жагалданганынан улам жобурап жиберишет. Бүтүндөй көл бугусун кыл жылдырбай бийлеп, минтип жаңы эле жеткен даражасына манчыркаган Зарыпбек «Аксурду» көтөн зордукка салып эле алып калып, Адылга жөнөкөй эле үйүрдө жүргөн азоо аттан бирди алдыртып, жигиттерине аткартат. Анысы дагы алгач тай чабым жерге чейин Адылды ала качып барып, араң дегенде баш берип, анан барып ийге келип, атчандардын сабына кошулуп кетет.

Бул ирет Зарыпбектин мындай бейадеп кылыгы менен «чыгаан» меймандостугуна чындап эле атайы чакырылган коноктордун ичи чыкпай калды. Ал эле эмес Бугу бир туугандары дагы анын ашкере аксымдыкка ык алып баратканын жактырбай турушту. Тагдырдын ушунусуна дагы шүгүр, жаштайынан тестиер, тирикарак өскөн Чыныбай атасын айла-амал менен түрмөдөн чыгартып алып, Боромбайдын баласы Өмүрзак олтурат деген орунга өзү олтуруп, Алматыдан буйрук алып, Каракол уездинин начальнигинин орун басары болуп дайындалып калды. Аны эми бассатурса эки-үчтөн аскер кайтарып, бир заматта касап, каарман, кудай–теңирин таанабай калган Зарыпбек өз ордун башкаларга бошотуп берүүгө аргасыз болду. Аңгыча түрмөдөн алган оорусу катуулап, Тилекмат Аке дагы дүйнө салып, Чыныбайдын колу бир азга сөөк узатуу ырасмысы менен байланып калды. Убакыттан уткан Зарыпбек менен Өмүрзак оокат-кечесин биротоло жыйыштырып, алуучусун алып, калтыруучусун таштап, элинин макул болгондорун кошо коштотуп Нарын тарапка, ал эми Кулунчак баш болгон Бирназардын мыкчегерлери Текеске көчө качышып, Чыныбайдын уулу чеңгээлинен убактылуу болсо дагы кутулгандай болушту. Анткен менен эл ичи биртике тынч алып, аны кемирип-кескен, кансыктатып-какаткан адамдар жок өңдүүдөй сезилип, эл көзүнө Чыныбай алгач төп, салабаттуу, бир калыпта бийлик жүргүзүп тургансып турду.



**Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылында Кыдыр Акеге тургузулган күмбөзү (1991-жыл).**

# ТЫЯНАК

Кыскартып айтканда Акелер тууурасындагы аңыз кептердин, уламыш-дастандардын, сан-санжыралардын, тарыхый маалыматтардын учу-кыйыры көрүнбөйт сыяктуу. Арабыздагы ар бир эле сөз сыйлаган, кадырлаган, аны күткөн, түткөн инсандарыбыз аларды ар кандай жөндөп, жоромолдоп, өзүнүн турмуштук көз карашы, маданияты, билим деңгээли, айтуу ыкмасы боюнча көпчүлүктүн көөнүнө бири-бирине түк окшошпогон таризде тартуулап келишет. Ошондон улам тигил, же бул Аке туураллуу кеп башбактаганда алар жөнүндөгү санжыраларда көп түрдүү өзгөчөлүктөрдү сын көз менен байкоого болот. Демек, жергебизде канча санжырачы, тарыхчы, дастанчы болбосун, алардын санжыра айтымында дал ошончолук айырмачылыктар, пикир келишпестиктер, кайчы көз караштар бар деп айтуу ашыктык кылбайт. Бул жерден мен Акелердин басып өткөн байсалдуу, ыйык, парасаттуу жолун иликтеп-изилдөөчү адам катары жеке эле көл жергесинде эмес, бүткүл кыргыз кыйырында, ал эле эмес казак, кытай тараптарда да жашаган санжырачылардын айтууларындагы айрым бир урунттуу делген ойлорун гана ылгап алып, аны апкөй тилге салып, иштеп чыгууга далалат жасадым.

Албетте, Акелер тууурасындагы кеп-сөздөргө, санжыра-санаттарга, тарых-таржымалдарга акыркы чекитти койдум деп айтуудан да алысмын. Себеби дегенде кыргыз элинде таасын айтылгандай, «Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар» демекчи, Акелердин тарых-таржымалдарын катыра казып, дагы да тереңдетип иликтеп, кагаз бетине чүргөөчү илимпоздор, тарыхчылар, санжырачылар кыргыз кыйырынан алдынкы жылдары аз эмес чыгат болушу керек. Анткени, Акелердин толук тарых-таржымалдарын, айтып кеткен урунттуу кеби-сөздөрүн, айрыкча даанышмандык акыл-казыналарын, эли-журтуна сиңирген ат көтөргүс эмгектерин, алардын бейнелерине келтирилген айрым бир сүртүмдөрдү толук түрдө кагаз бетине чүргөп калууга ырамалык совет доорунда анчейин деле маани берилбей, анын натыйжасында алар жөнүндөгү так маалыматтардын көбү унутта калып, бул даанышман инсандардын тагдырын так кесе билгендер болсо небак жарык дүйнө менен кош-бош айтышып, Акелер туу-

расындагы санжыралардын айрым бир гана бөлүктөрү ооздон оозго бизден улам алыстаган карт тарых, санжыра-санат катары айтылып калган. Ал өз кезегинде улам тереңдетип талдоого алынбай, кагаз бетине түшүрүлбөй келгени дагы ырас.

Ошондон улам бул иликтөөдө жазылган жана Акелердин бейнелерине арналган азын-оолак сүртүмдөр адабияттагы, деги эле Акелерди иликтеп-изилдөө чөйрөсүндөгү акыркы бүтүм, же жыйынтык деп айткым келбейт. Менимче чама-чаркым, колум жете албаган көп жагдайларым калып калды сыяктуу. Анын үстүнө Акелер туурасындагы санжыра-санаттар, тарыхый маалыматтар аз жана болгондору көп талаш-тартыштарды, анан калса ар түрдүүлүктөрдү жаратаарын бул ирет бөркүмдөй эле көрдүм.

Сөз соңунда бул эмгегимди жаратууда атам Мамбетов Жамангулдун, Сары-Жаздык санжырачы Апыщев Бектендин, Шапактык Сааданбек уулу Алымкулдун, Кожоярдык Эсенкожоев Шүкүрдүн, Барскоондук Жылчиев Садыбакастын, Сыдыкбеков Мукейдин, Караколдук Үсөнбек Асаналиевдин, Акеш Имановдун, Төлөмүш Бекбаевдин, Түптүк Кулумбаев Молдокматтын, Нуркожо Мусталый уулунун, Оштук Каныбай уулу Сапарбайдын, Кочкорлук Атабек уулу Айтбайдын, Шамаалды-Сайлык Сабыров Буудайбектин, кытайлык кыргыз Азык уулу Карыбайдын, Казактын Көкчө-Тоосунан Рахматылда Сарыктын жана башка ондогон санжырачылардын ар жылдары айтылган санжыраларына, уламыш-дастандарына кайрылганымды да билдиргим келет.

Бир сөз менен алып айтканда чыгармачылык колдо бар аракет бул улуу инсандардын, кереметтүү Ысык-Көлдөн чыккан жети Акебиздин эли-журтубузга, келечекке кайдыгер карабаган жаш муундарыбызга калтырып кеткен алтындан дагы кымбат болгон табериктерине окурмандардын кеңири чөйрөсүнүн көңүлдөрүн буруугa гана арналды.

***Сиздерди терең урматтоо менен чыгарма автору Кубан Мамбетов.***

# МАЗМУНУ

1. Акелерден алгы сөз........................................... 4-10

2. Карга Аке.............................................................. 11-45

3. Алдаяр Мойут Аке.............................................. 46-74

4. Дөөлөс Сарт Аке.................................................. 75-114

5. Тилекмат (элчи) Аке баяны................................ 115-138

6. Садыр Аке............................................................. 139-156

7. Карач Аке.............................................................. 157-167

8. Кыдыр Аке............................................................. 168-224

9. Тыянак.................................................................. 225-226

*Кубан МАМБЕТОВ*

**Ысык-Көлдүн даанышман Акелери:**

(Тарыхый даректүү басылма).-Каракол:

2013.-228 бет.

ISBN 978-9967-454-21-7

| | |
|---|---|
| Редактору | Т. БЕКБАЕВ |
| Адабий кеңешчи | САДЫР уулу ЖУМАГАЗЫ |
| Тех. редактору | Ч. АТАНАЕВА |
| Калыпка салган | З. НАРЗУЛЛАЕВА |
| Корректору | Ж. ЖАМАНГУЛОВ |

**Терүүгө 19.05.2013 берилди.**
**Басууга 03.07.2013 кол коюлду.**
**Офсет кагазы. Форматы 84х108/32, 14,75 п/л.**
**№ заказ 210. Нускасы 1000.**

**"Карга Аке" басма үйүндө даярдалды жана ЖЧК "Дархан фирмасынын" басмаканасында басылды.**
**722360. Каракол шаары, Токтогул көчөсү, 104.**
**Тел.: (03922) 5-23-08. (0553) 2315 61**



Мамбетов Кубан Жети-Өгүз айылынын Талды-Булак жайлоосунда малчынын үй-бүлөсүндө туулган. Ал Барскоон орто мектебине 1961-жылы кирип, аны 1972-жылы аяктап, Белоруссияда Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн соң Барскоон токойчулугунда жөнөкөй жумушчу, бригадир болуп иштеп, 1977-жылы Пржевальскидеги Мамлекеттик Педагогикалык Институтунун орус тили жана адабияты факультетине кирип, аны 1982-жылы аяктаган. Ошол жылдан ушул күнгө чейин ал журналисттик, акын-жазуучулук жупуну гүйшүк менен кеңири жуурулушуп келе жатат. Анын кыргыз географ-окумуштуулары менен авторлошуп жазган, «Кыргыз Жергеси» аттуу жер-суу аталыштары боюнча энциклопедиялык китеби 1990-жылы Фрунзе шаарында жарык көргөн. Автордун ыр-аңгемелери, макалалары республиканын мезгилдүү басма сөз беттеринде байма-бай жарыяланып, окурмандар чөйрөсүнө таанымал. Көп жылдык эмгеги Ысык-Көл облустук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Улуттук телерадио компаниясы, Кыргыз Республикасынын Журналисттер Союзу тарабынан кеңири бааланып, бир катар Ардак Грамоталарга арзыган. 2001-жылы өлкө президентинин Ардак Грамотасын алган. Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсү. Өлкөнүн телерадио тармагынын отличниги. Институтту аяктагандан кийин Ысык-Көл облустук телерадио компаниясында кабарчы, редактор, Кыргыз телерадио компаниясынын Ысык-Көл областы боюнча өз кабарчысы, Ысык-Көл областтык телерадио компаниясында төрага болуп иштеп келди. Учурда республикалык "Кабар" маалымат агенттигинде эмгектенет. Өзүнүн чыгармачылык жолунда облустук, республикалык, эл аралык деңгээлдердеги бир катар чыгармачылык кароо-сынактардын жеңүүчүлөрүнөн боло алды. «Ысык-Көлдүн даанышман акелери» китеби автордун чыгармачылыктагы биринчи саамалыгы. Анын «Садык баатыр» роман-дастаны, «Көл бугусу» санжыра-санат китеби жана «Сүйүү баяны» аттуу ырлар жана поэмалар жыйнагы жакынкы эле учурларда китеп окурмандарынын колуна тийип калмакчы.